А. А. Оморова, М. А. Самсалиева, З. А. Абдышова,
Т. А. Жороев, Н. Ж. Жумаев, А. А. Узекеева

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо

Бишкек
2019

УДК
ББК

*Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши тарабынан басууга сунуш кылынды.*

Кыргыз тили: окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо / А. А. Оморова, М. А. Самсалиева, З. А. Абдышова, Т. А. Жороев, Н. Ж. Жумаев, А. А. Узекеева. – Б.: Аркус, 2019. – 240 б.

ISBN 978–9967–

Колдонмо окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучуларынын тилдик, кептик жана социомаданий компетенцияларынын деңгээлин жогорулатуу максатында түзүлгөн. Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) өстүрөт, ошондой эле лексикалык-грамматикалык көндүмдөрүн калыптандырат. Колдонмо тексттин түрдүү типтери (баяндоо, сүрөттөө тексттери, маалыматтык материалдар, графиктер, таблицалар, нускамалар, ж. б.) менен иштөөгө, тексттен керектүү маалыматтарды табууга, маалыматты комментарийлөөгө жана сынчыл баалоо көндүмдөрүн, өз оюн айта билүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Колдонмо класста мугалим менен биргеликте иштөө үчүн сунушталат.

*Колдонмо Социалдык интеграциялоо борборунун эксперттери тарабынан «Сорос-Кыргызстан» Фондунун каржылык колдоосунда даярдалды.*

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР


Чакырык


Эсиңерге туткула!


Суроолорго жооп бергиле


Уккула!


Текст менен иштегиле


Лексика-грамматика


Тестке даярданабыз

**УДК**
**ББК**

ISBN 978–9967–

© Авторлор жааматы, 2019

# МАЗМУНУ

**АВТОРЛОРДОН** .................................. 4

**1-ТЕМА. Таанышуу. Өмүр баян. Үй-бүлө** ........... 5

1. Таанышалы! Бирөөнү тааныштырганды жана бирөөгө өзүңдү тааныштырганды үйрөнөбүз .................................. 6
2. Үй-бүлө. Ата-эне, бир туугандар менен мамиле .................................. 11
3. Үйдөгү күндөлүк турмуш .................. 13

**2-ТЕМА. Адамдын сырткы келбети. Мүнөздүн өзгөчөлүктөрү** .......................... 19

1. Адамдын мүнөздөрү ....................... 20
2. Досумдан эч нерсе аябаган мүнөзүм бар .. 23
3. Үнөмчүлдүк жакшыбы же .................. 26

**3-ТЕМА. Бош убакыт. Кызыгуулар** ............... 33

1. Бош убакытты кантип өткөрөбүз? ......... 34
2. Спорттун түрлөрү .......................... 40
3. Кыргыз элинин улуттук оюндары .......... 45
4. Спорт биздин жашообузда ................. 48

**4-ТЕМА. Кесип. Иш. Иш күнү** ..................... 51

1. Кесип тандоодогу маанилүү өзгөчөлүктөр ............................. 52
2. Түрдүү кесип ээлери ....................... 58
3. Кесип тандоодогу маанилүү сапаттар ...... 60

**5-ТЕМА. Укмуштар дүйнөсү (искусство)** .......... 67

1. Музыка ...................................... 68
2. С. Чокморов – актёр, сүрөтчү ............. 74
3. Саякбай Каралаев – улуу манасчы ........ 76
4. Чыңгыз Айтматов – алп жазуучу ........... 80

**6-ТЕМА. Саякаттоо. Эс алуу** ..................... 83

1. Саякаттоо ................................... 84
2. Кыргызстанга саякаттоо. Туризм ........... 88
3. Саякатчылар үчүн жарнак ................. 93

**7-ТЕМА. Кыргызстан** ................................ 97

1. Кыргызстан – эгемендүү өлкө .............. 98
2. Кыргызстан – менин мекеним ............ 100
3. Кыргызстандын тоо кыркалары ........... 103
4. Кыргыз тоолору ........................... 105
5. Кыргыздын Ала-Тоосу ..................... 108
6. Кыргызстандын кен байлыктары .......... 110

**8-ТЕМА. Кыргызстандын жаратылышы** ......... 117

1. Кыргызстандын жаныбарлары ............. 118
2. Кыргызстандын канаттуулары ............ 122
3. Кыргызстандын өсүмдүктөрү .............. 124
4. Экология. «Ысык-Көлдүн куту жана куну» 127

**9-ТЕМА. Кыргызстандагы белгилүү окумуштуулар жана маданият ишмерлери** ....... 135

1. Белгилүү тилчи, окумуштуу ............... 136
2. Заманбап бийчи ........................... 139
3. Улуу балерина ............................. 146

**10-ТЕМА. Кыргызстандагы билим берүү** ........ 155

1. Билим алуу – ийне менен кудук казгандай ................................. 156
2. Мектеп – билим уясы ..................... 159
3. Жогорку окуу жайлары .................... 164

**11-ТЕМА. Адамдын жашоосундагы тилдердин ролу** ................................. 173

1. Тил билүү .................................. 174
2. Тил үйрөнүү ................................ 176

**ТИРКЕМЕ. Тестке даярданабыз. Машыктыруучу көнүгүүлөр** ............................. 186

1. Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы ............................. 186
2. Окшоштуктар ............................. 195
3. Сүйлөмдөрдү толуктоо .................... 198
4. Текстти окуп түшүнүү ..................... 202
5. Окуу сабаттуулугу ......................... 223

**Кептик үлгүлөр** .................................. 228

**Тил билүү деңгээлдеринин системасы** .......... 237

**Колдонулган адабияттар** ......................... 238

**Колдонулган иллюстративдик материалдарга шилтемелер** ....................................... 238

# АВТОРЛОРДОН

***Кымбаттуу жогорку класстын окуучулары!***

Силердин колуңардагы колдонмо жогорку класстарда кыргыз тилин окуп-үйрөнүүнү улантуучулар үчүн атайын жазылган. Бул курс мектептин негизги материалдарын кайталоого, монологдук, диалогдук кеп ишмердүүлүгү боюнча көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет. Байланыштуу кеп түзүү – жакшы сүйлөй алуу (айтып берүү, маектешүү, дискуссия жүргүзүү), угуу жана укканын түшүнүү, жазуу (жазуу түрүндөгү текст түзүү), окуу жана окуганын түшүнүү. Мунун баарын туруктуулук, өжөрлүк, чыдамкайлык менен окуп-үйрөнүү керек.

Бардык сабактар кыргыз тилинде гана жүргүзүлөт, ошондо силер сөздүн кыргызча туура айтылышына көнүп, тилдик тоскоолдуктан тез арыла аласыңар. Сабактарда силерге сүйлөөгө көп мүмкүнчүлүктөр берилет, сүйлөшүү учурунда грамматикалык конструкцияларды кебиңерге кошуп, өз оюңарды ачык айтып үйрөнөсүңөр. Силерди мугалим ар кандай темада сүйлөөгө гана үйрөтпөстөн, кебиңердин тууралыгын да көзөмөлдөйт.

Сабактын мазмуну таанып-билүүчү материалдарга багытталган; машыктыруучу тапшырмалардын комплекси кыргыз тилинде активдүү баарлашууну жөнгө салат; тексттер дискуссия жана аңгемелешүү жүргүзүү үчүн пикир алышуу материалынын кызматын аткарат.

Курста сунуш кылынган ар бир тема төмөнкүлөрдү камтыйт:

– лексика-грамматикалык көндүмдөрдү калыптандыруучу тапшырмалардын комплексин;
– угуп түшүнүү, сүйлөө, окуп түшүнүү жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруучу тапшырмалардын комплексин;
– аудио-видео материалдар: үн жаздыруу, көркөм фильм, видеороликтерди;
– өз алдынча иштөө боюнча тапшырмаларды;
– тестирлөөгө даярдоо үчүн машыктыруучу тапшырмаларды.

Сабакта силерге берилгендердин баары практика жүзүндө максималдуу колдонууга багытталган нерселер.

Жыйынтыгында силер кыргыз тилиндеги керектүү деңгээлге (чет тилдерин билүүнүн европалык шкаласы боюнча В1 деңгээлине) ээ боло аласыңар.

Курсту өздөштүрүү процессинде төмөнкүлөрдү үйрөнөсүңөр:

– өзүңөр жана өз үй-бүлөңөр жөнүндө кыргызча айтып берүү;
– турмуш тиричилик кырдаалдарында маек кура алуу;
– окууда же иште эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнүү;
– негизги жашоо чөйрөлөрү менен байланышкан маалыматты угуп түшүнүү;
– жөнөкөй суроолорду колдонуу менен маектешүүчүдөн керектүү маалыматты сурап билүү;
– кызыктырган бир тема боюнча өз пикири менен бөлүшүү;
– сүйүктүү китебиңер же кино тасмаңар тууралуу аңгеме куруу;
– алдын ала даярдыксыз түрдүү темаларды талкуулоо;
– байланыштуу текст түзүү;
– түрдүү типтеги жана мүнөздөгү тексттерди окуп түшүнүү жана түзүү (мисалы, аңгеме, интервью, диалогдор, баяндамалар);
– тиги же бул маселелер боюнча көз караштарын аргументтеп берүү;
– сиздерди кызыктырган ар кандай темада кеңири маалымат түзүү жана түшүндүрмө берүү;
– грамматика боюнча практикалык тапшырмаларды аткаруу көндүмдөрүн машыктыруу;
– окшоштуктар боюнча тапшырмаларды аткаруу;
– сүйлөмдөрдүн маанисин грамматикалык жактан толуктоо;
– текстти окуп түшүнүү боюнча тапшырмалардагы суроолорду талдоо;
– тексттен керектүү маалыматты иргеп алуу;
– текстти окуп түшүнүү боюнча тапшырмаларды, суроолорду талдоо ж. б.

Бул колдонмо боюнча иштеп жатып, маалыматты пассивдүү кабыл албастан, активдүү баарлашууга аракет кылгыла. Ошол учурда мектептеги кыргыз тили сабактарында сунушталган коммуникативдик тапшырмаларды да, ошондой эле чыныгы турмушта баарлашуу процессинде кездешкен маселелерди да ийгиликтүү чече аласыңар.

Кымбаттуу жогорку класстын окуучулары, силерге кызыктуу чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз! Ишиңер илгери болсун!

# 1-ТЕМА

# ТААНЫШУУ
# ӨМҮР БАЯН
# ҮЙ-БҮЛӨ

1. **Таанышалы! Бирөөнү тааныштырганды жана бирөөгө өзүңдү тааныштырганды үйрөнөбүз**
2. **Үй-бүлө. Ата-эне, бир туугандар менен мамиле**
3. **Үйдөгү күндөлүк турмуш**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- Ар кандай кырдаалда кантип таанышуу керек?;
- Биринчи таанышууда өзүң жөнүндө кантип жана эмне жөнүндө айтып берүүнү;
- Тааныштарыңды бири-бирине кантип тааныштырууну.

**Эмнени иштей алабыз?**

- Саламдашууну, ыраазычылык билдирүүнү;
- Таанышууну каалаганды, өзүм жөнүндө билдирүүнү;
- Бирөөгө макулдугуңду билдирүүнү;
- Өмүр баян жазууну.

# 1 ТААНЫШАЛЫ! БИРӨӨНҮ ТААНЫШТЫРГАНДЫ ЖАНА БИРӨӨГӨ ӨЗҮҢДҮ ТААНЫШТЫРГАНДЫ ҮЙРӨНӨБҮЗ

**1-ТАПШЫРМА.** **Келгиле, саламдашалы, таанышалы.**

### 1-бөлүк

**А. Бирөөгө өзүңдү кантип тааныштырасың? Өзүң жөнүндө эмнелерди айтып бересиң? Башкалардан сени эмне айырмалап турат? Өзүңдү кайсы предмет же жандык менен ассоциациялайсың? Ошол нерсенин сүрөтүн тарт. Тарткан сүрөтүңдү көрсөтүп, өзүңдү тааныштыр. Эмне үчүн ушундай ассоциациялаганыңды түшүндүр.**

*Менин атым …*
*Мен өзүмдү … (ким менен?, эмне менен?) ассоциациялайм, себеби …*

**Б. Бири-бириңер жөнүндө эмне билдиңер? Өзүңдү текшер.**

*Мен (бирөөнүн аты) … өзүн … менен ассоциациялайт экенин билдим, себеби ал …*

### 2-бөлүк

**В. Өзүң жөнүндө айтып бер.**

*Менин Жер бетиндеги эң жакшы көргөн жерим – …*
*Мен бала кезимде … деп кыялданчумун.*
*Жакынкы убакта мен … болушун каалайт элем.*
*Акыркы 12 айда мен үчүн эң жакшы нерсе …*
*Мен баарынан да … корком.*
*Мен баарынан да … жакшы көрөм.*

**Г. Бири-бириңер жөнүндө эмне билдиңер? Өзүңдү текшер.**

*«Бул адам баарынан да … жакшы көрөм деди».* Калган окуучулар ким жөнүндө сөз болуп жатканын табуу керек.



***Таанышууда биз кеп адебинин төмөнкү формаларын колдонобуз:***

**Таанышканды жана өзүңдү тааныштырганды үйрөнгүлө**

– Саламатсыңбы? (Саламатсызбы? Кандай? Жакшысыңбы? Салам!)
– Саламатчылык! (Салам!)
– Таанышып алалы. Менин атым Айгүл. Сенин атың ким? (Таанышып алгыла. Бул Айгүл.)
– Менин атым Атыр.
– Таанышканыма кубанычтамын. Ден соолугуң кандай? Иштериң жакшыбы?
– Ыракмат, жакшы. (Сонун, жаман эмес.) Өзүңчү?
– Ойдогудай. (Кудайга шүгүр.)
– Жакшы кал. Көрүшкөнчө. (Жакшы тур, кош бол, кайыр.)
– Жакшы бар. (Кош, ак жол!)

**Бирөөгө кайрылууга үйрөнгүлө**

**1. Салтанаттуу учурда кайрылуу:**

– Кымбаттуу достор! Кымбаттуу мугалимдер!
– Ардактуу ата-энелер! Ардактуу коноктор!
– Урматтуу агай-эжелер! Урматтуу айымдар жана мырзалар!

**2. Күнүмдүк турмуштагы кайрылуу:**

– Эже! Байке! (Өзүнөн улууга кайрылат.)
– Чоң кыз! Карындаш! (Эркектер бейтааныш кызга кайрылат.)
– Чоң жигит! Иним! (Бейтааныш эркек балага кайрылат.)
– Апа! Чоң эне! (Улуу аялга кайрылат.)
– Ата! Чоң ата! (Улуу эркек кишиге кайрылат.)

**Бирөөнүн атын сураганды үйрөнгүлө**

– Сенин атың ким?
– Сиздин атыңыз ким?
– Анын аты ким?

**Саламдашууга үйрөнгүлө**

– Саламатсызбы?
– Саламатсыздарбы?
– Саламатсыңбы?
– Саламатсыңарбы?
– Саламатчылык!
– Салам!
– Ассалом алейкум! – Алейкум ассалам.
– Кандай? – Жакшы.
– Иштериң кандай? – Жаман эмес.
– Жакшысыңбы? – Эң сонун!
– Ден соолугуң кандай? – Ыракмат, жакшы!

**Уруксат сураганды үйрөнгүлө**

– Кечирип койчу! Сурасам болобу?
– Кечирип коюңузчу! Сизге кайрылсам мүмкүнбү?
– Уруксатпы?
– Кирүүгө уруксатпы?
– Кирсем болобу?
– Сыртка чыксам болобу?
– Агай, кечириңиз, кирүүгө уруксатпы?

**2-ТАПШЫРМА.** **Диалогду окуп чыгып, адамдар бири-бирин кантип тааныштырышы керек экендиги жөнүндө сүйлөшкүлө.**

– Саламатсызбы, Айдар Мамырович?

– Саламатчылык, Алмамбет мырза! Келиңиз! Сизди күтүп жатам. Төргө өтүңүз! Кийимиңизди илип коёюн.

– Ыракмат. Сиз менен көрүшүп отурганыма кубанычтамын.

– Бул жакка отуруңуз. Мен силерди тааныштырайын. Таанышып алгыла. Бул менин ата-энем. Апамдын аты – Айнакан. Атамдын аты – Мамыр Алымович.

Ата, апа, бул Алматыдан келген коногум – Алмамбет. Алмамбет Бишкекке илимий конференцияга катышуу үчүн келди.

**3-ТАПШЫРМА.** **Окуп чыгып, текст боюнча тапшырмаларды аткаргыла.**

### МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ

Менин аты-жөнүм Кадырбек уулу Бектур. Мен кыргызмын. Кыргызстандын **жаранымын.** Мектепте 11-класста окуйм. Мен үй-бүлөм менен Ош шаарында жашайм. Менин үй-бүлөм чоң: анда жети киши бар. Атам, апам, агам, жеңем, эжем, иним жана мен. Баарыбыз чогуу жашайбыз. Атамдын аты Кадырбек. Ал – **аскер кызматчысы.** Атам – мыкты **адис.** Ал эми апамдын аты Гүлмира. Апам фирмада башчы болуп иштейт. Биз төрт бир тууганбыз. Эң улуубуз – агам. Агамдын аты Азамат. Агам Кыргызстандагы Казакстан **элчилигинде** котормочу болуп иштейт. Агам

үй-бүлөлүү. Агамдын аялы мага жеңе болот. Жеңем Технологиялык университетте 5-курста окуйт. Ал эми эжемдин аты Чолпон. Ал – студент. Эжемдин болочок **кесиби** – тилчи. Менин кичинекей иним Азим он жашта. Экөөбүз бир мектепте окуйбуз. Эртең менен мектепке чогуу барабыз.

Биздин туугандарыбыз көп. Чоң апам башка неберелери менен дем алыш күндөрү биздикине келишет. Туугандарыбыз менен көбүнчө шаардын сыртына чыкканды, жаратылыштын кооз жерлерине барып эс алганды жакшы көрөбүз.

**Текст боюнча тапшырмалар:**

а) Белгиленген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Сөздүк менен иштегиле.

б) ***Аскер кызматчысы, Кыргызстандын жараны*** деген сөз айкаштарына сүйлөм түзүп, маанисин айтып бергиле.

в) ***Ага, чогуу*** деген сөздөрдүн синонимин тапкыла, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.

г) Өзүңөрдүн үй-бүлөңөр жөнүндө айтып бергиле. Тексттеги сөздөрдү жана сөз айкаштарды пайдалангыла.

д) Эгерде адамдын үй-бүлөсү жок болсо, анда эмне болмок? Кандай деп ойлойсуңар?

е) «Ата – ***аска зоо,*** эне – соолубаган булак, бала – күйүп турган шам чырак». «Өз үйүм – ***өлөң*** төшөгүм». «Иниси бардын ырысы бар» деген макалдарды кандай түшүнөсүңөр? Маанисин чечмелеп бергиле.

**4-ТАПШЫРМА. Төмөнкү кырдаалдарда ар түрдүү ролдорду аткарып, тааныштыргыла:**

- сен досуң экөөңөр окуудан чыгып келе жаткансыңар, алдыңардан сенин классташың чыгып калды, досуң менен классташыңды тааныштыр;
- сен курбуң менен келе жатасың, аңгыча алдыңардан таежең чыкты, курбуңду таежең менен тааныштыр;
- силер классташтарыңар (кыздар жана балдар) менен мектептин короосунда сүйлөшүп турасыңар, аңгыча сенин чоң атаң мектептин короосуна кирип келди, классташтарыңды чоң атаң менен тааныштыр.

**Иштиктүү кагаздарды жазууну үйрөнөлү!**

Иштиктүү кагаз деген эмне?

***Иштиктүү кагаздар кыска болуш керек: минимум сөздөрдү колдонуп, максимум маалыматты билдириш керек***

**Расмий-иштиктүү стилдин өзгөчөлүктөрү**

Иштиктүү кагаздарда сезимди билдирген сөздөргө, оозеки стилге жана өтмө маанидеги сөздөргө жол берилбейт.

- Иштиктүү кагаздарда төмөнкүлөрдүн колдонулушу мүнөздүү:
  - атайын кептик түрмөктөр: *менин арыз берүүмдүн себеби; өз каалоом менен; … болгону анык; … болуп дайындалган* ж. б.
  - кызматчы сөздөр: *негизинде; … ылайык; … болгондуктан; максатта; … эсебинен; … болгонуна байланыштуу; … экенин эске алып* ж. б.

- Иштиктүү кагаздарда көбүнчө төмөнкүлөр колдонулат:
  - атоочтуктар, мисалы, *өтүү, сыйлоо*;
  - чакчыл жана атоочтук түрмөктөр;
  - багыныңкы татаал сүйлөмдөр.
- Иштиктүү кагаздарда 1- жана 2-жактагы ат атоочтор сейрек кездешет.

**Мисалы,** Мен Сизден суранам ***эмес,*** Сизден суранам.

**5-ТАПШЫРМА.** **Үлгү менен таанышып, анын негизинде өзүңөр тапшырган окуу жайына арыз жазгыла.**

Ош мамлекеттик университетинин
ректору К. А. Исаковго
Хасанов Искендер Азизовичтен

АРЫЗ

Аталган окуу жайдын педагогика факультетине өтүү үчүн сынакка катышууга уруксат берүүңүздү суранам.

Күнү, колу, фамилиясы

### «Өмүр баян» деген эмне?

Өмүр баян – бул адамдын өз колу менен эркин формада белгилүү убакыттын аралыгында басып өткөн жолу жөнүндө жазылган иш кагазы. Өмүр баянды жазууда кандайдыр бир тартипке салган түрү болбойт жана жазган адамдын чеберчилигине жараша болот. Бирок өмүр баянда сөзсүз аныкталган маалым даректер жана курам-бөлүктөр катышуусу зарыл.

**Ал маалым даректер төмөнкүлөр:**

1. Иш кагаздын аталышы (өмүр баян).
2. Иш кагазынын тексти:
   а) автордун аты-жөнү (ал «мен» деген жактама ат атооч формасында берилет);
   б) туулган жылы, айы, күнү жана жери;
   в) ата-энеси (ата-энесинин аты-жөнү, иштеген жери);
   г) билими (орто мектеп, атайын окуу жайы, жогорку окуу жайы);
   д) кесиби жана ишкердүүлүк түрү;
   е) аскерге кызмат өтөгөндүгү тууралуу маалымат;
   ж) акыркы иштеген жери жана кызматы;
   з) эмгек сыйлыктары;
   и) коомдук ишке катышуусу;
   к) үй-бүлөлүк абалы жана үй-бүлө курамы;
   л) үйүнүн дареги, телефон номуру.
3. Аты-жөнү.
4. Өзүнүн колу.
5. Өмүр баян жазылган жылы, айы, күнү.

**6-ТАПШЫРМА. Өмүр баяндын үлгүсү менен таанышкыла. Автор өзү жөнүндө кандай маалыматтарды билдирди?**

Мен, Касымов Мурат Токонович, 1964-жылдын 11-ноябрында Нарын облусунун Кочкор районунун Шамшы айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулгам.

Атам – Касымов Токон, апам – Касымова Шайыр. Алар азыркы учурда Шамшы айылында иштешет, «Береке» дыйкан чарбасынын мүчөлөрү. Мен 1971-жылы Шамшы орто мектебинин биринчи классына кирип, мектепти 1981-жылы аяктагам. Ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетине тапшырдым.

1983–1985-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөдүм. 1985-жылдан университетте окуумду улантып, аны 1988-жылы ийгиликтүү аяктап, тарыхчы кесибине ээ болдум. 1988-жылдан өзүмдүн эмгек жолумду Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Дархан айылындагы Дархан орто мектебинде тарых жана коом таануу мугалими болуп иштөөдөн баштадым.

1991-жылы мектепте директордун тарбия иштери боюнча орун басары болуп иштедим. 1999-жылдан Кыргыз билим берүү институтуна илимий кызматкерликке которулуп, ошол эле жылы аталган институттун аспирантурасынын сырттан окуу бөлүмүнө документтеримди тапшырдым.

2002-жылдан бери Бишкек шаарындагы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде тарых факультетинин тарых кафедрасында иштейм. 1998-жылы «Элге билим берүүнүн отличниги», 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин «Ардак грамотасы» менен сыйлангам. Үй-бүлөлүүмүн. Аялым – Суранова Бактыгүл 1966-жылы туулган. Бишкек шаарындагы Мамлекеттик каттоо кызматында эсепчи болуп иштейт. Кызым – Гүлжан, уулум – Азат Бишкек шаарындагы Б. Алымов атындагы № 39 орто мектепте окушат.

Үй дарегим: Бишкек ш., 6-кичи району, 42-үй, 18-батир.
Телефонум 47-41-58.

Касымов Мурат (колу) 20.09.2004

**7-ТАПШЫРМА. Өзүңөрдүн өмүр баяныңарды жогоруда көрсөтүлгөн үлгү боюнча жазгыла.**

Атын, күнүн, окуу жайын жана иш ордун алмаштырып, ал эми сүйлөмдөрдүн моделдерин үлгүдөгүдөй калтыргыла.

**8-ТАПШЫРМА. Эки өмүр баянды окуп чыккыла. Аларды салыштыргыла жана суроолорго жооп бергиле.**

1. Кайсы өмүр баян тууравраак жазылган деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?
2. Кайсы өмүр баянда керектүү маалыматтар көбүрөөк?
3. Кайсынысында маалыматтар тагыраак жазылган?
4. Кайсы маалыматты ашыкча деп эсептейсиңер? Эмне үчүн ушундай деп чечтиңер?

**Өмүр баян**

Менин атым Акылбек кызы Жаңыл. Мен Ысык-Көлдүн Саруу айылында 1973-жылы төрөлгөм. Туулган күнүм 2-январь. 1980-жылы С. Сыдыков атындагы орто мектептин 1-классына окуп баштадым. Мектепти жакшы окуп, 1991-жылы аяктадым. 1991-жылы КМУУнун экономика жана башкаруу факультетинин финансы жана кредит бөлүмүнө тапшырдым. Университетти да аябай жакшы окуп, 1995-жылы артыкчылык диплому менен бүтүрдүм. 1990–1995-жылдары «Учкун» акционердик коммерциялык банкына адис катары кабыл алындым, анан 2005-жылы конкурстук негизде «АТФ-Банктын» кредиттик бөлүмүнө башкы адис катары кабыл алындым. Учурда ушул эле банктын кредит жана аудит бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жатам. Үй-бүлөлүүмүн. Бир уул, бир кызым бар. Жолдошум бар. Анын аты Жумалиев Эрмек. Ал азыр «Шоро» жабык типтеги АКда экономист болуп иштеп жатат.


Дарегим: Бишкек шаары 03. 06. 2016
Тунгуч кичи району, 20-үй, батир № 52.
Колу /…
Тел.: 44-83-61. Уюл. тел.: 0552 550057
Акылбек кызы Жаңыл

**Өмүр баян**

Мен, Акылбек кызы Жаңыл, 1973-жылы 2-январда Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Саруу айылында төрөлгөм. 1980-жылы Саруу айылындагы С. Сыдыков атындагы орто мектептин 1-классына кабыл алындым. Аталган мектепти 1991-жылы аяктадым. 1991-жылы КМУУнун экономика жана башкаруу факультетинин финансы жана кредит бөлүмүнө кабыл алынып, 1995-жылы университетти артыкчылык диплому менен бүтүрдүм. 1995–2004-жылдары «Учкун» акционердик коммерциялык банкында иштедим. 2005-жылдан «АТФ-Банктын» кредиттик бөлүмүнө башкы адис, 2010-жылдан банктын кредит жана аудит бөлүмүнүн башчысы болуп иштейм. Үй-бүлөлүүмүн. Бир уул, бир кызым бар. Жолдошум Жумалиев Эрмек «Шоро» жабык типтеги АКда экономист болуп иштейт.

Дарегим: Бишкек шаары,
Тунгуч кичи району, 20-үй, № 52 батир.
Колу /…
Тел.: 44-83-61. Уюл. тел.: 0552 550057
Акылбек кызы Жаңыл
03. 06. 2016

# 2 ҮЙ-БҮЛӨ. АТА-ЭНЕ, БИР ТУУГАНДАР МЕНЕН МАМИЛЕ



**1-ТАПШЫРМА.** **«Сөз ула». Интерактивдүү оюн ойногула.**

Үй-бүлө темасына байланыштуу сөздү, сөз айкашын, макалды, фразаны айтып, бири-бириңерди улагыла.

**Үлгү.** **1-окуучу.** Үй-бүлө. Мен үй-бүлөмдү жакшы көрөм.

**2-окуучу.** Айгерим үй-бүлөсүн жакшы көрөт. Мен үй-бүлөнүн кенжесимин.

**3-окуучу.** Айгерим үй-бүлөсүн жакшы көрөт. Нурадил – үй-бүлөсүнүн кенжеси. Менин байкем университетте окуйт.

**4-окуучу.** Айгерим үй-бүлөсүн жакшы көрөт. Нурадил үйүндө эң кенжеси. Сашанын байкеси университетте окуйт. Ар бир үй-бүлөгө ынтымак керек ж. б. у. с.

**2-ТАПШЫРМА. Топто иштегиле.**

**1-топко тапшырма. Сөздөрдүн, сөз айкаштардын синонимдерин таап жазгыла.**
Эне, бала, санааркап, дил, кенже бала, абайла-.

**2-топко тапшырма. Үлгү боюнча мүчөлөрдү улап, заттын таандык экенин жазгыла.**

***Үлгү.*** Бала**нын** өнөрү.

Эне… бала…; эне… эс…; апалар… тил…; апалар… кесип…; апалар… дил…; апалар… жүрөк…; балдар… кам…; балдар… улуу…; балдардын ортончу…; балдар… жетинчи…; балдар… кенже…; мен… үй-бүлө…; сен… үй-бүлө…

**3-ТАПШЫРМА. Сөз айкаштарын катыштырып, чакан текст түзгүлө. Түзгөн текстиңерди жуптарда окуп бергиле.**

Балдардын камын көр-; балдардын кенжеси; балдардын ортончусу; апалардын тили; эненин жүрөгү.

***Үлгү.*** Ата-энеси балдардын камын көрөт: кийим-кече, тамак-аш, окуу куралдарын, оюнчук сатып берет, сабактарына жардам берет, сабактан келгенче күтөт ж. б.

**4-ТАПШЫРМА. Түзгөн текстиңер менен төмөнкү текстти салыштыргыла.**

**«Эне жүрөгү» поэмасынан үзүндү**

**Камын көрүп** жүрө берип балдардын
Калбай калат **чаалыкканы** эсинде.
Кенжесине суук тийип калдыбы?
Ортончусу сабагына бардыбы?
Ар түрдүүчө жоруй берет санааркап,
Апа жокто токтогондой бардыгы.
Апалардын айырма бар тилинде,
Айырма бар кесибинде, билимде,
Айырма жок ак тилектүү дилинде.
Апалардын жүрөктөрүн сактайлы,
Абайлайлы ыйыктардан – ыйыкты!


*Т. Кожомбердиев*

■ **Тексттерди салыштырууну баалоонун критерийлерин пайдалангыла**

| **Жайылтылган монологду баалоо** | 6 |
|---|---|
| Темага байланыштуу ойлонуп, туура берилген жоопторду бере алат, жыйынтык чыгара алат, айтып берүүнүн композициясы сакталган. | 6 |
| Логикасы сакталган айтып берүүнү (баяндама / сүрөттөө) түзө алат. Композициясы негизинен сакталган. Айтып берген баяндан жыйынтык чыгара алат. | 5 |

| | |
|---|---|
| Логикасы сакталган жөнөкөй баянды түзө алат. Композициясы анча-мынча бузулган. Берилген текстти түшүнүүдө кээ бир каталары жана кыйынчылыктары байкалат. | 4 |
| Берилген тема боюнча жөнөкөй жалаң сүйлөмдөрдү түзө алат. Айтып берүүдө логикасы жана композициясы сакталган жок. Жыйынтык чыгарууда кыйналат. | 3 |
| Теманы түшүнөт, бирок айтып берүүдө логикасы жана композициясы сакталган жок, ошондуктан жообу түшүнүксүз. Маселеге анын мамилеси түшүнүксүз. | 2 |
| Көпчүлүк учурда өз-өзүнчө, жөнөкөй, бири-бири менен байланышпаган сүйлөмдөрдү колдонот. | 1 |
| Айтып жаткан тексти угуп жаткан адамга таптакыр түшүнүксүз. | 0 |

## 3 ҮЙДӨГҮ КҮНДӨЛҮК ТУРМУШ



***Үй-бүлөдө адамдардын арасындагы мамиле келечекте кандай болушу мүмкүн? Силер үй-бүлө күткөндө өз алдыңарча жашайсыңарбы? Же ата-энеңер менен чогуу туруу жакшы деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн?***

**1-ТАПШЫРМА. Тексттеги маалымат менен таанышкыла. Сүрөт боюнча сүйлөшкүлө.**

2020-жылдагы жашоо жөнүндө маалымат жарыяланды. Анда технологиядагы эле эмес, үй-бүлөлүк жашоодогу чоң өзгөрүүлөр алдын ала айтылат. Алардын айрымдары төмөндөгүдөй.

**Үй-бүлөлүк турмуш:**

- Ар бир бешинчи ата иштебей, үйдө отурат. Алардын ордуна апалар үй-бүлөнү багышат.
- Адамдар өз кызыгуулары боюнча отурукташат. Мисалы, бир компанияда иштеген адамдар бир райондо жашашат.
- Чоң ата, чоң энелер жана ата-энелер балдары менен чогуу, үч муундун адамдары бирге турушат.
- Тамак-аш даярдоого убакыт жетишпейт, ошондуктан даяр тамак сатып жешет же тоңдурулган чала фабрикатты (аягына чейин толук иштелип даяр боло элек, андан ары иштетилип жасалуучу тамактарды) жешет.

**Жумуш жана окуу:**

- Интернет аркылуу сабактар көбөйөт. Окуучулар башка өлкөлөрдөгү жана башка шаарлардагы мыкты мугалимдерден он-лайн сабак алышат.
- Адамдар көп кесиптерге ээ болууга мажбур болушат, анткени алар ишти бат-бат алмаштырып турушат.
- Адамдар күнүнө болгону 5 саат гана иштешет жана көп эс алышат.

**2-ТАПШЫРМА.** **Жашоодогу жакшы өзгөрүүлөрдү белгилегиле. Тексттеги сүйлөмдөр менен далилдегиле.**

**3-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү ырастоолордун √ – туура; х – ката; ? – мындай сүйлөм жок экенин белгилегиле.**

| № | Ырастоолор | √ х ? |
|---|---|---|
| 1. | Эркектердин 20% үйдө отуруп, балдарды карашат. | √ |
| 2. | Адамдар өздөрү эмне иш кылса, ошол иштерди кылганды жакшы көргөндөр менен жанаша отурукташат. | |
| 3. | Чоң ата менен чоң энелер неберелерин карашат. | |
| 4. | Адамдар 70 жашка чейин пенсияга чыгышпайт. | |
| 5. | «Супер-мугалимдер» сабак берүү үчүн көп жактарга барышат. | |
| 6. | Көп адамдар өмүр бою бир эле жерде иштешет. | |
| 7. | Элдин баары көп иштешет. | |

**4-ТАПШЫРМА.** **«Келечектеги үй-бүлө» деген тема боюнча эссе жазгыла.**

**План:**

1. Келечектеги үй-бүлө кандай болот?
2. Үй-бүлөдө канча бала болот?
3. Ата-энеси эмне жумуш кылат?
4. Балдар үй-бүлөдө кандай жумуш аткарат?
5. Сага ушундай үй-бүлө жагабы? Эмне үчүн?

**5-ТАПШЫРМА.** **Тестирлөө бөлүгүнүн окшоштуктар боюнча тапшырмаларына кантип даярдануу керек?**

Бул үчүн силер өзүңөр окшоштуктарды түзүүнү үйрөнүүгө аракеттенишиңер керек.

**Биринчи кадам.** Досторуңар менен мындай оюн ойноп көргүлө: кайсы бир белгиси боюнча окшош сөздөрдүн жубун издегиле.

**Мисалы, эмне эмнеге окшош:**

| | |
|---|---|
| үй : балкон | үй : терезе |
| көйнөк : жең | жүз : көз |

**үй : балкон** деген жубуна **көйнөк : жең** деген жуп окшош. Ал эми **үй : терезе** деген жубуна **жүз : көз** деген жуп окшош.

■ **Тестирлөө бөлүгүнүн сүйлөмдөрдү толуктоо тапшырмаларын кантип аткаруу керек?**



Бардык ойлорду кунт коюп окуп чыгып, алардын ар кайсы бөлүктөрү бири-бири менен кандай байланыша тургандыгын аныктап көргүлө.

Айтылган ойдогу ар бир сөзгө, айрыкча, байламталарга, жандоочторго, кириндисөздөргөж. у. с. өзгөчө көңүл бургула *(карабай, ошентип, анткени, болсо да, анткен менен, тескерисинче* ж. у. с.). Мындай сөздөрдүн колдонулушу ойдун жалпы маанисине таасир этет. Алар ойдун бөлүктөрү кандайча бири-бири менен байланыша тургандыгын аныктоодо силерге жардам берет.

**Мисалы,** ________________ адамдар көп кесиптерге ___________ мажбур болушат, анткени алар ишти бат-бат___________________________ .

(а) келечекте / ээ болууга / алмаштырып турушат
(б) илгери / үйрөнүүгө / табышкан
(в) мурун / окууга / алмаштырууга умтулушкан
(г) кийин / жетишүүгө / аткара алышат

■ **Тема боюнча окуп-үйрөнгөн материалды баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |
| Билгендерим мага керек болот. | Маалыматты иштеп чыгам. | Баарын ыргытам. |



## ЭКИ БИР ТУУГАН

Илгери-илгери бир эненин эки уулу болуптур. Балдары эр жетип, энеси жерди аларга тепетең бөлүп берет. Балдары эгин эгип, бак тигип, жашай берет. Уулдары түн ичинде уктап жатканда энеси ал экөөнүн башында эки Чолпон жылдыз жанып турганын көрчү экен.

Жай өтүп, күз келет. Эгин бышат. Балдар эгинин оруп-жыйып, бастырып, сапырып, тазалап, данын бөлүп, эки жерге үйүп коюп, үйгө келишет.

Түн ичинде алар кезектешип кырман карашат. Адегенде кичүүсү күзөтөт. Ары басып, бери басып жүрүп, агасынын эгининен өзүнүкүнө ташып кошуп коёт. Түн ортосу оогондон кийин кырманга агасы келет. Караса, инисинин кызылы көбөйүп калган. «Инимди Баба дыйкан колдогон экен, аны көп жумшачу элем. Ошол эмгегин Баба дыйкан баалаган экен», – деп ойлоп, кубанган бойдон үйгө келип жатып уктап калат.

Энеси кырманга келсе, улуу баласынын эгини кыбыр-кыбыр этип, бир даны эки болуп көбөйүп, кичүү баласынын эгинине да дан чачырай баштайт. Дан чачыраган сайын кичүү уулунун эгини азая баштайт. Ошондо эгиндин көбөйүшү токтоп калат.

Эне шашып үйгө келип, улуу уулунун башында мурдагыдай эле Чолпон жанып, кичүүсүнүн башында кара ит үрүп турганын көрөт. Чочуп

кетип, балдарын ойготуп: «Балам, түндө эмне иттик кылдың эле?» – деп кичүүсүнөн сурайт.

Кичүү уулу түндө агасынын эгининен өзүнүкүнө ташып кошуп койгонун энесине жашыра албай айтып берет. «Балам, түндө сен кандай иш кылдың эле?» – деп улуусунан сурайт. Улуу баласы да көргөнүн, ойлогонун айтып берет.

Эне өзү барып кырмандан көргөнүн, үйгө келип кичүү уулунун башынан үрүп турган итти көргөнүн айтат. Мына ошондон кийин кичүү баласы ичи тардыгын коюп, бактылуу жашап калышкан экен.

**1. Бул эмне?**

а) жомок
б) диалог
в) монолог
г) интервью

**2. Кимдин эки уулу бар эле?**

а) ененин
б) аганын
в) эженин
г) кемпирдин

**3. Түн ичинде балдары эмнени карашат?**

а) кырманды
б) тоокту
в) айды
г) уйду

**4. Кичүүсү ары-бери басып жүрүп эмне кылат?**

а) ойнойт
б) карайт
в) текшерет
г) ташыйт

**5. Агасы кырманга келип, эмнени көрөт?**

а) көбөйүп калганын
б) азайып калганын
в) жок калганын
г) толуп калганын

**6. Энеси кырманга келип, эмне болгонун көрөт?**

а) эч нерсени көрбөйт
б) чачырай баштаганын
в) таанылбай калганын
г) уктап калганын

**7. Кичүүсүнүн башында эмне үрүп турат?**

а) козу
б) бөрү
в) ит
г) айбан

**8. Энеси үйүнө келип, балдарын эмне кылат?**

а) ойготот
б) урат
в) өбөт
г) чуркатат

**9. Балдары эмне кылышат?**

а) айтып беришет
б) сүйүнүшөт
в) ырдап беришет
г) бийлеп беришет

**10. Эне, балдары кантип жашап калышат?**

а) начар
б) ыймандуу
в) берекелүү
г) ынтымактуу

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

### өмүр баяны боюнча маалыматтар – сведения о биографии

ат / аты – имя
атасынын аты – отчество
билим – образование
туулган күнү – день рождения
жарандык – гражданство
маалымат – сведение
өмүр баян – биография
туулган жери – место рождения
ата-эне – родители
үй-бүлөлүү – семейный
үй-бүлөсү жок – не семейный
тапшырган – поступал
сыйлык – награда
абал – положение
адабий өмүр баян – литературная биография
кызматтык өмүр баян – служебная биография
кыска өмүр баян – краткая биография

### туугандыкты билдирген сөздөр – слова, обозначающие степень родства

үй-бүлө мүчөлөрү – члены семьи
ага – брат
ага-ини – братья
апа – мать
ата – отец
ата-эне – родители
байке – брат
жеңе – жена старшего брата
жээн – племянник
кайнага – деверь
кайната – тест, свёкор
кайнене – тёща, свекровь
кайни – шурин
кайын сиңди – золовка
келин – сноха
колукту – супруга, жена
күйөө – супруг, муж
күйөөгө чыгуу – выйти замуж
кыз – дочь
небере – внук
таеже – тётя со стороны матери
таяке – дядя со стороны матери

уул – сын
үй-бүлө куруу – создать семью
үй-бүлө күтүү – создать семью
үйлөнүү – женитьба
чоң ата – дедушка
чоң эне – бабушка
эже-сиңди – сёстры

## үй-бүлө деген сөзгө эпитеттер – эпитеты к слову семья

абайла – осторожность
ак жол – счастливой пути
артыкчылык – особенность
аскер кызматчысы – военнослужащий
ассоциация – ассоциация
ач көз – жадный
баба дыйкан – покровитель земледелия
бай – богатый
бактылуу – счастливый
бактысыз – несчастливый
бала-чакалуу – многодетный
барк – ценность, значимость
барксыз – нестоящий
бастыр – молотить
баяндама – сочинение
бейтааныш – незнакомец
дил – сердце (как средоточие чувств, помыслов)
ишмердүүлүк – деятельность
иштиктүү – деловой
кедей – бедный
кенже – младший
коом таануу – обществоведение
курам бөлүк – составляющая часть
күзөт – охранять
кырман – ток, гумно
маалым дарек – адрес сведений
мажбур – вынужден
меймандос – хлебосольный
оруп-жый – собери
очор-бачар – семейный, степенный
санаарка – переживать
сапыр – веять пшеницу
сүрөттөө – описывать
ташы – перенести
чаалык – устать
ынтымактуу – дружный
ырк – благоденствие
ырксыз – в беспорядке, вразброд

# 2-ТЕМА

# АДАМДЫН СЫРТКЫ КЕЛБЕТИ. МҮНӨЗДҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

1. **Адамдын мүнөздөрү**
2. **Досумдан эч нерсе аябаган мүнөзүм бар**
3. **Үнөмчүлдүк жакшыбы же …**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**


- адамга мүнөздөмө берүүнү;
- анын сырткы келбетин сүрөттөөнү;
- мүнөздөрдү салыштырууну;
- өзүнүн мүнөзү жөнүндө айтып берүүнү;
- тестирлөөнүн окуп түшүнүү бөлүгүндөгү текстин ырастоосун табууну.

**Эмнени иштей алабыз?**

- адамдын сырткы келбетин сүрөттөйбүз;
- мүнөздөрдү, алардын айырмачылыктарын салыштырабыз;
- адамга тиешелүү мыкты сапаттарды билебиз;
- тексттин мазмунун ырастаган ойду табабыз ж. б.

# 1 АДАМДЫН МҮНӨЗДӨРҮ

**1-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттөрдү карап, аңгеме түзгүлө.**



**Аңгеме түзүүдө төмөнкү сөздөрдү колдонгула:** бир жолу, (кайда?) отур-, ал-, алып кой-, жанына кой-, жакындап бар-, байкаба-, басып былчыйт-, ачуулан-, кыйкыр-, бир калыпта кала бер-, тамеки тарт-, ыйла-, капа бол-, капалан-, тынчсыздан-, санаасы санга бөлүн-, таң кал-, көңүл ач-, шаттан-, каткыр-, шляпа, отургуч.

**2-ТАПШЫРМА. Ойлонгула, талкуулагыла.**

- Бул адамдардын жүрүм-туруму жөнүндө тыянак чыгаргыла.
- Кимдин жүрүм-туруму сага жакты? Эмне үчүн?
- Ушуга окшош кырдаалдарда сен эмне кыласың?

**Окугула**

**Флегматик** – жоош, оор басырыктуу, токтоо адам. Жаңы шарттарга тез көнө албайт, андыктан айрым учурларда пассивдүү мамиледе болот. Ошол эле маалда жагдайларга жараша чыдамкай келет. Көп сүйлөбөйт, калпты жактырбайт. Стресстик абалда дүрбөлөңгө түшпөйт.

**Холерик** – кызуу кандуу, эр жүрөк, шаңдуу. Ал демилгелүү жана эмоционалдуу. Кыйынчылыктарды оңой жеңет. Анын маанайы чукул өзгөрүп кеткендиктен өз мүмкүнчүлүгүн башаламан, туш келди жумшап, кызуу кандуулугунан жабыркайт.

**Сангвиник** – жандуу, кыймылдуу адам, тегерегинде болуп жаткан окуяларга ыкчам реакция жасайт. Жамаат арасында жагымдуу маанай түзө алат. Айрым маселелерди шашылыш чечип алып, жасаган иши ага кызыктуу болсо, аны ийгиликтүү аткарат, ал эми кызыгы тарап кетсе, ал бул иштен көңүлү бат эле кайтат.

**Меланхолик** – сезимтал, көңүлү бат ооруган адам, ар түрдүү окуяларга кайгырат же кубанат, кызганчаак келет. Бирок аналитикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү. Ишине чыгармачылык менен олуттуу мамиле жасап, аягына чыгарат.

**3-ТАПШЫРМА**

1. **Сен өзүңдү кайсы типтеги адамдарга кошосуң? Эмне үчүн?**
2. **Силердин классыңардагы окуучулардын мүнөздөрүн жогорудагы адамдардын мүнөздөрү менен салыштыргыла. Аларды төрт тип боюнча бөлүштүргүп негиздегиле.**

| Адамдын мүнөздөрү | | | |
|---|---|---|---|
| Флегматик | Холерик | Сангвиник | Меланхолик |
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |
| **Негиздөө.** ***Үлгү:*** Искендер – … , анткени … | | | |

## 4-ТАПШЫРМА

1. **Адамга тиешелүү мүнөздөрдүн төмөндөгү маанилерин билесиңерби? Комментарий бергиле.**
   **Адамгерчиликтүү, жоопкерчиликтүү, чыдамкай, колу ачык, кайрымдуу, жөнөкөй, жайдары, түнт, боорукер, март, айкөл, тыкан, көрөгөч, ишенчээк, таш боор, жалкоо ж. б.**

2. **И. К. Ахунбаевдин өзгөчө сапаттарын мүнөздөгөн төмөнкү маалыматтар менен таанышкыла. Маалыматтан өзгөчө жаккан 3 мүнөздү тандап алгыла. Эмне үчүн тандаганыңарды түшүндүргүлө.**
   а) Иса Коноевич өз адистигине, тапшырылган ишине, кызматына, бирге иштешкендерине өзгөчө **жоопкерчилик менен мамиле** жасаар эле. Исакем **сүрдүү** киши болгону менен, **ичи кенен, өтө жөнөкөй,** жакшылыгын эч кимден аябаган **кайрымдуу, колу ачык, март, боорукер** болчу. Жылмайып жайдары маңдай, жагымдуу назик үн чыгарып кыт-кыт күлгөнүн көргөндө, укканда ким болбосун ичи жылып калчу. Исакемдин мүнөзү бир караганда баатырдай болуп сүрдүү болгону менен, **мээримдүү, өзүнө-өзү ишенген, сүйгөн адистигин беш колундай билген,** колу жеңил хирург болгондугунда.
   б) Иса Коноевич жең ичинен бирөөгө тартпай, ала-кулалап бөлбөй, маселени **калыс**тык кылып, так, шар чечип, **айкөлдүк** менен баарына бирдей мамиле жасап, **бирөөгө үнүн көтөрбөй, кыраакылык, көрөгөч**түгү менен эртеңки күндүн проблемаларын көтөрүп, **өзүнүн компетенттүүлүгү,** этиканы түшүнгөн маданияттуулугу менен элге жаккан.
   в) Иса агабыздын **адамгерчили**гинин эң бир көзгө урунуп турган артыкчылыгы **улууга да, кичүүгө да бирдей мамиле жасап,** алардын **талантына, жөндөмдүүлүгүнө, күч-кубатына ишенгендигинде эле.**
   г) Исакенин дагы бир сапаты – элибиздин **тарыхын дурус билген,** кыргыздын үрп-адат салтынын жакшы жактарын сактаган, элибизден чыккан көзү өтүп кеткен чыгаан инсандарды жатка билип, **дайыма эскерип,** алар жөнүндө ыгы келгенде кеп кылып, көзү тирүүлөрүн **урматтап, сыймыктанып,** алардын жетишкендиктерине кубанган **ичи кенен** залкар адам эле.

**5-ТАПШЫРМА.** **Тандап алган 3 сапаттын ичинен эң жогорку сапат деп эсептеген сапаттын маанилүүлүгүн ачып бере ала турган текст түзгүлө.**


### Планды жана баалоону эске алгыла

**План:**

1. Киришүү (тандап алган сапатка мүнөздөмө бергиле).
2. Эмне себептен бул сапатты тандап алгандыгыңды турмуштук далилдердин негизинде түшүндүрмө бергиле.
3. Жыйынтык чыгаргыла (мыкты сапаттарга ээ болуу үчүн жаштарга чакырык-ураан болуучу сөздөр менен жыйынтыктагыла).

# 2 ДОСУМДАН ЭЧ НЕРСЕ АЯБАГАН МҮНӨЗҮМ БАР

**1-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттү карап, акыра менен пилдин сырткы келбеттерин салыштыргыла. Алар эмне кылып жатат деп ойлойсуңар? Оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.**



**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти тыным менен окуп, суроолорго жооп бергиле. Тапшырмаларды аткаргыла.**

**I**

Акыра шаарда үй-бүлөсү үчүн жаңы үй курду. Ал курган үй акыралар үчүн бийик шып, бийик эшиктери менен эң сонун, мыкты үй болду. Үйдүн бийик терезелери бөлмөлөрдү жарык менен камсыз кылат. Терезелерден айлана-тегерек кооз болуп көрүнөт. Тар коридорлору үйдүн пайдалуу аянтын үнөмдөйт. Акыранын үй-бүлөсү бул үйдө ээн-эркин жашайт. Акыра курган жакшы үй «Акыранын мыкты үйү» деген улуттук байге алды. Үй ээлери мыкты үйү менен сыймыктанышчу.

**1-тыным.** **Акыранын үйүн сүрөттөп бергиле.**

*Анын үйү эмне үчүн «Акыранын мыкты үйү» деген улуттук байге алды?*

**Көп чекиттин ордуна мүчөлөрдү улагыла**

Акыра шаар… үй курду. Терезелер бөлмөлөр… жарык менен камсыз кылат. Үй-бүлө үй… жашайт. Тар коридорлору пайдалуу аянт… үнөмдөйт.

## II

Күндөрдүн бир күнүндө акыра үйүнүн жер төлөсүндөгү жыгач иштетүүчү устаканасында иштеп жатып, терезеден сыртты карады. Көчөдө пил бара жаткан экен. Акыра: «Мен муну тааныйм, – деп ойлоду. – Биз мектепте ата-энелер комитетинде чогуу иштегенбиз. Ал дагы мыкты жыгач уста. Устаканама кир деп чакырайын. Балким, чындап эле кандайдыр бир долбоорду чогуу иштеп каларбыз». Акыра терезеден башын чыгарып, пилди чакырды.

*Акыра пилди кайдан тааныйт? Ал пилди эмне үчүн чакырды?*

**2-тыным. Абзацка ат койгула. Таблицага маалымат толтургула.**

| | | |
|---|---|---|
| Күндөрдүн бир күнүндө | … | терезеден карады |
| | пил | … . |
| Акыра | пил менен | … . |
| | мыкты | жыгач уста. |
| Акыра | … | башын чыгарды. |
| | … | чакырды. |

## III

Пил ыраазы болуп калды. Ага акыра менен чогуу иштеген жакчу, жакындан таанышкысы келчү. Анын үстүнө, ал акыранын жыгач иштетүүчү устаканасы жөнүндө угуп, көргүсү келип жүргөн.

– Кир, кир, – деди акыра. Бирок пилге кирүү кыйын болду. Пил эшиктен башын киргизип, андан ары өтө албай туруп калды.

– Биз устаканага жабдыктарды киргизүү үчүн кеңейтүүчү эшик койгонбуз, ошонубуз жакшы болгон экен, – деди акыра. – **Бир мүнөт коё тур,** оңдоп коём.

Ал бир нече бураманы жана панелдерди чыгарып, пилди ичкери киргизди. Тааныштар бир-бирине кубанышып, жыгач иштетүү тууралуу ар кандай окуялар жөнүндө **сүйлөшө башташты.** Аңгыча акыранын аялы жер төлөнүн тепкичтеринен башын эңкейтип, күйөөсүн чакырды:

– Телефонго, кымбаттуум, **сенин боссуң чалып жатат.**

– Мен жогору чыгып эле жооп бергеним оң, – деди акыра пилге. – Тез эле келем. **Кең-кесири отура бер.**

*Пил эмне үчүн акыранын устаканасына кире албай кыйналды? Акыра аны кантип киргизди? «Кең-кесири отура бер» дегенди кандай түшүнөсүңөр?*

**3-тыным. Белгиленген сөз айкаштарын түшүндүргүлө.**

## IV

Пил эки жагын каранды. Устанын бурчта турган станогунун үстүндөгү жарым-жартылай бүткөн жумушту жакындан көрөйүн деди. Ошол бурчка баруу үчүн пил бир эшиктен өтөйүн деди эле, бут алдынан кычыраган

катуу үндү укту. Башын кашып, кайра ордуна кайтты. «Балким акыранын жанына жогору чыксамчы», – деп ойлоду пил. Тепкичтерге эми бутун койгондо эле анысы кырчылдап сына баштады. Ал шашып артка кайтты да, жыгылып, дубалга башы менен тийди. Дубал кулай баштады. Акыра ылдый түшкөндө, пил эси чыгып коркуп, дубалдын түбүндө отурган эле.

*Пил акыра жокто эмне болду? Ал эмне үчүн жыгылып, башы менен дубалды сүзүп отуруп калды? Акыра келгенде эмне болот?*

**4-тыным.** **Тексттин бул бөлүгүн атагыла.**

V

– Эмне болуп кетти? – деди таң калган акыра.

– Мен өз үйүмдөгүдөй болууга аракеттендим, – деп жооп берди пил.

Акыра тегерегин карады.

– Макул, мен эмне кылуу керектигин түшүндүм. Эшик өтө тар. Биз сени кичирейтишибиз керек. Жакын жерде аэробика студиясы бар. Эгерде сен бир нече жолу аэробикага барсаң, анда кичиреймексиң.

*Акыра пилге кандай сунуш кылды?*

**5-тыным.** **Сүйлөмдөрдү аяктагыла.**

Акыра таң … .
Пил кең-кесири … .
Акыра эмне кылууну … .
Эшик … .
Аэробика студиясы … .
Аэробика студиясына …. .
Сен … .

VI

– Балким, – деди пил, – чынын айтканда, акыра үчүн курулган үйдү оңдоп чыкпаса, пилге эч качан туура келбейт.

*Пил көйгөйдү кандайча чечүүнү сунуштады?*
*Пилдин айтканына кошуласыңарбы? Эмне үчүн?*

**3-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкүлөр туурабы? Ойлонуп, жооп бергиле.**

– Акыра үй курганда өзүнө жана акыраларга гана ылайык курганы туурабы?

– Пил акыранын үйүнө батпай, талкалаганы чынбы?

– Пил менен акыра урушуп кеткени чынбы?

– Эми алар чогуу ойлонуп, башка үй куруп баштаганы чынбы?

**Кичи топтордо талкуулагыла**

Эмне үчүн автор акыра менен пилди адамдар сыяктуу жазып чыккан?

- Акырадан интервью алгыла.
- Пилден интервью алгыла.

**4-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү планды колдонуп, мүнөзүңөрдү сүрөттөп бергиле.**

– Сенин мүнөзүң жогорудагы мүнөздөрдүн 4 тибинин кайсынысына кирет? Эмне үчүн?
– Мүнөзүңдүн кайсы жактары сага жагат? Эмне үчүн?
– Мүнөзүңдүн кайсы жактарын өзгөрткүң келет? Эмне үчүн?

***Тестирлөөнүн окуу жана түшүнүү бөлүгүндөгү тапшырмаларды кантип аткарыш керек?***

***Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы жогоруда берилген тексттин негизги максатын тагыраак аныктайт?***

а) Адамдар жолугушканда бири-биринин ал-жайын, ишин жакшылап сураштырууну эске алышы керек.

б) Адамдар бири-бири менен мамиле түзүүдө бири-бирин сыйлоону эске алышы керек.

в) Адамдар бири-бири менен мамиле түзүүдө ар биринин керектөөлөрүн эске алышы керек.

г) Адамдар бири-бири менен мамиле түзүүдө ар биринин үйүнүн көлөмүн да эске алышы керек.

# 3 ҮНӨМЧҮЛДҮК ЖАКШЫБЫ ЖЕ ...

**1-ТАПШЫРМА.** **Үнөмчүл болуу дегенди кандай түшүнөсүңөр? Жуптарда талкуулап, жалпы топто ойбөлүшкүлө.**

**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти төмөнкү кадамдар менен угуп, тапшырмаларды аткаргыла.**

**1-кадам.** **Текстти уккула. Костя менен Федянын жоруктарын салыштыргыла. Макалдардын маанисин чечмелегиле.**

**2-кадам.** **Текстти дагы бир жолу угуп, каармандарына** мүнөздөмө **бергиле, таблицаны толтургула.**

| Каармандын аты | Сырткы келбетин элестетип жаз | Ал кандай бала? | Ал келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң? Эмне үчүн? |
|---|---|---|---|
| Костя | | | |
| Федя | | | |

**3-ТАПШЫРМА.** **Тексттеги маалыматты 2–3 сүйлөм менен жалпылагыла.**

Текстте айтылган маселени белгилегиле.
Өз оюңарды айткыла.
Аны аргументтештиргиле, мисалдарды келтиргиле.
Жыйынтык чыгаргыла.

**4-ТАПШЫРМА.** **Костянын үнөмчүл гана болбой, ак көңүл бала болгону туурабы? Эмне үчүн? Кичи топтордо кеңешип, өз оюңарды төмөнкү сүйлөмдөрдө улантып жазгыла.**

Мен … деп ойлойм.
Биринчиден, … .
Демек, … .
Үчүнчүдөн, … .
Демек, … .

**Тема боюнча өзүңөрдү баалагыла**

| | | |
|---|---|---|
| **жаңы нерсе билдим** | | **үйрөндүм** |
| **пайдаландым** | **Мен** | **түшүндүрө алам** |
| **таң калдым** | | **түшүнгөн жокмун** |

## ТАЛ

Бар экен, жок экен, илгери-илгери өткөн бир заманда чал-кемпир жашаптыр. Алардын жападан жалгыз кызы болуптур. Ал ай десе айдай, күн десе күндөй, ай сымбаты келишкен, тоту куштай таранган, күзгүгө он маал каранган ашкан сулуу кыз экен. Бирок атына заты, чырайына мүнөзү, келбетине касиети төп келишпеген акылы тайкы, арылдап беттен алган тажаал, көк муздай мелтейген мерез кыз экен.

Айтканы айткандай, дегени дегендей орундалбай калса, көктүгү аша чаап, көк мелтей болуп турган жеринде талып калчу дешет. Анын көктүгү ата-эненин көөнүнө көк таштай тиет, бирок ичтен чыккан ийри жыланды жокко чыгара албай, акыры унчукпай кутулууну адатка айландырышат.

Кыздын мындай пейили айылдагыларга да маалым болуп, кыздын чырайынан жаман пейили аша өтүп, ал бойго жетип калса да ага жуучу түшүп бир да адам келбейт. Жалгыз кызыбызды эптеп тындырып алалы дегенде ата-эненин эки көзү төрт. Бир жерге орун-очок алса көк мелтейи жазылар деген үмүттөрү үзүлбөйт.

Күндөрдүн биринде кемпир-чалдын үйүнө кыздын сулуулугун алыстан угуп, мерездигинен кабары жок жуучулар ат арытып, ашуу ашып келип калышат. Кызыбыздын багы ачылар бекен деп кудуңдаган ата-эне жуучуларды калың төшөк, сыйлуу оокат менен күтүп алышат. Кезек

кыздын макулдугун алууга келгенде, баягы көк мелтейдин көктүгү тутуп, айтканынан кайтпай туруп алат. Кемпир-чалдын сылык мамилесине ызат-сыйына ыраазы болгон бир келет, эки келет, үч келет. Бирок өжөр кыз өз билгенин бербей, айтканынан кайтпай, ата-энени чоң уятка калтырат.

«Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» демекчи, ата-эненин өзөгү өрттөнүп, жаны кашайганынан:

– Ылайым бизди какшатпай, ушундайыңда көгөрүп талып кал, – деп каргашат.

«Ата-эненин каргышы – ок» демекчи, кайтпас каргышка калган кыз заматта талга айланып калат имиш.

Кыз ата-эненин, эл-журтунун каргышына калбаганда мындай окуяга туш болбойт белем дегендей, кеч болсо да өз күнөөсүн мойнуна алгандай, уялгандай жерди карап өсүп келет. Анын ийилип өскөнүн көрүп, кеч болсо да таазим кылып, кечирим сураганын байкаган эл талды кароосуз калтырышпай, азыркы күнгө чейин керегe-уук жасашып, пайдаланып келишет.

**1. Кыз абдан ... экен:**
а) каардуу  
б) чырайлуу  
в) бойлуу  
г) жылдыздуу

**2. Кыздын мүнөзү ... экен:**
а) боорукер  
б) жумшак  
в) өжөр  
г) урушчаак

**3. Ата-энеси кыздын мүнөзүнө ... :**
а) капаланышчу экен  
б) суктанышчу экен  
в) мактанышчу экен  
г) кусаланышчу экен

**4. Кыздын ... айылдагыларга да белгилүү болгон экен:**
а) өнөрлүүлүгү  
б) акылдуулугу  
в) сулуулугу  
г) кулк-мүнөзү

**5. Эмне себептен кыз жуучуларга макулдугун берчү эмес?**
а) ата-энесин кыйбагандыктан  
б) эрке болгондуктан  
в) сүйгөнү бар болгондуктан  
г) теңине албагандыктан

**6. Кимдин кадыры үчүн жуучулар кайра-кайра келишет?**
а) курбуларынын  
б) айылдаштарынын  
в) туугандарынын  
г) ата-энесинин

**7. Ата-энеси кызды эмне деп каргашат?**
а) асмандагы жылдыз болуп кал  
б) бак-дарак болуп кал  
в) таштагы суу болуп кал  
г) жердеги топурак болуп кал

**8. Эмне себептен ата-энеси кызды каргашты?**
а) акылдуулугунан тажагандыктан  
б) кыялынан тажагандыктан  
в) сулуулугунан тажагандыктан  
г) назиктигинен тажагандыктан

**9. Эгерде ата-энеси кызды каргабаса эмне болмок?**
- а) кыздын кыялы өзгөрмөк эмес
- б) кыз турмушка чыкмак
- в) кыз ата-энесине жардам бермек
- г) кызды ала качып кетишмек

**10. Кыз тал болуп калгандан кийин өз күнөөсүн мойнуна алабы?**
- а) алат
- б) албайт
- в) сезбейт
- г) оңдойт

## БИШКЕК БААТЫР БАЯНЫ

Илгери-илгери Бишкек деген баатыр киши жашаптыр. Жылдардын биринде эл Аламүдүндүн Чуңкурчак деген жайлоосуна көчүп барганда, Бишкек келте менен ооруп калат. Келте оорусу жугуштуу деп эл абдан коркчу экен. Бишкекти үй-бүлөсү менен Чуңкурчак жайлоосуна жалгыз калтырып, эл башка жайлоого көчө качып кетет. Бишкек өлөрүн билгенде:

– Балдарым! Бишкек деген ат керт башыма, эрдигиме да таандык. Алдуу-күчтүү кезимде эрдигиме таянып, журт башкарган билермандар мени караан кылып урматтап, өздөрүнө жакын алып жүрүштү. Мурда мени тирек кылган бир дагы байдын, манаптын көңүлүмдү сураганын көрбөдүм. Армандуу дүйнө деген мына ушундай, балдарым. Эми мен жарык дүйнө менен түбөлүккө коштошомун. Бирок менин сөөгүмдү Чуңкурчак жайлоосуна жалгыз бейит кылып калтырбай, Аламүдүн суусунун боюна, жолдун түндүк жагындагы жээктеги дөбөгө койгула. Ал жерде да эч көрүстөн жок. Бирок Анжиян, Ташкент тараптан Токмок жана Ысык-Көлдү карай өтүп турган жолоочулардын карааны мени жалгызсыратпайт. Колуңардан келсе күмбөз тургузуп койгула, – деп Бишкек керээзин айтып, дүйнөдөн кайтат.

Балдары атасынын керээзин аткарышат. Бир жылдан кийин күмбөз да тургузушат.

Өткөндөр ал жерге токтоп, куран окушат. Соодагерлер кербен сарай салышып, чайкана ачышат. Бара-бара ал жер Бишкек деп аталып, жыл өткөн сайын чоң шаарга айланат. Кийин ал шаар республиканын борбору болуп калат.

**11. Бул ... .**
- а) повесть
- б) уламыш
- в) роман
- г) поэма

**12. Бишкек деген ... .**
- а) ырчы
- б) акын
- в) манап
- г) баатыр

**13. Эл Бишкекти эмне үчүн калтырып, башка жайлоого көчүп кетишет?**
- а) алсыз болгондуктан
- б) ооруп калгандыктан
- в) карып калгандыктан
- г) чатак кылгандыктан

**14. Бишкектин абалын ... сурап келишкен жок.**
- а) байлар
- б) акындар
- в) ырчылар
- г) баатырлар

**15. Эмне себептен алар абалын сурашкан жок?**
а) убакыт жок үчүн
б) алыс болгон үчүн
в) корккону үчүн
г) иши көп үчүн

**16. Бишкек балдарынан эмне деп суранат?**
а) эстелик койбогула деп
б) досторун тапкыла деп
в) дөбөгө койгула деп
г) алыстан көрүнсүн деп

**17. Балдары атасынын ... аткарышат.**
а) сырларын
б) акылын
в) ойлорун
г) айтканын

**18. Ары-бери өткөн соодагерлер токтоп, ... .**
а) куран окушат
б) суу алышат
в) тамак ичишет
г) эс алышат

**19. Соодагерлер кимдерге чайкана салышат?**
а) хандар үчүн
б) байлар үчүн
в) кедейлер үчүн
г) жолоочулар үчүн

**20. Эгерде соодагерлер чайкана салышпаса, анда ... .**
а) балдары отурукташмак
б) шаарга айланмак эмес
в) анын аты өчүп калмак
г) эл аны унутуп калмак

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

- **адамдын сырткы келбетин сүрөттөй турган сөздөр – слова, которые описывают внешность**

көз / көзү – глаза
кара көз – чёрные
кой көз – карие
көк көз – синие
сурмалуу көз – красивые
чач / чачы – волосы (цвет)
ак чач – седые волосы
буурул – седой
кара чач – брюнет(ка)
коюу чач – густые
күрөң – шатен(ка)
кызыл чач – рыжие
кыска чач – короткие
сары чач – блондинка
суюк чач – редкие
тармал чач – вьющиеся
түз өскөн чач – прямые
түндөй кара чач – чёрные, как вороново крыло …
узун чач – длинные волосы
бети / жүзү – лицо / черты лица
ак жүздүү – белокурый
бешенеси ачык – открытый лоб
буудай өң – белолицый
бырыш – морщина
бырышсыз – без морщин
бырыштуу – морщинистый
жар кабак – с глубокими глазницами
жука эриндүү – с тонкими губами
кабагы ачык – довольный вид
кабак түйүү – недовольный вид
кабак – веко
калың каштуу – с густыми бровями
кара каштуу – с тёмными бровями
кара тору – смуглый
коюу каштуу – с широкими бровями
көздөрү капалуу – печальные глаза

купкуу – бледный
күлүмсүрөгөн – улыбчивый
күлүп турган – улыбающийся
кызыл эриндүү – с алыми губами
кыялкеч – мечтательный
сары жүздүү – светлый
тегерек бет – широкий
чап жаак – худощавый
чийме каш – узкие брови
дене түзүлүшү – телосложение
арык – худой
арык чырай – худощавый
келбеттүү – видный
келишимдүү – грациозный
сымбаттуу – стройный
сындуу – статный
толмоч – полный
чымыр денелүү – крепкого телосложения
бою – рост
келишкен бойлуу – грациозный
кыска бойлуу – маленького роста
орто бойлуу – среднего роста
узун бойлуу – высокий
шыңга бойлуу – стройный

- **жашы / курагы – возрастные категории**

нористе – младенец
ымыркай – новорождённый
жаш – молодой
кары – старый

- **жеке адам – индивид**

бөбөк – ребёнок
бала – мальчик
кыз – девочка
аял – женщина
эркек – мужчина
карыя – старик
кемпир – старуха

- **кийими (жалпы мүнөздөмө) – одежда (общая характеристика)**

ачык – открытая
жарашыктуу – привлекательная
жөнөкөй – простая
жупуну – скромная
кооз – красивая
табити менен – стильная
ачык түстүү юбка – светлая юбка
жеңил көйнөк – лёгкое платье
келишкен кара костюм – строгий тёмный костюм
костюм шым – брючный костюм
көк моюн орогуч – сиреневый шарф
эски модадагы көйнөк – старомодное платье

- **адамдын мүнөздөмөсү – характеристика человека**

ак көңүл, ичи кенен – добродушный
акылдуу – умный
акылсыз – глупый
акыл-эстүү – разумный
ач көз – жадный
ачуулуу – злой, сердитый
берешен, колу ачык, март, жоомарт – щедрый
билимдүү – образованный
боорукер – добрый
бош – малодушный
демилгелүү – инициативный
демилгесиз – безынициативный
жайдары – весёлый
жалкоо – лентяй
жеңил ойлуу – легкомысленный
жоопкерчиликсиз – безответственный
жоопкерчиликтүү – ответственный
жоош – скромный
зээндүү – способный
зээнсиз – бездарный
илең-салаң – вялый, пассивный
интеллигенттүү – интеллигентный
кайдыгер – равнодушный
кайрымдуу – отзывчивый
калыс – справедливый
кежир, көк – упрямый
кекчил – злопамятный
коркок – трус, пугливый
көрөгөч – зоркий, прозорливый

кубаттуу – энергичный, мощный
күчтүү – смелый
кызганчаак – ревнивый
кызуу кандуу – разгорячённый, возбуждённый
кыймылдуу – подвижный
кыраакы – бдительный, дальновидный
мерез – нелюдимый, суровый, жестокий
олуттуу – серьёзный
орой – грубый
өжөр – упрямый, упорный, настырный
өнөрлүү – одарённый
сабырдуу – терпеливый, сдержанный
сабырсыз – нетерпеливый
сөзмөр – общительный
сүрдүү – грозный
сылык – вежливый
тажаал – скандальный
таланттуу – талантливый
токтоо – невозмутимый, спокойный
тынчы жок – неспокойный
үнөмчүл – экономный
чечкиндүү – решительный, решающий
чыдамкай – терпеливый
шайыр – весёлый
шашма – торопливый
эмгекчил – трудолюбивый
эпчил – способный
эрксиз – нерешительный, несамостоятельный
эрктүү – решительный, самостоятельный

## адамдын сезимдери, ички абалы – чувства, ощущения, душевное состояние человека

алсыроо – слабость
апкааруу – испугаться
ардануу – стыдиться, совеститься
ачуулануу – злость
жини келүү – злиться
жүрөгү түшүү, коркуу – испугаться
жыргоо – наслаждаться
изденүү – искать
каардануу – возмущаться
кайгыруу – горевать
кежирленүү – упрямствовать
куса болуу, кусалануу – печалиться
күмөн болуу – сомневаться
күмөндөнүү – подозревать
кыжыр кайноо – возмущение, раздражение
кыжырлануу – раздражаться
кыйналуу – мучиться
назданую – кокетничать, капризничать
намыскөй – защищающий честь
рахаттануу – наслаждаться
сагынуу – тосковать
санааркоо – погрузиться в думу
суктануу – завидовать, восхищаться
сүйүнүү, кубануу – радоваться
сыймыктануу – гордиться
таң калуу – удивление
толкундануу – волноваться
туталануу – раздражаться
тынчсыздануу – тревожиться
убайым, убайым тартуу – беспокойство, беспокоиться
чаалыгуу – утомляться
чочулоо – побаиваться, беспокоиться
ызалануу – обижаться, досадовать
эргүү – вдохновляться
эригүү, зеригүү – скучать от лени
эрмектөө – забавляться, развлекать

## мүнөзү боюнча адамдардын тиби – типы людей (характер)

меланхолик – меланхолик
сангвиник – сангвиник
флегматик – флегматик
холерик – холерик

# 3-ТЕМА

# БОШ УБАКЫТ КЫЗЫГУУЛАР

1. **Бош убакытты кантип өткөрөбүз?**
2. **Спорттун түрлөрү**
3. **Кыргыз элинин улуттук оюндары**
4. **Спорт биздин жашообузда**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- тааныштардан алардын эмнеге кызыгарын, бош убактысын кантип өткөрөрүн сураганды;
- спортко тиешелүү кесиптик сөздөрдү;
- бош убакытты чогуу өткөрүүгө чакырууну, макулдук билдирүүнү, кеңеш / убада берүүнү;
- өз кызыгууларыбызды айтып берүүгө;
- түрдүү кызыгууларды баалаганды;
- окшоштуктарды табууга машыгабыз ж. б.

**Эмнени иштей алабыз?**

- спорттун түрлөрүнө тиешелүү аныктамаларды колдонобуз;
- спорттун түрлөрү, улуттук спорт жөнүндөгү тексттерди өздөштүрөбүз;
- өзүбүздүн кызыгууларыбыз, алектенүүлөрүбүз, каалоолорубуз жөнүндө айтып бере алабыз ж. б.

# 1 БОШ УБАКЫТТЫ КАНТИП ӨТКӨРӨБҮЗ?

**1-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөздөрдүн жана сөз айкаштардын маанисин түшүнөсүңөрбү? Бири-бириңер менен маектешкиле.**

(эмнеге? кимге?) кызыгып артынан түшүү, берилүү, кызыгуу; (эмнени?) талкуулоо / талкуу жүргүзүү; (кимге? эмнеге?) чынын айтып, билдирүү, моюнга алуу; (эмнеге?) убакыт өткөрүү, убакыт коротуу, бир нерсеге убакыт керектөө; (кимди? эмнени?) жактыруу, (эмне менен?) машыгуу, алектенүү; (кимди? эмнени?) эрмек кылуу / эрмектөө; (ким менен?) сырдашуу, баарлашуу, сүйлөшүү, ойноо; (эмнеден?) ырахат алуу.

**2-ТАПШЫРМА. Тексттерде кездешкен сөздөргө жана сөз айкаштарга комментарийди окуп чыккыла.**

**Жаран** – укуктук негизде белгилүү бир мамлекетке таандык адам, гражданин.

**Элет жери** – маданий борбордон алыс жайгашкан айыл жери.

**Шаардык** – шаарда жашаган.

**Жумшайт** – син.: керектейт, коротот, кетирет.

**Себепкер** – себептүү болгон адам.

**Ыктыярчы** – өз ыктыяры менен иштеген адам, волонтёр.

**Алектенүү** – убактысын жумшап аткаруу; бир нерсе менен убаралануу, иштөө.

**Ырахат алуу / ыракат алуу** – ыракаттануу, жасаган ишине ыраазы болуп, ошол иштин жүрүшүнө жана жыйынтыгына канааттануу, жыргоо.

**3-ТАПШЫРМА. Интернет булактарынан алынган түрдүү маалыматтар менен таанышкыла. Бош убакытты өткөрүү жөнүндө эксперттердин изилдөөсүн, журналисттердин сурамжылоолорун жана жарандардын интервьюларын окуп чыгып, адамдар бош убактысын кантип өткөрөт? деген суроого жооп бергиле.**

**Бош убакытты кантип өткөрөбүз?**

1. **Эксперттер изилдеп, жарандар телевизор көрүүгө жана компьютердик оюндарга канча убакыт короторун эсептеп чыгышты.** https://sputnik.kg/Kyrgyzstan/20160316/1023251738.html

Кыргызстандыктар бош убактыларын кантип өткөрө турганын Улуттук статистикалык комитет иликтеп чыкты. Маалыматка ылайык, убактысынын басымдуу бөлүгүн жарандар телевизор алдында өткөрөт.

Статистика көрсөткөндөй, шаарда жашаган эркектер телевизорго көбүрөөк байланган. Алар күнүнө орточо эсеп менен теле алдында үч саат отурса, элет жериндеги аялдар буга эки саат жыйырма мүнөт коротот.

Эс алуунун экинчи орунда турган түрү – пикир алышуу. Буга айылда жашаган эркектер күнүнө бир жарым саат жумшайт. Ал эми шаардык аялдар сүйлөшүүгө бир сааттан да аз убакыт коротот.

Кыргызстандыктар орточо эсеп менен спортко күнүнө 18 мүнөт бөлүүгө даяр. Китеп окуу менен сейилдөөгө болгону 13 мүнөт жетиштүү деп эсептейт. Компьютердик оюндарга жана ар кандай чогулуштарга 10 мүнөттүк убакыт керектелет.

2. **Адамдар бош убактысын кантип өткөрө турганы жөнүндө маалыматтар менен Интернет булактарынан таанышабыз**

Салтанат Касымова Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка айылынын «Наристе» бала бакчасынын жетекчиси болуп эмгектенип келет. Ал бала бакчадагы бөбөктөрдүн тилин таап, алардын сүйүктүү тарбиячысына айланган. Аны менен Turmush басылмасынын кабарчысы маектешкен учурда бош убактысын кантип өткөрө турганы жөнүндө мындайча жооп берген:

«Мен бош убактымда шурудан сүрөт жасаганды жактырам. Мындан сырткары, спорт менен машыгам. Күнүгө алыскы аралыкка чуркайм». https://www.turmush.kg/

Аламүдүн районунун Гроздь айылынын жаштары бош убактысын гимнастика залында өткөрөт. Гимнастика залынын ачылышына себепкер болгон Кулжакүл Койчубекованын айтымында, алгач айыл эли кандай кабыл алат деген кооптонуу болгон. Учурда алардын башкы максаты шаардык мелдештерге окуучуларын алып чыгуу. Гроздь айылынын жаштары гимнастика залында көп убактысын өткөрүп жатышат. https://www.azattyk.org/a/28212959.html

22 жаштагы ыктыярчы Мэттью Блументал Чүй облусунун Жайыл районуна караштуу Суусамыр өрөөнүнүн Кызыл-Ой айылындагы Түркмөн атындагы орто мектебинде англис тилинен сабак берип иштеп жатат. Ал өткөн жылдын 14-августунда Америкадан келген. Аймактык кабарчы ыктыярчы менен таанышып, бош убактысын кантип өткөрөрүн билген. «Кызыл-Ой абдан кооз айыл болгондуктан бош убактымда тоолорго чыгып, эс алып жатам». http://www.turmush.kg/news:338891

Ош шаарындагы Навои эс алуу жайы. Бактын кире беришиндеги шахмат үстөлдөрүндө бет мандай тизилип отурган кишилерге шаардыктар көнүп бүткөн. Акыл гимнастикасы менен алектенгендердин көбү пенсия курагындагылар. Шахмат шылтоо гана болбосо, аталар өз ара баарлашып, эс алышат. Ак-Буура жээгиндеги ашканадан түштөнүшүп, күн кечтегенде гана үйгө кайтышат. Ошол аталардын бири Максүт Төрөбаев мындай дейт: «Баарыбыз шахмат деле ойной албайбыз. Баарлашуу менен убакыт өткөрөбүз. Оштун борбордук базардагы чайканасына кел деп чакырабыз. Ашкананын бир бөлмөсүн аксакалдар өзүбүз эле ээлеп алганбыз. Бири кетсе, экинчиси келет. Көбүнчө самса жеп же суюк тамактарды ичебиз. Анан бир тамак буюртма берсек, эки эсе көп көк чай ичип олтура беребиз. Карыганда бири-бирибизге эрмек болуп, сырдашабыз. Эми биз менен жаштар кечке олтуруп сүйлөшпөйт да», – деди. http://project19461.tilda.ws/page942856.html

**Абдышүкүр Нарматов,** **Кыргызстан Ислам Университетинин ректору:**

– Бир хадисте мындай деп айтылган: «Кимдин бүгүнкү күнү менен кечээги күнү окшош болсо, ал адам жашоодон уттуруптур». Жашоодо инсандын эч нерсеге алмаштыргыс эң чоң капиталы болуп ден соолук жана убакыт эсептелет. Ошондуктан ар бир секундду баалай билип, туура кадамдарды жасайлы. Мен болсо көбүнчө бош убактымды үй-бүлөм менен өткөрөм. Күнүгө келинчегим жана балдарым болуп белгилүү бир убакытта китеп окуйбуз. Ошондой эле ар бир жума күнү элдин алдына чыгып сүйлөө үчүн 5–6 сааттай китеп окуп, ар тараптан изденем. Кээде үй-бүлөм менен сейил бактарга барып, жаратылышта эс алабыз.

**Кубат Касымбеков,** **«Азаттык» үналгысынын кабарчысы:**

«… азыркы учурда компьютерде кандай программалар болсо, адам ошондой нерселерди да мээге түзүүгө туура келет экен. Анткени жасай турган иштер аябагандай көп, бирок эмнегедир убакыт чектелүү. Көпчүлүк учурда бош убакыт болбойт, иш учурунда ар нерсеге алаксыбай, жумуштарды бүтүрөм. Кечкурун бош болгондо социалдык тармактарга кирип досторумда, дүйнөдө эмне жаңылыктар болуп жатканына көңүл бурам. Негизинен мен досторум менен баарлашканда, сейил бакка жөө басып барганда деле эс алып калам. Ал эми кээде жашоону кызыктуу кылуу үчүн досторум менен бирге коньки тебүүгө, боулингге, сейил бактарга жана башка жакшы атмосферадагы көңүл ачуучу жайларга барып эс алып келүүнү жактырам.

**Зарина Урманбетова,** **Кыргыз-Түрк «Манас» Университетинин 3-курсунун студенти:**

– Мен бош убакытымда көбүнчө интернетте отурам. Дайыма социалдык тармактардан, блоктордон кызыктуу, пайдалуу нерселерди алам. Андан сырткары комуз ийримине катышам. Менин оюмча, ааламдашуу каада-салттарды унутуу эмес, улуттар арасында чек аралардын ачылышы, өзүбүздүн каада-салттарды дүйнөгө таанытуу жана жаңы нерселерди кабыл алуу деп ойлойм.

**Динара Чочунбаева,** **Кол өнөрчүлөргө колдоо көрсөтүү боюнча Борбордук Азиялык Ассоциациясынын директору:**

– Менин ишим каада-салттагы улуттук буюмдарды сактап калуу, чеберлер менен иш жүргүзүү болгондуктан, бош убактымда дагы кийиздердин оймолорун чийип, жаңы маани берип, чеберлер менен талкуулагандан ырахат алам.

3. **Айылдагы балдар жайкы бош убактысын кандай өткөрүп жатышат? Ильгиз Чалбараковдун сурамжылоосу** http://ky.kloop.asia/

**Баткендеги** Үч-Коргондун мектеп окуучулары жайкы каникулда эс алып жатышат. Үч-Коргондогу Жаштар борборунун өкүлү Атабек Ариповдун айтымында, негизинен жергиликтүү балдар жайкы каникулда ата-энелерине жардам берип же лагерлерде эс алышат.

«Бизде 5–6-класстар үчүн жайкы лагерлер өткөрүлгөн мектептер бар. Ал жактарга көбүнчө жалаң бешке окуган балдар менен аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары бара алышат», – деди А. Арипов.

Амантур Андарак айылында жашайт жана Бектемирден бир класс жогорку класста окуйт. Ал жайкы эс алуу убактысын айылдык кабарчы болуп иштеп өткөрөт.

«Азыр Андарак айылындагы кызыктуу жаңылыктарды жазып, көйгөйлөр тууралуу айтып келем. Жакында Ысык-Көлгө барганы жатам», – деди ал.

**Жалал-Абад облусу** Гүлбайра Терек-Суу айылында 10-классты аяктады. Ал эки жылдан бери жайкысын жергиликтүү кафеде официант болуп иштейт.

«Өткөн жылы да официант болуп иштегем, бул жылы да иштейм, ата-энеме ушинтип жардам берем. Кээ бирде үйдөгү жумуштарды жасап, сабактарды кайталайм», – деди ал.

Ушул эле айылдагы мектептин мугалими Урмат Аширбаев анын окуучулары жайында Ысык-Көлдө же жайлоодо эс алганды жакшы көрө тургандыктарын айтты.

«Ал эми айылда калгандар Токтогул суу сактагычына барышат. Негизинен балдардын бир азы гана айылда калып, ата-энелерине жардам беришет. Техника өнүгүп, таза аба аз болуп бараткан азыркы заманда окуучулардын жайлоодо эс алып, сүт ичкени пайдалуу болот», – деди ал.

**Нарын облусу** Куланак айылында 8-классты аяктаган Айзат ушул жылы жайында алгачкы жолу жумушка орношту. Үй-бүлөсүнө жардам берүү үчүн ал жайкы эс алуусун толугу менен тигүү цехинде өткөрөт.

«Ден соолук үчүн эң пайдалуу эс алуу – бул жайлоого барып, кымыз, сүт ичүү деп эсептейм. Бирок менде андай мүмкүнчүлүк жок, мен каникул бүткөнгө чейин ушул жерде иштейм», – деди Айзат.

«Учкун» айылынын 9-классынын окуучусу Найзабек Мукамбет уулу жайкы эс алуусун талаада иштеп, ата-энесине жардам берип өткөрүп жатканын айтты.

«Үй жумуштарына жардам берип, эгинди сугарам. Үй-бүлөбүз менен бирге Бишкекке же Ысык-Көлгө баралы деп жатабыз»,– деди ал.

Куланак айылындагы мугалим Нурипа Дондошева балдар кайсы жакта эс алышпасын, алардын маданиятка үйрөнүүсү зарыл деп эсептейт. «Мен балдарды жайды китеп окуп, пайдалуу иштерди үйрөнүү менен өткөрүүсүн каалайт элем. Эң башкысы – ата-энелер эс алуу үчүн мүмкүнчүлүк түзүп берип, кантип туура эс алуу керектигин үйрөтүүсү керек», – деди Н. Дондошева.

**Ош облусу** Айкынбек 9-классты Кызыл-Булак айылында аяктады. Азыр ал ата-энесине чөп жыйнап, жардам берип жатат. Бирок ал көбүрөөк эс алып, убактысынын көбүн достору менен өткөрүүнү каалайт.

10-класстын окуучусу Нурзат дүйнө таанымын кеңейтүү үчүн классташтары түрдүү жерлерде болуп кайтышса экен деп кыялданат. Ал өзү акылды өстүрүүчү ийримдерге катышат.

«Жайкы каникулда мен биздин акын-жазуучуларыбыздын ырларын, аңгемелерин окуп, акылды өстүрүүчү ийримдерге барам», – деди ал.

Ноокат районунун Куу-Майдан айылындагы Мультимедиялык борбордун координатору Жеңишбек Абсатаров жергиликтүү балдардын басымдуу бөлүгү убактыларынын көбүн жаңы бассейнде өткөрө турганын айтты. «Бирок балдар лагерде эс алышса жакшы болмок», – деди ал.

**Талас облусу**

Бакай-Ата айылында жашаган Бакайдын быйылкы жайда Россияга барып келүү ниети бар.

«Мен жайкы эс алууну досторум менен кызыктуу өткөрүүгө аракет кылам. (…) Өлкөбүздүн көптөгөн жерлерин көрдүм, быйыл Россияга барып, ал жакты көрүп келсем дейм», – деди ал.

Бакайдын классташы Алижан, тескерисинче, жайды Кыргызстанда туугандарыныкында эле өткөрөт.

**4-ТАПШЫРМА. Түрдүү курактагы жана социалдык топтогу жарандардын жоопторун чогултуп, окумуштуулар адамдардын бош убактысын өткөрүүнүн баарынан жагымдуу түрлөрүн аныкташты:**

1. Саякаттоо, экскурсияга чыгуу, мейманга баруу.
2. Театрга, концертке, дискотекага баруу.
3. Бир нерселерди чогултуу, коллекциялоо.
4. Телекөрсөтүүлөрдү, видеофильмдерди көрүү.
5. Спорт менен машыгуу.
6. Достор менен жолугушуу, кечелерди өткөрүү.
7. Китеп окуу.
8. Дүкөн жана базар кыдыруу, бир нерселерди сатып алуу.
9. Иштөө (бош убактысында жактырган иши менен алектенүү).

**Силер бош убакытты өткөрүүнүн жагымдуу түрлөрүн кандай иретте жайгаштырат элеңер? Эмне үчүн? Жообуңарды негиздеп бергиле.**

**5-ТАПШЫРМА. Гезит кабарчыларынын ролун тандап алып, досторуңардан алар бош убактысын кантип өткөрө турганын сурамжылагыла.**

**6-ТАПШЫРМА. Досуңарга / курбуңарга кеңеш бергиле. Диалогду төмөнкүдөй баштагыла:**

**«… болбойт» же «… туура эмес».**

1. Эртеден-кечке телевизор көргөн … .
2. Калп сүйлөгөн … .
3. Тамеки чеккен … .
4. Сабактарды калтырган … .
5. Жуулбаган жемиштерди жеген … .
6. Экзаменде толкунданган … .

---



1. <u>Бирөөнүн көзүн караган</u> жаман, балам. Колдон келсе, бирөөнүн көзүн караба да, бирөөнүн күнүн өзүңө түшүрбө!

   **Алды сызылган сөз тизмегинин маанисин аныктагыла.**

   а) Бирөөнү багуу
   б) Бирөөнү тиктөө
   в) Бирөөгө карыз болуу
   г) Бирөөгө көз каранды болуу

2. **Иш кагаздарын жүргүзүүнүн атайын талаптары бар. Кайсы вариантта көрсөтүлгөн талап туура коюлган?**
   а) Айтылуучу ойдун тактыгы, ачыктыгы, түшүнүктүүлүгү.
   б) Адам аттарын, мекеменин аттарын кыскартып жазуу.
   в) Көркөм сөз каражаттарын колдонуу.
   г) Диалектилик сөздөрдү колдонуу.

3. **Кайсы катардагы сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүнө карама-каршы мааниде турат?**
   а) Касыңдан бал жегиче, досуңдан суу ич.
   б) Касым басып келгиче, боз үйгө жетип калабыз.
   в) Жыйналыш башталгыча, докладын жазып бүтүрдү.
   г) Улуусу университетти бүтүрүп келгиче, кичүүсү мектепти аяктап калат.

4. **Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**
   а) «Окуунун тамыры ачуу, жемиши таттуу», – деген экен Аристотель.
   б) Аристотель: «Окуунун тамыры ачуу, жемиш таттуу» болорун айткан.
   в) «Окуунун, деген экен Аристотель, – тамыры ачуу, жемиши таттуу».
   г) Аристотель: «Окуунун тамыры ачуу, жемиши таттуу», – деп айткан экен.

---

**7-ТАПШЫРМА.** **Жупта иштейбиз. Адамдын кызыгуусу үчүн төмөнкү сапаттардын кайсынысы маанилүү? Досуңдан / курбуңдан сура жана макулдугуңду / каршылыгыңды билдир.**

***Үлгү:*** – Адамдын кызыгуусу … . Сен кандай деп ойлойсуң?
– Мен макулмун. (Албетте. Ооба. Мен да ушундай деп ойлойм.) Мен каршымын. (Мен макул эмесмин. Мен андай деп ойлобойм. Койчу! Андай эмес.)

**Таблицага белгилерди коюп чыккыла**

| Адамдын кызыгуусу … | Сен кайсыларды тандайсың? | Досуң / курбуң кайсыларды тандады? |
|---|---|---|
| адамга ыракат тартуулашы керек | | |
| жактырган жумуш болуш керек | | |
| акча табууга ыңгайлуу болуш керек | | |
| материалдык пайда алып келбейт | | |
| күн тартиби боюнча болбош керек | | |
| күн тартиби боюнча болуш керек | | |

| Адамдын кызыгуусу … | Сен кайсыларды тандайсың? | Досуң / курбуң кайсыларды тандады? |
|---|---|---|
| адамдын ишине айланыш керек | | |
| адамдын ишине айланбаш керек | | |
| убакытты жагымдуу өткөрүүнүн ыкмасы | | |
| балдар менен ата-энелерди бириктирет | | |

**8-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөздөрдүн жана сөз айкаштардын айрымдарын колдонуп, эссе жазгыла.**

(эмнеге? кимге?) кызыгып артынан түшүү, берилүү, кызыгуу; (эмнени?) талкуулоо / талкуу жүргүзүү; (кимге? эмнеге?) чынын айтып, билдирүү, моюнга алуу; (эмнеге?) убакыт өткөрүү, убакыт коротуу, бир нерсеге убакыт керектөө; (кимди? эмнени?) жактыруу, (эмне менен?) машыгуу, алектенүү; (кимди? эмнени?) эрмек кылуу / эрмектөө; (ким менен?) сырдашуу, баарлашуу, сүйлөшүү, ойноо; (эмнеден?) ырахат алуу.
**«Бош убакытты кантип өткөрөбүз» деген текстти пайдалангыла.**

# 2 СПОРТТУН ТҮРЛӨРҮ

***Спорттун кандай түрлөрүн билесиңер? Кайсы түрү бизге кеңири таралган? Силер спорт менен машыгасыңарбы? Кайсы спорт менен машыгасыңар? Эмне үчүн?***

**1-ТАПШЫРМА.** **Текстти окугула. Анын мазмунуна бул аныктамалар дал келеби? Дал келбесе, туура вариантты айткыла.**

1. Спорт – англис тилинде «оюн-зоок, көңүл ачуу» дегенди билдирет.
2. Спортто эрежелер маанилүү.
3. Баскетбол жана теннис боюнча келечектеги чемпиондорго талаптар бирдей.
4. Хоккей ойноодо коопсуздук эрежелерин сактабаса, кырсыкка учурашы мүмкүн.
5. Футболдук биринчи мелдеш 1930-жылы өткөн.
6. Канадалык доктор Джеймс Найсмит баскетбол оюнун түзгөн жана өзү биринчи болуп бул оюнду өткөргөн.
7. Спорттун бардык түрү адамдагы шамдагайлыкты, чыдамкайлыкты өстүрөт.

8. Волейбол 1964-жылдан бери олимпиадалык оюндардын катарына кирген.
9. Спорттун бардык түрлөрүндө аялдар да, эркектер да бирдей эле мүмкүнчүлүктөргө ээ.
10. Футболду 1872-жылы Уильям Дж. Морган ойлоп тапкан.

Спорт адам баласынын ден соолугун чыңдоо үчүн оорубай, бактылуу өмүр сүрүүгө арналган көнүгүү десек жаңылышпайбыз. Спорт – англис тилинен которгондо кандайдыр бир эрежелер менен уюштурулган «оюн-зоок, көңүл ачуу» дегенди түшүндүрөт. Ал эми учурда спорт ар кандай түрлөргө бөлүнүп, аны менен бирге эле дүйнөлүк олимпиада оюндары да уюштурулуп келет.

**Футбол** Футбол оюну биздин тилде foot – «бут» жана ball – «топ» деп которулат. Аталган оюн командалык курамда ойнолот. Оюндун максаты – каршы команданын дарбазасына топ тээп киргизүү жана дүйнөдөгү эң популярдуу спорт оюну болуп эсептелет. Ал эми оюнчулар эки командага бөлүнүп, топту атайын дарбазага тээп киргизүү менен бирин-бири жеңип алууга умтулат. Ошондой эле топ тебүү бүткүл дененин, өзгөчө, буттун булчуңдарынын өсүшүнө жардам берет. Жүрөк, кан тамыр жана дем алуу системасын чыңдайт. Мындан сырткары адамды эрктүүлүккө, шамдагайлыкка, чыдамдуулукка тарбиялайт.

Футболду 1872-жылы Уильям Дж. Морган ойлоп тапкан, ошол эле жылы футболдук биринчи мелдеш өткөн.

1930-жылдан баштап дүйнө биринчилиги өткөрүлүп келет. Ал мелдеш Уругвайда болгон.

Эл аралык футбол федерациясы (FIFA) 1904-жылы негизделген.

**Баскетбол** Баскетбол оюну дүйнөнүн бардык булуң-бурчуна тараган спорт оюндарынын бири десек жаңылышпайбыз. Ал англисчеден бизче которгондо «basket – себет, «ball» – топ дегенди түшүндүрөт. Бул оюн дүйнөнүн бардык тарабында өзгөчө популярдуулукка ээ болгондуктан, бардыгы аны дүйнөлүк спорт катары эсептешет.

1861-жылы төрөлгөн канадалык доктор Джеймс Найсмит 1891-жылы декабрь айында өзү түзүп чыккан оюнду өткөрөт. Баскетбол оюну көпчүлүк элди кызыктырып, кийинчерээк өзгөчө популярдуулукка ээ болот.

1936-жылы олимпиада оюндарынын катарына кабыл алынып, Берлинде ойнолгон.

**Теннис** Бул оюн топту ракетка менен атайын тартылган тордон ашыра уруп жана экинчи адам аны тосуп алуу менен ойнолот. Азыркы мезгилде бул спорттун эки түрү белгилүү: чоң теннис жана стол үстүндөгү теннис.

Таасири: Теннис ар кандай кыймылдарга бай келип, тез кыймыл-аракетти, көрөгөчтүктү, шамдагайлыкты, тактыкты өрчүтөт. Теннис ойногондор ракетка менен топту урууда көбүнчө бир колу иштегендиктен, спортсмендин кол булчуңдарынын бирдей эмес өсүүсүнө алып келет. Андыктан дененин ар тараптан бирдей өсүүсү үчүн теннис менен машыккандар жалпы дене көнүгүүлөрү жана спорттун башка түрлөрү

(жеңил атлетика, кышкы жана жайкы спорттун түрлөрү) боюнча да машыгуулары зарыл. Теннис ойноого балдарды 7–9 жашынан үйрөтсө болот. Теннис оюну адамды өтө чарчатпастан, көңүлдү көтөрүп, активдүү эс алууну камсыздайт. Айрыкча, стол үстүндөгү теннистин оңой жабдылышы, оюндун тез өздөштүрүлүшү бардык жаштагы адамдардын ойноосуна мүмкүнчүлүк берет.

**Шахмат** Шахмат эки оюнчу арасында ойнолгон 64 клеткалуу доскадагы логикалык оюн жана спорттун бир түрү. 1 500 миң жылдан кем эмес тарыхы бар шахмат оюну болжол менен байыркы Индияда пайда болгон. Аталышы перс тилинен алынып, «Шах өлдү» дегенди түшүндүрөт.

**Хоккей** Хоккей – командалык спорт оюну.

Түрлөрү: Хоккейдин үч түрү бар, бири – музда шайба менен, экинчиси – топ менен жана чөптө ойнолот. Биздин өлкөдө негизинен хоккей шайба жана топ менен ойнолот. Хоккейде оюнчу конькиде тез жана жеңил кыймылдагандыктан башка спорт оюндарына караганда оюндун ылдамдыгы жогору. Ошондуктан оюнчулар тез-тез алмашып турат жана аны көбүнчө жаш жигиттер ойнойт. Хоккей ойноп жатканда оюнчулар бири-бирине урунуп, жыгылуу, клюшка, шайба же топ тийүүдөн кырсыкка учурашы мүмкүн. Кырсыктын алдын алуу үчүн коргоочу шлём, беткап, тизекап менен сактанышат.

**Волейбол** Волейбол англисчеден бизче которгондо valley – «учуп уруу» жана ball – «топ» дегенди түшүндүрөт.

Волейбол оюнун Уильям Дж. Морган ойлоп тапкан. Морган 1895-жылы машыгуучу залда теннистин сеткасын 197 *см* бийиктикке илип, анда окуучулары бири-бирине баскетболдун камерасын ыргытып ойношкон. Аталган оюнду Морган «минтонет» деп атаган. Кийинчерээк Альфред Т. Хальстеддин сунушу боюнча жаңы аты «волейбол» деп аталып калган.

Олимпиада оюндарында 1964-жылдан бери ойнолуп келет.

1948-жылдан бери Европа чемпиондугу өткөрүлүп баштаса, 1949-жылдан дүйнө чемпиондугу өткөрүлүп келет.

*А. Исакова*

**2-ТАПШЫРМА. Спорттун түрлөрү деген текстке таянып, сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.**

1. Волейбол топту учуп уруу оюну болсо, футбол … .
2. Хоккейде оюнчулар бат алмашып ойношот, себеби … .
3. Футболдо ойногон команда топту дарбазага киргизсе, баскетболдо … .
4. Алгач «минтонет» деп аталган оюн кийинчерээк … .
5. Шахмат оюнунун аталышы эки сөздөн турат: алар … .
6. Теннис менен шахматтын окшош жери бар, бул оюнда ойногондордун саны … .
7. Спорттун биз сөз кылган түрлөрү олимпиада … .

## 3-ТАПШЫРМА

1. Спорттук карьера жасаш үчүн адамда кандай сапаттар болуш керек?
2. Эмне үчүн шахматта логикалык ойлонуу өтө маанилүү?
3. Спорттун кайсы түрү менен адам дүйнөгө белгилүү боло алат? Эмне үчүн?
4. Хоккейде спортчулардын ылдамдыгынын жогору болушу эмне менен шартталат?
5. Теннисчилер эмне үчүн жалпы дене көнүгүүлөрүн жасап турушат жана спорттун башка түрлөрү боюнча да машыгышат?
6. Ден соолугу начар адам спорт менен машыга алабы? Кайсы түрү менен?
7. Баскетбол эмне үчүн спорттун популярдуу түрү болуп саналат деп ойлойсуңар?
8. Хоккейчи эмне үчүн коргоочу шлем, беткап, тизекап киет?

## 4-ТАПШЫРМА. Саптагы ашыкча сөздү таап, тандооңорду түшүндүргүлө.

- Ийилчээктик, ылдамдык, күч, кайраттуулук.
- Конкуренция, кызматташтык, атаандаштык, жарыш.
- Футбол, волейбол, суу да сүзүү, баскетбол.
- Теннис, волейбол, бадминтон, футбол.
- Сабиз, эт, жумуртка, балык.
- Корт, ринг, сахна, манеж.
- Ракетка, топ, рапира, эт тарткыч.
- Брасс, баттерфляй, слалом, кроль.
- Чемпионат, турнир, викторина, спартакиада.

## 5-ТАПШЫРМА. Спорттун түрүнүн аталышын анын сүрөттөлүшү менен дал келтиргиле.

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жалпы команда менен ойной турган спорттун бир түрү. Эки команда тең атаандашынын дарбазасына топ киргизгенге аракеттенет. Оюн суусу бар бассейнде өтөт. | а) волейбол |
| 2. | Оюн учурунда эки команда сетка менен бөлүнгөн атайын аянтта мелдешишет. Команданын ыргытып берген тобу аянттын атаандашы ойногон тарабына түшкүдөй кылып ыргытылат. | б) теннис |
| 3. | Бул оюнда логикасы максималдуу өнүккөн оюнчу жеңет. Бир нече кадам алдыга ойлонуш керек. Мында спорт, искусство жана илим айкалышып турат. | в) суу поло |
| 4. | Топту ракетка менен сеткадан ашырып, каршылаш тарапка урган сайын ал тарап топту кайра кайтарып уруп турат. Топ жерге экинчи жолу тийгенге чейин кайра кайтарыш керек. | г) баскетбол |
| 5. | Оюнчулар атаандашынын корзинкасына топту кол менен ыргытып түшүрүшөт. Оюнда оюнчулар чуркашат, секиришет, топту тосуп алышат, ыргытышат. Оюн тактикалык абалдардын тез алмашуусу менен мүнөздөлөт. | д) шахмат |

**6-ТАПШЫРМА. Жуп түзгүлө.**

**Мисалы, *спорттун түрү – спортчу***

Баскетбол, күрөш, боксчу, сууда сүзүү, шахмат, күрөшчү, бокс, теннис, баскетболчу, яхтсмен, гроссмейстер, теннисчи.

**7-ТАПШЫРМА. Сүйлөмдөрдү окуп, спорттун кайсы түрү жөнүндө сөз болуп жатканын аныктагыла.**

1. Оюндун аякташына 10 мүнөт калганда оюн талаасынын ээлери клюшкалары менен шилтей башташып, чабуулга өтүштү.
2. Матчтын акыркы секундасында алар топту корзинага салууга жетишишти.
3. Чабуулу өрчүп бүтө электе актар тарапта аттын көйгөйүн чечкидей агрессивдүү качырып кирүүгө олуттуу негиздер жок.
4. Беш мүнөттүн ичинде эле атаандашынын эки далысын тең жерге тийгизип утту.
5. Анын атаандашы жакынкы беттеште мыкты экенине карабастан, бул оюнчу нокауттар боюнча чебер адис экенин көрсөттү.
6. Автомобилдин мотору күрүлдөп, көз ачып-жумганча зуулдап кетишет. Бул жарышка түшкөн унааларды айдагандар учкучтар деп аталат.

**8-ТАПШЫРМА. Балдарга мүнөзүнө ылайык спорттун түрлөрүн тандоого жардам бергиле. Тандооңорду түшүндүргүлө.**

**Искендер** Бир нерсеге тез берилет, бирок ага чыдамкайлуулук жетишпейт. Ал бардык маселелерди ыкчам чечкенди жакшы көрөт, көбүнчө кара күч жумшап жиберет.

**Азиз** Мунун аюудай күчтүүлүгүн жана чыдамкайлуулугун айтпа.

**Сагынбек** Реакциясынын ыкчамдыгы, мобилдүүлүгү жана боюнун бийиктиги менен айырмаланат.

**Алима** Абдан түнт, башкаларга кошулуп ойногонду жаман көрөт, бирок керелден кечке чейин сайдагы сууда сүзүп жүргөнү жүргөн.

**Илима** Эрки күчтүү жана мыкты жылдыз болууну каалайт.

**Пётр** Артыкча интеллектуалдык ишмердүүлүккө берилет.

**Иван** Оор жүктөмдөрдөн, жаракаттардан, денесин кокустатып алуудан такыр коркпойт. Кыска мөөнөттүн ичинде кайра калыбына келүү жөндөмү бар.

**Мухамед** Философияга аябай кызыгат. Ар качан асманды карап жүргөн болот, жердеги көйгөйлөр аны такыр кызыктырбайт.

**Анарбек** Ал заманбап адамдар неге булчуңдарынын күчүн көбөйтүп өстүрөрүн түшүнбөйт, себеби келбеттин көрктүүлүгү, көркөмдүк, кыймылдардын коогдугу баарынан маанилүү деп эсептейт.

***Сөздүк:***

муз бийи, парашюттук спорт, чыгыш урушу, тоолуу жерде лыжа менен жүрүү спорту, ралли, суу туризми, альпинизм, шахмат, теннис, суу алдында сүзүү, сууга секирүү, футбол, баскетбол, бокс, күрөш, спринт, оор атлетика, культуризм.

# 3 КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

**1-ТАПШЫРМА.** **Кыргыз элинин кандай улуттук оюндарын билесиңер? Дептериңерге тизмелеп, жуптарда ой бөлүшкүлө. Ар бир жуп бирден оюндун эрежелерин айтып бергиле.**

**2-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү таблицаны толтурабыз.**

| Сөздөр | Мен бул сөздү билем. «+» белгиси менен белгилейбиз. | «+» белгиси коюлган сөздү түшүндүрмө же сүйлөм түзүү аркылуу далилдейбиз. | Мен бул сөздү билбейм. «–» белгиси менен белгилейбиз. |
|---|---|---|---|
| эшип алуу | | | |
| сөөмчө | | | |
| ак чөлмөк | | | |
| мара | | | |
| атаандаш | | | |
| өнөктөр | | | |
| жоолук | | | |

**3-ТАПШЫРМА.** **Текстти окугула. 2 топко бөлүнүп, топтордо иштегиле.**

**1-топ.** **«Жоолук таштамай» оюнун төмөнкү таблицаны толтуруу аркылуу презентациялагыла.**

**2-топ.** **«Ак чөлмөк» оюнун төмөнкү таблицаны толтуруу аркылуу презентациялагыла.**

| Оюндун аталышы | Оюндун эрежеси | Оюнда колдонулуучу каражат | Оюндун максаты эмне деп ойлойсунар? |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

## УЛУТТУК ОЮНДАР

Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес, өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен айырмаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндарына *ордо, тогуз коргоол, оромпой, ак чөлмөк, жоолук таштамай, селкинчек, топ таш, хан таламай* жана башка ат оюндарынын түрлөрү кирет.

**Жоолук таштамай** Оюнчулардын баары тегерете отурат. Ал оюнчулардын арасынан кызбы, эркекпи жоолугун эшип алып, олтурган оюнчулардын аркасы менен кыдырата басып келе жатып, жоолугун эч кимге билгизбей, бир оюнчунун аркасына таштап коёт. Анын таштаганын билбей калса дагы айланып басып келип, жоолукту ала коюп, жоолук ташталган оюнчуну сабап калат. Эгерде артына жоолук таштаганын байкап калса, ал оюнчу тура калып, таштап кеткенди кууп жөнөйт. Качкан бала ордуна отурганча кууп жетсе, аны жоолук менен чабат. Жетпей калса, оюнчуларды тегерете айланып, жоолукту таштап, оюнду улантат. Токмок жебей, өз ордуна отурганга жетишкен оюнчу жеңүүчү аталат.

Оюндун эрежеси боюнча катышуучулар баштарын артка буруп кароого, бири-бирине айтууга, оюнду алып баруучу качып бараткан оюнчуларды башка, бетке катуу урууга болбойт. Жоолук ташталганын айтып койгондор күнөөлөнүп, оюнду алып баруучунун ролун кезексиз аткарат.

Оюнда күч, ылдамдык, шамдагайлык талап кылынат, жүгүрүү ыкмаларына, бир нерсеге көңүл коюуга, байкоого үйрөтөт.

**Ак чөлмөк** Кыргыз элинин эң байыркы оюндарынын бири. Оюн каалаган жерде ойнолот. Кыз-улан аралаш ойнойт. Оюнчулар жашына жараша жаатка бөлүнүшүп, калыс шайлашат. Ар бир жаатка ат коюлат. Мара белгиленет. «Ак чөлмөк» узундугу сөөмчө келген ак сөөк (бодонун шыйбылчагы), жонулган же ак менен сырдалган жыгач болот.

Калыс оюнчулардын бардыгына ак чөлмөктү көрсөтүп, андан кийин оюнчуларды тескери каратып тургузуп, алар ак чөлмөк кайсыл тарапка ыргытылганын билбей калуу үчүн бир тарапка таш, экинчи тарапка ак чөлмөктү ыргытат. Ыргытылган ак чөлмөктүн кайсы жерге түшкөнүн баамдоого эки жак тең даяр турушат. Түшөр замат жапырт чуркашып, ак чөлмөктү издей башташат. Биринчи тапкан оюнчу өз жаатынын атын үнүн бийик чыгарып атайт да, мараны көздөй чуркап жөнөйт. Атаандаштары ак чөлмөктү андан тартып алууга аракеттенишет. Ал тарттырып жибербей буйтай качып, жазгырып же өнөктөрүнүн бирине бере салууга

аракеттенет. Эгер атаандаштары ак чөлмөктү тартып алса, алар да өз тобунун атын кыйкырып атап, качууга тийиш. Ак чөлмөктү марага алып келген жак кайра ыргытат. Ак чөлмөктү марага бир жолу таштаган жаатка 1 упай эсептелет.

Калыс упайларды эсептейт, оюндун жыйынтыгын чыгарат. Оюн эрежесинин туура сакталышына көз салат. Оюнчулар эрежени бузган убакта ышкырып белги берип, оюнду токтотот. Калыстын буйругун аткарбаган оюнчу оюндан чыгарылат. Оюндун жыйынтыгында кайсы жаат көп упай топтосо, ошол жаат утат. Упайлар барабар болуп калса, кайсы жаат оюнду аз бузса, ошол жаат жеңет.

Ак чөлмөктү талашууда кийимден, колдон, буттан тартпастан, түртпөстөн, оюнчунун колундагы ак чөлмөктү гана алууга аракеттенүү керек. Оюн күч сынашмай оюндарынын катарына да кирет. Оюн көбүнчө айлуу түндө ойнолот.

**4-ТАПШЫРМА. Кырдаалдык тапшырманын негизинде арыз жазгыла.**

**Кырдаал:** Дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна катышууга максат койдуңар. Демек, ага катышуу үчүн машыгуу зарыл. «Тогуз коргоол» оюнун үйрөнүү үчүн спорт клубуна жазылуу керек. Ош улуттук спорт комитетинин директоруна арыз жазгыла. Төмөнкү таянычты пайдалангыла.

______________________________
(мекеменин аталышы)

______________________________
(жетекчинин аты-жөнү)

______________________________
(арыз жазган адамдын аты-жөнү)

АРЫЗ

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

| | | |
|---|---|---|
| ____________________ | __________ | ____________________ |
| Жылы, күнү, айы | (колу) | аты-жөнү |

**1. топ : футбол**

а) сыналгы : антенна
б) пол : шырдак
в) шарик : теннис
г) терезе : айнек

**2. кыймылдоо : чуркоо**

а) байлоо : бекемдөө
б) даам татуу : сезүү
в) өзгөртүү : бузуу
г) учуу : зымыроо

**3. чаалыкпас : чарчабас**
а) камбыл : сарамжалдуу
б) иленди : тыкан
в) үнөмчүл : сараң
г) арсар : айкын

**4. мекеме : жетекчи**
а) мекеме : жумушчу
б) спортсмен : тренер
в) мектеп : директор
г) мугалим : доска

**5. машыгуу : ийгилик**
а) билим : келечек
б) эмгек : бакыт
в) илим : жашоо
г) мээнет : таалай

**6. оюн : жумуш**
а) эс алуу : секирүү
б) телевизор : радио
в) спорт : дене тарбия
г) соо : оорулуу

# 4 СПОРТ БИЗДИН ЖАШООБУЗДА

***Көпчүлүк жаштар спорт десе эле спорт залга барып, спорт менен машыгууну элестетишет. Же бир спорт жылдызын эстешет. Футбол десек, баары эле Криштиану Роналдуну (Португалия) же Лионель Месcини (Аргентина) ж. б. футбол жылдыздарын элестетишет.***

***Спорт менен машыгууга силердин үй-бүлөңөр кандай карашат?***

Адамдын жашоосунда спорттун ролу кандай? Саламаттык үчүн дене тарбия, спорт менен машыгуу керекпи? Массалык спорт менен улуу жетишкендиктердин спорту эмнеси менен айырмаланат?

## 1-ТАПШЫРМА

**а) Текстти уккула жана калтырылган сын атоочторду толуктагыла.**

**Эртең мененки зарядка эмне үчүн керек?**

Эртең мененки көнүгүүлөр ____________ болууга жана ден соолукту чыңдоого жардам берет. Ошондой эле ____________, ____________ болууга, мелдештерде жеңүүгө шарт түзөт. Уйкудан ____________ ойгонгуң келсе, зарядка жаса. ____________ музыка менен жасасаң, күнү бою энергия жана ____________ жагымдуу маанай тартуулайт.

**б) Текстти угуп, калтырылган бөштуктарды толуктагыла.**

____________ да, ____________ да чуркаса болот. Эгерде ____________ чуркаган ыңгайлуу болсо, анда ____________ чурка. ____________ ыңгайлуу болсо – ____________ чурка. Бир гана нерсе эсиңерде болсун! ____________ уйкудан тургандан кийин ____________ мүнөттөн ____________ убакыт өткөндө чуркагыла. Ал эми ____________ чуркасаңар, ____________ тамактануудан кийин ____________ саат убакыт өтсүн. Чуркоо убагында ____________ дем алуу керек, ____________ дем алып, ____________ дем чыгарган туура.

**2-ТАПШЫРМА.** **Чакан тексттерди окугула. Дене тарбия жана массалык спорт деген эмне? Ал эми чоң жетишкендиктердин спорту дегенди кандай түшүнөсүңөр? Түшүндүрмөңөрдү жазгыла.**

1. Дене тарбия жана массалык спорттун жардамы менен бүт дүйнөдөгү адамдар өздөрүнүн физикалык сапаттары менен кыймылдоо жөндөмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк алышат. Анан да саламаттыгын чыңашат жана чеберчилигин көп убакытка узартышат. Демек, азыркы экологиянын организмге тийгизген терс таасирине, жашоонун көзгө илешпеген катуу ритмине ушинтип каршы турушат.

2. Чоң жетишкендиктеги спорттун негизги максаты – жогорку деңгээлдеги спорттук мелдештерде жана турнирлерде максималдуу спорттук натыйжаларга жетишүү. Спортчунун ар бир жогорку жетишкендиги анын жеке өзү үчүн эле эмес, бүт элдин жалпы улуттук дөөлөтү болуп калат. Себеби эл аралык ири мелдештердеги рекорддор жана жеңиштер өлкөнүн эл аралык аренадагы кадыр-баркын көтөрөт.

**3-ТАПШЫРМА.** **Айтылган сөздөргө комментарий бергиле.**

Күч атасын таанибайт; организмге таасир тийгизүү; саламаттыкка зыян келтирүү; спорт менен машыгуу; майып болуу коркунучу; устатынан шакирти өтүптүр; отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн; ойду омкоруп, тоону томкоруп салган; спорт адамдын денесин чыңдайт; күч акылга баш иет.

**4-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын окугула. Аларды категориялар боюнча бөлүштүргүп, негиздегиле.**

Ар тараптан өнүгүү, атаандаш, дарбаза, дем алуу, дем чыгаруу, дене тарбия, жеңил атлетика, жетишкендик, жүктөм, ийкемдүү, калыбына келүү, кара күч, каршылаш, күйөрман, күрөшчү, күчтүү эрк, оор атлетика, саламаттык, сууда сүзүү, тоолуу жерде лыжа менен жүрүү спорту, түнт, чыдамкайлык, чыңдоо, шайба, шамдагайлык, көңүл коюуга, марага жетүү, күч сынашмай, айлуу түндө, өтө катуу урууга, ак чөлмөктү ыргытуу, дилгир, денени чыңдоо, сезимтал, сергек жашоого умтулуу, туура тамактануу да маанилүү, таза абада жүгүрүү, ийгиликтерди багындыруу, ден соолукка зыян келтирбөө.

**Теманын аягында өз алдыңарча таблицаны толтургула.**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Менде кандай суроолор бар? |
|---|---|---|
| …<br>…<br>… | …<br>…<br>… | …<br>…<br>… |

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

айлан – крутиться, превратиться
аймактык – территориальный
алектенүү – заниматься
алышуу – обменяться
байлан – привязаться
басылма – издание
басымдуу – подавляющий
бет маңдай – напротив
борбордук – центральный
бош – свободный, пустой
булчуң – мышца
буюртма – заказ
жетекчи – руководитель
жумша – 1) стать мягким; 2) использовать в какой-либо работе
жээк – берег
кабарчы – репортёр
кайт – вернуться, возвратиться
кече – вечер
кечте – вечереть
кире бериш – вход, порог
кооптонуу – тревожиться
корот – потратить
көн – привыкнуть
мара – финиш
мелдеш – соревнование
өнөктөр – напарники
өткөр – провести (время)
себепкер – виновник
сейилдөө – прогуляться
сөөм – пядь (метрическая единица измерения)
сурамжылоо, иликте – анкетирование, опрос, исследование
суюк – жидкий
сырдашуу – делиться секретами
тизил – строиться
түштөн – обедать
чогулуш – собрание
чурка – бежать
шуру – бисер, ожерелье
шылтоо – повод, предлог, отговорка
ыктыярчы – волонтёр
ылайык – согласно, в соответствии
ырахат алуу – получить удовлетворение
элет – места, отдалённые от культурных центров
эс ал – отдыхать
ээле – занять

# 4-ТЕМА

# КЕСИП. ИШ. ИШ КҮНҮ

1. **Кесип тандоодогу маанилүү өзгөчөлүктөр**
2. **Түрдүү кесип ээлери**
3. **Кесип тандоодогу маанилүү сапаттар**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- ***-чы*** мүчөсү менен кесипти билдирүүчү сөздөрдү жасоону;
- кесиптердин өзгөчүлүктөрүн айтып берүүнү;
- кесип тандоо жөнүндөгү өз пикирлерибизди билдирүүнү;
- бирөөгө каалоо билдирүүнү же кеңеш берүүнү үйрөнөбүз.

**Эмнени иштей алабыз?**

- ***-чы*** мүчөсүнүн варианттарын сөздөргө улайбыз;
- кесип тандоого тиешелүү өз оюбузду билдиребиз;
- өзүбүз тандаган кесип жөнүндө баяндайбыз;
- абзацтагы ырастоолорду табабыз.

# 1 КЕСИП ТАНДООДОГУ МААНИЛҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

**1-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөздөргө *-чы* мүчөсүн улап жазгыла. Схеманы пайдаланып, топторго бөлүштүргүлө.**

***о, у*** ⟶ ***-чу*** ***а, ы-*** ⟶ ***-чы***
***ө, ү*** ⟶ ***-чү*** ***э, и*** ⟶ ***-чи***

Котормо … , ыр … , китепкана … , укук … , куруу … , сатуу … , тигүү … , эсеп … , тергөө … , кызмат … , окуу … , жумуш … , сактоо … , жазуу … , уйку … , өрт өчүрүү … , жылкы … , тарбия … , айдоо … , кароол … , ширетүү … .

| Кесипти билдирген сөздөр | Адамга багытталган сөздөр |
|---|---|
| | |

**2-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттү карагыла. Кандай кесиптин ээлерин көрүп турасыңар? Төмөнкү көрсөтмөнүн негизинде жооп берип, жуптарда ой бөлүшкүлө.**

***Көрсөтмө.*** Бул – … , себеби ал … .










**3-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөздөр кайсы кесипке тиешелүү?**

| Кесиптер | Тиешелүү сөздөр | Сөздөр |
|---|---|---|
| Дарыгер | | Окутат, тамак бышырат, кыш куят, эт туурайт, укугун коргойт, ийне саят, дарылайт, суу кайнатат, мыктайт, куурат, өлчөйт, тергейт, чач кыркат, жасайт, кездеме кесет, сакайтат, тарбиялайт, кийим бычат, кездеме тандайт, сабиз аарчыйт, сурайт, чач тарайт, кийим тигет, чиет, үйрөтөт. |
| Укук коргоочу | | |
| Ашпоз | | |
| Куруучу | | |
| Мугалим | | |
| Чачтарач | | |
| Тигүүчү | | |

---

**1. жай : июнь**

а) апта : дүйшөмбү
б) жол : жалгыз аяк жол
в) апрель : ай
г) секунд : мүнөт

**2. жыгылуу : тайгалак**

а) түшкө кирүү : уйкулуу
б) чуркоо : ылдам
в) дарылоо : оорулуу
г) күнгө күйүү : тумчугуу

**3. сатып алуу : товар**

а) жазуу : кат
б) сырдоо : дубал
в) жандыруу : ширеңке
г) тартуулоо : китеп

**4. хирургия : медицина**

а) товар : сатуучу
б) окуу : мектеп
в) кесип : адистик
г) ботаника : биология

---

**4-ТАПШЫРМА**

**а) Текстти уккула. Ким кандай кесиптин ээси? Эсиңерге туткула!**

***Эскертүү:*** Текст 1 жолу гана окулуп берилет.

**б) Суроолорго жооп бергиле. Эгерде жоопту «ката» деп эсептесеңер, үлгүнүн негизинде туура жообун айткыла.**

***Үлгү:*** Мен … деп ойлойм, анткени, … .

1. Айбек ким болуп иштейт?
2. Элдиярдын кесиби эмне?
3. Аселдин кесиби изилдөөчү, бирок ал ким болуп иштейт?
4. Кимдин кесиби котормочу?
5. Асел сүрөтчүбү?

**5-ТАПШЫРМА. Кесип тандоодо кайсы эң маанилүү өзгөчөлүктөргө таянасыңар? Өз алдынча оюңарды жазгыла. Жуптарда ой бөлүшүп, идеяларды тизмектегиле.**

**6-ТАПШЫРМА. Текстти инсерт ыкмасын колдонуп окугула.**

## КЕСИП ТАНДОО

Адамдар кесиптерин түрдүү кырдаалга жана жеке түшүнүктөрүнө жараша тандашат. Себеби кесип жөнүндө толук маалыматка ээ болбогондуктан, алардын ойлору өзгөрүүгө учурап турат. Андыктан кесип тандоодогу негизги өзгөчөлүктөр жөнүндөгү маалыматтарды берүүнү туура деп эсептедик. Кесип тандоодо төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр эске алынат.

1. **Жеке өзгөчөлүктөр:**
   - акылы
   - жөндөмдүүлүгү
   - кызыгуусу
   - кулк-мүнөзү
   - жынысы
   - ***физиологиялык өзгөчөлүктөрү:*** жаш, бой, салмак, ден соолугу ж. б.
2. **Үй-бүлөгө таандык өзгөчөлүктөр:**
   - үй-бүлөнүн жашоо (экономикалык) деңгээли
   - маданий деңгээли
   - үй-бүлөнүн баладан күткөндөрү
   - ата-энэнин, бир туугандардын кесиптери
   - авторитар ата-эне
   - кайдыгер ата-эне
3. **Чөйрөгө жараша өзгөчөлүктөр:**
   - аймактык өзгөчөлүктөр
   - технологиялык өнүгүүлөр
   - өлкөнүн экономикалык абалы
   - кээ бир аймакта маанилүү, барктуу болгон кесиптер

■ **Эми аталган өзгөчөлүктөрдүн таасирлерин тактап көрөлү**

1. **Жеке өзгөчөлүктөр** инсандын акыл-эсин, үйрөнүү жөндөмүн, түшүнүү, кабыл алуу деңгээлин көрсөткөн сапат болуп эсептелет. Кишилер өз ара акыл-эс деңгээлине, адамгерчилигине, мүнөзүнө жараша бирибиринен айырмаланат. Бул кызыгуусуна, кабыл алуусуна, билимине да таасир тийгизет. Оңой үйрөнүлө турган, ойлоо күчүн анча талап кылбаган кесипте иштегендер менен үйрөнүүсү оор жана акыл эмгегин, ойлоо күчүн көп талап кылган кесиптерде иштегендердин арасында айырма бар. Мисалы, заводдун цехинде ар дайым станоктон бир тетикти жасаган жумушчу менен ошол станоктун долбоорун чийген инженердин иштери түрдүү ойлоо күчүн талап кылат.

   **Жөндөмдүүлүк** – адамдардагы өзгөчө сапат. Белгилүү бир иш-аракетти жасоо үчүн тубаса талант менен кийин үйрөнгөн «жасай алуу» күчүн жөндөмдүүлүк дейбиз. Жөндөмдүүлүк адамдын кызыгуусуна жараша өзгөрөт. Мисалы, сүйлөө жөндөмү, эсептөө жөндөмү, искусствого болгон шыгы, музыкалык аспаптарда ойной алуу, сүрөт тартуу, жаңы моделдерди жаратуу ж. б.

   **Кызыгуу** – бир ишке белгилүү бир убакыт ичинде алаксуу же жакшы көрүү. Кызыгуу көбүнчө белгилүү бир убакыттан кийин өзгөрүп, тарап кетиши, тескерисинче, өмүр бою калышы да мүмкүн. Башкача айтканда, ишке кызыгып кесип тандоо, убакыт өткөн сайын тандаган кесибинин

ага төп келбегенин, жөн гана убактысын өткөрүп жатканын ойлоп, өзүн кызыктырган башка кесипти тандоо жөнүндө чечим чыгарышы керек болот. Ошондуктан жаштар да өз кызыгуусуна жараша кесип тандоосу, тандоодон мурун жакшылап ойлонуусу шарт.

**Кулк-мүнөз** бир кишинин башкалардан айырмалаган өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Жаштардын кесип тандоосу мүнөзүнө жараша деген ойлорго караганда бирөө кесип тандап жатып, ошол эле убакта өзүн бул жолго салып жаткандыр. Бул жагынан алып карасак, адамдын өзү жөнүндө ойлоосу, өзүнө берген баасы менен тандаган кесиби арасында кандайдыр бир байланыш бар. Мындан «кесиптик мен тууралуу» сөз кылууга болот. «Кесиптик мен» адамдын кайсы кесиптик ролду жактырып жана сыймык менен тандаганы жөнүндө ойлорун чагылдырат. «Кесиптик менде» кесипти сүйүп, ошол кесипте өзүн ойлойт, элестетет. Жаңылыштык менен туура эмес кесип тандоо адамдын мүнөзүнүн өзгөрүшүнө, ишине канааттанбоосуна түрткү болот, бат чарчайт ж. б. Мисалы, мугалим, доктур, инженер, ветеринар, адвокаттар кесиптерине ылайык мүнөздөрү менен бири-биринен өтө эле айырмаланып турушу мүмкүн.

**Жынысы.** Байыркы уруулар, элдер жашаган доорлордон бери эле адамдардын жынысы кесип тандоодо маанилүү роль ойногон. Байыркы замандарда да эркектерди аңчы, үй-бүлөсүн баккан; аялдарды болсо балдарды чоңойтуп, тарбиялоочу, үй иштерин жасаган бүлө катары көрүшкөн. Аялдын кесип тандоосу жана үйдөн алыс иштөөсү XX кылымга тиешелүү көрүнүш болуп эсептелет. Жыныска байланыштуу коомдук көз караштар, ишенимдер жана пикирлер кесип тандоого жол ачат. Мисалы, кесиби архитектор, инженер болгон же иш сапарга көп чыга турган, нөөмөткө (күзөткө) көп кала турган аялдар үй-бүлө, турмуш шартына жараша иштей албаган учурлар көп болот. Ушул себептен кыз балдардын туура кесип тандоосуна жол көрсөтүп, коомдо эркектер үчүн да, аялдар үчүн да кесиптер бар экендигин айтып, анда иштеп кете алаарын түшүндүрүп, бул кесиптин жакшы-жаман, каалаган жана каалабаган жактарын ачык айтып, үйрөтүү зарыл. Азыр да мурунку убактагыдай эле кесип тандоодо жыныстын ролу бар. Кыздар көбүнчө үйгө тиешелүү же болбосо социалдык тармактарда кишилер менен, же компьютерде иштей турган кесиптерди тандашса, эркек балдар көпчүлүк учурда үйдөн алыс сыртта же илимий изилдөөлөр менен алышып, техника менен иштей турган, саясатка байланыштуу болгон, же күч эмгегин талап кылган кесиптерди тандашат. **Азыр Германияда жана Европанын айрым өлкөлөрүндө, Японияда жалаң гана «айымдарга ылайык» болгон, үй экономиясы, токуучулук, тигүүчүлүк, дизайн, ашпоздук, балдар бакчасында тарбиячы, башталгыч класстын мугалими сыяктуу кесиптер берилет.** Кесип тандоодо да маанилүү роль ойногон башка бир фактор – физиологиялык өзгөчөлүк болуп эсептелет. Мисалы, кээ бир кесиптерде бою, салмагы, туюу органдарынын бешөөнүн тең чың болушу, шамдагайлык ж. б. талап кылынат. Алсак, космонавт же учкучтарда көзү курч, ден соолугу чың болушу керек. Музыканттарда манжаларынын узун болушу, балерондордо атайын окуу жайын бүтүргөнү, артисттерде, мугалимдерде, кабарчыларда, кээде саясатчыларда, айрыкча, дикторлордо дикциясынын так, үнү жагымдуу болушу талап кылынат.

2. **Үй-бүлөгө таандык өзгөчөлүктөр.** Үй-бүлөнүн коомдо өзгөчө мааниси бар. Баланын кесип тандоосунда ар кандай таасири болот. Анын дүйнөгө көз карашы, кулк-мүнөзү, баалуулуктары, кызыгуусу, кесиптер жөнүндөгү түшүнүктөрү алгачкы ирет үй-бүлөдө калыптанат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн кесипке болгон көз карашы абдан маанилүү. Үй-бүлөнүн экономикалык жашоо шарты баланын кесип тандоосуна таасир этет. Анткени бала мындай учурда өзү каалабаган кесипти тандап, кийин өмүр бою кыйналышы мүмкүн. Андыктан, үй-бүлөнүн экономикалык абалы жакшырышы ыктымал деген ишенимди пайда кылуусу зарыл.

   **Үй-бүлө мүчөлөрүнүн билим деңгээли.** Ата-эне жана бир туугандар балага өз таасирин тийгизбей койбойт. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн билим деңгээли, алардын келечек жөнүндө ой жүгүртүүлөрү, кыялдануусу балдардын ойлоруна да таасир тийгизет. Ата-эненин балдарга кесип тандоодо жардамдашуусу, алар менен кеңешүүсү зарыл. Бул жардам бала үчүн өтө маанилүү. Кээ бир ата-эне жоопкерчиликтен качып, «өзүң бил» деп, баланы өтө зарыл убакта жалгыз таштап койсо, кээде баласынын эмнеге шыгы бар экенин жакшы билбегени үчүн туура эмес көз караштар пайда болобу деп чочулашат. «Өзүң бил» деп балага ушундайча жардам берип жатабыз, тоскоол болбодук деп ойлошот.

3. **Аймактык өзгөчөлүктөр.** Кесип тандоодо жашаган жер, айлана-чөйрөнүн ролу чоң. Үй-бүлөнүн, тааныштарынын, тууган-туушкандардын кесиптери, баланын жолдошторунун каалаган кесиптери, жашаган жери, району, техникалык жетишкендиктер, радио, телевизор, басма сөз ж. б. баланы ойлондурат. Техникадагы жетишкендиктердин натыйжасында кол менен жасалган көп иштердин автоматтык, жарым автоматтык түрдө оңой жана бат жасалуучу иштер, кесип тандоодо белгилүү деңгээлде ойлонтот. Аймактык айырмачылык чоң ролго ээ. Мисалы, ошол аймакта шахта болсо, же башка иш бар болсо, бөлөк жерге барбай эле ошол жерде иштөө ыңгайлуу. Аймакка жараша тамеки иштетүү, мал чарбачылыгы боюнча адистерге иш оңой табылышы мүмкүн.

**7-ТАПШЫРМА.** **Эки бөлүктүү күндөлүктү толтургула. 3 цитата тандагыла. Ар бир цитатага пландын негизинде комментарий бергиле.**

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| **План:**<br>1. Цитатаны эмне үчүн тандап алдың?<br>2. Автордун оюн өз сөзүң менен жаз.<br>3. Эмне үчүн автор ушул ойду айткысы келген?<br>4. Жыйынтык чыгар. | ***Үлгү:*** 1. Мен бул цитатаны тандап алдым, себеби … . |



■ **Жогорку «Кесип тандоо» тексти боюнча тесттик тапшырмаларды аткаргыла**

1. **«Тубаса талант» деген сөз кандай маанини туюндурат?**
   а) туулгандан кийин пайда болгон талант
   б) кимдир бирөөдөн үйрөнгөн талант

в) ген аркылуу берилген талант
г) өзү кызыгып үйрөнгөн талант

**2. Аймактык өзгөчөлүктөр деген абзацта эмне жөнүндө сөз болду?**

а) аймактын өзгөчөлүгүнө карай кесип тандоо тууралуу
б) аймактагы өзгөчө кесиптер тууралуу
в) ошол аймакта иштөөгө ыңгайлуулугу тууралуу
г) аймактын өзгөчөлүгү тууралуу

**3. Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы тексттин темасы боло алат?**

а) кесип тандоодо маанилүү өзгөчөлүктөр
б) кесип тандоодо жаңылышпайлы
в) кесип тандоонун сырлары
г) кесиптин түрлөрү жана милдеттери

**4. Кара менен белгиленген сүйлөмдөгү берилген негизги ой кайсы?**

а) Япониядагы кыздарга ылайык кесиптер жөнүндө
б) кыздарга ылайык сунушталган кесиптер жөнүндө
в) **токуучулук, тигүүчүлүк, мугалимдик** кесиптер жөнүндө
г) Европа өлкөлөрүндөгү кесиптер жөнүндө

**5. Тексттин мазмунунан кандай тыянак чыгарууга болот?**

а) «Жети өлчөп, бир кес».
б) «Билим алуу – ийне менен кудук казгандай».
в) «Ар бир кесип ардактуу».
г) «Жашыңдан өнөр үйрөн, мыкты кесиптин ээси бол».

**6. Кесипти туура тандоонун максаты эмнеде?**

а) үй-бүлөсүндө балага татыктуу тарбия берүү
б) сүйгөн кесиптин ээси болуу
в) келечекте жакшы жашоого умтулуу
г) бактылуу жашоо

---

**8-ТАПШЫРМА. Төмөнкү кесиптерди тематикалык топторго бөлүштүргүлө.**


Аудитор, адвокат, бухгалтер, укук коргоочу, журналист, кассир, сценарист, дизайнер, маркетолог, тигүүчү, тергөөчү, сот, лингвист, англис тилчи, медэксперт, менеджер, продюсер, экономист, кыргыз тилчи, режиссёр, чачтарач, сүрөтчү, косметолог, логопед, массажист, психиатр, психолог, фармацевт, кардиолог, программист, оператор ПК, интернет-маркетолог, веб-аналитик, окутуучу, тарбиячы.

| Экономика | Укук таануу | Сулуулук жана дизайн | Маалымат технологиясы | Медицина | Кино жана телекөрсөтүү | Окутуучулук жана тилдер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**9-ТАПШЫРМА.** **Кичи топтордо иштеп, төмөнкү таблицаны толтургула. Презентациялагыла.**

| Ким? | Кандай милдет аткарат? | Кайда иштейт? |
|---|---|---|
| ***Үлгү:*** *Тарбиячы* | *Балдарга тарбия берет, окутат, үйрөтөт.* | *Бала бакчада, мектепте иштейт.* |

# 2 ТҮРДҮҮ КЕСИП ЭЭЛЕРИ




***«Эң ..., эң ..., эң ...» оюну. Берилген сөз айкаштарына тиешелүү кесипти тапкыла.***

1. Эң таттуу (сатуучу, кондитер, момпосуй).
2. Эң көп акчалуу (байлар, банкир, банк).
3. Эң коюу чачтуу (кыздар, чачтарач).
4. Эң кичинекей (тарбиячы, педиатр, мугалим).
5. Эң сүрдүү (психолог, хирург, директор).

**1-ТАПШЫРМА.** **Сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.**

1. Соодагер алтын салган кабын жоготуп ... .
2. Жыгач устанын аялы жарыяны угуп ... .
3. Аны уккан соодагер абдан ... .
4. Мен абдан чынчыл, намыскөй ... .
5. Сот соодагерди суракка алып, ... .
6. Жыгач уста таап алган түйүнчөктү... .

**2-ТАПШЫРМА.** ***Сот, соодагер, уста*** **деген кесиптерди Венндин диаграммасын пайдаланып, төмөнкү параметрлер боюнча салыштыргыла: сырткы келбети, жүрүм-туруму, жоопкерчилиги, адамдар менен байланыш түзүшү.**




**3-ТАПШЫРМА.** **Эгерде текст «Акылдуу сот» деп аталса, текст эмне жөнүндө болушу мүмкүн. Өз алдынча оюңарды жазып, жупта ой бөлүшкүлө.**

**4-ТАПШЫРМА.** **Текстти угуп, алгачкы оюңар менен окшош идеяларды айтып бергиле.**

**5-ТАПШЫРМА.** **Текстти 2-жолу угуп, сүйлөмдөрдү бүтүргүлө. 1-варианттагы сүйлөмдөрүңөр менен салыштыргыла.**

1. Соодагер алтын салган кабын жоготуп … .
2. Жыгач устанын аялы жарыяны угуп … … .
3. Аны уккан соодагер абдан … .
4. Мен абдан чынчыл, намыскөй … .
5. Сот соодагерди суракка алып, … … .

**6-ТАПШЫРМА.** **Суроолорго жооп бергиле.**

1. Соодагер алтын салынган түйүнчөгүн кайсы жерде жоготуп алат?
2. Жыгач уста таап алган түйүнчөктү эмне максат менен бекитип коёт?
3. Эмне үчүн соодагер жыгач устага беш гана алтын берип коёт?
4. Эмне үчүн алар сотко барышат?
5. Эмне үчүн сот дал ушундай чечим чыгарды деп ойлойсуңар?

**7-ТАПШЫРМА.** **Мен келечекте сот болгум келет / келбейт. Анткени … … … .**

***Ошондуктан*** **… деген ойду улап, 8–10 сүйлөмдөн турган эссе жазгыла.**

**Эссенин болжолдуу планы:**

1. Эмне үчүн сот болгуң келет же келбейт? Себебин жаз.
2. Сенин келечектеги кесибиң?
3. Эмне үчүн ушул кесипти тандадың?
4. Жыйынтык сөз.

**1. Туура жазылган сөздү белгилегиле.**

а) жарыйа, коёйун, чиркө
б) жарыя, коёюн, чиркөө
в) жарыя, койоюн, чиркө
г) жарыйа, койойун, чиркөө

**2. Туура жазылган сөздү белгилегиле.**

а) тергөөчү, тигүүчү, соодагер, акылдуу
б) тергөчү, тигүчү, соодогер, акылду
в) тергечү, тигүүчүү, соодаагер, акылдуу
г) тергөөчүү, тигүчүү, соодагер, акылдуу

**3. Тыныш белгиси туура коюлган сүйлөмдү белгилегиле.**

а) Чиркөөгө барып келген устанын аялы жарыяны угуп: «Ошол капты биз таап алсак, кандай сонун болор эле. Бизге жүз алтын беришет болчу», – дейт.

б) Чиркөөгө барып келген устанын аялы жарыяны угуп, ошол капты биз таап алсак кандай сонун болор эле. Бизге жүз алтын беришет болчу – дейт.

в) Чиркөөгө барып келген устанын аялы жарыяны угуп «Ошол капты биз таап алсак кандай сонун болор эле. Бизге жүз алтын беришет болчу» дейт.

г) Чиркөөгө барып келген устанын аялы жарыяны угуп: Ошол капты биз таап алсак кандай сонун болор эле. Бизге жүз алтын беришет болчу, – дейт.


# 3 КЕСИП ТАНДООДОГУ МААНИЛҮҮ САПАТТАР

– ***Кесип тандоодо кайсы сапаттар маанилүү деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?***
– ***Ал маанилүү сапаттар силерде барбы?***
– ***Үнөмчүлдүк деген эмне?***
– ***Үнөмчүлдүк маанилүү сапат болуп эсептелеби?***
– ***Эмнелерди үнөмдөсө болот? Эмнелерди үнөмдөсө болбойт?***
– ***Үй-бүлөлүк бюджетке үнөмчүлдүк сапаты канчалык деңгээлде пайдалуу деп ойлойсуңар?***
– ***Эмне үчүн үнөмдөш керек?***

**1-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттү карагыла. Бул сүрөттөрдү байланыштырган эмне деп ойлойсуңар? Жуптарда ой бөлүшкүлө.**








**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти тыным менен окугула.**

## ҮНӨМЧҮЛ БОЛГОН ПАЙДАЛУУ

I

Ата-энем мага күнүмдүк майда чыгымдарга акча берип турушат. Ал акчаларды үнөмдөп, досторум менен киного барам. Ашыкча чыгым кылып, ата-энемди кыйнагым келбейт.

Апама 8-март майрамына кооз гүлдесте белек кылсам, апам аябай таң калды. Үнөмдөгөн акчама сатып келдим десем, апам сүйүндү.

Менин досторум ата-энем көп акча бербейт, кымбат кийим сатып бербейт деп арызданышат. Өздөрү колундагы акчасын керексиз буюмдарды сатып алып коротушат. Мен досторумду акчаны үнөмдөп колдонууга чакырам. Себеби биз өзүбүз иштеп, акча таба элекпиз. Акчаны жөн эле коротсок, анда ата-энебиздин эмгегин сыйлабаган болобуз. Ал эми үнөмчүл болгонду үйрөнсөк, бул келечегибизге пайдалуу.

**1-тыным**
- Силер ал акчаларды кантип колдоносуңар? Эмне үчүн?
- Эгерде акчаны үнөмдөбөсө, эмне болот?
- Үнөмчүл болгон жакшыбы? Эмне үчүн?
- Бул баланын жоруктары силерге жактыбы? Эмне үчүн?
- Ушул бала сыяктуу силер апаңарга белек кылдыңар беле?

II

Үнөмчүлдүк – бул жакын туугандарыңа да, тааныш эмес адамдарга да кам көрүү. Ал бала кезде майда нерселерден башталат да, мамлекеттик масштабдагы мааниге ээ болот.

Мисалы, окуучу тапшырма аткарып жатып, туура эмес жасап алды дейли. Ал каталарды сызып өчүрдү, дептердин бетин булгады! Анан жаңы дептер баштады, булганган дептердин барактарынын жарымы таза бойдон ыргытты. (Кээ бир гана окуучулар дептердин таза барактарын черновикке колдонушат.) Класста 30 окуучу бар, алардын он беши дептерин таза барактары көп бойдон ыргытып салышат. Беш сабактан эле ушинтип 15 дептерден ыргыта беришсе, мектеп боюнча 20 класс бар болсо, анда 1 500 дептер ыргытылат. Ал эми биздин өлкөдө канча мектеп бар, билесиңерби? Бул эмне, болбогон эле нерсеби, азбы?

**2-тыным**
- Үнөмчүлдүк деген эмне?
- Силер бул айтылгандарга кошуласыңарбы? Эмне үчүн?
- Терс сапаттардан кантип арылыш керек?

III

Ал эми эски кийимдерчи? Модадан чыкса эле жаңы пальто, көйнөк, юбка, шым сатып алышат. Ойлоп тапкычтык менен ал кийимдерди жаңыласа болот.

Өз үйүңөрдү карап көргүлөчү: ашканада суунун чоргосун жапканда көңүл бурбай чала жаап, суу тамчылай берет. Биздин өлкөдө таза сууну колдонуу үчүн болбогон акча төлөйбүз, ал эми Европада таза суу жетишпегенден аны сатып алышат. Үйлөрдө электр жарыгын өчүргөндү унутуп коюшат, бул бүт өлкө үчүн ири өлчөмдөгү чыгаша.

Суу түтүгү, электр жарыгы, нан, подъезддин дубалдары, лифт, китептер, дептерлер, отургучтар, кийимдер – мунун баары көптөгөн адамдардын эмгеги жана убактысы. Эгерде биз аларды, өзүбүздү сыйласак – булардын баарын сактайлы.

**3-тыным** – Модадан чыккан пальто, көйнөк, юбка, шым силерге жагабы? Кийимдериңер жаңы кезинде эле кийилбей калган учурлар болобу? Ал кийимдерди кантип жаңылап кийсе болот?

– Силер суунун чоргосун жакшылап жабасыңарбы? Үйдөн чыкканда электр жарыгын өчүрөсүңөрбү? Бул нерселер маанилүүбү?

– Тексттен оюңардын туура экенин далилдеген сүйлөмдөрдү тапкыла.

IV

Илимий-техникалык революциянын мааниси адамдардын күчүн жана эмгегин үнөмдөө болуп эсептелет. Илимпоздор, инженерлер жүк ташуунун ылдамдыгын чоңойтуп, унааларды жакшыртып жатышат. Мурун жумалап, айлап жүргөн алыс жактарга учактар азыр бир нече саатта жеткирет. Почтанын ордуна мобилдик телефондор, радио, телевидение алмашты. Бирок машиналар баарын жасай алышпайт. Аларга адамдардын үнөмчүлдүгү, кылдат мамилеси керек.

**3-ТАПШЫРМА.** **Тексттин ар бир абзацына тема тандагыла. Тандооңорду негиздегиле.**

**4-ТАПШЫРМА.** **Кайсы кесиптин ээлери үнөмчүлдүк жөнүндө өзгөчө көп ойлонушат деп ойлойсуңар? Эмне үчүн? Жуптарда кеңешкиле, жалпы топто ойлоруңар менен бөлүшкүлө.**

**5-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү эссени окугула, суроолорго жооп бергиле.**

Мен чоңойгондо кайсы кесипке ээ болууну чече элекмин. Кесип тандоо – жөнөкөй иш эмес. Себеби дүйнөдө абдан кызыктуу кесиптер көп да. Балким мен врач болуп, эң жаман ооруларды айыктырам. Же космос мейкиндигин аралап, ааламга саякаттайм. А балким, биздин планетанын сырдуу жерлерин изилдейм, же болбосо буудай өстүрүп, нан бышырам. Илимпоз болуп, энергиянын жаңы түрүн табам, же апамдын ордуна ашканада тамак жасай турган роботту ойлоп табам.

Мен азыр болгону … класстын окуучусумун, келечекте кандай кесипке ээ болоорумду айтуу мен үчүн кыйын. Бирок мен адамдарга пайдалуу эмгектенем, ошондо мектептен алган билимим мага жардам берерине ишенем.

– Кесипти тандоо чын эле оорбу? Эмне үчүн?
– Врач эмне кылат? Илимпоз эмне кылат? Космонавтчы?
– Эгерде окуучу мектепте жакшы окуса, анда келечекте мыкты эмгектене турганына кошуласыңбы? Эмне үчүн?
– Бул окуучу канчанчы класста окуйт деп ойлойсуң? Эмне үчүн?

**6-ТАПШЫРМА.** **Тексттин каарманына мүнөздөмө берип, таблицаны толтургула.**

| Каарманга ат кой | Сырткы келбетин элестетип жаз | Ал азыр кандай окуучу? | Ал келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң? Эмне үчүн? |
|---|---|---|---|
| | | | |

**7-ТАПШЫРМА.** **Мен кайсы кесипти тандайм? Суроолорго жооп бергиле, чакан текст түзгүлө.**

- Сен кайсы сабактарды өзгөчө жакшы окуйсуң?
- Келечектеги кесибиң ошол предметтерге байланыштуубу?
- Кайсы кесипти тандадың? Эмне үчүн?
- Өзүңө кыскача мүнөздөмө бер. Сенде кайсы сапаттар бар?

**Текст түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалангыла:**

1. Мазмуну так, толук ачылган.
2. Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.
3. Көлөмү 8–10 сүйлөмдөн ашпаган.

**8-ТАПШЫРМА.** **Кыргызстанга кайсы кесиптин ээлери абдан керек? Эмне үчүн? Кайсы керектүү кесиптер сүрөттө жок?**












■ **Тема боюнча окуп-үйрөнгөн материалды баалагыла.**

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |
| Билгендерим мага керек болот. | Маалыматты иштеп чыгам. | Баарын ыргытам. |



## НАН ЖӨНҮНДӨ УЛАМЫШ

Илгери-илгери эгин баккан бир да дыйкан болбоптур. Ал кезде адамдар тегирменди да билишпептир. Нан өзүнөн-өзү бышып калчу экен. Бекерге көнгөн балдар нандан кээде топ жасап ойношот. Кай бирде нанды чалчык сууга ыргытып да салышчу экен.

Тентек балдардын мындай жоругу дан аттуунун баарын аябай таарынтыптыр. Күндөрдүн биринде буудай дандарды чогултуп:

– Мындан көрөкчө көз көрбөгөн жакка кетели! – дейт. Ызаланган дандардын баары буудайдын пикирин жакташат. Нан да тигилердин пикирине кошулат.

Убада боюнча бардык дандар, андан жасалган таттуу нандар көк деңизди көздөй жол тартышат. Деңизге эптеп жетип алышса, түбүнө түшүп, бекинип алышмак. Жолду баарынан улуусу арпа баштайт.

Нанды тебелеп ойногон тентектер ошол кырсыктуу түндө бейкапар укташат. Адаттагыдай чак түштө ойгонушуп, беттерин жуубастан нан салган чыгданга чуркашат. Мына кызык! Тентектер нан таппай калат. Бадырак жейли десе, бир да дан жок.

Ошондо нан издеген балдарга чоң эне мындай дейт:

– Дандардын, нандардын бизден качып кетишине өзүңөр күнөөлүүсүңөр, балдарым. Силер кесир кылып, аларды кордобосоңор баары тең мурдагыдай ушул жерде болушмак. Эми эр болсоңор нан таап көргүлө. Тезинен барып, Акыл чоң атаңардан эмне кылуу керектигин сурагыла.

Акыл атага баруучу жол өтө татаал эле. Арга канча, кыйынчылык менен араң таап барышат. Балдардын келген себебин Акыл ата айттырбай билет. Тентектерге өтө нааразы экендигин айтат.

– Болор иш болду. Күнөө өзүңөрдө. Бирок жакшылыктан үмүт үзбөйлү. Баарыбыздын тагдырыбыз өз колубузда. Азыр да кеч эмес, дандар көк деңизге чөгүп кете электе жетип барып, кечирим сурагыла. Ансыз алар кайра кайрылбайт. Анда эле силер элдин убалына каласыңар. Данды таарынтпагыла, – дейт.

Эстүү балдар жаңылыштыгын моюндарына алып, дароо көк деңизди көздөй чуркашат. Жетип барышса, дандар көк деңизге чукулдап калышыптыр.

Балдар ыйлакташып, кечирим сурашып, экинчи кайталабайбыз деп убада беришет. Анан дандар өз ара сүйлөшүп, кайра артка тартышат.

– Эми, – дейт чоң ата балдарга, – ким эмгектенбесе, ага дан жок. Дан жок болгон соң, нан да болбойт.

Ошол күндөн баштап, алиги балдар дыйканчылыкты кесип кылып, эгин эгип, ун тартып, нанды кадырлап, жерге таштабай калышыптыр.

«Нанды кордобогула, кесир болот», – деген накыл сөз ошондон калган экен.

**1. Эмне себептен илгери балдар нан менен ойношчу экен?**

а) нан абдан арзан болгондуктан
б) нан абдан көп болгондуктан
в) нанды эмгек менен табышчу эмес
г) нанды чоңдор тапкан үчүн

**2. Тентек балдардын мындай жоруктары кимди капа кылат?**

а) сууларды
б) дандарды
в) Акыл атаны
г) чоң энени

**3. Дандар кандай чечимге келишет?**

а) аларды эмгектентүүнү
б) аларды тарбиялоону
в) алардан кетүүнү
г) аларга барууну

**4. Чоң эне балдарды кимге жиберет?**

а) дандарга
б) чоң энеге
в) Акыл атага
г) көк деңизге

**5. Чоң ата кандай акыл айтат?**

а) урушкула дейт
б) барбагыла дейт
в) кечирим сурагыла дейт
г) уктагыла дейт

**6. Кандай балдар баарын түшүнүштү?**

а) акылдуу
б) эси жоктор
в) кичинекей
г) тентек

**7. Ошондон баштап адамдар эмне кыла башташкан экен?**

а) эгинди өстүрө баштаган
б) нанды кадырлап калган
в) балдарга нан бербей калган
г) балдарды унутуп калган

**8. Эгерде чоң ата акыл айтпаганда эмне болмок?**

а) адамдар нанды кордой бермек
б) адамдар нандын кадырына жетмек эмес
в) адамдар нанды жешмек эмес
г) адамдар эгинди бакмак эмес

**9. Ошондон кийин адамдар ... .**

а) нанды бычак менен кесип калган
б) нанды жерге таштабай калышкан
в) нанды балдарга бербей калган
г) нанды бирөөгө бербей калган

**10. Акыл чоң атанын биринчи айткан акылы кандай экен?**

а) данды таарынтпагыла
б) нан менен ойнобогула
в) нанды бакка илип койгула
г) нанды жебегиле

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

кароолчу – сторож
куруучу – строитель
логопед – логопед
педиатр – педиатр
продюсер – продюсер
саясатчы – политик
тергөөчү – следователь
изилдөөчү – исследователь
токуучу – вязальщик
учкуч – пилот, лётчик
ширетүүчү – сварщик
жараша – соответственно
жетишкендик – достижение
нөөмөт – смена, дежурство
өзгөчөлүк – особенность
өлчөө – замерить
танда – выбрать
тетик – часть механизма
төп кел – совпасть
тубаса – врождённый, прирождённый
туюу – догадка, чувство
учура – натолкнуться
үнөмчүл – бережливый

# 5-ТЕМА

# УКМУШТАР ДҮЙНӨСҮ (ИСКУССТВО)

1. Музыка
2. С. Чокморов – актёр, сүрөтчү
3. С. Каралаев – улуу манасчы
4. Ч. Айтматов – алп жазуучу

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- искусствонун кайсы түрүн жактырганын айтууну;
- кимди?/эмнени? деген суроолорго жооп берүүнү;
- кулактандыруу, жарнама, эскертүү жазууну;
- текстти өз сөзү менен айтып берүүнү ж. б.;
- маектешкен адамдын пикирин тактаганды;
- суроолорго жоопторду тексттен табууга үйрөнөбүз.

**Эмнени иштей алабыз?**

- искусствонун кайсы түрүн жактырарыбызды айтабыз;
- мазмунга ылайык сүйлөмдөрдү толуктайбыз;
- бирөөгө кеңеш беребиз, текст түзөбүз.

# 1 МУЗЫКА

**1-ТАПШЫРМА.** **Сөздөрдү жана сөз айкаштарын окугула. Түшүнүксүз сөздөрдүн маанилерин аныктагыла. Төмөнкү сөздөрдү тематикага бөлүштүргүлө.**

**Сөздөр:** калем, аңгеме, эстелик, живопись, акын, спектакль, бийчи, автор, галерея, ооз комуз, драматург, айкел, ырчы, симфония, сүрөтчү, пейзаж, комуз, жазуучу, портрет, обон, аткаруучу, күү, режиссёр, актёр, оркестр, картина, көргөзмө, көшөгө, повесть, поэма, коюучу-режиссёр, оператор.

| Сүрөт | Музыка | Театр | Көркөм адабият | Кино |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**2-ТАПШЫРМА.** **Искусствонун кайсы түрүн жактырарыңды көрсөтмөнү пайдаланып, айтып көргүлө.**

| Көрсөтмө | |
|---|---|
| **а, о, у, ы, э, и, ө, ү, аа, оо, уу, үү, ээ, өө** | **-ны, -ни, -ну, -нү** |
| **б, в, г, д, ж, з** | **ды, -ди, -ду, -дү** |
| **к, п, т, с, ш, ч, х, ф, щ, ц** | **-ты, -ти, -ту, -тү** |

**Кимди жактырасың?**

Мен → сүрөтчүнү…
Мен → музыкант…
Мен → балерина…
Мен → актёр…. → жакшы көрөм. Анткени … .
Мен → бийчи…
Мен → ырчы…
Мен → комузчу…

**3-ТАПШЫРМА.** **Таланттуу, таанымал инсандардан кимдерди билесиңер? Ал ким? Анын эмнеси (келбети, мүнөзү, чыгармачылыгы ж. б.) жагат?**

***Үлгү:*** Мен Таттыбүбү Турсунбаеваны жакшы билем. Ал – актриса. Анын сулуулугун жактырам.

Таттыбүбү – сахна чебери. Ал У. Шекспирдин «Ромео жана Жульеттасында» Жульеттанын, Ч. Айтматовдун «Делбирим» чыгармасы боюнча коюлган драмада Аселдин ролун чебер аткарган. Кинодо да жаркын элестерди жараткан.

**4-ТАПШЫРМА.** **Маектешиңер менен аңгемелешкиле. Маектешиң эмнеге кызыгарын сурагыла. Төмөнкү суроолорду пайдалангыла.**

**Суроолор:**

1. Музыканын кайсы түрүн жактырасың? Классикалык, заманбап музыканыбы же элдик музыканыбы? Концертке барып турасыңбы?
2. Кинону жакшы көрөсүңбү? Кандай фильмдер жагат? Жакында кайсы фильмди көрдүң? Анын эмнеси эсиңде калды?
3. Белгилүү сүрөтчүлөрдү билесиңби? Сен сүйгөн сүрөтчү ким? Портреттер жагабы же пейзажбы?
4. Театрга баргансыңбы? Сага балет, опера, драма, комедиялар жагабы? Эл кайсы театрга көбүрөөк барышат. Эмне үчүн?

**5-ТАПШЫРМА.** **Маанилерди тиешелүү сөздөр менен туташтырып, искусство темасы боюнча чакан текст түзгүлө.**

| | |
|---|---|
| **Адабият** | – чындыкты көркөм образдарда чыгармачылык менен көрсөтүү; көркөм чыгармачылык өнөрү; көркөм чыгармачылыктын бир тармагы. |
| **Бедизчи (скульптор)** | – белгилүү бир музыкалык ыргакты сактагандагы үн. |
| **Күү** | – скульптура жасоого адистешкен сүрөтчү. |
| **Обон** | – комузда чертилүүчү же башка музыкалык аспаптарда аткарылуучу музыкалык чыгарма, обон. |
| **Жазуучу** | – поэзиялык чыгарма жараткан автор, ыр жазган адам. |
| **Акын** | – көркөм-адабий кара сөз чыгармаларды жазган адам. |
| **Көргөзмө** | – көпчүлүккө көрсөтүлүүчү ар кандай нерселердин жыйындысы жана аларды коюучу жай, орун. |
| **Театр** | – адамдын ички сезимдерин жана идеяларын ритмикалык жана интонациялык түрдө бириккен үндөр менен берүүчү искусство жана ошол искусствонун чыгармасы. |
| **Музыка** | – драма, опера, балет сыяктуу сахналык оюндарды актёрлор аркылуу көрүүчүлөргө элестүү кылып көрсөтүү искусствосу. |
| **Кино** | – тилдин, көркөм сөз каражаттарынын жардамы менен адабий образдарды түзүүчү искусствонун бир түрү. |
| **Искусство** | – кинематография, киноискусство, кинофильм, кинотеатр деген түшүнүктөрдү билдирүүчү жалпы ат. |



**1. жамгыр : күз**
а) кар : кыш
б) жаан-чачын : шамал
в) таң : бубак
г) мөндүр : түшүм

**2. музыка : кубаныч**
а) калп : ишенбөөчүлүк
б) мактоо : тилдөө
в) ыраазычылык : сөз
г) макулдук : баш тартуу

**3. күкүм : нан**

а) саат : мүнөт
б) чамынды : жыгач
в) бүртүк : кумшекер
г) суу : чака

---

**6-ТАПШЫРМА. Сөздөрдү тиешелүү жерге коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла. Сүйлөмдөрдөгү ойду өз сөзүңөр менен айтып бергиле.**

| Сүйлөмдөр | Сөздөр |
|---|---|
| Байыркы грректер ырчы … жөнүндө миф чыгарышкан. Анын ыры … жараткан.<br>Ал кифарасын … алып, … коштоп ырдай баштаганда шамал … шуудуратпай тык токтоткон.<br>Булардын бардыгын кереметтин керемети – … арбап, өзүнө баш ийдирген.<br>Байыркы мезгилдерде … мына ушундайча жогору баалашкан. | жалбырактарды<br>колуна<br>Орфей<br>музыканы<br>күүнү<br>музыка<br>кереметтерди |



**7-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, белгиленген фразалардын маанилерин түшүндүргүлө.**

**МУЗЫКА**

Байыркы грректер ырчы Орфей жөнүндө миф чыгарышкан. Жебе же кылыч коргой албаган, күч же тайманбастык жардам бербеген учурларда Орфейдин ыры кереметтерди жараткан. Ал кифарасын колуна алып, мукамдуу күүнү коштоп ырдай баштаганда шамал жалбырактарды шуудуратпай тык токтотуп, алыстагы аскалар аны утурлай жылып, деңиз мемиреп, жапайы айбандар ийиндеринен чыгып, ажайып ырчыны ээрчиген. Булардын бардыгын кереметтин керемети – музыка арбап, өзүнө баш ийдирген. Байыркы мезгилдерде музыканы мына ушундайча жогору баалашкан.

- **Эмне үчүн грректер ырчы Орфей жөнүндө миф чыгарышкан? Оюңарды үч-төрт мисал менен далилдеп жазгыла.**

- **Төмөнкү таянычты пайдалангыла:**

  *Гректер Орфей жөнүндө миф чыгарышкан, себеби … .*

- **Орфейге мүнөздөмө бергиле. Төмөнкү таянычты пайдалангыла:**

  *Орфей – … Ал … болуп эсептелген.*


  *Орфей – керемет музыкант, анткени … .*

  *Орфей кифарасын колуна алганда … .*

  *Орфей – ажайып ырчы, себеби … .*

**8-ТАПШЫРМА. Аралашкан сүйлөмдөрдү логикалык жактан байланыштырып, текст формасына келтирип, тизмектеп чыккыла. Талкуулагыла.**

| Сүйлөмдөр | Катар номери |
|---|---|
| Музыка адамдын ички дүйнөсүн калыптандырат, окуяларды туура баалоого көмөк берип, табитин тарбиялайт. | |
| Адамдын турмушунда музыканын мааниси чоң. | |
| Музыка жеңил жана олуттуу музыка болуп бөлүнөт. | |
| Болгону музыканы үстүрттөн жана терең түшүнгөндүк бар. | |
| Бирок бул олуттуу музыка жакшы, жеңил музыка начар дегенди түшүндүрбөйт. | |
| Жеңил музыка угууга жана түшүнүүгө оңой, ага ыр, бий, күүлөр, жаз музыкасы кирет. | |
| Музыканы жакшы көрбөгөн адамды элестетүү да кыйын. | |
| Жеңил музыка көңүлдү көтөрүп, эсте оңой сакталат. | |
| Эң башкысы, жакшы музыка болсо болгону. | |
| Улуу композиторлор да жеңил музыканы көп жазышкан жана жазып жатышат. | |



**9-ТАПШЫРМА. Текстти угуп, жогорку тапшырманы туура же туура эмес аткарганыңарды текшергиле. Талкуулагыла.**

**10-ТАПШЫРМА. Ырды төмөнкү кадамдар менен угуп, тапшырмаларды аткаргыла.**

**1-кадам.** **«Non Stop» дуэтинин «Кыздар, ай, балдар, ай» ырын уккула. Кандай маанайда болгонуңарды, түшүнгөнүңөрдү 2–3 сүйлөм менен жазгыла.**

*https://www.super.kg/mobile/media/video/165695 «Non Stop» дуэти. «Кыздар, ай, балдар, ай» ыры.*

**2-кадам.** **Ырды дагы бир жолу угуп, «Non Stop» дуэтине кошулуп ырдагыла.**

**11-ТАПШЫРМА. Ырдын негизинде үлгүгө карап, классташыңарга жеңил музыканы укканга кеңеш жазгыла.**

***Үлгү:*** «Non Stop» дуэтинин «Кыздар, ай, балдар, ай» ырын уккандан кийин менде … сезимдер болду. Маанайым … болду.
Сага кеңешим: … кылсаң жакшы болот. Ал үчүн … .
Унутпа! … угууну сунуштайм. Анткени … .
… жакшы мисал болуп бере алат.
Демек, … .

**12-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, анын негизинде музыканы угууга жогорку үлгүдөгүдөй кеңеш бергиле.**

Иоганн Себастьян Бах, Вольфганг Амадей Моцарт, Людвиг ван Бетховен, Пётр Ильич Чайковский, Эдвард Григ, Роберт Шуман, Сергей Рахманинов, Сергей Прокофьевдин музыкасы – булар олуттуу музыка. Аны түшүнүү үчүн музыканы үйрөнүү керек, бул ар бир адамдын колунан келет. Классикалык музыка менен таанышууга акырындап даярдан, композитор жана анын заманы тууралуу билүүгө аракеттен, эгерде музыка адабий чыгармага негизделип жазылса, аны окуп чык. Бала кезиңен эле анча татаал эмес классикалык музыканы уга жүр. Мисалы, П. Чайковскийдин «Неаполитан ыры», «Кичинекей ак куулардын бийи», Бетховендин «Суур», Прокофьевдин «Петя менен карышкыр» аттуу жомок симфониясын жакшы көрүп угууга аракеттенгениңер дурус. Бул болсо кийин опера, балет, хор чыгармаларын, симфониялык жана айрым бир аспаптар үчүн жазылган соло чыгармаларды түшүнүүгө жакшы өбөлгө болот.

**13-ТАПШЫРМА. П. И. Чайковскийдин «Ак куу көлү» балетинен «Кичинекей ак куулардын бийи» музыкасын уккула. Бул музыканын кайсы түрүнө кирерин 3–4 далил менен жазгыла.**

*https://www.youtube.com/watch?v=g4_tFzuGpzk П. И. Чайковскийдин «Ак куу көлү» балетинен «Кичинекей ак куулардын бийи» музыкасы.*

**14-ТАПШЫРМА. Ушул эле музыканы балет искусствосунда кандай колдонулгандыгын дагы бир жолу угуп-көрүп, досторуңарга бул музыканы угуп-көрүү үчүн 3–4 далил менен эскертүү жазгыла.**

***П. И. Чайковскийдин «Ак куу көлү» балетинен «Кичинекей ак куулардын бийи» музыкасы, балети менен.***

***Үлгү:*** **Унутпа!** … жакшы болмок … . … болот эле.


Кел, чогуу ойлонуп көрөлү. Балким, … … чыгар / болор.

**15-ТАПШЫРМА. Көп чекиттин ордуна -нын мүчөсүн улап жазгыла.**

1926-жыл…, 17-майында СССР… эл артисти, Кыргызстан… биринчи балеринасы Бүбүсара Бейшеналиева туулган. Ал кыргыз хореографиясын негиздөөчүлөрү… бири. 1936–41-жылдары Ленинград хореографиялык окуу жайы… студенти, 1941-жылы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театры… солисти болгон. 1949-жылдан баштап Фрунзе шаарындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайында сабак берген. СССР… ЖС… 6–7-чакырылышы… жана Кыргыз ССР… ЖС… депутаты.

**16-ТАПШЫРМА. Диалогду окуп, эмне жөнүндө болгондугун 3–4 далил менен айтып бергиле. «Селкинчек, сыйланган» деген сөздөрдүн маанилерин аныктагыла.**

- Бейшеналиева Бүбүсаранын бийчилик зор таланты качан байкалган?
- 1943-жылы сахнада В. Ференин «Селкинчек» балетинде Зайнуранын ролун аткаруу менен бийчилик зор жөндөмү бар экенин көрсөткөн.
- Ал ойногон чыгарма дүйнө элдерине көрсөтүлгөнбү, кайсы чыгармаларда бийлеген?
- Ал катышкан «Чолпон» балет-фильми дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө коюлган. Кыргыздын улуттук «Чолпон», «Анар» партияларын, орус чыгармаларынан «Ак куу көлү», «Кызыл кызгалдак», «Уйкудагы сулуу» аттуу балеттердин партияларын аткарган.
- Бүбүсара Бейшеналиева чыгармачылык менен гана алектенгенби?
- Жок, ал коомдук ишмер да болгон. 1962–70-жылдары СССР Жогорку Советинин, 1955–62-жылдары Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болгон.
- Белгилүү искусство адамынын эмгеги бааланганбы?
- Албетте, ал Кыргыз ССР жана СССРдин эл артисти, Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.




**17-ТАПШЫРМА. Сөздөрдү мүчөлөрүнүн окшоштугуна карай бөлүштүргүлө.**

Бүбүсаранын, бийчиликти, талантынын, 1943-жылдын, сахнаны, В. Ференин, балетине, Зайнуранын, ролуна, ролдорун, аткарууну, жөндөмдүн, көрсөткөндү, ойногонун, чыгармасы, дүйнөнү, элдерин, көрсөтүлгөнүн, кайсыны, «Чолпон» балет-фильми, «Анар» партиясы, бийчилер.

**18-ТАПШЫРМА. М. Раухвергердин «Чолпон» балетиненен үзүндү көргүлө:** https://www.youtube.com/watch?v=b0mz5izVidE. **Анын негизинде досуңарга театрга барууга же барбоого кеңеш бергиле.**

■ **Төмөнкү таянычтарды пайдалангыла:**


*Мен (кимге) + (эмне кылууну) сунуштайм.* Мен сага … сунуштайм.
*Мен сени (эмне кылсаң), жакшы болот, деп ойлойм.* Мен сени … *-саң,* жакшы болот, деп ойлойм.
*(ким), + эмне кыл.*
Алманбет, театрга барып эс алсаңчы. Досум, театрга жөнө.
*(Ким) (кимге) + эмне кылууну + сунушта-.*
Мен курбума / досума Бүбүсара Бейшеналиева бийлеген белгилүү «Чолпон» балети тууралуу фильмди көрүп чыгууну сунуштайм. Себеби, миң уккандан көрө, бир көргөн жакшы.

# 2 С. ЧОКМОРОВ – АКТЁР, СҮРӨТЧҮ

**1-ТАПШЫРМА.** ***Сүрөтчү, киноактёр, муун оорусу, дублёр-каскадёрсуз, кан тамыр, спорт чебери, 56 жолу, операция, биринчи байге*** **деген сөздөрдү колдонуп, текст түзүп, окуп бергиле.**

**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти окугула. Сүймөнкул Чокморовдун эрки күчтүү, керемет актёр жана сүрөтчү экендигин 4–5 мисал менен айтып бергиле.**

## С. ЧОКМОРОВ АКТЁР ЖАНА СҮРӨТЧҮ



Сүймөнкул Чокморов (09.11.1939–26.09.1992) – дүйнөгө белгилүү сүрөткер, залкар киноактёр, Кыргыз эл сүрөтчүсү, Кыргыз эл артисти, СССРдин эл артисти, СССР сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү, Кыргыз эл депутаты, көптөгөн Эл аралык, Бүткүл союздук, Республикалык сыйлыктардын, баш байгелердин ээси, жыйырмадан ашык кинотасмаларда башкы ролдорду ойногон. Ал көркөм сүрөт **(пейзаждык жана портреттик жанр)** жана графика түрүндөгү 800гө жакын чыгарманын автору. 27 полотносу дүйнөнүн атактуу музейлеринде илинип турат.

Ленинграддагы көркөм сүрөтчүлөр академиясын 1964-жылы бүтүргөн. Волейбол боюнча спорт чебери, Кыргызстандын жана Ленинград шаарынын курама командасында ойногон.

Сүймөнкул Чокморов 15 жашына чейин муун оорусу менен ооруган. Туулгандан баштап бир бөйрөгү болгон эмес **(поликистоз)**. Ушуга карабай өзүн аябастан иштеп, ролдорду дублёр-каскадёрсуз ойногондуктан, 1982-жылы апрель-май айларында бөйрөктүн катуу оорусуна чалдыгып, өпкөсүнө суук тийген. 1992-жылдын сентябрына чейин жалпы наркоз менен бөйрөгүнө, **кан** тамырларына 56 жолу оор операция жасалган.

С. Чокморов ооруп кыйналганына карабай, сүрөт жаратты, киного тартылды. Ал – Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан кинотасмаларын дүйнөлүк аренага алып чыккан инсандардын бири. Эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн Эл аралык жана СССРдин кинофестивалдарында беш жолу катары менен биринчи байгени жеңип алган. Оорунун азабынан С. Чокморовдун көп кырдуу таланты толугу менен ачылбай кетти. Манас, Чыңгызхан, Темирландын ролдорун аткарсам деген ойлору ишке ашкан жок. Бул тууралуу кинорежиссёр Т. Океев: «**…Сүймөнкул экөөбүз кино өнөрүнүн күлүгүн узакка чабабыз деп ойлочумун, … оорунун дартынан ал кинодон алыстай түштү, … Чыңгызхандын ролун аткармак, … Манасты да Сүймөнкулга ойнотсом деп болжогом» деген.**

«Караш-Караш окуясы» (1968) фильминде Бактыгулдун, «Жамийла» фильминде (1969) Даниярдын, «Атайын комиссарда» (1970) Хожаевдин, «Касиеттүү Ысык-Көлдө» (1971) Карабалтанын, «Дерсу Узала» (1975) фильминде Чжан Баонун, «Кызыл алмада» (1975) Темирдин, «Улан» фильминде (1977) Азаттын, «Каныбекте» (1978) Жолойдун ж.б. образдарын жараткан.

## 3-ТАПШЫРМА. Көп чекиттин ордуна *-га* мүчөсүн улап жазгыла.

1992-жылдын сентябрь айына чейин жалпы наркоз менен бөйрөгү…, **кан** тамырлары… 56 жолу оор жана кымбат операция жасалган. С. Чокморов ооруп кыйналганы… карабай, сүрөт жаратты, кино… тартылды. Ал – Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан кинотасмаларын дүйнөлүк арена… алып чыккан инсандардын бири. **Сүймөнкул экөөбүз кино өнөрүнүн күлүгүн узак… чабабыз деп ойлочумун.** Чыңгызхан, Темирландын ролдорун аткарсам деген ойлору иш… ашкан жок.

## 4-ТАПШЫРМА. «Сүймөнкул Чокморовдун ден соолугу чың болгондо…» деген темада ой жүгүртүү эссесин жазгыла. Эссеге нускама:

**Киришүү бөлүгүндө** С. Чокморовдун ооруларына карабай, кино жана сүрөт искусствосуна кошкон салымы тууралуу;

**Негизги бөлүгүндө** С. Чокморовдун ден соолугу чың болгондо сүрөт жана кино искусствосуна кандай салымдарын кошо тургандыгын, андан эл кандай таасирленерин жана ага берер баасы жөнүндө;

**Жыйынтык.** Таланттуу актёр, чебер сүрөтчү боюнча жалпы жыйынтык чыгаргыла.

***Ой жүгүртүү эссени баалоо критерийлери***

| | |
|---|---|
| 1. **Мазмундун толук чагылышы:** тапшырма толук аткарылып, мазмун айкын ачылса | 4 упай |
| 2. **Эссенин структуралык бүтүндүгү:** киришүү, негизги, жыйынтыктоочу бөлүктөр байланышып, автордун идеялары так, түшүнүктүү берилсе | 3 упай |
| 3. **Сабаттуулугу:** сүйлөмдөрдүн түзүлүшү так болуп, стилистикалык, пунктуациялык жана орфографиялык жактан туура жазылса | 3 упай |
| **Жыйынтыгы** | **10 упай** |

**9–10 упайга – «5», 7–8 упайга – «4», 5–6 упайга – «3», 2–3 упайга – «2» деген баа коюлат.**

## 5-ТАПШЫРМА. Жуптарда аңгемелешип, бири-бириңер менен пикир алышкыла.

Кинону жакшы көрөр-көрбөсүн, кайсы фильмдер жагар-жакпасын, кайсы актёр сүйүктүү экенин, акыркы учурда кайсы фильмди көргөнүн, анда маанилүү эмнелер болгонун сурап бил.

**6-ТАПШЫРМА.** **С. Чокморовдун сүрөттөрүнөн бештен кем эмес окшоштук, бештен кем эмес айырмачылыкты тапкыла.**





| Окшоштуктар | Айырмачылыктар |
|---|---|
| ***Үлгү:*** 1-окшоштук. Эки сүрөттө тең Сүймөнкул Чокморов – чыгармачыл адам. | 1. Биринчи сүрөттө С. Чокморов сүрөт тартып жатат. Экинчи сүрөттө С. Чокморов роль аткарууда. |

# 3 САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ – УЛУУ МАНАСЧЫ

**1-ТАПШЫРМА.** **Чачылган сүйлөмдөрдөн текст түзгүлө.**

- С. Каралаев «Манас» эпосун бир нече айлар бою тынымсыз аткарган.
- Аны 1936-жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучу катарында кабыл алышкан.
- Аны XX кылымдын Гомери деп аташкан.
- С. Каралаевдин манасчылык таланты балалык кезинде чоң апасы Дакиштин таасири астында ойгонгон.
- 1918-жылдан баштап С. Каралаев «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү өз алдынча айта баштаган.
- Улуу манасчынын айтуусу боюнча «Манас» эпосу жазылып алынган.
- Ошондой эле Акылбек манасчыдан да таалим алган экен.
- «Манас» айтууну белгилүү манасчы Чоюке Өмүровдон үйрөнгөн.
- Саякбай Каралаев Тоң районунун Семиз-Бел айылында 1894-жылдын 7-сентябрында туулган.

**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти окуп, өзүңөр түзгөн текст менен салыштыргыла.**

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ – УЛУУ МАНАСЧЫ

Саякбай Каралаев Тоң районунун Семиз-Бел айылында 1894-жылдын 7-сентябрында туулган. Анын манасчылык таланты балалык кезинде чоң апасы Дакиштин таасири астында ойгонгон. 1918-жылдан баштап С. Каралаев «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү өз алдынча айта баштаган. 1924-жылы ал белгилүү манасчы Чоюке Өмүровго жолугуп, бир нече жылдар ичинде андан «Манас» эпосун айтууну үйрөнгөн. С. Каралаев өзүнүн эскерүүлөрүндө белгилүү манасчы Акылбек жөнүндө дагы өзүнүн устаты катары эскерген. 1930-жылдан көрүнүктүү манасчы болуп эсептелген.

Аны 1936-жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясына «Манас» айтуучу катарында кабыл алышкан. Улуу манасчынын айтуусу боюнча «Манас» эпосу жазылып алынган.

С. Каралаевдин толук варианты боюнча «Манас» эпосун жазуу иши 1935-жылы башталып, 1937-жылы үчилтиктин биринчи бөлүгү, кийин «Семетей», «Сейтек» жазылып алынган. Мурда белгисиз болгон Кенендин, Алымсарыктын жана Кулансарыктын окуялары эпостун уландысы болгон. «Манас» эпосунун бул вариантынын жалпы көлөмү 500553 ыр саптарын түзгөн. Дүйнө элдеринин эпостору менен салыштырганда көлөмү боюнча Гомердин «Илиада» жана «Одиссеясынан» 20 эсе, «Шахнамеден» 5 эсе, «Махабхаратадан» 2 эсе чоң.

С. Каралаев «Манас» эпосун бир нече айлар бою тынымсыз аткара алган. Аны XX кылымдын Гомери деп аташкан.

**3-ТАПШЫРМА.** **С. Чокморов тарткан улуу манасчы С. Каралаевдин портреттеринен бештен кем эмес окшоштуктукту, бештен кем эмес айырмачылыкты тапкыла.**





| Окшоштуктар | Айырмачылыктар |
|---|---|
| *Үлгү:* 1-окшоштук. С. Каралаев – улуу манасчы, эки сүрөттө тең ал отурган калыбында тартылган. | **Эки сүрөттүн айырмачылыгы:** С. Каралаев биринчи сүрөттө отурат, ал эми экинчисинде «Манас» айтып жатат. |

## ЖООМАРТ ШООЛАЛУУ ЖЫЛДЫЗДАР, ЖЕ БИР УУЧ ТОПУРАК

**М. Шаханов.**

XX кылымдын ушул улуу феномени кандай жагы менен эсиңизде калды?

**Ч. Айтматов.**

1959-жылы Москвадан окууну бүтүрүп, элге жаңыдан кайткан кезим. Партия мектебинин угуучулары Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов сыяктуу кыргыздын аты чулу алптарын чакырып, атайы жолугушуу өткөрүштү. Угуучулар жалаң кыргыздар эмес, арасында орус, немец аралаш түрдүү улуттун өкүлдөрү бар эле. Ал эми манасчылар менен өнөрпоздордун көпчүлүгү орусча билишпейт. Эки ортодо котормочу болдум. Кезек Саякбайга келди.

– «Манасты» канча жашыңыздан баштап айта баштадыңыз? Алгачкы устатыңыз ким? Бир кишинин башына ушунча ташкындаган ырлар кантип баткан? – дешип жыйындагылар суроону үстөккө-босток жаадырып жатышат.

– Бала кезимде кой кайтарып жүрүп бир теректин түбүнө уктап калыпмын, – деп баштады аңгемесин С. Каралаев. – Бешим ченде ат дүбүртүнөн ойгонуп кеттим. Уйкулуу көзүмдү ачсам, туура мага карай аргымакчан бир зор алыбеттүү киши чымын-куюн болуп келе жатат. Колундагы найзасы күнгө чагылышып, жарк-журк этет. Тулпарынын эки көзү оттой жанып, ооздугун карс-курс чайнайт. Омуроолотуп келип тизгин тартты. Ашыкпай атынан түштү да:

– Эй, бала, бул жатышың кандай? – деди.

– Уктап калыпмын.

– Сенин оозуңа зор бакыт куюлат. Мындан ары сен «Манасты» айтасың. Кана, ач оозуңду!

Оозумду ачсам, алиги адам заарын бүркүп жибергени. Ак маржандай куюлган көбүктүн оозумда буркураганы ушунчалык, тумчугуп кала жаздадым … А-бу дегиче аттуу киши көздөн кайым болду. Мага жолуккан адам арбак, балким, кыдыр чыгар, ошондон баштап «Манасты» айтып кеттим…

С. Каралаев аңгемесин токтотор эмес, мен айткандарын калтырбай которуп олтурдум. Окуянын так ушул жерине келгенде чекем тердеп, буйдалдым. Сөзмө-сөз которсом, көпчүлүктүн ичинде аялдар да отурушат. Башка улуттун өкүлдөрү «арбак», «кыдыр» дегендердин маанисин анча түшүнө бербеши ыктымал.

Айлам кетип, акыры окуянын күчөгөн жерин «оозума түкүрдү» деп котордум. Мунун өзү да угуп отургандарга оңой таасир эткен жок.

Андан бери канчалаган жылдар өттү. Бул тууралуу эч кимге ооз ачкан эмесмин. Жөн гана жакында өткөн Белгиядагы бир жолугушуу учурунда С. Каралаевге байланыштуу окуяны ошол болгон абалында баяндап бердим.

Бир француз калемгери:

– Муну неге айтпай жүргөнсүз? Эң керемет жери ушул эмеспи? – деп айран таң калбаспы.

*(Ч. Айтматов «Аскада калган аңчынын ыйы»)*

**4-ТАПШЫРМА. Тесттик тапшырмаларды аткаргыла.**

**1. Текстке мүнөздөмө болууга ылайыктуу фразаны белгилегиле:**

а) Белгиядагы жолугушууда француз калемгеринин абалы тууралуу;
б) Каралаевдин манасчы болуп калышынын себептери тууралуу;
в) С. Каралаевге орус, немец улутунун өкүлдөрү суроолорду жаадырышы тууралуу;
г) С. Каралаевдин аңгемесине котормочу болгондугу тууралуу.

**2. Партия мектебинин угуучулары кимдер?**

а) Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов
б) кыргыздар, орустар, немецтер
в) манасчылар менен өнөрпоздор
г) белгиялыктар, францияглыктар

**3. 8-саптагы «чулу алптарын» деген сөз айкашты кандай түшүнөсүңөр?**

а) чулдурап такыр тынбаган адамдар
б) бир жаагы чулчуюп калган адамдар
в) чулгоосун башына чулгап алган адамдар
г) мыкты, күчтүү улуу адамдар

**4. 41-саптагы «көздөн кайым болду» деген фразаны кандай түшүнөсүңөр?**

а) тез убакыттын ичинде көз алдына пайда болуу
б) тез убакыттын ичинде көз жаздым кылуу
в) тез убакыттын ичинде көзгө көрүнбөй жок болуп кетүү
г) тез убакыттын ичинде көзгө сайса көрүнгүс караңгы болуу

**5. С. Каралаевдин айтканы боюнча, анын бала кезинде көргөн түшүнөн улам кандай өзгөрүү болгон?**

а) атчан адам оозуна түкүрүптүр
б) жолуккан адамды таанныбай калган
в) «Манас» айтып баштаган
г) бала ошол түштөн чочуп калган

**6. 47-саптагы «буйдалдым» деген сөздү кайсы сөз менен алмаштырсак мааниси өзгөрбөйт.**

а) сүрдөдүм
б) тайсалдадым
в) санааркадым
г) кыйналдым

**7. 53–55-саптарда «Мунун өзү да угуп отургандарга оңой таасир эткен жок» деп эмне жөнүндө айтылды?**

а) арбак, кыдыр
б) оозума түкүрдү
в) окуя
г) аңгеме

**8. 44–51-саптардын мазмунан кандай тыянак чыгарууга болот?**

а) сөзмө-сөз которуу түшүнүксүз
б) котормочулук да оңой эмес
в) бардык сөздөрдүн котормосу боло бербейт
г) котормонун таасири зор

# 4 ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ – АЛП ЖАЗУУЧУ


***Бул шилтеме боюнча кирип, Ч. Айтматовдун интервьюсун көргүлө:***
https://www.youtube.com/watch?v=y5cdr1GbIDw


**1-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сүрөттөр боюнча Ч. Айтматов жөнүндө текст түзгүлө. Текстиңерде *жомок, уламыш, бычмачы, калай, котормо* деген сөздөр катышсын. Текстиңерди талкуулап, анда аталган сөздөрдүн кандай мааниде колдонулганын түшүндүргүлө.**





















**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.**

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ – АЛП ЖАЗУУЧУ

Дүйнө жүзүнө миллиондогон нускада тараган «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Гүлсарат», «Кылым карыткан бир күн», «Кыямат» ж. б. чыгармалары менен кыргыз элин дүйнө жүзүнө тааныткан атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматов Таластын Шекер айылында 1928-жылы туулган. Айрыкча чоң энеси Айымкан эл жомокторун, эски ырларды, уламыштарды көп билген. Небереси Чыңгызды дайыма ээрчитип жүрүп элдик каада-салт, өнөр, нускалуу

башка сөздөр менен тааныштырган. Анын тунук сезимин элдин бай мурастарына сугарган. Ал киши – Чыңгызды эне тилин сүйүүгө үйрөткөн биринчи адам.

Чоң атасы Айтмат колунан көөрү төгүлгөн уста болгон. Тегирмен куруп, шаардан кийим тигүүчү машина алып келип бычмачы, тигүүчүлүк кылган. Калай чайкап, ээр чапкан өнөрдү билген. Комузду мыкты черткен. Арапча окуп, жаза билген. Ал уулу Төрөкулду орусча окуткан. Баласы кыргыздардын ичинен чыккан билимдүү адамдардан болуп, жетекчилик кызматтарда иштейт. Чыңгыздын энеси билимдүү, маданияттуу аялдардын бири болгон. Мына ушул жагдайлар болочок жазуучунун балдар адабияты менен өтө эрте таанышуусуна шарт түзгөн. Анын уккан ырлары, жомоктору жазуучунун балалык кездеги адабий дүйнөсүн байытып, сезимин ойготуп, эне тилдин керемет сулуулугу менен тааныткан.

Согуш учурунда окуусун таштоого туура келет. 14 жашар Чыңгызды Шекер айылындагы жаш өспүрүмдөрдүн арасынан эң сабаттуусу катары айыл советинин катчылыгына дайындашат. Андан соң райПОдо салык жыйноочу, айылда трактор бригадасында эсепчи болуп иштейт. Согуш жылдары турмуштан көргөн-билгендеринин бардыгын кийинчерээк «Бетме-бет», «Саманчынын жолу», «Эрте келген турналар», «Жамийла», «Делбирим» аттуу повесттеринде жазган.

Жамбылдагы зоовет техникумду жана Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. Адабиятты бала кезинен сүйүп, мектепте окуп жүргөндө эркин темада сочинение жазганды жакшы көргөн. Институтта окуп жүргөндө адабиятка айрыкча дит коюп, макала-очерктерди жаза баштайт. Орус жазуучуларынын чыгармаларын которот. Кийин зоотехник болуп иштеген мезгилинде аңгеме жаза баштайт. Москвада жогорку адабият курсунда окуп, терең билим алып чыккандан кийин ал адабий-чыгармачылык ишине биротоло өтөт. Анын чыгармалары Лениндик сыйлыкка, СССР жана Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыктарына татыктуу болду. Ал орден-медалдар, ошондой эле чет өлкөлөрдүн ардак наамдары жана башка сыйлыктары менен сыйланган. Чыгармалары кино, театр, музыка, сүрөт өнөрлөрүн өнүктүрүүгө салым кошкон. 2008-жылы көз жумган.

**Текстке тапшырма:**

**Ч. Айтматовдун атактуу жазуучу болушуна таасир эткен фактыларды кийинки үлгүгө карап жазып чыккыла.**

***Үлгү:*** Мен текстти окуп чыгып, Ч. Айтматовдун атактуу жазуучу болушуна таасир эткен төмөнкү фактыларды тактадым:

1. Чоң атасы Айтмат таасир эткен. Себеби … (тексттен мисал жаз).
2. Атасы Төрөкулдун тагдыры таасир эткен. Себеби ...
3.

**3-ТАПШЫРМА. Топтордо иштеп, тапшырмаларды аткаргыла.**

**1-топ.** Силер жашаган айылдагы (шаардагы) кинотеатрга Ч. Айтматовдун «Ак кеме» фильми келди. Кайсы күнү, саат канчада, кайсы кинотеатрда, баасы канча экендигин билдирип, элди кызыктыруучу фразаларды пайдаланып, **жарнама** жазгыла.

**2-топ.** Сүймөнкул Чокморов жана Гапар Айтиевдин сүрөт көргөзмөсү аябай жакты. Уюштуруучуларга **ыраазычылык кат** жазгыла.

**3-топ.** Сүрөт көргөзмөсүндөгү сүрөттөрдү фотосүрөткө, видеого тартууга, аларды кол менен кармоого болбой тургандыгын эскертип, **эскертүү** жазгыла.

**4-ТАПШЫРМА. Жуптарда иштеп, бири-бириңердин пикириңерди тактагыла.**

Адабиятты жакшы көрөр-көрбөсүн, кандай чыгармалар жагар-жакпасын, кайсы жазуучу, акынды сүйүктүү деп эсептээрин, акыркы учурда кандай китеп окуганын, анда маанилүү окуялар болгонун сурап билгиле.

**5-ТАПШЫРМА. Китепти аз окугандарга кеңеш бергиле.**

***Үлгү:*** … Бул жакшы эмес деп ойлойм. … жакшы эмеспи, кандай дейсиз?

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

аспап – инструмент
аткар – исполнить
байге – приз
бий – танец
бир нече – несколько
жарат – творить
жеңил – лёгкий
жөндөм – способность
залкар – огромный
көлөм – объём
күү – мелодия
кыйна – мучить
кылым – век
мукамдуу – звучный, гармонический
олуттуу – весомый
салыштыр – сравнить
сулуу – красота
сүрөтчү – художник
сыйла – уважать
таасир – влияние
түшүн – понять
үзгүлтүксүз – непрерывный
үзүндү – отрывок
үйрөн – учиться
чебер – мастер
чыгарма – произведение

# 6-ТЕМА

# САЯКАТТОО ЭС АЛУУ

1. Саякаттоо
2. Кыргызстанга саякаттоо. Туризм
3. Саякатчылар үчүн жарнак

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- саякат жана экскурсиялар жөнүндөгү монологдук жана диалогдук кеп курууну;
- эмнени? кайсы шаарды (айылды, жайлоону, материкти ж. б.) жактырасың? деген суроолорго жооп берүүнү;
- каалоо этишин үч жакта айтууну;
- сүйлөмдөрдү толуктоону, окшоштуктарды табууну.

**Эмнени иштей алабыз?**

- саякатка тиешелүү лексиканы өздөштүрөбүз;
- саякат тууралуу кимдир бирөө менен диалог курабыз;
- тексттин мазмунун, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштырабыз;
- кайда саякаттаганыбызды, кайда барууну каалаганыбызды айтып беребиз.

# 1 САЯКАТТОО

**1-ТАПШЫРМА.** **Өз атыңарды атагыла, анын баш тамгасынан башталган сөздү таап, үлгүгө ылайык жооп бергиле.**

– *Сен кайда саякатка барганды жактырасың?*

– Менин атым Алима. Мен Англияга саякатка барууну жактырам. А сенчи?

– Менин атым Белек. Мен Бишкекке саякатка барууну каалайм. А сенчи?

– Менин атым Азиза. Мен Анталияга саякатка барууну жактырам. А сенчи?

**2-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөздөргө жана көрсөтмөгө таянып, үлгүдөгүдөй иштегиле.**

**Сөздөр:** каалайм, каалайсың, каалайт, каалайбыз, каалайсыңар, каалашат.

***Үлгү:*** Мен Ысык-Көлдү көрүүнү каалайм. Себеби көлдүн сулуулугу мага жагат.

1. Сен Париж… көрүүнү __________. Себеби ___________ ____________.
2. Ал Сары-Челек… көрүүнү __________. Себеби __________ ___________.
3. Биз Арстанбап… көрүүнү __________. Себеби __________ ___________.
4. Силер Малайзия… көрүүнү ___________. Себеби _________ _________.
5. Алар Индия… көрүүнү _________. Себеби __________ _____________.

***Жүрүү каражаты жөнүндө кантип айтат?***

| | | |
|---|---|---|
| эмне менен? | автобус менен<br>поезд менен<br>автоунаа менен<br>машине менен | барат<br>жүрөт<br>келет<br>кетет<br>жетет<br>саякаттайт |
| | учак менен | учат |
| | кайык менен / кеме менен | сүзөт |
| эмнеде? | поездде<br>автобуста<br>автоунаада<br>жеңил машинеде | барат<br>жүрөт<br>келет<br>кетет<br>жетет<br>саякаттайт |
| | учакта | учат |
| | кайыкта / кемеде | сүзөт |

**3-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттөгү жаныбарлардын аталыштарын туура келтиргиле. Алар жөнүндө жуптарда сүйлөшкүлө.**

*Арстан, крокодил, акыра, зебра, фламинго, пил.*










**4-ТАПШЫРМА.** **Төмөндөгү сөздөрдү пайдаланып, текст түзгүлө. Окуп бергиле.**

*Африка, саякат, айбанаттар, көл, кызгылт, ыраазы болуу.*

**5-ТАПШЫРМА.** **Текстти өзүңөр түзгөн текст менен салыштырып окугула.**

## АФРИКАГА САФАРИ

Биз сафариге, Африкага жөнөдүк. Сафари – жапайы жаратылышка саякаттоо, айбанаттарды сүрөткө тартуу. Сафари Кения өлкөсүнөн башталды. Кениянын абасы өтө деле ысык эмес жана флорасы бай экен.

Үстү ачык автоунаа менен баратып, саваннадан түрдүү жаныбарларды көрдүк. Алгач биз акыраны кезиктирдик. Ал бизди көрүп, жактырбаган өңдүү бир карап, бейкапар ары басып кетти. Жапыз дарактардын арасында чаар-ала болуп, зебралар оттоп жүрүшөт.

Саваннанын баш-аягы жоктой, машинада кетип баратабыз. Ар жерден арстандардын, пилдердин үйүрү менен жүргөнүн көрдүк. Керилген талаанын өзөндөрүндө аз гана суу калган жана анда килейген крокодилдер шыбырт билдирбей олжосун аңдып жаткандай.

Бир топ жүргөн соң Накуру көлүнө жеттик. Бул көл – планетадагы кызгылт фламинго уя салууга оңтойлуу жер. Бүт горизонт кызгылт болуп албырып, алардын кыймылынан көл кайнагансып турду.

Сафариден көргөндөрүбүзгө ыраазы болуп сак-саламат кайттык. Абдан жакшы эс алдык.

**6-ТАПШЫРМА. Текстке таянып, сөздөрдү маанилери менен дал келтиргиле.**

| | |
|---|---|
| **Сафари** | чоңураак агын суу, дарыя, суунун сайы. |
| **Саванна** | тропикалык көлмөлөрдө жашоочу, калың кабырчыктуу териси бар, сойлоочу ири жаныбар. |
| **Тропика** | табылга, азык-оокат. |
| **Өзөн** | сейрек бадалдуу, дарактары жапыз, тропикалык аптаптуу талаа. |
| **Крокодил** | белгилүү бир аймактагы, өлкөдөгү өсүмдүктөрдүн жыйындысы. |
| **Флора** | экватордун эки жагына жайгашкан Жер шарынын ысык алкагы. |
| **Олжо** | жапайы жаратылышка саякаттоо, айбанаттарды сүрөткө тартуу. |

**7-ТАПШЫРМА. Суроолорго жооп бергиле.**

- Сафариге баруу сага жактыбы? Эмне үчүн?
- Саваннадан дагы кандай жаныбарларды көрүүгө болот?
- Кайсы жаныбарлардын аракеттери өзгөчө таасир калтырды?
- Саякат сафариден эмнеси менен айырмаланат?
- Саванна кандай жер?

**8-ТАПШЫРМА. Бул аңгемеге өзүңөр окуяларды кошуп, мазмунун өзгөрткүлө. Чакан аңгеме жазгыла.**

---

**Сүйлөмдөрдү толуктагыла**

**1. Сафари – ______________ жаратылышка саякаттоо, __________________ сүрөткө тартуу.**

а) ысык, табиятты  
б) тоолуу, тоолорду  
в) жапайы, айбанаттарды  
г) кооз, адамдарды

**2. Накуру көлү – планетадагы кызгылт фламинго __________________ оңтойлуу жер.**

а) көбөйүүгө  
б) конгонго  
в) учканга  
г) топтолгонго

**3. Кениянын _________________ өтө деле ысык эмес жана _______________ бай өлкө.**

а) табы, табияты  
б) абасы, өсүмдүктөрү  
в) климаты, жаныбарларга  
г) температурасы, дарактарга

**4. Жапыз дарактардын арасында болуп, зебралар оттоп жүрүшөт.**

а) капкара  
б) ак-боз  
в) түркүн түстүү  
г) чаар-ала

**5. Ар жерден арстандардын, пилдердин ____________________________ менен жүргөнүн көрдүк.**

а) үй-бүлөсү  
б) тобу  
в) балдары  
г) карааны

**Сөздүн туура маанисин тапкыла**

**1. сафари**

а) жаныбарды жакшы багуу
б) Африкага барып келүү
в) байкап, сүрөткө тартуу
г) саякаттап, сүрөткө тартуу

**2. арстан**

а) жырткыч б) канаттуу в) өсүмдүк г) топурак

**3. кызгылт**

а) даам б) түс в) көлөм г) форма

**Тесттин окшоштуктар бөлүгүндөгү тапшырмаларды аткаргыла**

**1. акыра : жаныбар**

а) жандык : жаныбар
б) сойлоочу : крокодил
в) айбан : зебра
г) фламинго : куш

**2. саякаттоо : эс алуу**

а) тамактануу : тоюу
б) кызаруу : күйүү
в) ыраазы : кубануу
г) издөө : табуу

---

**9-ТАПШЫРМА. Тексттерди окуп, тапшырмаларды аткаргыла.**

**1.** Сен Индияга барып саякаттасаң болот. Жүргүзүлгөн рейтинг боюнча эс алууга эң арзан он мамлекеттин арасында Индияда бар. Бул жерде туристтер бир айда болгону 300 доллар гана коротуп, жетишерлик деңгээлде эс алса болот. Бөлмөлөрдүн ижара акысы 30 долларды, ал эми тамшандырган ар түркүн тамактарынын баасы 1 жумага болгону 10 долларды түзөт.

Жаймалмер шаарында негизги транспорттун түрү – төөлөр. Шаар жылына февраль айында 3 күндүк фестиваль уюштуруп, төөлөрдү параддан өткөрүп, туристтердин кызыгуусун арттырат.

**2.** Сен саякаттону кааласаң, Лаос өлкөсүнө барсаң болот. Бир бөлмөлүү батирдин ижара акысы 60–70 доллар, тамак-ашын кошкондо 200 доллар болот. Ноябрдан июлга чейин аба ырайы жакшы болуп, эс алууга ыңгайлуу. Тынч жана коопсуз жашоону каалагандар Лаоско барып эс алышса болот. Ашканасынын негизин күрүч, туз, соус түзөт. Белгилүү суусундугу – «мак-маи-пан» жер-жемишке муз жана коюлтулган сүт кошулуп жасалган өзгөчө суусундук.

**3.** Мен Коста-Рикага саякаттоону сунуштайт болчумун. Ал Борбордук Америкада жайгашкан кичинекей мамлекет. Бир айлык жашоо 600 доллар турат. Тамак-аштын баасы өтө эле арзан. Ресторандарда бир айлык тамактануу жалпысынан 100 долларды түзөт.

Сан жеткис коруктар, парк, кара кумдуу пляждар, шаркыратмалар жана жапайы жаратылыш Коста-Риканын көркүн ачып, туристтерди өзүнө тартып турат.

**4.** Мен сага өзүбүздүн Сары-Челекке саякаттоону сунуштайм. Сары-Челек бийик тоолуу аймакта жайгашкан. Ош менен Сары-Челектин аралыгы 300 чакырым, машина менен 6–7 саатта жетүүгө болот. Аркыт айылындагы жергиликтүү жашоочулардын конок үйүндө калууга болот. Сары-Челек корук катары 1959-жылы аймактагы уникалдуу флора жана фаунаны сактап калуу жана изилдөө максатында уюштурулган. Анын аймагында 2–5 чакырым аралыкта жайгашкан 7 майда көл бар.

Бул жердин табияты, абасы жана көлдүн өзү айтып бүткүс кооз жана сырдуу.

5. А мен сага Ысык-Көлгө барууну сунуштаар элем. Ага Бишкек шаарынан Чолпон-Ата шаарына чейин 270 чакырым, башкача айтканда, машина менен 5 саат аралыгында жетүүгө болот. Жөнөкөй конок үйлөрдөн баштап, 5 жылдыздуу мейманканаларда 400 сомдон 7 000 сомго чейин коротуп, эс алууга болот. Бийик тоолуу аймакта жайгашкандыгына карабастан, көл кыш мезгилинде да тоңбойт. Жай мезгилинде суунун температурасынын деңгээли +24 °C градуска чейин жетет. Ысык-Көлдүн бүт тегерек-чети таза кум менен курчалган.

1. **Биринчи жана экинчи текстте кездешкен «ижара акысы» деген түшүнүк эмнени билдирет?**
2. **Үчүнчү текстте эмне жөнүндө айтылган?**
3. **4-текстте жана 5-текстте «бийик тоолуу аймакта жайгашкан» деген түшүнүк жаратылыштын кайсы өзгөчөлүктөрүн сүрөттөйт?**
4. **Бардык тексттердин мазмунундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктагыла. Венндин диаграммасын колдонгула.**
5. **Салыштырууда төмөнкү параметрлерди колдонгула:**
   а) жайгашкан жери
   б) климаттык өзгөчөлүктөрү
   в) тейлөө мүмкүнчүлүктөрү

# 2 КЫРГЫЗСТАНГА САЯКАТТОО. ТУРИЗМ

https://ok.ru/video/23942400558 бул шилтеме менен кирип, «Кыргызстанга саякат: Ош, Сулайман-Тоо, Кызыл-Кыя, Баткен.flv» деген видеофильм көрө аласыңар.

**1-ТАПШЫРМА. Сөз айкаштарды оозеки түзгүлө.**

| ***Үлгү:*** **кыргыз эли*нин* тамак-аштары; тамак-аш*ты* даярда-** | |
|---|---|
| туризм… (эмненин?) сүйүүчүсү | оюндар… (эмнени?) даңазала-; |
| турмуш шарты… (эмненин?) өзгөчөлүгү | элдик кол өнөрчүлүк… (эмнени?) даңазала-; |
| өлкөлөр… (эмнелердин?) бири | колукту… (кимди?) коштоп жеткир-; |
| Кыргызстан… (эмненин?) коруктары; | коштоп жеткирүү… (эмнени?) көрсөт-; |
| Кыргызстан… (эмненин?) жаратылыш парктары | тушоо кесүү ырымы… (эмнени?) көрсөт-; |
| кол өнөрчүлүк… (эмненин?) үлгүлөрү | туризм… (эмнени?) сүй-; |

**2-ТАПШЫРМА. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

Кыргызстан – экологиялык, этнографиялык … сүйүүчүлөрү үчүн кызыктуу өлкө. Туристтер … коруктарына жана жаратылыш парктарына барышат. Туристтер кыргыз … үрп-адаттары менен таанышат. Туристтер … үлгүлөрүн көрүшөт. Туристтер … тамак-аштарынан даам татышат.

**Керектүү сөздөр:** элинин, Кыргызстандын, туризмдин, кол өнөрчүлүктүн, кыргыздын.

**3-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, маанисин түшүнүп, мазмунун айтып бергиле.**

Кыргызстан – экологиялык жана **этнографиялык туризмди** (элдин үрп-адат, маданий турмуш шартынын өзгөчөлүгүн көрсөткөн туризм) сүйүүчүлөр үчүн кызыктуу өлкөлөрдүн бири.

Туристтер Кыргызстандын коруктарына жана жаратылыш парктарына барышат. Алар кыргыз элинин үрп-адаттары менен таанышышат. Туристтик фирмалар жана жергиликтүү эл кыргыз салттарын, улуттук оюндарды, элдик кол өнөрчүлүктүн үлгүлөрүн даңазалап көрсөтүшөт. Кыргыз улуттук ашканасынан кыргыздын салттуу тамак-аштарынан даам таттырышат. Туристтер үчүн улуттук ат оюндарынан «Улак тартыш», «Кыз куумай», «Тыйын эңмей», «Эр эңиш» ойнолот. Манасчылар, төкмө акындар жана ырчылар катышкан фольклордук шоу өткөрүлөт. Үйлөнүү салтанатын, жаңы конушка колуктуну коштоп жеткирүүнү, тушоо кесүү ырымын көрсөтүшөт. Алгыр куштар, аңчы тайгандар менен аң уулап чыгышат. Ошондой эле туристтер улуттук кол өнөрчүлүк менен таанышышат. Алар үчүн сувенирлер, кийиз төшөктөр, килемдер сунуш кылынат. Көргөзмөдөгү сувенирлер сатылат.

**Омонимдер:**

**Аң –**

**I.** чуңкур, жар.

**II.** жапайы жаныбар (аңга чыкканда ата турган жандык).

**III.** аң-сезим, эс, ой.





**4-ТАПШЫРМА. Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.**

1. Кыргызстанда туризм өнүккөндүгү жөнүндө тексттин кайсы сүйлөмдөрү баяндайт?
2. Эмне үчүн туристтер Кыргызстандын коруктарына жана парктарына барышат? Ал жактан эмнелерди көрө алышат?
3. Туристтерди тейлеген кызматкерлер кыргыздын кайсы тамак-аштарын даярдашат?

4. Туристтер үчүн кайсы улуттук ат оюндарын өткөрүшөт?
5. Эмне үчүн туристтерге фольклордук шоу көрсөтүшөт?
6. Туристтер сувенирлерди, кийиз төшөктөрдү, килемдерди жана кыргыз тиричилигинин башка элементтерин сатып алышабы? Эмне үчүн?
7. Куш менен аң уулаган кызыкпы же аңчы тайган мененби? Эмне үчүн?

**5-ТАПШЫРМА.** **Диалогду уккула. Эмне жөнүндө сөз болду?**

**6-ТАПШЫРМА.** **Чет өлкөлүк турист менен сүйлөшкүлө.**

– Саламатсызбы?

– … .

– Кыргызстанга кош келиңиз! Менин атым … . Мен … .

– … .

– Биз азыр аэропорттон Бишкекке жөнөйбүз. Машина күтүп турат. Жүрүңүз, машинага отуралы.

– … .

– Эң алгач, кыргыз элинин салты боюнча даам татыңыз. Биздин улуттук ашканадан кийин «Ала-Арча» жаратылыш паркына барабыз. Кандай дейсиз?

– Ыракмат. Мага кол өнөрчүлүктүн үлгүлөрүн көрсөтүңүз. Андан кийин ат оюндары, музыкалык аспаптар менен таанышалы. Себеби мен улуттук маданиятка көп кызыгам. Тасмага тартып алгым келет. Жаратылышка саякаттап келгенден кийин сувенир сатып алалы.



Музыкалык аспаптар менен таанышыңыз



– Улуттук кол өнөрчүлүк менен таанышыңыз



Ат оюндары менен таанышыңыз



Даам татыңыз

**1. «Манас» : эпос**
- а) жол : чыйыр жол
- б) дүйшөмбү : апта күнү
- в) апрель : ай
- г) секунд : мүнөт

**2. корук : жаратылыш паркы**
- а) мышык : ит
- б) китеп : тааныш сөздөр
- в) унаа : аялдама
- г) саякат : эс алуу

**3. угуу : төкмө акын**
- а) сүйлөө : чечен
- б) чуркоо : ылдам
- в) дарылоо : оорулуу
- г) кол чатыр : жаан

**4. сатуу : товар**
- а) сырдоо : парта
- б) окуу : китеп
- в) тартуу : сүрөт
- г) уулоо : аң

**7-ТАПШЫРМА. Пикирлерди бөлүштүргүлө.**

Ысык-Көлдүн жээгинде болуп өткөн «Туризмдин өнүгүшү» форумунун катышуучулары Кыргызстандагы туризм жөнүндө өз ой-пикирлерин айтышты.

- **Таблицадагы аныктамалар кайсы катышуучунун пикирин көрсөтөт?**

**А.:** Кыргызстан жаңыдан өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн катарына кирет. Туризм биздин өнүгүүбүздө бир тепкичке өйдө көтөрүлүүгө шарт түзөт. Бразилия, Аргентина, Малайзия, Таиланд, Түркия сыяктуу өлкөлөрдүн катарына кошулууга жардам берет.

Кыргызстанда энергетикалык ресурстар жана алтын бар, бирок көп каражат коротпосо, алардан чоң киреше алуу мүмкүн эмес. Ал эми туризм эбегейсиз чыгашаны деле талап кылбайт: системаны иштетүү гана керек. Дүйнөнүн кырктан ашык өлкөлөрүнөн Кыргызстанга визасыз кирүү тартиби түзүлгөндөн бери туристтердин саны кескин түрдө өстү. Келген туристтер биздин экономикабызга чоң салым кошуп жатышат. Туризм чөйрөсүндө Кыргызстандын келечеги чоң. Бул тармактын өнүгүшүнө база даярдап, үзүрүн көрүү керек.

**Б.:** Кыргызстан өзүн дүйнө жүзүнө туура жарнамалап көрсөтө албай келе жатат. Туристтик кызмат көрсөтүүнүн бүткүл дүйнөлүк рыногунда Кыргызстан азыркыга чейин дээрлик белгисиз бойдон кала берүүдө. Кыргызстанга келген туристтер Тянь-Шань тоолоруна жөө жана велосипед менен саякатташат. Альпинисттер, сноубордчулар, тоо лыжачылары көп эле келишет. Бирок жалпы пикир боюнча алганда, ар бир эле саякатчы Кыргызстанга экинчи жолу кайра келүүнү каалай бербейт. Себеби жергиликтүү туристтик тейлөө өтө жай өнүгүп жатат.

Туризмди өнүктүрүү үчүн туристтердин тамактануусу, жашап туруусу, унаа, экскурсия, көңүл ачуу оюндары, сатып алуулар жогорку деңгээлде болушу шарт. Кыргызстанга саякаттоо кимдер үчүн кызыктуу экенин аныкташ керек. Ал үчүн өз мүмкүнчүлүгүбүздү аябай талдап чыгышыбыз зарыл.

| № | Аныктама | А | Б | Экөө тең | Бирөө да эмес |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Автор туризм Кыргызстанда жакшы өнүгүп жатат деген пикирге макул эмес. | | | | |
| 2. | Автор башка өлкөлөрдүн жарандарынын Кыргызстанга визасыз кирүүсү туризмдин өнүгүүсү үчүн пайдалуу дейт. | | | | |
| 3. | Текстте орой сөздөр, пикирлер айтылган. | | | | |
| 4. | Автор өз ой-пикирин түшүнүктүү, так, сылык жазган. | | | | |
| 5. | Туризмди кантип өнүктүрүү жолдору сунушталган. | | | | |
| 6. | Автор Кыргызстандын кызыкчылыгын көздөп жазган. | | | | |
| 7. | Бул маалымат «Туризмдин өнүгүшү» форуму үчүн пайдалуу. | | | | |
| 8. | Бул маалыматты өкмөт башчыларына билдириш керек. | | | | |
| 9. | Ой толук жана түшүнүктүү болбой калган. | | | | |
| 10. | Туристтик кызмат көрсөтүү начар болуп жатканына өзгөчө көңүл бөлүнгөн. | | | | |
| 11. | Автор туризм чөйрөсүндө иштейт, маселени мыкты билет. | | | | |
| 12. | Автор туризмди Кыргызстандын туризм боюнча жетекчилерине караганда жакшы өнүктүрмөк. | | | | |
| 13. | Кыргызстан дүйнөгө жакшы жарнама болбой жатат. | | | | |

**8-ТАПШЫРМА. Сырттан келген туристтерге Кыргызстан жөнүндө айтып бергиле.**

Кантип айтып бересиңер? Ыр мененби? Кара сөз мененби? Сүрөт мененби? Же баарынан тең кошуп, чоң презентация жасамак белеңер?



**9-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, мазмунун айтып бергиле. Башка булактардан кошумча маалымат таап келгиле.**

XIX кылымда орус сүрөтчүсү жана саякатчысы В. В. Верещагин Кыргызстанга келген. Ал кыргыз жеринин пейзажын сүрөттөгөн. **Василий Васильевич Верещагин** (1842–1904) – көрүнүктүү орус сүрөтчүсү жана адабиятчысы. Белгилүү баталист-сүрөтчүлөрдүн бири. Ал Жети-Суу өрөөнүнө жана Батыш Кытайга саякаттаган. Ал эми 1869–1870-жылдары кыргыз жерине саякаттап келип кеткен. Кыргызстанга арналган сүрөттөрүнүн ичинде «Бай кыргыз аңчысы шумкары менен», «Барскоон», «Боом капчыгайы», «Ала-Тоо. Жолдогу көчмөндөр», «Кыргыздардын көчүшү» Чу дарыясынын өрөөндөрү, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Нарын ж. б. бар.



# 3 САЯКАТЧЫЛАР ҮЧҮН ЖАРНАК

**1-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарды колдонуп, кыргыз жери жөнүндө текст түзгүлө.**

Ала-Тоонун башы, байлап жатчу жер, жайлап жатчу жер, ыргап жатчу жер, жыргап жатчу жер, тамаша, кермеге ат байла-, куш сал-, күлүктү сергит-.

**2-ТАПШЫРМА.** **Текстти окугула. «Манас» эпосунда кыргыз жери кандай сүрөттөлгөн?**



## БАШКАНЫ КОЮП, «МАНАСТЫ» АЙТ

(«Манас» эпосунан үзүндү)

Башынан кары кетпеген,
Ала-Тоо биздин жерибиз.
Жайы, кышы эт жеген,
Кызырдуу кыргыз элибиз.

Кермеге күлүк сергитип,
Байлап жатчу жер экен.
Күн тамаша, түн оюн,
Жайлап жатчу жер экен.

Коштоп кийип суусар бөрк,
Ыргап жатчу жер экен.
Кунан минип, куш салып
Жыргап жатчу жер экен.

*С. Каралаевдин айтуусунда*



**Адабий термин**

**Эпос** грек тилинде сүйлөө, айтуу дегенди туюндурат.

1. Көркөм адабияттагы үч түрдүн бири.
2. Фольклордогу ыр түрүндөгү көлөмдүү чыгарма. Ал элдин башынан өткөргөн баатырдык иштерин даңазалайт. Эпосто элдин, улуттун, өлкөнүн тагдырын чече турган зор окуялар көркөм сүрөттөлөт.

**3-ТАПШЫРМА. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Тоолордун чокусунан эмне үчүн кышы, жайы кар кетпейт?
2. Жайы, кышы эт жеген кыргыз элибиз кандай эл? Эмне үчүн кыргыздарды кызырдуу эл дейт?
3. Жайлоодо күлүктү сергитип кермеге байлаганын көрдүңөр беле? Эмне үчүн кермеге байлайт деп ойлойсуңар? Эмне үчүн даракка же мамыга байлабайт?
4. Күндүзү кандай тамаша-оюн куруп, түнү эмне оюн өткөрүшөт?
5. Эгерде эки суусар бөрктүн улам бирин кийип, башын ыргап жатса, анда бул адамдын кайсы сапатын байкаса болот? Бул анын эс алып жатканыбы? Же бекерчиликтин белгисиби? Балким, бул анын коомдогу ордун көрсөтүп тургандыр?
6. Кыргыз жери жашаган эл үчүн ыңгайлуу, кооз жана сүйүктүү экенин кайсы ыр саптары баяндайт? Ал саптарды таап, ынандыргыла.

---

**1. Башканы коюп, «Манасты» айт деген эмне?**
   а) Накыл сөз: «Бардык маалыматты «Манас» эпосунан тапса болот».
   б) Элдик макал: «Башканы коё туруп, алгач «Манасты» билип ал».
   в) Фразеологизм: «Манастан» айтып сүйлөсөң, тилиң так болот».

**2. Кызырдуу кыргыз эли дегенди кандай түшүнөсүңөр?**
   а) Кызырдуу кыргыз элибиз этти жайында жана кышында жейт.
   б) Кызыр пайгамбар колдогон, жолдуу, ийгиликтүү кыргыз эли.
   в) Жайы, кышы эт жеген, Кызыр менен кыдырып жүргөн элибиз.

**3. Кыргыздар күндүз тамаша, түнкүсүн оюнду кайсы мезгилде өткөрүшөт?**
   а) Кыргыздар күнү-түнү оюн-тамашаны жайында өткөрүшөт.
   б) Күндүзү оюн-тамаша куруп, жайлап жатчу жерде түнү ойносо болбойт.
   в) Кыргыздар күндүзү тамаша курушат да, түнү оюн өткөрүшпөйт.

**4. «Коштоп кийип суусар бөрк, Ыргап жатчу жер» дегенди кандай түшүнөсүңөр?**
   а) Суусардан тигилген бөрктөн экини кийип, башын ыргап жатчу жер.
   б) Өзүнүн мал-мүлкүн, байлыгын мактанып, башын ыргап жатчу жер.
   в) Суусар бөрктүн улам бирин кийип, жыргап жашаса боло турган жер.

**5. Эпостун бул үзүндүсү Кыргызстан үчүн жарнама боло алабы?**
   а) Жарнаманы жарнамачы адистер гана жасай алышат.
   б) Ооба, жогорудагы үзүндү жарнаманын милдетин аткара алат.
   в) Биз Кыргызстанды жарнама кылбай эле жашай алабыз.

---

**4-ТАПШЫРМА. Кыргызстан жөнүндө маалымат боюнча туристтик жарнама жазгыла.**

**Жарнама жасоонун эрежелери:**

- Жасаган жарнама эффективдүү болуш үчүн жарнамалап жаткан нерсе жөнүндө бүт бардыгына угузуп жарыя салгыла.

- Жарнамалык тексттин аталышы баш тамгалар менен жазылсын.
- Бaрактын ортосунда көз кубандырган кооз сүрөт болсун.
- Текст кошумча сөз баштарына бөлүнсүн. Алар жеңил, бат көз жүгүртүп окугудай болсун. Керектүү жерлер башка түс менен же курсив менен бөлүнүп турсун.
- Жарнамалап жаткан нерсеңер эмнеси менен айырмалана турганын белгилеп айткыла.
- Барактын төмөн жагында оң жакта телефон номер жазылсын. Силерди кантип табуу керектигин, дарегиңерди түшүндүрүп айткыла.

**5-ТАПШЫРМА.** **Алган билимиңерди карточкалардын жардамы менен баалагыла**

| ✓ | + | × |
|---|---|---|
| Тема боюнча иштөө мага жакты. Мен жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Мага кызыктуу болду. Мен ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым, жалпы топ менен да иштей алдым. | Көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Жооп берген жокмун. |

### КҮТҮЛБӨГӨН ОКУЯ

Былтыр жайында чет мамлекеттен достор келиптир. Аларды Ат-Башынын Таш-Рабатына алып бармак болдум. Бара жатканда күн жылуу, ачык, абдан жакшы маанай менен бардык. Ал жерде малчылардын үйүнө токтоп, кымыз ичип, бешбармак жеп, куурма чай ичип, жакшы мейман болдук. Таш-Рабаттын тарыхый имаратындагы биринен-бирине кирип-чыккан бөлмөлөрү, айланадагы кооздук көрүнүш меймандарды кызыктырды. Эки күндөн кийин кайра келе жатканда күтүлбөгөн окуя болду.

Келе жаткан машинабыздын дөңгөлөгүнөн жел чыгып, Нарынга жакын калганда бир сааттай аны оңдоого туура келди. Айдоочу дөңгөлөгүнө жел толтургуча биз Нарын суусунун жээгине бардык, суу катуу агып жатыптыр. Тим эле капкара топурак агып жаткандай сезилди.

Долондун белине чыга бергенде күн жаап, туман басып, жол көрүнбөй калды. Төмөн жакта мөндүр жаап жаткандай болду. Машинаны айдоого мүмкүн болбой калды. Эки сааттан ашык токтоп турдук. Эч жакка телефон чала албай калдык. Уюлдук телефондор байланыштыра албай калат экен. Ал жерде турган эки жарым саатыбыз өтө узакка созулгандай болуп кетти. Ар ким өзүнүн ою менен алек болуп сүйлөшө да албадык.

1. **Былтыр жайдын чилдесинде ... мейманга келип калыптыр.**
   а) тааныштар б) коңшулар в) туугандар г) курбулар
2. **Таш-Рабатка бара жатканда күн ... болду.**
   а) бүркөк б) жаанчыл в) ойдогудай г) жаман
3. **Ал жактан ... үйүнө токтодук.**
   а) мал баккан адамдардын в) чөп чапкан адамдардын
   б) жер иштеткен адамдардын г) ит кармаган адамдардын

**4. Таш-Рабаттын жана анын айланасынын кооздугу ... абдан таң калтырды.**
а) малчыларды б) коноктордu в) агаларымды г) туристтерди

**5. Кайрадан артка келе жатканда ... дөңгөлөгү жарылып калды.**
а) машинанын б) арабанын в) автобустун г) мотоциклдин

**6. Унааны оңдогончо ... жээгине бардык.**
а) булактын б) көлдүн в) көлмөнүн г) дарыянын

**7. ... белине чыга бергенде аба ырайы бузулду.**
а) ашуунун б) айылдын в) райондун г) токойдун

**8. ... улам унаа жүргөнгө мүмкүн болбой калды.**
а) мөндүрдөн б) шамалдан в) бороондон г) тумандан

**9. Жамгырдын басылганын күткөн убакыт ... .**
а) ыкчам болду б) тез болду в) узак болду г) бат болду

**10. Ал жерде ар бирибиз өз ... менен алек болуп отурдук.**
а) ишибиз б) оюбуз в) кыялыбыз г) арманыбыз

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

аңчы – охотник
байла – завязать
бар – идти
бейкапар – беспечный
бөрк – шапка
даам тат – попробовать на вкус, отведать
жайла – расположиться, провести лето
жактыр – приглянуться
жапыз – низкий
жарнама – реклама
жергиликтүү – местный
жолдуу – удачливый
каала – хотеть
кезиктир – встретить
керме – верёвочная коновязь
колдо – поддержать
колукту – невестка
коопсуз – безопасность
корук – заповедник
көргөзмө – выставка
көчмөн – кочевой
күлүк – скакун
күнү-түнү – день и ночь
кызгылт – розовый
кызыр – покровитель удачи
кызырдуу – удачливый
мамы – столб
олжо – добыча
оңтойлуу – удобный
оюн-тамаша – веселье
өрөөн – долина
саванна – саванна
сафари – сафари
сергит – охлаждать
суусар – куница
тайган – тайган
тамшан – глотать слюни
тасмага тарт – снимать фильм
тушоо кесүү – разрезание пут
үйүр – табун
чаар-ала – полосатый
шыбырт – шорох
ынандыр – убеждать
ыраазы бол – быть благодарным
ырга – трясти
ырым – обычаи

# 7-ТЕМА

# КЫРГЫЗСТАН

1. Кыргызстан – эгемендүү өлкө
2. Кыргызстан – менин мекеним
3. Кыргызстандын тоо кыркалары
4. Кыргыз тоолору
5. Кыргыздын Ала-Тоосу
6. Кыргызстандын кен байлыктары

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- биргеликте аткарылган кыймыл-аракетти айтууну;
- Кыргызстандын жаратылышы тууралуу диалогдук кеп курууну;
- кимдир бирөөгө кеңеш берүүнү;
- көргөн, уккан, окуган маалыматка баа берүүнү;
- жаныбарларды, өсүмдүктөрдү жана кен байлыктарды сүрөттөп, мүнөздөмө берүүнү;
- сөздөрдүн жакын жана карама-каршы маанилерин табууну үйрөнөбүз.

**Эмнени иштей алабыз?**

- заттын орду жөнүндө маалымат сурай алабыз жана маалымат билдире алабыз;
- предметтин бар / жок экени жөнүндө маалымат сурай алабыз жана маалымат билдире алабыз;
- кеңеш жана сунуштарды билдире алабыз;
- кыймыл-аракет жөнүндө жана кыймыл-аракеттин убактысы, орду, себеби жана максаты жөнүндө маалымат сурай алабыз жана маалымат билдире алабыз;
- сүйлөмдөрдү толуктайбыз, окшоштуктар менен иштейбиз.

# 1 КЫРГЫЗСТАН – ЭГЕМЕНДҮҮ ӨЛКӨ



**1-ТАПШЫРМА.** **Картаны карагыла, Кыргызстан кайда жайгашканын айтып бергиле. Анын аймагы жана калкы жөнүндө эмне билесиңер?**




**2-ТАПШЫРМА.** Кыргызстан жөнүндө эмнени билесиңер?

**1. Кыргызстандын … аябай кооз.**

а) абасы  
б) суулары  
в) жаратылышы  
г) адамдары

**2. Биздин … абдан бийик!**

а) тоолор  
б) адамдар  
в) адырлар  
г) коктулар

**3. Тоолордун көз жетпеген чокуларында дайыма ак …, көк … жатат.**

а) мөңгү, муз  
б) кар, суу  
в) кар, муз  
г) булут, муз

**4. Ысык-Көлүбүз – кыргыз жергесинин – … .**

а) кубанычы, сыймыгы  
б) капасы, сыймыгы  
в) кубанычы, запкысы  
г) жаратылышы, көлү.

5. **Өлкөбүз расмий түрдө** … деп аталат.

а) Кыргызстан  
б) Кыргыз Республикасы  
в) Кыргыз  
г) Кыргыз жери

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ



**Мамлекеттик туусу**




**Мамлекеттик герби**

| | |
|---|---|
| **Негизделген** | 840-жыл (Кыргыз кагандыгы) |
| **Эгемендүүлүк күнү** | 31-август, 1991-жыл |
| **Тили** | кыргыз тили – мамлекеттик тили<br>орус тили – расмий тили |
| **Борбор шаары** | Бишкек |
| **Ири шаарлары** | Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Каракол |
| **Башкаруу формасы** | Парламенттик-президенттик республика |
| **Президенти** | Сооронбай Жээнбеков |
| **Премьер-министр** | Мухаммедкалый Абылгазиев |
| **Жогорку Кеңештин төрагасы** | Дастан Жумабеков |
| **Аянты** • Жалпы | 199 951 км$^2$ |
| **Калкы** | ▲ 6,140 200 адам |
| **Акча бирдиги** | кыргыз сому |




**Бишкек шаарынын герби**

**3-ТАПШЫРМА. Текстти инсерт ыкмасы менен белгилеп окугула.**

**Кыргызстан** – (расмий түрү: **Кыргыз Республикасы**) **Орто Азиянын** түштүк-чыгышында жайгашкан мамлекет. Өлкө түндүктөн **Казакстан,** батыштан **Өзбекстан,** түштүк-батыштан **Тажикстан,** ал эми түштүк-чыгыштан жана чыгыштан **Кытай** менен чектешет.

Кыргызстандын борбору – **Бишкек,** калкы жана аянты боюнча эң ири шаар.

Кыргызстандын калкы 6,0 миллиондон ашуун адам (2017-жыл). Анын 72,6%и (4 млн 6 миң) **кыргыздар,** 14,34%и (816,2 миң) **өзбектер,** 6,87%и (375,4 миң) **орустар, дунгандар** – 64 565, **уйгурлар** – 52 456, **тажиктер** – 50 174, түрктөр – 40 953, казактар – 33 701, татарлар – 28 059, **азербайжандар** – 18 946, **корейлер** – 16 807, **украиндер** – 14 485, **немистер** түзөт. Жалпысынан өлкөдө 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашайт.

Жалпы калктын 32,8%ин 14 жашка чейинки балдар түзөт. Эмгекке жарамдуулар калктын 59,0%ин, ал эми ишке жарамдуулардан улуулар – 8,7%ин түзөт. Кыргызстан Борбордук Азия цивилизациясынын жолунда

жайгашкан. Сулайман-Тоо, Өзгөндөгү тарыхый комплекс, Саймалуу таштагы сүрөттөр, Манастын күмбөзү, Таш-Рабат тарыхый кербен сарайы, Бурана мунарасы кыргыз жеринин байыркы тарыхтан калган кереметтери катары бааланат.

**4-ТАПШЫРМА. Кыргызстан жөнүндө видео тасма көргүлө. Салыштыргыла.**

Төмөнкү шилтемелердин бирин тандап, Кыргызстан жөнүндө кызыктуу жана кооз видеороликтердин бирин көргүлө:

- https://www.kgembassy.org/ru/announcement/presentation-about-kyrgyzstan/
- https://www.youtube.com/watch?v=Xtx5NNO5OG0
- https://ru.sputnik.kg/video/20170707/1034178793/rolik-puteshestvennika-o-kr.html
- Кыргызстан жөнүндө видеороликте жогорку текстте жок кандай маалымат көрсөтүлгөн?
- Видеодогу кайсы маалымат текст боюнча силерге маалым болгон эле?
- Силер «Кыргызстан – дүйнөдөгү байлыктарды камтыган таң калаарлык укмуштуу өлкө», «Кыргызстан – Азиянын жүрөгү» деген ойлорго кошуласыңарбы? Эмне үчүн? Жообуңарды негиздегиле.

# 2 КЫРГЫЗСТАН – МЕНИН МЕКЕНИМ

**1-ТАПШЫРМА. «Мекеним» деген темада «кымбатым, апамдай, тоолор, түздөр, белес, Ата-Журт» деген сөздөрдү катыштырып, чакан текст түзгүлө. Кайсы жупта «мыкты жазылган» деп тандаган текст болсо, ал текстти бүт класска окуп бергиле.**



**2-ТАПШЫРМА.** **И. Мансуровдун «Мекеним» деген ырын окуп чыккыла. Автор ырында өз мекени жөнүндө эмнелерди баяндайт? Автор өзүнүн өскөн жерин жакшы көрөбү? Аны кайсы саптар далилдейт? Ырдын текстин кара сөз (проза) менен баяндап бергиле.**

### МЕКЕНИМ

*сөзү И. Мансуровдуку,*
*обону Ж. Кайыповдуку*

Кымбатым – өскөн жер, мекеним,
Сен десем толгонуп кетемин.
Апамдай асырап өстүргөн,
Аныңды мен актаар бекемин.

Тоолоруң, түздөрүң, белесиң,
Көңүлгө шат болуп келесиң.
Киндик кан тамызган Ата-Журт,
Чаалыксам күч-кубат бересиң.

**3-ТАПШЫРМА.** **Ырдын тексти менен өзүңөрдүн жазган текстиңерди салыштыргыла. Ырдын кайсы жери силердин божомолуңар менен дал келди? Кайсы жерлери менен айырмаланды? Эмне үчүн? Окшоштуктары менен айырмачылыктарын атагыла.**

| Окшоштугу | Айырмачылыгы |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |

**4-ТАПШЫРМА.** **Өз позицияңарды жазуу түрүндө билдирүү үчүн төмөнкүлөрдү аныктагыла. РАФТ (роль/аудитория/форма/тема).**

1. Кайсы ролдор аркылуу баяндаса болот? (мекендин атынан, тоолордун атынан, өзүңөрдүн атыңардан, мурунку муундардын атынан)
2. Кайсы аудиторияга (кимге же эмнеге) кайрылып баяндаса болот? (мекендештерге, чет өлкөдө жашап жүргөн кыргызстандыктарга, жаратылышка, окуучуларга)
3. Кайсы формада (жанрда) баяндаса болот? (ыр, кулактандыруу, реклама, арыз, чакырык, ыраазычылык кат, ж. б.)
4. Кайсы теманы алып чыкса болот? (Мекен үчүн иштеп, кызмат кылуу; Душмандардан мекенди коргоо; Кыргызстандын жаратылышын сактоо; Мекендин ишеничин актоо.)

**5-ТАПШЫРМА.** **Топтордо иштегиле. Ар бир топ тандаган РАФТ боюнча даярдангыла. Жазуу ишин чогуу даярдап, доскага бир же бир нече окуучу чыгып окуп берсин. Бири-бириңерди баалагыла.**

**Мисалы,**

**1-топтун РАФТы.** Тоолордун атынан мекендештерге кулактандыруу Кыргызстандын жаратылышын сактоо темасында жазгыла.

**2-топтун РАФТы.** Мекендин атынан чет өлкөдө жашап жүргөн кыргызстандыктарга Мекендин ишеничин актоо темасында чакырык жазгыла.

**3-топтун РАФТы.** Мурунку муундардын атынан окуучуларга Кыргызстандын жаратылышын сактоо темасында ыраазычылык кат жазгыла.

**Жазуу ишин (РАФТ) баалоо критерийлери:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Маанисинин максатка дал келиши | 1 |
| 2. | Ролдун, аудиториянын, форманын жана теманын дал келиши. | 1 |
| 3. | Теманын толук (терең) ачылышы. | 1 |
| 4. | Тексттин сабаттуу жазылышы. | 1 |
| 5. | Публикация жана суроолорго жооп берүү. | 1 |
| | **Жалпы:** | **5** |

**6-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү кырдаалдарда ар түрдүү ролдорду аткарып, берилген теманы айтып бергиле.**

- Силердин класска башка өлкөдөн жаңы окуучу келди. Ага өз өлкөң жөнүндө эмнелерди айтып бересиң? Кыргызстандын жаратылышын сүрөттөп айтып бергиле.
- Сен туристтер менен иштейсиң. Кыргызстанга биринчи келген туристтерди аэропорттон тосуп алдың. Аэропорттон шаарга келе жаткан жолдо алар менен сүйлөш. Алдыдагы туристтик эс алууга кызыктыр.
- Сен Кыргызстандын жаратылышын сактоо темасындагы конференцияга катышасың. Ал конференцияда кайсы көйгөй жөнүндө айтып бере аласың? Чыгып сүйлөй турган сөзүңдүн кыскача тезистерин даярдап жатасың. Бул даярдыктарың жөнүндө мугалимиңе айтып бер.
- Үйүңө алыстан конок келди. Өз шаарың (айылың) жөнүндө төмөнкүлөрдү камтып айтып беришиң керек:
  - сенин шаарыңдын (айылыңдын) аталышы, жери;
  - шаарың (айылың) кандай (алдынкы, өнөр жайлуу, маданий борбор);
  - шаарыңда (айылыңда) кандай тарыхый кооз жерлер бар (борбордук көчөлөр, эстеликтер, театрлар…);
  - Сен кайсы кызыктуу жерлерди көрүүнү сунуштайсың;

# 3 КЫРГЫЗСТАНДЫН ТОО КЫРКАЛАРЫ

***Тоо кыркасы деген эмне?***
***Кандай тоо кыркаларын билесиңер?***

***Кыргыз тоолору жөнүндө текстте силер бир нече сан атоочтор-ду жолуктурасыңар. Сан атоочтун зат атооч менен айкалышына көңүл бургула.***

***Сан атоочтор менен айкалышкан зат атоочторго -лар мүчөсү жалганбайт.***

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 чоку | 15 чоку~~**лар**~~ | бийик чоку | бийик чоку**лар** |
| 100 мөңгү | 100 мөңгү~~**лөр**~~ | көп мөңгү | көп мөңгү**лөр** |
| 10 кербенчи | 10 кербенчи~~**лер**~~ | **төөчөн** кербенчи | **төөчөн** кербенчи**лер** |
| үч тоо | үч тоо~~**лор**~~ | көр**үнгөн** тоо | көрүнгөн тоо**лор** |

**1-ТАПШЫРМА. Мааниси боюнча ылайык сөздү тандагыла.**

Сексен сегиз (кырка, кыркалар); сексен сегиз (тоо кырка, тоо кыркалары). Эки (тоо, тоолор) көрүшпөйт, эки (адам, адамдар) көрүшөт. Бийик (тоо, тоолор) алыстан байкалат. Тянь-Шань тоолорунда көп (мөңгү, мөңгүлөр) бар. Жайы-кышы кетпеген (мөңгүсү, мөңгүлөрү) бар Ала-Тоо. Кыргыз-стан – бийик (тоолуу, тоолорлуу) өлкө. Көрүнгөн (тоонун, тоолордун) ыраагы жок.

**Эстегиле. Көптүк сандагы заттарды кантип айтабыз?**

| Кимдер? / Эмнелер? | | |
|---|---|---|
| кырка**лар,** чоку**лар** | кыргыз**дар** | аймак**тар** |
| тоо**лор** | бороон**дор** | муз**дар** |
| мөңгү**лөр** | өрөөн**дөр** | сүрөт**төр** |
| кербенчи**лер** | кебез**дер** | тоо этек**тери** |

**2-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөздөрдү синонимдери менен туташтыргыла.**

калтыра- – үшүйт
куш – катып калат
бороон – аска
адам тоңот – канаттуу
муз тоңот – бурганак, алай-дүлөй
зоо – пласт, кат
катмар – титире

**3-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөздөрдү антонимдери менен туташтыргыла.**

азуу – тоонун этеги
тоонун чокусу – жука
ула- – начар
калың – жерге тийген
сонун – жалпайып
көккө тийген – кашка тиш
каркайып – үз-

**4-ТАПШЫРМА. Тоо кыркалары жөнүндө жаңы маалыматты белгилеп окугула.**

Кыргызстандын жаратылышы абдан кооз жана кайталангыс. Кыргызстандын аймагында сексен сегиз тоо кыркасы бар! Анын ичинен сексен жетиси Тянь-Шанга тиешелүү. Тянь-Шань деген аталыш «асман тиреген тоо», башкача айтканда, Теңир-Тоо дегенди билдирет. Тянь-Шань өтө бийик жана кооз болгондуктан, кыргыздар аны эзелтеден Теңир-Тоо деп аташкан. Теңир-Тоо – бийик тоо. Анын кыркаларынын чокуларында түбөлүк мөңгүлөр жатат.

Кыргызстан – асман тиреген тоолордун жана гүлдөгөн өрөөндөрдүн өлкөсү.



**5-ТАПШЫРМА. Суроолорго жооп бергиле.**

1. Кыргызстандын аймагында канча тоо кыркасы бар?
2. Эмне үчүн Кыргызстан «асман тиреген тоолордун» жана гүлдөгөн өрөөндөрдүн өлкөсү деп аталат?
3. Теңир-Тоо деген эмнени билдирет?
4. Аны кандай элестеттиңер? Тоолорду сүрөттөп бергиле.

# 4 КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

***Төмөндө окуу үчүн сунушталган ырдын текстинде этиштер негизги жана кош мамиледе кездешет. Бул жөнүндө эмне билесиңер?***

| Этиштин негизги мамилеси | Этиштин кош мамилеси (Эки жактан тең болгон кыймыл-аракет) |
|---|---|
| **Эмне кылды? Эмне кылып жатат? Эмне кылат?** | **Ким /эмне (биргеликте) эмне кылды / эмне кылып жатат / эмне кылат?** |
| Азыр менин апам сүйлөйт. | Азыр менин апам телефондон сүйлө**шө**т. |
| Мен сүйлөм түздүм. | Мен сага сүйлөм түз**үш**түм (жардамдаштым). |
| Иним ырдады. | Иним класстaшы менен ырда**ш**ты. |
| Чоң энем курак курады. | Мен чоң энеме курак кура**ш**тым. |
| Таякем үзүлгөн жипти улады. | Бир тоо башка бир тоого ула**ш**ып турат. |
| Каздар жолдон чубап өтүшөт. | Балдар бири-бирине чуба**ш**ып, жолдон өтүштү. |

| Этиш | Чакчыл |
|---|---|
| ырда-; Досум ырдады. | ырдап; Досум ырдап баратат. |
| тий-; Күн тийди. | тийип; Күн тийип, жер жылыды. |
| жак-; Досума тоолор абдан жакты. | жагып; Досума тоолор абдан жагып, ал кайра келмек болуп кетти. |

**1-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөздөрдү үлгү боюнча өзгөртүп, суроо бергиле.**

***Үлгү:*** кураш- + -ып = курашып.
Улаш-, кел-, чубаш-, каркай-, заңкай-, тий-, арсай-, кет-, жалтыра-, тоң-, жаркыра-, өт-, калтыра-, сүй-, бол-, асман тире-, жең-, бил-.

**2-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөздөрдүн маанисине көңүл бургула.**





**кура-;** Эжем курак **кура**йт.



**кураш-;** Тоолор тоого **кураш**ат.



**ула-;** Агам түтүктөрдү **ула**йт.



**улаш-;** Тоолор тоого **улаш**ат.



**чуба-;** каздар **чубайт.**
Каздар **чубап** бара жатышат.



Кичинекей балдар **чубаш**ып бара жатышат.



Кербенчинин төөлөрү **чубаш**ып бара жатат.



Тоолор кербенчинин төөлөрүндөй **чубаш**ат.

**3-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөз айкаштарды пайдаланып, «Кыргыз тоолору» деген чакан текст түзгүлө.**

Тоолор тоого курашат, тоолор тоого улашат; кербенчинин төөлөрү, кебез тартып баратат, тоолор төөлөрдөй чубашат; тоңгон муздар, тоолор бийик, бороон калтырап араң өтөт, кыргыз эли тоолорду жакшы көрөт.

## 4-ТАПШЫРМА

1. **Ырды уккула. Кыргыз тоолорун көз алдыңарга элестеткиле.**
2. **2-жолу уккандан кийин тексттеги калтырылган сөздөрдү толуктап жазгыла.**

### КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Тоого тоолор курамалап, ________________________,
Узун тартып, уламалап, ___________________________,
Алда кайда кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй ______________________.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
____________________, калың тартып заңкайып.
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай ___________________________.

Мөңгү кетпей, ________________ жалтырап,
Тоңгон _______________ шөкүлөдөй жаркырап.
Ар жагынан бер жагына ______________ эмес,
Араң гана _______________ өтөт калтырап.

Кыргыз тоосу – элдин ________________тоолору,
Мындай сонун ________________ тоолор болорбу?
Асман тиреп жеңе билет ар качан
Өлкөбүзгө ________ ______________ жоолорду.

*А. Осмонов*

## 5-ТАПШЫРМА. **Туура жана катасын белгилегиле. Катасын оңдогула.**

| | туура | ката |
|---|---|---|
| Ырда кыргыз тоолорунун коздугу жөнүндө айтылган. | | |
| Тоолор коркунучтуу сүрөттөлгөн. | | |
| Акын тоолорду төөлөргө салыштырып жатат. | | |
| Тоолордун миздери алмазга салыштырылган. | | |
| Акын зоолорду арстандын азуусуна салыштырат. | | |
| Тоонун чокусунда мөңгү көпкө жатпайт. | | |
| Тоонун чокусунда бороон болбойт. | | |
| Мындай сонун асыл тоолор башка жакта жок. | | |
| Тоолор кас санаган жоолор менен күрөшөт. | | |

## 6-ТАПШЫРМА. **Кыргызстандын кайсы тоолорунда болгонсуңар? Силер барган тоону сүрөттөп бергиле.**

# 5 КЫРГЫЗДЫН АЛА-ТООСУ

***Сүрөттөрдү карап, Кыргызстандын тоолорун сүрөттөгүлө.***




**1-ТАПШЫРМА.** **«Курч текөөр бүркүт, түлкү, аюу, жолборс, сүлөөсүн, марал, эчки, теке, кекилик, чил» деген сөздөр катышкан текст кандай жанрдагы текст деп ойлойсуңар?**

**2-ТАПШЫРМА.** **Ушул сөздөр катышкан «*Кыргыздын Ала-Тоосу*» деген ырда эмне жөнүндө окуйбуз деп ойлойсуңар? Оюңарды жуптарда бөлүшкүлө.**

**3-ТАПШЫРМА.** **Эки мамычадагы сөз айкаштарды салыштыргыла. Өз алдыңарча тыянак чыгаргыла.**

| Эмне кылган? | Кайсы? |
|---|---|
| Түлкү жойлогон | Жойлогон түлкү |
| Түлкү таштан-ташка секирген | Таштан-ташка секирген түлкү |
| Айбандар жойлогон | Жойлогон айбандар |
| Чымчыктар сайраган | Сайраган чымчыктар |
| Маралдар маараган | Маараган маралдар |
| Аюу, жолборс, сүлөөсүн аралашып ойногон. | Аралашып ойногон аюу, жолборс, сүлөөсүн. |

**Этиш сөздөрдөн атоочтуктар жасалат**

**Мисалы:** түлкү (эмне кылган?) **жойлогон** (жойлогон – кыймыл-аракет – этиш). Жойлогон (кайсы?) түлкү (жойлогон – атоочтук);

Түлкү таштан-ташка **секирген** (түлкү эмне кылган?). Таштан-ташка ***секирген*** түлкү (кайсы түлкү?). Айбандары **жойлогон** (айбандар эмне кылышкан?). ***Жойлогон*** айбандар (кайсы айбандар?).

**4-ТАПШЫРМА.** **Ырдын тексти менен таанышып, тапшырмаларды аткаргыла.**

### КЫРГЫЗДЫН АЛА-ТООСУ

**Ала баарчын, курч текөөр**
Бүркүтү бар Ала-Тоо.
Таштан-ташка секирген
Түлкүсү бар Ала-Тоо.

Ала-Тоонун арасын
Айбандары **жойлогон,**
Аюу, жолборс, **сүлөөсүн,**
Аралашып ойногон.

Чымчыктары сайраган,
**Маралдары маараган,**
Эчки, теке топтошуп
**Ээн тоону жайлаган.**

**Кекилиги, чилдери,**
Кызыл-тазыл гүлдөрү,
Көңүлүңдү көтөрөт
Куштун салган үндөрү.

*Ж. Бөкөнбаев*

■ **Ырдын тексти боюнча тапшырмалар:**

1. Белгиленген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Сөздүк менен иштегиле.
2. Сөз айкаштарды туташтыргыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Көрүнгөн | эчкилер | Секирген | чымчык |
| Сайраган | гүл | Жайнаган | марал |
| Топтошкон | түлкү | Мааранган | тоо |

3. Туурасын жана катасын белгилеп, каталарын оңдогула.

***Үлгү:*** Ала-Тоодо түлкү жашайт.
Ээн тоону **топтошкон** эчки, теке жайлашат.
Тоонун арасында **жашаган** жаныбарлар аз.
**Жайнаган** гүлдөрдүн арасында кекилик сайрайт.
Тоодо **жашаган** сүлөөсүн – бул куш.
Автор Ала-Тоону **жайлаган** жаныбарларды жактырбайт.
Жаш бүркүттү баарчын дейт.
Кыргыздын Ала-Toocy – кереметтүү жер.

4. Бири-бириңерге суроо бергиле. Берилген суроолорго ар бириңер жооп берип, жоопторду толуктап, ырдын мазмунун талкуулагыла.

**5-ТАПШЫРМА.** **Эки топто иштегиле. Ар бир топ үчүн берилген кырдаал боюнча даярдангыла. Топтор бири-бириңерге тапшырма боюнча айтып берип, бири-бириңерди баалагыла.**

**1-топко кырдаалдык тапшырма**

**Силер тоого жөнөп жатасыңар. Тоого барган жолду түшүндүрүп бергиле. Силер турган жерден тоого кантип барса болот? Кайсы тарапка карап жөнөш керек? Эмне менен барган жакшы? Кимдер болуп барган жакшы? Эмне алып алган туура болот? Кандай кийим кийиш керек?** Бул суроолорго жоопторду ватманга сүйлөмдөр, макал, сүрөт, жолдун картасы ж. б. аркылуу чагылдыргыла.

**2-топко кырдаалдык тапшырма**

**Силер тоодо эс алып келдиңер. Силер менен барбаган адамга ошол тоону сүрөттөп бергиле. Тоо кайсы тарапта жайгашкан? Аталышы**

**кандай? Ал кандай тоо? Эмнеси жакты / жаккан жок? Эмне үчүн? Ошол жакка дагы барасыңарбы же жокпу? Кийинки жолу барсаңар, кантип барат элең? Бул жолку барганга караганда эмнени өзгөртөт элеңер?** Бул суроолорго жоопторду ватманга сүйлөмдөр, макал, сүрөт, жолдун картасы ж. б. аркылуу чагылдыргыла.

■ **Топтордун жактоосун баалоо критерийлери:**

1. Кырдаалдын темасынын мазмуну так, толук, кызыктуу ачылды. (1 упай)
2. Доскага топтун бардык мүчөлөрү чыгып, бири-бирин улап айтып беришти. (1 упай)
3. Алардын айткан сүйлөмдөрү логикалык байланышта болду, бир бүтүн текст катары баяндалды. (2 упай)
4. Презентация барагы түшүнүктүү, кооз, кызыктуу даярдалган. (1 упай)
*(Жалпысы 5 упай)*

# 6 КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

***Кыргызстанда кандай кен байлыктар бар? Алар жөнүндө эмне билесиңер? Алар эмне үчүн байлык болуп эсептелет?***

■ **Сөздөрдүн антонимдерин тапкыла**

пайдалуу –
баалуу –
катуу –
терең –
табигый –

**1-ТАПШЫРМА. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

1. **Кыргызстанда пайдалуу … көп.**
   а) жер б) кен в) көң г) көл
2. **Кендер – өлкөбүздүн … .**
   а) байлыгы б) сыймыгы в) капасы г) көйгөйү
3. **Пайдалуу кендерди адегенде … изилдеп табышат.**
   а) археологдор б) химиктер в) географтар г) геологдор
4. **… шахталарда жана карьерлерде казылат.**
   а) көмүр б) газ в) кум г) таш
5. **… жана … жердин астынан алышат.**
   а) мунайды, жаратылыш газын
   б) буудайды, арпаны
   в) кумду, ташты
   г) айнекти, чопону
6. **Кен казуу – жер … кен байлыктарды орун алган жеринен … иштери.**
   а) катмарындагы, казып алуу
   б) кыртышындагы, бөлүп алуу
   в) астындагы, ташып алуу
   г) кыртышындагы, таап алуу

**7. ... жана газ ... скважиналарынан өндүрүлөт.**

а) Алтын, тик казуу
б) Металл, горизонталдуу
в) Көмүр, ачык бургулоо
г) Нефть, терең бургулоо



**2-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.**

Пайдалуу кендер – өлкөбүздүн баа жеткис байлыгы. Гранит, кум, чопо, акиташ, көмүр, аш тузу, сурьма, сымап, калай жана башка тоо тектерин адам өзүнүн чарба иштеринде пайдаланат. Булар – пайдалуу кендер. Пайдалуу кендердин көпчүлүгү катуу кендер. Бирок суюк, газ сымал кендер да бар. Мунай – суюк, жаратылыш газы – газ сымал болот. Пайдалуу кендер жер түпкүрүндө жайгашкан. Адегенде геологдор пайдалуу кендерди изилдеп табышат. Андан кийин башка адистер аны казып алуу үчүн картадан кен жайгашкан жерди белгилеп коюшат.

Пайдалуу кендерди түрдүүчө казып алышат. Көмүрдү шахталарда жана карьерлерде казып алышат. Мунайды жана жаратылыш газын жер астынан алышат. Бул үчүн бургулоочу мамыларды орнотуп, терең скважиналарды бургулашат.

- Кыргызстанда кандай пайдалуу кендер бар?
- Кен деген эмне?
- Кендерди адегенде кимдер табат?
- Алар кандай жолдор менен алынат?

**3-ТАПШЫРМА. Топтордо сүрөттөгү кендин бирине мүнөздөмө бергиле. Ал кандай болот, аны кайдан табышат, кантип пайдаланат?**


Көмүр


Алтын


Мунай


Калай

**4-ТАПШЫРМА.** **Таблицага таянып, кайсы пайдалуу кендер кайсы жерлерде казылып алынганын картаны пайдаланып айтып бергиле.**

| Кендердин аталышы | Кайсы жерде | Кайсы областта |
|---|---|---|
| Көмүр | Таш-Көмүр | Жалал-Абад |
| | Кызыл-Кыя | Баткен |
| | Кара-Кече | Нарын |
| | Жыргалаң | Ысык-Көл |
| | Өзгөн | Ош |
| Мунай | Майлы-Суу | Жалал-Абад |
| Алтын | Кумтөр | Ысык-Көл |
| | Жер-Үй | Талас |
| Сурьма | Кадамжай районунда | Баткен |



**«Пайдалуу кендер» тесттин суроолоруна жооп бергиле**

**1. Кайсы адистер пайдалуу кендерди изилдеп табышат?**

а) геологдор
б) археологдор
в) биологдор
г) куруучулар

**2. Кандай заттар пайдалуу кендер деп аталат?**

а) бардык пайдалуу заттар
б) адамдар үчүн пайдалуу витаминдер
в) жер астындагы же жер үстүндөгү пайдалуу заттар
г) жер астындагы же жер үстүндөгү таштар

**3. Аталган топко тиешеси жок пайдалуу кенди белгилегиле:**

а) таш көмүр
б) мунай
в) гранит
г) жаратылыш газ

**4. Ашыкчасын белгилегиле:**

а) кирпич
б) кум
в) темир кени
г) топурак

**5. Кайсы пайдалуу кендер курулушта пайдаланылат?**

а) кум, чопо
б) гранит, торф
в) көмүр, аш тузу
г) көмүр, кум

**6. Кайсы пайдалуу кендер отун болуп пайдаланылат?**

а) темир кени
б) көмүр, жаратылыш газы
в) графит, күкүрт
г) алтын, калай

**7. Кайсы пайдалуу кенден металлдарды алышат?**

а) көмүрдөн
б) граниттен
в) рудадан
г) газдан

**8. Берилген пайдалуу кендерди мүнөздөгөн сөздөрдү тандагыла.**

Гранит: ______________________________.

Чопо: ______________________________.

Акиташ: ______________________________.

***Жардамчы сөздөр:*** өңү ак, жакшы жабышат, катуу, тунук эмес, борпоң, күйбөйт, жумшак, боз же кызыл өңдүү, кооз.

**9. Төмөнкү кендерди бири-бирине салыштыргыла.**

Гранит, көмүр, чопо, кум, алтын, нефть. *Төмөнкү кептик таянычты, жардамчы сөздөрдү пайдалангыла.*

**(Эмне) (эмнеден) эмнеси менен / кантип айырмаланат.**
**Кымбат, катуу, курам, сапат, форма, өң-түс, жыт, жумшак, баа.**

Гранит көмүрдөн баасы менен айырмаланат. Көмүр чоподон отун болуп күйүп айырмаланат. Чопо кумдан жумшактыгы менен айырмаланат…

---

**5-ТАПШЫРМА.** **Жер астындагы сууларды жана баткактарды да пайдалуу кендер десе болобу? Эмне үчүн? Алар жөнүндө маалымат таап, айтып бергиле.**



Дары баткактар



Булактар

**6-ТАПШЫРМА.** **Кыргызстанга алыскы өлкөлөрдөн меймандар келишти. Алар Кыргызстан жөнүндө маалымат алып, кайсы жерлерге баруу керек экендиги жөнүндө кеңешкилери келет. Кичи топтордо иштеп, Кыргызстан жөнүндө айтып бергиле, кайсы жерге барып эс алуу боюнча сунуш бергиле.**

■ **Сунуш берүүдө таблицаны толтургула**

| Эмне? | Кайда жайгашкан? | Ал эмнеси менен кызыктуу? |
|---|---|---|
| Соң-Көл | Нарын аймагында жайгашкан. | Соң-Көл тоо өрөөнүндө жайгашкан.<br>Соң-Көлгө 18ден ашык суу куюлат. |
| Бурана | | |
| Арстанбап | | |
| Саймалы-Таш | | |
| Таш-Рабат | | |

**7-ТАПШЫРМА.** **Билимиңерди карточкалардын жардамы менен баалагыла.**

| ✓ | + | ✗ |
|---|---|---|
| Тема боюнча иштөө мага жакты. Мен жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Мага кызыктуу болду. Мен ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым, жалпы топ менен да иштей алдым. | Көп деле пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Жооп берген жокмун. |

## КЫЗ-МАЗАР

Биздин айылдан он эки чакырым алыстыкта «Кыз-Мазар» деген капчыгай бар. Капчыгайдын ичи арча, карагай, жапайы карагат, бөрү карагат, ышкынга толуп, жолдун четинде көк кашка тоо суусу агып өтөт. Асмандан бүркүт шаңшып, айланып учса, борчуктарда жойлогон түлкүлөр, кез-кез чакчыгайдын чаңырыгы, бадал түбүнөн булт этип суурулуп, кайра жашынган коён, түркүн куштардын сайроосу коoздуктун көркү сыяктанат.

Бул капчыгайдын «Кыз-Мазар» аталып калышы жөнүндөгү уламышты укканым боюнча жаздым.

Илгери Ак-Булак өрүшүндө малы күтүрөп, желе-желе бээ байланып, кымыз, айран, жуурат, эжигей, курут, сары май берекеси төгүлүп, бир айыл эл болуп ынтымакта жашашчу экен. Айылда туура сүйлөгөн сөзү, көрө билген көзү бар калыс Бердике деген уста жашаптыр. Кемпири экөө карыганча жалгыз кызынан башка балалуу болушпаптыр. Күндөн-күнгө кызы суналып, ажары жанган, келишимдүү, айдай сулуу, колунан бардык иш келген уз, акылы жетик токтоо болуп, суктанбаган жан калбайт. Жуучунун саны көбөйүп, бирок кыздын көңүлүнө жакпайт. Жетиген уруусунун Жедигер байы, жетимишке барып калса да, Айгеримди токолдукка алам деп эки жолу колун суратып киши жиберет. Бердике ичинен чочуласа да, ичи күйүп түтөсө да:

– Кызым өзү каалаганына барат, Жедигер байга менин кызыман башка кыз толуп жатпайбы? – деп жөнөтүп коёт.

Бул жооптуу уккан Жедигер бай жинденип, үчүнчү жолу өзү келип:

– Кызыңды сыйың менен бергиниң, болбосо, кемпириң экөөңдү кул кылып, үйүңдү өрттөп, кызыңды зордоп алып кетем. Эртең даяр кылгын, – деп жигиттери менен тебелеп кетчүдөй болуп омуроолоп кетет.

Бердике аялы экөө көз жашын төгүп:

– Эркек болуп калсаң эмне, каралдым. Буга чейин жашыраак бирөөнө макул болуп койгондо эмне! – деп чолпондой жанган кызын Жедигер чалга ыраа көрбөй ичи өрттөнүп, айласы куруп турганда, кызы суйсала басып келип:

– Ата, апа, ыйлабаңыздар, тагдырыма жазганын көрөйүн. Жедигер чалга баргыча, жер кезип тентип өлөйүн. Багым болуп аман болсом кабарлашам, – дейт.

Ата-энеси ыйлап-сыктап акыры макул болушат. Эртеси таң салганда Айгерим эркекчесинен кийинип, чачын башына ороп түйүп, жан азыгын

алып, бычагын жанына салып, ата-энесин ойготпостон жөнөп кетет. Кыз шашып, чуркап да, басып да жүрүп олтуруп, капчыгайдын оозуна келип, булакка жүзүн жууп, эс алып отура кетет.

Күн көтөрүлүп калган эле. Кыз жүрөгү коркунучту туюп, ордунан тура капчыгайды аралай чуркайт. Куугун жакындагандан жакындайт. Бирде жыгылып, бирде туруп, чуркап олтуруп, капчыгайдан чыгып, өйдө төш таяна жөрмөлөп чыга баштайт.

Жедигер чал жигиттери менен текирең-таскак түшүп жетип келишип, тоого чыгып бараткан кызды көрүп, «тигине кармагыла» дешип, аттарын таштап, жабыла жөнөшөт.

Айгерим тоонун кыл чокусуна чыгып, эки жагын караса, аркасы аска, алды жагында жан алгычтай жабылып келе жаткан Жедигердин жигиттери. Кайда качарын билбей айласы куруп, жанындагы бычагын алып, жаш толгон көзүнө дүйнөнү акыркы ирет чөгөрүп, кош айтышып, жүрөгүнө бычак сайып, жан берген экен.

Жетип келген Жедигер бай менен жигиттери канга боёлуп, суналып жаткан кызды көрүшүп дал болушат. Жедигер башын мыкчып, жер чапчып, өзү кылган күнөөсүн мойнуна алып, өкүрүп ыйлап турган дешет.

Ошол чокуга жай каздырып, ак кепиндеп көмүп, белги коюп, куран окуп кеткен экен. Ур токмокко алып, үйүн өрттөгөн ата-энесинин алдына түшүп, үстүлөрүнө үй, өрүшүнө мал бериптир. Жалгыз кызынын күйүтүн көтөрө албай Бердике аялы экөө көп өтпөй каза болушат.

Капчыгайдын кире беришиндеги кош булак Айгеримдин көзүнөн аккан жаш дешет. Капчыгай – кыз жаткан мазар. «Кыз-Мазар» аталышы ушундан экен.



1. **Бул ... .**
   а) жомок
   б) поэма
   в) роман
   г) уламыш

2. **Уламышта ... жөнүндө айтылат.**
   а) жаш сулуу
   б) секелек кыз
   в) жаш улан
   г) жаш жигит

3. **Кыздын сулуулугу ... жетет.**
   а) вазирге
   б) ханга
   в) кемпирге
   г) чалга

4. **Айгеримдин ата-энеси жуучуга ... деп жооп беришет.**
   а) жактырганына барат
   б) жигитине барат
   в) кудалашканына барат
   г) коңшуга барат

5. **Айгерим ... мажбур болот.**
   а) аларды алдоого
   б) жашынып калууга
   в) качып кетүүгө
   г) макул болууга

6. **Айгеримдин артынан куугунчулар ... жетишет.**
   а) эки тоо ортосунан
   б) эки айыл ортосунан
   в) эки шаар ортосунан
   г) эки токой ортосунан

**7. Эмне кылаарын билбей ... сайган экен.**
а) найза
б) бычак
в) жаа
г) ийне

**8. Ошондо Жедигер ... сезет.**
а) өз кадырын
б) өз жамандыгын
в) өз жакшылыгын
г) өз күнөөсүн

**9. Жедигер кызды ... .**
а) тоого таштап кетет
б) жерге жашырып кетет
в) сууга ыргытып кетет
г) үңкүргө таштап кетет

**10. Капчыгайдын босогосунда агып жаткан эгиз булак Айгеримдин ... .**
а) каны
б) жаны
в) жашы
г) муңу

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

азуу – коренной зуб
акиташ – известь
аралаш – вперемежку
арпа – ячмень
баалуу – ценный
барчын – молодой беркут
баткак – грязь
бириктир – объединить, соединить
борчук – скала на гребне горы
бурганак – метель
бургулоо – бурить
буудай – пшеница
бээ – кобыла
жарамдуу – пригодный
желе – привязь для жеребят
жойлогон – рыскающий
жолборс – тигр
жоо – враг
көң – слежавшийся овечий помёт
калыс – справедливый
капас – клетка
катуу – твёрдый, крепкий
кебез – вата, хлопок
кекилик – кеклик
кен – ископаемое
кербен – караван
керемет – чудо, диво
кум – песок
күтүрө – быть в большом количестве
кызыл-тазыл – разноцветный
мөңгү – ледник
мунай – нефть
өрөөн – долина
өрүш – пастбище близ айыла
пайдалуу – полезный
сарай – дворец
сүлөөсүн – рысь
сымал – подобный
тарых – история
таш – камень
тек – (геол.) порода
текөөр – коготь беркута
терең – глубокий
толгон – терзаться
тоо этек – подножие горы
тоом – распутье
уста – мастер
чаалык – утомление
чектеш – граничить
чил – куропатка
чопо – глина
чубаш – идти гуськом
шөкүлө – кыргызский женский головной убор
ыраак – далёкий

# 8-ТЕМА

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАТЫЛЫШЫ

1. Кыргызстандын жаныбарлары
2. Кыргызстандын канаттуулары
3. Кыргызстандын өсүмдүктөрү
4. Экология. «Ысык-Көлдүн куту жана куну»

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- биргеликте аткарылган кыймыл-аракетти айтууну;
- Кыргызстандын жаратылышы тууралуу диалогдук кеп курууну;
- кимдир бирөөгө кеңеш берүүнү;
- көргөн, уккан, окуган маалыматка баа берүүнү;
- жаныбарларды, өсүмдүктөрдү жана кен байлыктарды сүрөттөп, мүнөздөмө берүүнү;
- сөздөрдүн жакын жана карама-каршы маанилерин табууну үйрөнөбүз.

**Эмнени иштей алабыз?**

- заттын орду жөнүндө маалымат сурай алабыз жана маалымат билдире алабыз;
- предметтин бар / жок экени жөнүндө маалымат сурай алабыз жана маалымат билдире алабыз;
- кеңеш жана сунуштарды билдире алабыз;
- кыймыл-аракет жөнүндө жана кыймыл-аракеттин убактысы, орду, себеби жана максаты жөнүндө маалымат сурай алабыз жана маалымат билдире алабыз;
- сүйлөмдөрдү толуктайбыз, окшоштуктар менен иштейбиз.

# 1 КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАНЫБАРЛАРЫ

**Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө эмнелерди билесиңер? Сүрөттөрдү карап, Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө айтып бергиле.**



Токтогул суу сактагычы



Ноокаттын Кара-Кой жайлоосу



Абшыр-Сай шаркыратмасы



Кызыл-Үңкүр жайлоосу



Кегети коктусундагы Көл-Төр



Чүйдөгү Кашка-Суу капчыгайы

https://www.super.kg/mobile/media/uservideo/53520 шилтемесине кирип, Кыргызстандын кооз жаратылышы жөнүндө видео (узактыгы 1.47 минута) көрсөңөр болот.

**1-ТАПШЫРМА. Табышмактарды таап, сүрөттөр менен дал келтиргиле.**




Ача туяк, төрт казык,
Өтө кыйын жүгүрөт.



Узун куйрук, кызгылт жүн,
Шек алдырбай жойлогон.
Айбан туруп өтө куу,
Ал эмне? Ойлонгун.



Кийимин тиккен ийнеден,
Коркуп жырткыч тийбеген.



Саксайган түрү бар,
Адам коркор үнү бар.



Жылмалыгы жыландай,
Оттогону куландай,
Отурганы адамдай,
Жайкысын болчу жаныбар,
Кышкысын болбойт бул кандай?

**2-ТАПШЫРМА. Кыргызстанда кандай жаныбарлар бар? Алар жөнүндө эмнелерди билесиңер? Кыргызстандагы жаныбарлардын аталыштарын жазгыла. Жупта окуп бергиле.**

– Кыргызстанда кандай жаныбарлар бар?
– … .
– Алар кайда жашашат?
– … .
– Эмне менен азыктанышат?
– … .
– Жаныбарларга кандай мамиле кылуу керек? Эмне үчүн?
– … .
– Кызыл китепке киргизилген жаныбарлар жөнүндө эмнелерди билесиңер?
– … .

| Этиштин баяндагыч ыңгайы | | |
|---|---|---|
| **Эмне кылган? Эмне кылды?** | **Эмне кылат? Эмне кылып жатат?** | **Эмне кылат? Эмне кылмак?** |
| Ак илбирс Кызыл китепке киргизилген. | Ак илбирс тоодо жашайт. | Келечекте ак илбирс көбөйөт. |
| Бүркүт Кызыл китепке киргизилген. | Бүркүт азыр Кыргызстанда бийик тоолордо жашайт. | |

**3-ТАПШЫРМА. Сүрөттөгү жаныбарлардын аталыштарын атап, аларга кыскача мүнөздөмө бергиле.**



Бул ак илбирс. Ал тоодо жашайт. Ал Кызыл китепке киргизилген.



Бул … . Ал тоодо … .



Бул … . Ал токойдо … . Ал Кызыл китепке … .



Бул … . Ал тоодо, токойдо … . … китепке киргизилген.



**4-ТАПШЫРМА. Кызыл китеп жөнүндө эмне билесиңер? Силер атаган жаныбарлардын кайсынысы Кызыл китепке киргизилген?**

Кызыл китеп – сейрек кездешүүчү жана жоголуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөр тууралуу маалыматтардын жыйындысы. Кыргызстандын Кызыл китебине жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн 210дон ашык түрү киргизилген. Алар мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат.

Кыргызстандагы сейрек кездешкен жаныбарларга бугу, марал, аркар, сүлөөсүн, илбирс, суусар, суур жана күрөң аюу кирет. Алар Теңир-Тоонун карагайлуу токойлорун жана бийик тоолуу Арпа, Ак-Сай, Суусамыр өрөөндөрүн мекендейт. Бул жаныбарларга аңчылык кылууга болбойт, алар Кызыл китепке киргизилген.

**5-ТАПШЫРМА. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

1. Кызыл китеп – … жыйындысы.
2. Кыргызстандын Кызыл китебине … ашык түрү киргизилген.
3. Кыргызстанда сейрек кездешкен жаныбарларга … кирет.
4. Алар … мекендейт.
5. Бул жаныбарларга … болбойт, алар Кызыл китепке … .

**6-ТАПШЫРМА. Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.**

- Кызыл китеп кандай китеп?
- Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген жаныбарларды атагыла.
- Кайсы өрөөндөрдү бийик тоолуу өрөөндөр дейбиз?
- Кызыл китептеги жаныбарларга аңчылык кылууга болобу? Эмне үчүн?

**7-ТАПШЫРМА. Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген жаныбарларды кантип сактап калыш керек? Кичи топтордо талкуулап, чакыруу, макала же башка формада текст түзүп, презентация кылгыла.**

**8-ТАПШЫРМА. Ак илбирс жөнүндө эмнелерди билесиңер?**

**9-ТАПШЫРМА. Берилген сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.**

Сейрек кездешүүчү, ак илбирс, байырлайт, мекендейт, сактоо, эл аралык.

**10-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, эки жөнөкөй жана үч көйгөйлүү суроо түзгүлө. Суроолорго жооп бергиле.**

### АК ИЛБИРС

Азыркы учурда жер жүзүндө бол жол менен 3 миңден 7 миңге чейин гана ак илбирс калган. Анын ичинен 300дөй илбирс Кыргызстандын аймагын байырлайт. Алардын да саны жылдан жылга азайып баратат. Ак илбирс жайы-кышы мөңгүлөргө жакын тоолор менен токойлордо жашайт. Өтө сейрек кездешүүчү илбирс Тянь-Шань тоолорун мекендейт. Кыргызстанда 2012-жылдын 22–23-октябрында ак илбирсти сактоо боюнча Эл аралык форум болду. Иш-чараны өткөрүүнү Германиянын канцлери Ангела Меркель колдогон. Ак илбирс дүйнөнүн 12 мамлекетинде бар. Ушуга байланыштуу форумга 12 өлкөдөн эксперттер келишти: Афганистан, Бутан, Индия, Казакстан, Кытай, Монголия, Непал, Пакистан, Россия, Тажикстан жана Өзбекстан. Жок болуп бараткан ак илбирстерди коргоо керек. Форумда бул маселеге жергиликтүү жана дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн бурдуруу маселелери талкууланды. Жыйындын соңунда ак илбирсти сактоо боюнча глобалдык программа кабыл алынды. Мындан аркы иш-аракеттер бекитилди. Ошондой эле Бишкек декларациясына кол коюлду.

**11-ТАПШЫРМА. Туурасын жана катасын (√) белгилегиле.**

| | Т | К |
|---|---|---|
| Жер жүзүндө 3 миңге чейин гана ак илбирс калган. | ( ) | (√) |
| Кыргызстандын тоолорунда 3 миңге чейин ак илбирс бар. | ( ) | ( ) |
| Илбирстер мөңгүлөрдү мекендешет. | ( ) | ( ) |
| Илбирсти сактоо боюнча иш-чараны Ангела Меркель өткөргөн. | ( ) | ( ) |
| Глобалдык программа ак илбирсти сактайт. | ( ) | ( ) |
| «Ак илбирстин тукуму» тасмасы 1984-жылы тартылган. | ( ) | ( ) |

Кожожаштын ролунда – Мурза Гапаров. ( )( )
Форумга 12 өлкөдөн эксперттер келишти. ( )( )
Жок болуп бараткан ак илбирстерди коргоо керек. ( )( )

**12-ТАПШЫРМА.** **Жок болуп бараткан ак илбирстерди коргоого байланыштуу Саммитке 2017-жылдын сентябрында 12 өлкөдөн эксперттер Бишкекке келишти. Ошол эксперттердин биринен / бир нечесинен интервью аласыңар. Интервью түзгүлө жана жазгыла.**

# 2 КЫРГЫЗСТАНДЫН КАНАТТУУЛАРЫ

**1-ТАПШЫРМА.** **Канаттуулардын аталыштарын атагыла. Алар жөнүндө эмне билесиңер? Жуптарда сүйлөшкүлө.**



Бул … . Ал Кыргызстанда бийик тоолордо жашайт.



Бул … . Ал Кыргызстанда … жашайт.



Бул … . Ал Кыргызстанда … … .




Бул … . Ал … … … .

**2-ТАПШЫРМА.** **Табышмактарды тапкыла.**

Тиши жок, тили бар,
Шаңшыган үнү бар.
Оозу курч ороктой
Алгырды билип ал.

Жүнүн көрсөң үлпүлдөк,
Күндүз уктайт сүлкүлдөп.
Кечте көзү көрөгөн,
Жемин издеп жөнөгөн.



**3-ТАПШЫРМА.** **Канаттуулардын аталыштары менен мүнөздөмөсүн дал келтиргиле.**

| | |
|---|---|
| Үпүп | Бул канаттуу өрөөндөрдө гана кездешет. Айылдарга, айыл четиндеги фермаларга жакын топ-топ болуп жашайт. Дан эгиндерине зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды жеп, пайда алып келет. Ошондуктан адамдар ага атайын жыгачтан уя жасап, илип коюшат. |
| Чыйырчык | «Бытпылдык» деп үн салчу анча чоң эмес канаттуу. Көбүнчө дан эгин айдалган талааларда жашайт. Жашоосунун көбү асманда эмес, жерде өткөндүктөн, душманынан чуркап качып кутулат. Өсүмдүктөрдүн уругун, курт-кумурскаларды жейт. |
| Бөдөнө | Бул канаттуу «үп-үп» деп үн салат. Тумшугу узун, ичке, ал эми тили кыска. Курт-кумурскалар жана курттар менен азыктанат. Жазда учуп келет. |
| Бүркүт | Бул канаттуу аска-зоолордо жашайт. Колдогусу 40–45 жашка, жапайысы 100гө чыгат. Тумшугу ич жагына ийри, көзү ак, канатынын мөрүсү калың, шыйрагы ичке, балтыры жоон. |

**4-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттөрдү пайдаланып, адамдар бүркүттү кайда, кантип пайдаланышы жөнүндө айтып бергиле.**







**Жардамчы сөздөр:** бүркүтчү, бүркүт, тапта-, ат, ит, аңчылык, түлкү, томого.

**5-ТАПШЫРМА.** **Ким жаңылбай окуйт? Мелдеш уюштургула.**

Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томологогондо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт?

**6-ТАПШЫРМА.** **Кичи топтордо Кыргызстандагы канаттуулар жөнүндө презентация даярдап, айтып бергиле.**

# 3 КЫРГЫЗСТАНДЫН ӨСҮМДҮКТӨРҮ

***Кыргызстанда өсүмдүктөрдүн кайсы түрлөрү өсөт?***

**1-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттөгү бак-дарактардын аталыштарын жазгыла. Силер жашаган жерде кайсы бак-дарактар өсөт?**



**Жардамчы сөздөр:** терек, карагай, кызыл карагай, кайың, эмен, мажүрүм тал.

**2-ТАПШЫРМА.** **Жаңылмачты айткыла.**

Бак – шагы менен бак,
Шак – багы менен шат.

Шаттуу бактын шагы көп,
Шактуу бактын баары көп.

**3-ТАПШЫРМА.** **Табышмактарда кайсы бактар жөнүндө айтылган? Жообун тапкыла.**

Жыл мезгилин ылгабас,
Кыштыр-жайдыр кургабас.
Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт,
Кийгени жашыл жибек,
Жай-кышы түк чечпейт.

**Сапаттык сын атоочтор: Кандай?**

| | | |
|---|---|---|
| жыттуу, пайдалуу<br>бийик, чоң<br>көк-жашыл<br>коюу, суюк<br>жакшынакай | } **арча** | |

**Арчанын белгиси:**

сапаты
бийиктиги, өлчөмү
өңү-түсү
өзгөчөлүгү
сырткы көрүнүшү

**4-ТАПШЫРМА.** **Үлгү боюнча Кыргызстанда өскөн бактар жөнүндө айтып бергиле.**

***Үлгү:*** Алмурут**тун** бийиктиги … . Анын жашоосу**нун** узактыгы … .

| Бактын аталышы | Бийиктиги | Жашоосунун узактыгы |
|---|---|---|
| Алмурут | 10–20 м | 200–300 жыл |
| Арча | 1–3 (18) м | 500 (800–1000) жыл |
| Жаңгак | 20–30 м | 150–200 жыл |
| Кайың | 20–30 м | 100–150 жыл |
| Тянь-Шань карагайы | 20–30 м | 250–300 жыл |

*«Кыргызстандын жандуу жаратылышы» энциклопедиясынан*

**Сүйлөмдөрдү толуктагыла**

**1. Арча – …, …. дарак.**

а) жытсыз, пайдалуу
б) жыттуу, пайдалуу
в) көрктүү, пайдасыз
г) көрксүз, пайдалуу

**2. Ал дайыма … болуп, жаратылыштын көркүнө көрк кошот.**

а) көк-жашыл
б) кочкул-сары
в) кызгылт-сары
г) кыпкызыл

**3. Арча жаратылыш шартка жараша бирде …, бирде … өсөт.**

а) калың, сейрек
б) коюу, суюк
в) жапыз, терең
г) бийик, төмөн

**4. Адамдар аны абаны … жана дары-дармек жасоо үчүн колдонушат.**

а) жашартуу
б) тазартуу
в) жаңылантуу
г) өзгөртүү

**5. Кыргыздар байыртадан эле арчадан түрдүү … буюмдарды (бешик, идиш-аяк ж. б.) жасашкан.**

а) жашоо-тиричилик
б) оокат-тиричилик
в) дүйнө-тиричилик
г) турмуш-тиричилик

**5-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттөр боюнча чакан аңгеме түзүп, бири-бириңерге окуп бергиле.**







**Таяныч сөздөр:** абышка-кемпир, бала, арча, оору, дарыгер.



**6-ТАПШЫРМА.** **Уламышты тыным менен окугула.**

### АРЧА

Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен. Экөө көп жыл балалуу болбой жүрүп, карыганда уулдуу болушат. Баласына болгон мээримин берип чоңойтушат.

Бир күнү баласы отунга кетет. Үйүнө келсе, энеси катуу ооруп төшөктө жатып калган болот. Өнөнин оорусу күн сайын күчөп, өңүнөн кетип саргайып, күндөн-күнгө арыктап, кичирейип калат.

Уулу атасынын кеңеши боюнча бир дарыгерди таап келет. Дарыгер кемпирдин тамырын көрүп:

– Бул ооруга бир гана дары бар, ал – мүрөктүн суусу, ошону ичирсең энең айыгат, – дейт. Аны көп жерди кыдырып, бир булактан табарын айтат.

**1-тыным** *Абышка-кемпир жөнүндө эмне билдиңер? Энеси эмне болуптур? Дарыгер кандай кеңеш бериптир? Баласы эмне кылат деп ойлойсуңар?*

Ошол күнү эле бала алыс сапарга аттанып, жер кезип, булакты издеп жөнөйт. Акыры табат. Сууну алып, үйүнө кайтат. Уйку бетин көрбөй чаалыккан бала чарчап, бир дарактын түбүнө келип, уктап калат. Энесине алып бараткан баягы өмүрдүн суусун байкоосуздан төгүп алат. Ал жерге сиңип, дарактын тамырына жетет. Мүрөктүн суусуна сугарылган арча дайыма жашарып, өлбөс даракка айланат.

**2-тыным** *Бала мүрөктүн суусун канча убакыттан кийин тапты? Эмне себептен аны төгүп алды? Мүрөктүн суусунан арча эмне болду? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

Сууну төгүп алганын көрүп, бала аябай өкүнөт, бирок ушул суудан арчанын көгөргөнүн көрүп, анын бир бутагын үйүнө алып келет. Келсе, энесинин абалы мурдагыдан да начарлап, өлүм алдында турган экен. Бала алып келген арчанын бутагын үйдүн ичине түтөтүп, энесине жыттатат. Мүрөктүн суусун ичкен касиеттүү дарактан даба таап, энеси тез эле айыгып кетет.

Ушундан улам адамдар түрдүү оору-сыркоолордон, капыстан келген кайгыдан, чертип келген кырсыктан алыс болсун үчүн арчаны түтөтүү салты калган экен.

*Бала апасына жардам бере алдыбы? Кантип? Адамдар арчаны эмне үчүн пайдаланып калыптыр?*

**7-ТАПШЫРМА.** **Сүйлөмдөрдү ирети менен жайгаштырып, жупта салыштыргыла.**

1. Бир күнү энеси катуу ооруп калат.
2. Мүрөктүн суусун ичкен арчанын бутагын түтөткөндө энеси оорудан тез эле айыгып кетет.
3. Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен.
4. Алардын жалгыз баласы болот.
5. Баласы мүрөктүн суусун алып келе жатып, төгүп алат.
6. Дарыгер апасына мүрөктүн суусу гана жардам берет деп айтат.
7. Мүрөктүн суусуна сугарылган арча жашарып, өлбөс даракка айланат.

**8-ТАПШЫРМА.** **Ак кайыңды ыр боюнча кандай элестеттиңер?**

**АК КАЙЫҢ**

Жарашыктуу жаштайың
Жадыраган жаз сайын.
Жаш күнүмдөн тең өскөн,
Жакшынакай ак кайың.


Бутагыңа коноюн,
Кыштын жолун тороюн.
Жаштыгыңды менден ал,
Аккан сууң болоюн…

*А. Осмонов*

**9-ТАПШЫРМА.** **Сапаттык сын атоочторду пайдаланып, арча менен кайыңды сүрөттөп бергиле.**

| Арча | Кайың |
| --- | --- |
| | |

# 4 ЭКОЛОГИЯ. «ЫСЫК-КӨЛДҮН КУТУ ЖАНА КУНУ»



**1-ТАПШЫРМА.** **Ысык-Көл жөнүндө эмне билесиңер? Эмне үчүн Ысык-Көл Кыргызстандын бермети деп аталат? Ысык-Көл жөнүндө кандай уламышты окугансыңар?**



**2-ТАПШЫРМА.** **Ысык-Көл жөнүндө уламыш менен таанышкыла. Суроолорго жооп бергиле.**

Бир кезде азыркы Ысык-Көлдүн ордунда кооз шаар турган экен. Күндөрдүн биринде ал шаарда жашаган кыздар тоого отун тергени барышат.

Алар отун терип жүргөн маалда катуу жер титирөө болот. Шаар жайгашкан кокту сууга толуп, тургундардын баары набыт болот. Кыздар кайра келгенде шаардын ордунда чалкайган көл турат. Алар катуу кайгыргандыктан күнүгө көлгө келип, өздөрүнүн тууган-туушкандарынын тагдыры тууралуу өксүп ыйлашат. Алардын көз жашынан улам көл туздуу болуп калган экен. Ошол себептен ал эч качан кышкысын тоңбойт.

- Илгери Ысык-Көлдүн ордунда эмне болуптур?
- Эмне себептен шаар суунун астында калыптыр?
- Тургундардан кимдер тирүү калыптыр?
- Көлдүн суусу эмне үчүн туздуу жана ачуу болуп калыптыр?

***Ысык-Көлдүн эң терең жери 668 метр, узундугу 178 чакырым, туурасынын эң жазы жери 60 чакырым. Ысык-Көлдүн тескей жагы бийик тоолорго жакын, ал тоолордо арча, карагай өсөт.***

**3-ТАПШЫРМА. Ысык-Көл жөнүндө маалыматтарды пайдаланып, план боюнча кыскача аңгеме жазгыла.**

**План:**

1. Ысык-Көл кайда жайгашкан? Анын тереңдиги, узундугу, туурасы канча?
2. Ысык-Көл жөнүндө кандай уламыш бар экен?
3. Силерге Ысык-Көл жагабы? Эмне үчүн?

**4-ТАПШЫРМА. Тексттин аталышы – «Ысык-Көлдүн куту жана куну». Бул текст эмне жөнүндө? Тема боюнча эмнени билесиңер? Эмне жөнүндө билгиңер келет? Эмнени күтөсүңөр? Божомол түзгүлө.**

**5-ТАПШЫРМА. Окуп чыгып, текст боюнча тапшырмаларды аткаргыла.**

**Чыңгыз Айтматовдун «Ысык-Көлдүн куту жана куну»**
***публицистикалык макаласынан үзүндү***

– Ысык-Көл – менин **кутман бешигим.** Кайда гана болбоюн, өлкөнү **кыдырып** жүргөндөбү же чет жакаларга чыккандабы, айтор, Ысык-Көлгө тең келер эч бир жерди көрбөдүм.

Ысык-Көл орусча аталганда жылуу көл дегенди билдирет. Анын Туз-Көл деген да аты болгон. Андан кийинки Тимур-ту-Нор – **темирлүү** көл деп аталат. Жыт-Көл деп да аташкан. Мындай аттардын жаралышы кокусунан дейсизби? Түк андай эмес. Ал чынында эле **сейрек учурай** турган көл. Тереңдиги жагынан Байкалдан кийинки орунда турат. Эң терең жери 700 метрге чейин жетет.

Көлгө көп сандаган **агын** суулар куят. Жердин калың катмарынан **жылжып агып** чыгып, ал суулар тузду эритип, аларды минералдаштырып турат. Андан тышкары көлдүн **алабында** көп сандаган термалдуу минерал булактар бар…

– Бирок Ысык-Көлдүн кутмандыгына жана кереметине тамшанып караган маал эбак артта калды. Адамдардын сөздөрүнөн азыр кооптонуу улам көбүрөөк угула баштады, көл эми – баягы көл эмес.



– **Аттиң** деңизчи, бул анык. Ысык-Көл **тартылып** баратат… Эгер аны мурда жүздөгөн дарыялар менен тоо суулары толтуруп турса, бүгүн алардын баары бүт бойдон **сугат**ка жумшалат. Көлдөн суу агып чыкпайт, ошондуктан ал өзүнүн бөксөсүн эбегейсиз өлчөмдөгү **буулануунун** эсебинен толтуруп турат. Көлдүн жээги жыл сайын 7–10 сантиметрге ылдыйлап жатат. Суунун бир жылдык **тартыштыгы**, ошентип 7 500 миллион кубометрге жетип олтурат. … көл жээгинин 500–1 000 метрге тартылып **такырайып** калышы, суунун жылуулугун 2–3 градуска төмөндөтүп коёт. Ал эми бул өз кезегинде көлгө түшүүнүн ансыз деле кыска мөөнөтүн **дээрлик** бир айга чектеп салат.

– …Орто Азиянын бермети деп аталган бул көлдүн сиз айткан кризиси канчалык жакындап келаткандыгы ушу бүгүн эле айкын болуп олтурат. Деги мунун коопсуз чеги кайда болушу мүмкүн?

– Болору болгон соң, эми айтпаска чара барбы, биз өзүбүздүн утурумдук муктаждыктарыбыздын туткуну болуп чыктык. Алар ушунчалык зор болгондуктан, эми кайра артка тартуу иш жүзүндө мүмкүн эмес.

1. Белгиленген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Сөздүк менен иштегиле.
2. Кутман бешигим, сейрек учурай турган көл деген сөз айкаштарына сүйлөм түзүп, маанисин айтып бергиле.
3. Кыдырып, такырайып деген сөздөрдүн синонимин тапкыла, аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.
4. Ысык-Көл жөнүндө баяндап бергиле. Тексттеги сөздөрдү жана сөз айкаштарды пайдалангыла.
5. Эгерде Ысык-Көлгө куйган суулар сугатка кете берсе, анда эмне болот? Эгерде Ысык-Көлдүн суусун сактап калуу программасы жок болсо, анда эмне болмок? Кандай ойлойсуңар?
6. «Көлүнөн безген каз оңбос,
   Элинен безген эр оңбос».
   «Көл таянычы – жер,
   Көсөм таянычы – эл» деген макалдарды кандай түшүнөсүңөр?
   Маанисин чечмелеп бергиле.

**6-ТАПШЫРМА.** **Тема боюнча окуп-үйрөнгөн материалды баалагыла. Баалаганыңарды түшүндүргүлө.**

|  |  |  |
|---|---|---|
| Билгендерим мага керек болот. | Маалыматты иштеп чыгам. | Баарын ыргытам. |

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Илгери өткөн заманда короо-короо малы, өрүш бербеген жылкысы, сандыгына батпаган алтын-зери бар бир бай болуптур. Бай сексенге таяп калса да бала көрбөй, «баланын ыңаалаган үнүн укпай, бул жашоодон куу баш өтөмбү» деп кайгырып жүргөн мезгилде кебезден ак, айдан сулуу, гүлдөн назик кыздуу болот.

Мезгил өтөт, кызы чулдурап сүйлөп, там-туң басып, атанын кайгыдан карып болгон жүрөгүн жашартып, жашына жаш кошуп, көңүлүн кушубак кылат. Күндөр айга, айлар жылга алмашып, кыз кол арага да жарап калат. «Кыз да болсо – туяк», – деп ата өзүн сооротот.

Күндөрдүн биринде кыз талаадан ойноп келип, «башым» деп ооруп калат. Табити эч нерсеге тартпай, жеген тамагы аш болбой, төшөккө жатып калат. Атасы тегеректеги табыптарды алдырат. Бирок бири да кыздын дартын таппай, баштары катат. Айласы кеткен ата короо-короо малын, өрүш бербеген жылкысын, сандыкка батпаган алтын-зерин чачып, туш-тушка жарчы жайып, чабарман чаптырып, оорунун жайын билген табып издетет.

Келген шыпаакерлердин бирөө да сыркоонун сырын ача алышпай, келген жактарына кете беришет.

Амалы түгөнгөн бай:

– Карыганда тапкан жалгыз чечекейимден айрылат турбаймынбы, кудай, – деп ботодой боздойт.

Күндөр өтө берет, кыздын адам болбосу билинип, эл-журт камылгасын көрө баштайт. Ошол мезгилде кайдан-жайдан белгисиз, жер кезген бир думана пайда болот.

Ал акырын басып келип, кыздын тамырын кармап:

– Бактыңыз бар экен, байым, кызыңыздын үч күндүк гана өмүрү калган экен, улуу тоонун башында, калың карга карабай желегин жайган, сыздаган суукка туруштук берип өскөн, жаздын, жашоонун жышаанын берген бир кичинекей сары гүл бар, колуңуздан келсе ошону алдырыңыз, кызыңыздын дартына бир болсо ошол өмүр гүл гана даба болот, – дейт.

Сүйүнгөн ата жигиттерди аттап-тондоп ошол улуу тоого жиберет, ат арышын токтотпой, бел чечип эс албай, барып келүүлөрүн катуу эскертет. Үчүнчү күн дегенде жигиттер баягы кереметтүү сары гүлдү алып келишет. Табып аны кызга искетип, кайнатып берип, кыздын дартын тапка салып, кырк күн жанынан жылбай карайт. Кырк биринчи күн дегенде кыз төшөктөн туруп, өз алдынча сыртка чыгып калат.

Күндөр өтүп, байдын кызынын демине-дем, күчүнө-күч кошулуп тыңып калат, өз ишин аткарган касиеттүү думана-табыпты бай ыраазы кылып узатат. Оюнкараак кызынын баштагыдай так секирип ойноп, күлкүсү шаңдуу чыгып калганын көргөн байдын көңүлү тынат.

Ошондон кийин эл байдын жалгыз чечекейин өлүмдөн алып калган кичинекей ошол кереметтүү сары гүлдү «байчечекей» деп атап калышат.

**1. Бул … .**

а) роман
б) жомок
в) макал
г) уламыш

**2. Байчечекей гүлү ... чыгат.**

а) кышында
б) күзүндө
в) жазында
г) жайында

**3. Бай качан кыздуу болот?**

а) пайгамбар жашында
б) жаш курак кезинде
в) орто жаш кезинде
г) бой жеткен кезинде

**4. Кызга эмне болот?**

а) сүйүп калат
б) сыркоолоп калат
в) жактырып калат
г) назданып калат

**5. Кыздын оорусун ким табат?**

а) эч ким
б) табып
в) дарыгер
г) акылман

**6. Бай эмнеге капаланат?**

а) дарыгердин жообуна
б) малынын аздыгына
в) жайлоонун тардыгына
г) алтынынын аздыгына

**7. Ошондо сары гүлдү кайдан таап келишет?**

а) ай-асмандан
б) кумдуу чөлдөн
в) ээн талаадан
г) аска-зоодон

**8. Кызды өлүмдөн ... сактап калат.**

а) жигит
б) жолоочу
в) манап
г) дарыгер

**9. Кыз канча күн дегенде өзүнө келет?**

а) жыйырма күн
б) үч күн
в) отуз күн
г) кырк күн

**10. Кичинекей сары гүл качан «байчечекей» деп аталып калыптыр?**

а) кыз үзүп алгандан кийин
б) кызга жагып калгандан кийин
в) кызды сактагандан кийин
г) бай кызына бергенден кийин

## КҮКҮК УЯ САЛАБЫ?

Уя салып, убара болбогон куштардын бири – күкүк. Анын сайраганын уктуңар беле? Май айынын аяк ченинде «кү-күк, кү-күк» деген үндү угасыңар. Бул – күкүктүн эркеги. Ургаачысы «кли-кли» деп сайрайт. Күкүк сайраса, жай келди деп коюшат. Күкүктөр биз жакка майдын аягында, канаттуулар уя салып бүткөндө келишет. Себеби күкүктөр уя салышпайт. Жумурткасын башка канаттуулардын уясына тууп коюп кете беришет.

Күкүктөр учуп келе жатканда канаттуулар чырылдап уясын коргойт. Чуру-чуу түшкөн канаттуулардан чочулап, кайра учуп кетишет да, бир жерге жашынып аңдып отурушат. Уя ээлери жем издеп учуп кетери менен күкүк уяга бирден жумуртка тууп кетет.

Канаттуулар күкүктүн жумурткасын таанып калса, аны уядан сүрүп чыгарышат, же уясын таштап кетишет. Бирок көп учурда күкүктүн жумурткасын басып чыгарышат.

Күкүктүн балапаны жумурткадан чыгары менен уядагы балапандарды жана жумурткаларды жерге түртүп түшүрөт. Ошентип, уяда өзү гана калат. Ал тез эле чоңоюп, уядан учуп чыгат.

Аны чоңойткон канаттуулар балапандын артынан ээрчип жүрүп, жем ташып беришет. Күкүктүн балапанын алар өгөй санашпайт. Ошентип күкүктөр өз баласын бирөөгө бактырат.

Уламышта айтылгандай, илгери-илгери күкүктөр да башка канаттууларга окшоп уя салышчу экен. Кийин жалкоолуктун айынан жумурткасын ар кайсы уяга тууп таштай турган болуптур.

Бак-дарактардын душманы болгон түктүү курттарды жеп, күкүк табиятка пайда келтирет.

**11. Кайсы куш уя салбайт?**

а) үпүп
б) күкүк
в) чабалакей
г) карга

**12. Күкүктүн сайраганын … угабыз.**

а) жаздын башында
б) жайдын башында
в) жаздын ортосунда
г) жаздын аягында

**13. Күкүк сайраганда, элдер … дешет.**

а) жай бүттү
б) жаз бүттү
в) жай келди
г) жаз келди

**14. Күкүк жумурткасын кайда калтырат?**

а) бөтөн уяга
б) өзүнүн уясына
в) үйдүн чатырына
г) чөптүн үстүнө

**15. Күкүктүн баласын … багышат.**

а) башка куштар
б) адамдар
в) жаныбарлар
г) тооктор

**16. Мурда күкүктөр … .**

а) уя салышчу эмес
б) уя салышчу
в) чатырда жашашчу
г) чөптүн үстүндө жашашчу

**17. Чымчыктар күкүктүн жумурткаларын таанып калса … .**

а) аларды жарып салышкан
б) аларды басып чыгарышкан
в) аларды сүрүп чыгарышкан
г) аларды баспай коюшкан

**18. Башка канаттуулар күкүктүн баласына … .**

а) жем бербей коюшкан
б) жем берип багышкан
в) уядан чыгарып салышкан
г) өз балапандарына кошкон эмес

**19. Эмне себептен күкүктөр жумурткаларын таштап калган?**

а) балапандарын бага албагандыктан
б) жумурткаларын чыгара албагандыктан

в) уя салгысы келбей
г) уяда жашай албагандыктан

**20. Күкүк жаратылышка пайдалуубу?**

а) эч пайдасы жок
б) анча деле эмес
в) пайдалуу эмес
г) пайдалуу

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

абышка-кемпир – старик и старуха
агын – текущий
айбан – зверь
айкын – очевидный
айык – вылечиться
алап – берег
алгыр – хваткий
алмурут – груша
аңчылык – охота
аркар – архар, горный баран
арча – можжевельник
арыкта – похудеть
аттиң – досада
аюу – медведь
байкоосуз – неожиданно, вдруг
байырла – обосноваться
бак-дарак – деревья
балтыр – икры
бешик – колыбель
бөдөнө – перепёлка
бугу – олень
булак – родник, источник
буулан – выпариться
бүркүт – беркут
бүркүтчү – охотник с беркутом
бытпылдык – крик перепела (звукоподражание)
дан эгин – зерновые
дарыгер – врач
дээрлик – почти
жайлоо – пастбище
жаныбар – животное
жаңгак – орех
жапыз – низкий
жем – корм
жеркез – бродить, странствовать
жоон – толстый
жүн – шерсть
жыгач – дерево
жылан – змея
жылжып – двигаться с трудом, кое-как
жылма – гладкий
зоо – скала
изде – искать
ийри – кривой, косой
илбирс – барс
ичке – тонкий
кайың – берёза
канаттуу – птица
капчыгай – ущелье
карагай – карагач
касиеттүү – священный
кездешүүчү – встречающийся
кокту – лог, горная ложбина
корк – бояться
коркунуч – страх, боязнь, опасение
көңүл бурдур – обратить внимание кого-либо
көрүнүш – вид
куйрук – хвост
кулан – кулан, дикий осёл, онагр
кун – цена
курт-кумурска – насекомое
кут – счастье
кутман – добрый, счастливый
кыдыр – обходить
кызыл карагай – сосна
кыска – короткий
мажүрүм тал – ива
макала – статья
марал – марал, олень
мекенде – жить
мүрөктүн суусу – источник живой воды
мээрим – ласка
орок – серп
отто – пастись

отун – дрова
өңү-түсү – цвет
өсүмдүк – растение
саксай – лохматиться
сакта – беречь
сапар – путешествие, поездка
саргай – желтеть
сейрек – редкий
суу сактагыч – водохранилище
суур – сурок
сүлкүлдө – подрагивать, мерно колебаться
такырай – лишиться растительности, опустошиться
талкуула – обсуждать
тамыр – корень, кровеносный сосуд
тартыл – уменьшиться
тартыштык – нехватка
терек – тополь
тескей – западная сторона
томого – соколиный наглазник, колпачок
томоголо – надеть наглазник на сокола
төшөк – постель
тумшук – клюв, морда
туткун – плен
туяк – копыто
түтөт – разжигать
узактык – долгота, длина
уул – сын
уя – гнездо
үлпүлдөк – что-либо очень мягкое, пушистое
үпүп – удод
чоңой – вырасти
чоңойт – вырастить
чыйырчык – скворец
шак – ветвь, ветка
шаңшы – клекотать (о беркуте)
шаркыратма – водопад
шат, шаттуу – радостный, весёлый
шек – подозрение
шыйрак – голень, большая берцовая кость
ылгабас – неприхотливый
эл аралык – международный
эмен – дуб

# 9-ТЕМА

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БЕЛГИЛҮҮ ОКУМУШТУУЛАР ЖАНА МАДАНИЯТ ИШМЕРЛЕРИ

1. **Белгилүү тилчи, окумуштуу**
2. **Заманбап бийчи**
3. **Улуу балерина**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- окуялар жана адамдар жөнүндө суроо берүүнү;
- белгилүү инсандардын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу кеп кургандı;
- алар тууралуу фактыларды сурамжылаганды;
- маселеге позициясын билдиргенди;
- далилдөөчү эссе жазганды.

**Эмнени иштей алабыз?**

- факты, окуя, предмет, бирөө жөнүндө суроо бере алабыз жана билдире алабыз;
- фактыга, окуяга, бирөөгө, предметке, кылык-жорукка баа бере алабыз;
- образды сүрөттөөдө көркөм сөз каражаттарын колдонобуз;
- көргөн, уккан материалдардан алган таасирлерибизди айтып беребиз.

# 1 БЕЛГИЛҮҮ ТИЛЧИ, ОКУМУШТУУ

**1-ТАПШЫРМА. Кыргызстандагы чыгаан, көрүнүктүү инсандардан кимдерди билесиңер? Инсандардын аты-жөнүн дептериңерге жазгыла. Жупта ой бөлүшкүлө.**

http://bugupress.kg/article/410/ шилтемесине кирип, белгилүү инсандар жөнүндө видеоролик көргүлө.

**Ойлонобуз, ой жүгүртөбүз**

а) Белгилүү инсандар жөнүндө видеороликти 1-жолу көргүлө. Андагы маалыматтар менен таанышкыла. Бейтааныш сөздөрдү дептериңерге жазгыла.

б) Видеоматериалды 2-жолу көргүлө, маалыматтарды эстеп калууга аракеттенгиле, маалыматтарды кыскача айтып бергиле.

в) Бул инсандар жөнүндө маалыматтардын окшош жактарын тапкыла.

**2-ТАПШЫРМА. Белгилүү окумуштуу К. К. Юдахин жөнүндө маалымат менен таанышкыла. Анын өмүр баянын кыскача айтып бергиле. Жылдарды билдирүүдө грамматикалык эрежеге таянгыла.**

**Мезгилди кантип билдиребиз** (чыгыш жана барыш жөндөмөлөрү)? Чыгыш жөндөмөгө ***-дан*** мүчөсү уланат, барыш жөндөмөсүнө ***-га*** мүчөсү + ***чейин жандооч*** уланат.

| | | |
|---|---|---|
| **Канчанчы жылдан баштап канчанчы жылга чейин?** | 1988–1992-ж. | Бир миң тогуз жүз сексен сегизинчи **жылдан** бир миң тогуз жүз токсон экинчи **жылга чейин** |
| **Кайсы айдан кайсы айга чейин?** | 2010-ж. 05–08. | Эки миң онунчу жылдын май айынан август айына чейин. |



**КОНСТАНТИН КУЗЬМИЧ ЮДАХИН**

(1890.31.05.–1975.22.02.)

**Туулган жери:** Россиянын Орск шаарында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Башталгыч мектепти жана эки жылдык окуу жайды Олуя-Атадан бүтүргөн.

**Ишмердүүлүгү:** түрк тилдерин, өзгөчө кыргыз тилин эң мыкты билип, лексикасын, тарыхын жана башка маселелерин терең изилдеген чоң окумуштуу болгон.

- 1910-жылы Манкенде жана Кара-Булакта мугалим болуп иштейт.
- 1920-жылдан 1925-жылга чейин Константин Кузьмич Түркстан чыгыш институтунда (Ташкентте) окуп, аны бүтөрү менен Ленинградга жиберилип, уйгур тили боюнча чоң адис С. Е. Маловдун жетекчилигинде билимин өркүндөтөт.

- 1929–1934-жылдары. СССР Илимдер академиясынын чыгыш таануу институтунун Орто Азия бөлүмүн башкарган. Анын бул кызматка дайындалышына уйгур, казак, кыргыз, өзбек тилдерин жакшы билгендиги жана эркин сүйлөй алгандыгы себеп болгон.
- Андан соң үй-бүлөсүн багыш үчүн Синьцзянга барып, бир катар фирмаларда кызмат кылат. Мына ушул жерден уйгур тилин теория жана практика жүзүндө мыкты билип келген.

**Окумуштуулук наамы:** Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги, Өзбек ССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти.

**Эмгектери:**

- «Кыргызча-орусча сөздүк», (1940, 1965), «Орусча-кыргызча сөздүк» (1944, 1957).
- «Уйгурча-орусча сөздүктү» редакциялаган.
- Токтогулдун томдоруна жана «Манастын» төрт китебине түшүнүк жана эскертме түзгөн.
- «Кыргыз адабий тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» эки томдугуна жана кыргыз атласына илимий кеңешчи болгон.
- 1955-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз мамлекеттик университетинде иштеген. КМУнун филология факультетине профессор К. К. Юдахин белек катары берген китептеринен атайын китепкана ачылган. Китепкана анын ысымы менен аталган.



Константин Кузьмич Юдахин – түрк тилдерин, өзгөчө кыргыз тилин эң мыкты билип, лексикасын, тарыхын жана башка маселелерин терең изилдеген чоң окумуштуу болгон. Ал ар бир сөздү, кыргыз элинин тил байлыгын талыкпай чогултуп, элдин турмуш салтын, үрп-адатын терең үйрөнгөн, анын маданий жана материалдык турмушун изилдеген. Өмүр бою кыргыз сөздөрүн кылдаттык менен орусчага которуп, баа жеткис залкар эмгек жараткан. Илимий жана педагогикалык жолунда анын «Кыргызча-орусча сөздүк» (1940, 1965), «Орусча-кыргызча сөздүк» (1944, 1957) аттуу эмгектери кыргыз элине көөнөрбөс белек болуп калды. Ар бир сөздү чечмелеп берүүдө өзгөчө ыкмаларды колдонгон. Ал үчүн түз, өтмө, кыйыр маанилер менен макал-лакаптар, учкул сөздөр, идиомалык сөз тизмектерин пайдаланган. Сөз маанисин, ички түшүнүгүн тийиштүү фактылар менен чечмелеп, түпкү маанисин ачуу изилдөөчүнүн эмгегинин кыл чокусу болгон.

Юдахин түрк тилдеринин көпчүлүгүндө сүйлөй да, жаза да билген. Кыргыз тилинен башка түрк тилдери боюнча да көп эмгектерди жазган. Согушка чейин «Уйгурча-орусча сөздүктү» редакциялаган. Түрк тилинин грамматикасын, лексикасын, диалектологиясын жана алардын тарыхын да терең билген эң ири түркологдордун бири болгон. «Кыргызстанда лингвистиканын өнүгүшү» деген эмгегин жазып, кыргыз лексикасын жыйнап, кыргыз диалектилерине классификация жүргүзүп, азыркы орфографиясынын негизги маселелерин иштеп чыккан. Константин Кузьмич Юдахиндин эмгектери орус тилин үйрөнүү үчүн кыргыздарга табылгыс курал катары, ошондой эле орус эли үчүн да кыргыз тилин үйрөнүүнүн эң сонун куралы болуп кызмат кылат.

Юдахиндин кыргыз адабияты менен маданиятына сиңирген эмгеги зор. «Манас» эпосунун орусча котормосунун көп бөлүгүн редакциялаган. Токтогулдун томдорун жана «Манастын» төрт китебине түшүнүк жана эскертме түзгөн. Кыргыздын жалпы элдик тилинин диалектилик бөтөнчөлүктөрүн изилдөө жагына да салым кошкон. Кыргыз ССР Илимдер академиясы тарабынан түзүлгөн «Кыргыз адабий тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» эки томдугуна жана Кыргыз Атласына илимий кеңешчи болгон. К. К. Юдахин Кыргыз Өкмөтүнүн чакыруусу боюнча Фрунзеге (азыркы Бишкек, 1944) келип, өмүрүнүн аягына чейин Кыргызстанда жашап, эмгектенген. 1955-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз мамлекеттик университетинде иштеген. КМУнун филология факультетине профессор К. К. Юдахин белек катары берген китептеринен атайын китепкана ачылган. Китепкана анын ысымы менен аталган.

**3-ТАПШЫРМА.** **К. К. Юдахиндин таржымалын төмөнкү таржымал менен салыштыргыла. Бул эки таржымалдын кандай пункттары бар экен? Жумушка орношуу үчүн ушул үлгүлөргө таянып, таржымалыңарды түзгүлө. Каалаган пункттарды тандап алсаңар болот.**

**ДҮЙШӨНБЕК БАЙДӨБӨТОВ**

1949-жылдын 5-январында Ысык-Ата районунун Үч-Эмчек айылында туулган. Жогорку билимдүү. Москвадагы А. В. Луначарский атындагы мамлекеттик театр искусствосу институтун аяктаган.

■ **Эмгек жолу:**

- 1966-ж. – Алай элдик театры;
- 1972-ж. – ГИТИСти бүтүп келгенден кийин Ош драма театры, артист;
- 1989-ж. – Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик жаштар театры;
- 1991-жылдан тартып, өмүрүнүн аягына чейин Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында эмгектенген.

**Сыйлыктары, наамы:** Кыргыз эл артисти, Муратбек Рыскулов атындагы сыйлыктын лауреаты.

(https://sputnik.kg/reference/20180707/1040062511/duyshonbek-baydobotovdun-omur-bayany.html)

**1. Юдахин | түркolog**

а) Бейшеналиева : балет
б) Сүймөнкул : актёр
в) Айтматов : саясий ишмер
г) Каралаев : манасчы

**2. китеп | сөздүк**

а) балет : ыр
б) музыка : бий
в) сүрөт : пейзаж
г) Манас : манасчы

**5-ТАПШЫРМА.** **Сөздүктөрдүн мукабасынан 7 окшоштукту жана 7 айырмачылыкты тапкыла.**







# 2 ЗАМАНБАП БИЙЧИ

***Заманбап бий деген кандай бий?***
***Бийдин кандай түрлөрүн билесиңер?***
***Силер бийлегенди жактырасыңарбы?***
***Качан бийлейсиңер?***
***Кайсы бийлерди бийлейсиңер?***

**1-ТАПШЫРМА.** **Сөздөрдү маанилери менен туташтыргыла.**

| Сөздөр | Маанилери |
|---|---|
| Бий | Жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууга арналган, ичинде күйүүчү кыймылдаткычы бар экипаж. |
| Намыскөй | Кандайдыр бир иш, маселе боюнча эки тараптын ар бирине тийиштүү милдеттер, максаттар, шарттар ж. б. көрсөтүлүп, өз ара макулдашылган бүтүм, чечим. |
| Деңгээл | Музыканын ыргагына ылайык дене кыймылы аркылуу көркөм образдарды бере алган искусствонун бир түрү, элестүү, ыргактуу дене кыймылы. |
| Автоунаа | Бир нерсенин сапатынын, өсүшүнүн, чегинин ж. б. жогору же төмөн экендигин айырмалоочу даража. |
| Келишим | Дем, жөлөк, тирек, таяныч, кайрат берүүчү жана материалдык жардам көрсөтүүчү. |
| Демөөрчү | Намысчыл, өзүнүн намысы үчүн тырышкан намыскөй. |

**2-ТАПШЫРМА.** **Жогорку сөздөрдү пайдаланып, төмөнкү сүрөттөргө карап, «Атай – белгилүү бийчи» деген текст түзгүлө** (https://www.youtube.com/watch?v=8upMBtlsLe8)









**3-ТАПШЫРМА.** **Атай Өмүрзаков берген интервьюну тыным менен угуп, тыным сайын сунушталган тапшырмаларды аткаргыла.**

### АТАЙ ӨМҮРЗАКОВДУН ИНТЕРВЬЮСУ

– «Мен эми бийлебейм» деп айттың эле, азыр өкүнбөйсүңбү ошол сөзүңө?

– …

**Эмне үчүн Атай «Мен эми бийлебейм» деп айткан, ушундай талантты бийлебей калышы туурабы? Талкуулагыла.**

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– Бирок Москвада бийлеп жүрөт деп уктук.

– …

**Чындап эле «Мен эми бийлебейм» деген Атай Москвада бийлеп жүрүшү мүмкүнбү, себеби эмнеде? Талкуулагыла.**

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– Алгачкы концертиңди Кыргызстанда эмес, эмнеге Москвада өткөрдүң?
– …

**Кыргызстандын атуулу болуп, биринчи концертин башка мамлекетте өткөрүү туурабы?**

(Атайдын бул суроого жообун уккула.)

– Бий студияңды ачып, окуучуларыңды кароо-сынактарга жөнөтүп, фестивалдарды өткөрүп жүрөсүң. Мындай иш-чараларды кандай максатта уюштурасың?
– …

**Өзү жаш туруп, бий студия ачып, окуучуларды тарбиялап, кароо-сынактарга жөнөтүү, фестивалдарды өткөрүү Атай үчүн оорбу?**

(Атайдын бул суроого жообун уккула.)

**Атайдын жоопторунан тыянак чыгаруу менен үлгүнү колдонуп, кеңешке муктаж адамга кайрылуу жазып, аны талкуулагыла.**

**Үлгү:** … Кыргызстандын атагын алыска угузган жаш талант Атай Өмүрзаков тууралуу төмөнкүлөрдү белгилегим келет:

Мындай ийгиликке жетүү үчүн … керек деп ойлойм. Эгер сен … аткара алсаң, сөзсүз, ийгиликке жетесиң. Эмгектенген адамдын … болот.

– Быйыл да бий фестивалын өткөрүп, кыргызстандыктарга майрам тартуулайын деген оюң барбы?

(Атайдын бул суроого жообун уккула.)

– Братиславадан 100 миң евро утуп келгенде сени менен достошкондор, жада калса «тең жарымын мамлекетке төгөсүң» дегендер чыкканын айткан элең?
– …

**Суроо эмне жөнүндө болуп жатканын топто талкуулап, маанисин айтып бергиле.**

(Атайдын бул суроого жообун уккула.)

– Материалдык жардам сурап кайрылгандар болобу?

**Атай материалдык жардам сурагандарга жардам берет деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн? Таблицанын «Ооба», «Жок» графаларына үчтөн жооп жазып талкуулагыла.**

| Атай материалдык жардам сурагандарга жардам бере алабы? | |
|---|---|
| «Ооба» | «Жок» |
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула).

– Сыртыңдан адамга катуу сүйлөбөгөн жумшак мүнөз, «периште» көрүнөсүң, терс сапаттарың деле болсо керек?

– …

**«Периште» деген сөз тырмакчага алынып берилсе, кандай маанини түшүндүрүп калат? Силердин оюңарча, Атай ичеби, чегеби же орой сүйлөйбү, далил менен жооп бергенге аракет жасагыла.**

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– Белгилүү Атай менен жөнөкөй Атайдын айырмасы барбы?

– …

**Атай турмушта кандай деп ойлойсуңар?**

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– Көз карашың, ой жүгүртүүң көп жашаган адамдардыкындай. Эрте чоңоюп алган жоксуңбу?

– …

**Кандай адамдарды «эрте чоңойгондор» дейт? Чыгармалардын негизинде турмуштан мисал келтиргиле.**

**«Эрте чоңоюу» жакшыбы же жаманбы, эмне үчүн? Таблицага үчтөн кем эмес ой жазуу менен талкуу жүргүзгүлө.**

| «Эрте чоңоюу» жакшыбы же жаманбы? | |
|---|---|
| «Жакшы» | «Жаман» |
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– Мүмкүнчүлүгүң болгондо апамды «шаарга көчүрүп келемин» деген элең…

– …

**Шаар турмушу силерге жагабы же жакпайбы? Позицияңарды аныктап, төмөнкү үлгү боюнча оюңарды жазып, жыйынтык чыгаргыла.**

***Үлгү:*** Шаар турмушу мага жагат/жакпайт, анткени … . Ошондуктан … деп ойлойм.

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– Апаңды качан ысык чай сунчу келиндүү кыласың?

– …

**Канча жашта турмуш куруу жакшы деп ойлойсуңар, эмне үчүн? Атай канча жашында үйлөнүшү мүмкүн?**

(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

– 30 жаштын кырына чыгып үйлөнүү кеч болуп калбайбы? Намыскөй жигиттерденсиңби?

– …

**Жигит намыскөй болуш керекпи? Эмне үчүн?**
(Атайдын бул суроого берген жообун уккула.)

**Атайдын берген жоопторуна канааттандыңарбы? Эмне үчүн?**

**4-ТАПШЫРМА.** **Атайдын бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарындагы «Кара жорго» бийин** (https://www.youtube.com/watch?v=F_s3wrs0VJo) **көргүлө. Бийлеген бийи жана берген интервьюсу үчүн ага ыраазычылык кат жазгыла.**

***Үлгү:*** Саламатсызбы, Атай! Сиздин интервьюңузду уккандан кийин мен сиздеги … , … , … сапаттарды баалап калдым. Эми мен да … деп жатам. Мындан сырткары Сиздин … оюндарындагы «… » бийин бийлегениңизди көрүп, … сезимдер пайда болду. Булар үчүн Сизге … айтуу менен, … каалайм. Сизге … !
Сизди урматтоо менен … .

**5-ТАПШЫРМА.** **Сүрөттөрдөн 5 окшоштукту жана 5 айырмачылыкты таап жазгыла.**

***Үлгү:***

| Окшоштуктар | Айырмачылыктар |
|---|---|
| Эки сүрөттө тең жаштар тартылган. | Биринчи сүрөттө топ бийлеп жатат.<br>Экинчи сүрөттө бийлебей эле турушат. |







**6-ТАПШЫРМА.** **Тексттеги сөздөргө *-нын* мүчөсүн улап жазгыла. Топтун өзгөчөлүгүн 2–3 далил менен айтып бергиле.**

**«ТУМАР» бийчилер тобу**

Тумар – ар кандай оорулар…, кырсыктар…, көз тийүүлөр… болбоосу үчүн, көбүнчө үч бурч болуп бүктөлүп, кооз жасалгаланган моюнга же кийимдин таза жүрө турган бир жерине тагылуучу буюм. Башкалардан өзгөчөлөнүп турган бийчилердин тобу да өз атын «Тумар»

деп аташкан. Бул топ беш адамдан турат. Алар… үчөөсү… ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген. «Тумар» бийчилер тобу ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелгендигине карабастан, майыптар арабасы менен өнөрлөрүн көргөзүп келишет. Аталган топ буга чейин Кытай…, Казакстан…, Германия…, Түркия…, Гонконг… сахналарында өлкөбүздүн желегин желбиретип келген.

**7-ТАПШЫРМА.** **«Тумар» бийчилер тобунун Чехияда ийгиликке жеткен бийин** (https://www.youtube.com/watch?v=UONUYz2KgfE) **көргүлө. Силер кайсы мүмкүнчүлүгүңөрдү пайдаланбай жатканыңарды 4–5 мисал менен жазгыла.**

***Үлгү:*** Менин … жакшы эмес. Менин … бул өтө начар. … болбош керек, бул жарабайт. … кантип болсун?

**8-ТАПШЫРМА.** **«Тумар» бийчилер тобунун Украинада ийгиликке жеткен дагы бир бийин** (https://www.youtube.com/watch?v=SdG1a9aOdfA) **көргүлө. Аларды ийгиликтери менен куттуктап, куттуктоо жазгыла.**

***Үлгү:*** Урматтуу … мүчөлөрү, мен сиздердин … көрдүм. Мындан сырткары … сахналарында … желегин … келгениңиздерди окудум. Сиздердин … мага абдан жакты. Сиздерди … менен куттуктайм жана сиздерге … каалайм. Дайыма … жүрүңүздөр. Сиздерди урматтап … облусунун, … районундагы … мектептин окуучусу … .

---

**Текстти окугула. Негизги мазмунун түшүнүүгө аракет кылгыла. Текстке ат койгула**

***

Талаага ташталган туткундардын көпчүлүгү жан чыдагыс азапта Сары-Өзөктүн аптабын көтөрө албай өлүп кеткен. Тирүү калса беш-алты туткундан бирөө же экөө калган. Ачкадан же чаңдан өлсө бир жөн го, өлгөндөр төөнүн кам териси күндүн кактоосунда улам кургаган сайын кысылып отуруп, мээни баш сөөктөн сыгып чыккыдай абалга жеткирген азаптан өлгөн. Күн ысыган сайын темирдей куураган шири жылаңач башты чемгер салгандан бетер кысат. Ал аз келгенсип, эки күн өткөн соң жылаңач куйкадан жаңы чач да баш багат. Азияттыктардын тикендей тик өскөн кайраттуу чачы шириге сайылып, аны тешип өтө албаган соң кайра кайрылып куйкага сайылат. Мунун кыйноосу ширинин азабын ого бетер күчөтөт. Ошентип бара-бара туткундар эс-акылын жогото баштайт. Беш күн өткөндөн кийин туткундардын кимиси тирүү калганын билүүгө айдар көкүлдөр келет. Кыйноого түшкөндөрдүн бирөөнү тирүү тапса, максатына жеткендей ыраазы болушчу. Тирүү калганды кыйноосунан бошотуп, суу берип, акырындап ал-күчүнө киргизип алышчу. Бирок ал эми адам эмес, эс-акылдан айрылган маңкурт кул – мындай кулдар эс-акылы ордунда он кулдан артык бааланат. Эгер кагылышта маңкурт кул өлсө, анын кунун соо туткундун кунунан он эсе артык кун алышчу.

Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы, өзүн адам элем деп эсептебей калат. Өзүн-өзү таануудан калганы менен маңкурттун чарба-тиричиликте бир топ артыкчылыгы бар. Өзү аягы айры, башы кара, бир макулук болгон соң, айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат. Качам – коём, каяша кылам деген ой түшүнө да кирбейт. Кул ээсин ар качан түпөйүлдөткөн нерсе кулдардын көтөрүлүшү болчу эмес беле. Кулдардан маңкурттун айырмачылыгы – ал каяша кылуу, каршылык көрсөтүү деген сезимден ажырап калган. Ошондуктан аны дайым көзөмөлдөп, кароол коюунун, бөтөнчө андан чочулоонун эч кереги жок. Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана таанывйт. Башка эч жанды таанывбайт да, билбейт, ошол үчүн башка бирөө менен сүйлөшпөйт. Анын бар болгон оюу – кара курсак. Башка эч камы жок. Бирок тапшырылган ишти жан-дили менен өчөшкөндөй берилип аткарат. Адатта маңкурттарды эң балит, оор же болбосо макоо жан да чыдай алгыс бир калыпта созулчу узак жумуштарга коюучу. «Жоо кыйнаса, төө кайтартат» дегендей, Сары-Өзөктүн мелмилдеген кенен, ысык, бук кылар тынчтыгында айылдан алыс жайытта жайдыр-кыштыр төө кайтарчулар маңкурттар болгон. Мындайда ал жалгыз өзү көп төөчүлөргө татыйт. Курсагын гана тойгузуп турса болду, жапайы болуп кеттим дебейт, зериктим дебейт, жайдыр-кыштыр төө артында жүрө берет. Ээсин көрсө, итинен бетер кубанат. Үстүндө эски-уску кийим болуп суукта үшүбөсө, курсагы тоюп турса, башка эчтеме сурабайт да кейибейт…

*(Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романынан)*



**1. Бул окуя … болгон.**

а) Сары-Өзөктө б) Ысык-Көлдө в) Бишкекте г) Ат-Башыда

**2. Автор текстте эмне деген ойду айткысы келди?**

а) адамдарды эс-акылынан ажыраткан мыкаачылыкты
б) биздин арабызда да мыкаачы бар экенин
в) ошол кездеги жашоо шарттарды
г) тарыхты баяндап айтып берүү

**3. Шири – … .**

а) төөнүн терисинен жасалган топу
б) эркектерге тиешелүү баш кийим
в) өзгөчө коздолгон баш кийим
г) төөнүн терисинен жасалган каптагыч

**4. Маңкурт кулдун куну өзгөчө эмнеси менен кымбат болгон?**

а) ээсин кыңк дебей уккандыгы үчүн
б) каршылык, каяша көрсөтпөгөндүгү үчүн
в) башкаларга окшобогон топусу үчүн
г) суукка чыдамдуу болгону үчүн

**5. Көптөгөн туткундар эмнеден каза болушкан?**

а) ысык күндөрдөн
б) ширинин кесепетинен
в) ачка калгандыктан
г) суу жетпегендиктен

**6. Маңкуртту ар дайым кайтарып турушчу беле?**

а) аны кээде кайтарышчу
б) аны байлап коюшчу
в) аны кайтарышчу эмес
г) аны дайыма кайтарышчу

**7. Маңкурт ээсин ... .**

а) көрсө жини келчү
б) абдан жаман көрчү
в) салкын мамиле кылчу
г) абдан жакшы көрчү

**8. Маңкурттун эң башкы кайгысы – ... .**

а) жери
б) курсагы
в) кийими
г) атасы

**9. Айдар көкүл жунгарлардын адам чыдагыс адилетсиздиги...**


а) адамды эс-акылынан ажыратуусу
б) тамакты ченеп берүүсү
в) төө кайтартып койгону
г) адамга болгон кыянатчылдыгы

**10. Маңкурт – ... .**

а) ээсинин эң жакшы көргөн кулу
б) иттин бир түрү
в) эс-акылынан ажыраган сөлөкөт
г) дүйнөдөгү акылдуу адам

# 3 УЛУУ БАЛЕРИНА

**1-ТАПШЫРМА.** **Бүбүсара Бейшеналиева жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер? Кластер толтуруп, жупта бири-бириңерге окуп бергиле.**






**2-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү сөздөрдү сөздүктөрдөн карап, өз тилиңерге которгула. Маанисин өз алдыңарча түшүндүргүлө.**

Көйкашка, замандаш, деңизчи, сыпат, пенде, биринчи мерте, урмат, өкүндүк, жез кемпир, эс тандыр-, таберик.

**3-ТАПШЫРМА.** **Бүбүсара Бейшеналиева жөнүндө текстте кездешүүчү «*кабыргам кайышты, чанда туш келер табылгыс жан, улуттук биринчи жылдыз, жандуу элес, табериктей болуп калган фильм, көз тойбос көзөл, ажарына акылы төп келип, жүзүнөн сүйкүмү төгүлө*» деген сөз айкаштарынын маанисин чогуу талкуулагыла.**

**4-ТАПШЫРМА.** **Текстти тыным менен окуп, ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп бергиле.**

## ТААЛАЙГА БҮТКӨН УЛУУ БИЙЧИ

Акырет кеткен көп эле көйкашка замандаштарыбыздын күйүтүн тарттык, анын ичинде Бүбүсара Бейшеналиевдан ажыраганыбызда кабыргам айрыкча кайышты. Буга көп себептер бар. Баарыдан мурда ал эл таалайына чанда бир туш келер табылгыс жан эле. Менин оюмда, кыргыз элинин маданий жактан дүркүрөп өркөнү өскөн бүткүл соңку жаңы доорунда Бүбүсара Бейшеналиева балбылдап жанып чыккан улуттук биринчи жылдыз болду. Айтор, аны ар дайым эстеп, ойлоп жүргөнгө жалпы мааниде болсун, жеке мааниде болсун, мен үчүн олуттуу, терең көп эле жүйөлөр табылат.

Ойлоп отурсам, кээде мага көзү өткөн замандаштарды эскерүү сыпаты тек бир аргасыз амалдай көрүнүп кетет, анткени эскерме деген кантсе да эскерме да, ал баары бир адамдын тирүү кезиндеги түп насилин, жандуу элесин түгөл тартып бере алмак беле.

**1-тыным** **Бүбүсараны эстеп жүрүүгө автор кандай жүйөлөрдү келтирди?**

II

Мен болсо Бүбүсара Бейшеналиеваны биринчи мерте иш үстүнөн кандайча болуп көрдүм эле, адегенде ошону айтып берсемби дейм. Албетте, мен аны буга чейин, студент кезимде эле билчүмүн, сахнадан эчен курдай көргөм, атпай кыргыз журту, дегеле өнөр баркын билген адамдар аны канчалык урматтаса, мен да ошончолук урматтачумун.

Бул 1959-жылы жай айында болгон иш. Чакан делегация менен Кыргызстандан Кронштадттын аскерий деңизчилерине мейманга бара турган болуп калдык. Ал жерден бизге делегациянын мүчөсү катары Бүбүсара Бейшеналиева кошулмакчы экен. Бирок Ленинградга келип түшкөнүбүздө анын айтылуу «Чолпон» балети боюнча фильмге тартылып жатканы, андыктан биз менен бирге болууга чолоосу тийбей турганы анык болду. Бул балет ал кезде кыргыз опера жана балет театрынын башкы спектакли эле, эл аваз кылып, абдан ооматы жүрүп турган чагы эле.

Бүбүсара Бейшеналиева убактысы жоктугунан биздин делегация менен чогуу боло албай турганын укканыбызда абдан өкүндүк. Бирок аңгыча болбой эле биз токтогон мейманканага ал өзү келип калды.

Көрсө, оңдой берди болуп, бир-эки күнгө колу бошой калыптыр, биз менен бирге жүрүп, Кронштадтка барарын, андан соң студияга кайтарын айтты. Буга баары кубанып калды.

**2-тыным** **Автор Б. Бейшеналиева жөнүндө кайсы окуяны эскерет? Кыргызстандан барган делегациянын курамында кимдер бар экен? Кыргыз опера жана балет театрынын башкы спектакли – айтылуу «Чолпон» балети жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар?**

III

... «Ленфильм» студиясында болуп, биз үчүн эми бүгүн кымбат табериктей болуп калган ошол айтылуу фильм кандайча тартылганын адеп өз көзүм менен көрдүм. Окуянын эң кызык жери – Айдайдын бирде суук жез кемпир болуп, кайра андан көз тойбос көзөл болуп кубулган учуру тартылып жаткан экен. Эмеле жылдызы жайнап, ажарына акылы төп келип, жүзүнөн сүйкүмү төгүлө, көптүн бириндей болуп биздин арабызда жүргөн Бүбүсара Бейшеналиева кулис артына кирип кетип, бир оокумда кайра чыкты да, камеранын алдына келип, баш-оту менен таптакыр башка дүйнөгө аралашып кетти. Көз алдымда болуп жаткан бул көрүнүш, арийне, мен суктанып, таңданбай коё албай турган анык кереметтин өзү эле. Бүбүсаранын өмүрү мага ошондо эс тандыргыдай эле таасир калтырды.

*Чыңгыз Айтматов*

**3-тыным** **Бүбүсара «Ленфильм» студиясында кайсы фильмге тартылган? Бүбүсара жараткан Айдайдын образын сүрөттөп бергиле. Силер автордун Б. Бейшеналиеваны «таалайга бүткөн улуу бийчи» деп атаганына кошуласыңарбы? Позицияңарды билдиргиле.**

**5-ТАПШЫРМА.** **«Бүбүсара – улуттун жылдызы» деген темада далилдөөчү эссе жазгыла. Эссенин структурасы:**

1. **Киришүү**
   Киришүү ырастоо (өзгөчө маселе же кызыктуу цитаталар, ой-пикир).
2. **Негизги бөлүк**
   а) Тезистик ырастоо: 1) бир сүйлөм менен силер далилдей турган тезис же абал; 2) тезистин түшүндүрмөсү (2–3 сүйлөм).
   б) Далилдер 1) билдирүү (ырастоолорду айтып берүү); 2) колдоо (фактылар, мисалдар, ой-пикирлер ж.б.); 3) негиз (алардын негизинде негизделген билдирүүнүн далилин күчөтүү үчүн болжол колдонулат).
3. **Корутунду**
   а) далилдердин синтези;
   б) тезисти кайрадан түзүү;
   в) корутунду бекитүү (далилдин келечеги; ой жүгүртүү үчүн суроо же айтуу; кириш далилдерди эскертүү; көйгөйгө башкача кароого мүмкүндүк берүүчү оригиналдуу суроолорду коюу).

■ **Эссени баалоонун критерийлерин эске алгыла:**

| Критерийлер | упайлар |
|---|---|
| Далилдөөчү эссенин композициялык жыйынтыгы | 3 |
| Берилген позициянын кеңдиги жана бүтүндүгү<br>1) Берилген тезистин жана далилдин бири-бирине дал келүүсү. | 7 |

| Критерийлер | упайлар |
|---|---|
| 2) Автордун позициясы толук жана кеңейтилип берилген.<br>3) Далилдер такталган булактардан алынган жана ишеничтүү (эссенин темасына дал келген далилдин көркөм чыгармадан болушу, автордун позициясын тактаган далилдин ар кандай булактардан болушу, автордун жеке позициясынын болушу).<br>4) Далилдер мисалдарга таянат.<br>5) Цитаталар киргизилген.<br>6) Теманы ачууга багытталган тексттин керектүү бөлүгүн кошумча түшүндүрмө менен кайра айтып берүү. | |
| **Жыйынтыгы** | **10** |

**БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВА**

Кыргыз элинин улуу балеринасы Бүбүсара Бейшеналиева 1926-жылдын 17-майында Аламүдүн районунун Таш-Дөбө айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Бүбүсара 1936–1941-жыдары Ленинград шаарынын Хореографиялык окуу жайында окуган. Окууну бүтүргөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында иштей баштаган. 1947-жылы Кыргызстандын эмгек сиңирген артисти, 1954-жылы Республиканын эл артисти наамын алган.

Бүбүсара Бейшеналиева алгачкы кыргыз балеттеринде бийлеген. Анын чоң сахнадагы биринчи ролу – «Селкинчек» балетиндеги Зайнуранын ролу. Бүбүсара аны 13 жашында Москвада өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасында аткарган. Андан кийин көптөгөн эсте каларлык образдарды жараткан. Алардын арасында Чолпондун, Айдайдын, Раймонданын, Жульеттанын, Франческонун жана башкалардын образдары бар. Бүбүсара Бейшеналиева көптөгөн өлкөлөргө, алардын арасында Румынияга, Чехословакияга, Канадага, Азия менен Африканын көптөгөн өлкөлөрүнө барып, бийик өнөрүн көрсөткөн.

Бүбүсара Бейшеналиева – кыргыз хореографиясынын негиздөөчүсү. Кыргыздар ага «Ысык-Көлдүн ак куусу» деген ат койгон. Учурда Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети улуу бийчинин атында.

**1. Бүбүсара Бейшеналиева … хореографиялык окуу жайында окуган.**
а) Бишкек б) Ленинград в) Аламүдүн г) Таш-Дөбө

**2. Кыргызстандын эмгек сиңирген артист наамын …-жылы алган.**
а) 1941 б) 1954 в) 1947 г) 1926

**3. Кыргыз искусствосунун биринчи декадасы … өткөн.**
а) Москвада б) Ленинградда в) Бишкекте г) Аламүдүндө

**4. Бүбүсара 13 жашында … ролун аткарган.**
а) Раймонданын б) Чолпондун в) Жульеттанын г) Зайнуранын

**5. Анын атасы … .**
а) жер иштеткен
б) мал баккан
в) дүкөн иштеткен
г) гүл өстүргөн

**6. Бүбүсара Канадада ... .**

а) иштеген б) окуган в) болгон г) жашаган

**7. «Ысык-Көлдүн ак куусу» деп ага ... ат койгон.**

а) канадалыктар б) орустар в) кыргыздар г) румындар

**8. Бүбүсара Бейшеналиева – кыргыз ... негиздөөчүсү.**

а) адабиятынын б) балетинин в) операсынын г) музыкасынын

**9. Ал ... образдарды жараткан.**

а) чыгармачылык б) опералык в) жөнөкөй г) эсте каларлык

**10. Анын аты менен ... аталат.**

а) спектакль б) окуу жайы в) театр г) эс алуу жайы

## ЖЕҢИЖОК ЫРЧЫ

Кыргыз эли байыртадан эле ыр жандуу эл болгон. Не бир сонун, булбулдай үнү таңшыган акындар өткөн. Алардын көбү белгисиз болсо да, айрымдарынын ырлары үзүлүп-бөлүнүп, биздин күндөргө араң жетип олтурат. Алардын баары биз үчүн асыл мурас. Алардын үнүн угуп отурсаң, биздин бабалар ырларын кийинки муундар үчүн деп атайын сактап койгон сыяктуу. Ал ырлар доордогу тиричиликти көз алдыга тартып турат. Алар ошонусу менен кымбат. Элдин аң-сезими, дүйнө таануусу жана баалоосу да ошол ырларда сакталып калган. Адам баласынын табиятынын дагы бир купуя сырын далилдеген ырчылык, төкмөлүк өнөр жөнүндө кесе айтып, түшүндүрүш кыйын. Бийик искусство ар кандай түшүнүктөн жогору эмеспи. Башка элдерде мындай өзгөчөлүк жок. Ал бизде гана бар. Бул чындык. Андай ырчылардын бири – Жеңижок. Ал тубаса жаралган ак таңдай акын болгон. Балалуу болбой калганын арман кылып «балам жок» деп таң атканча ырдаганда Жеңижоктун сакалынан ылдый жаш куюлуп турчу дешет. Ырды уккан эл да ырдагы кайгынын күчүнө чыдабай ыйлашчу экен.

**11. Илгертен эле кыргыздар ... эл болгон.**

а) ырга жакын б) ыр жандуу в) күүгө жакын г) өнөр жандуу

**12. Кыргыз элинен ... ырчылар чыккан.**

а) кара кылды так жарган, ар кандай
б) чындыкты туура айткан, ак маңдай
в) кара кылды как жарган, жез таңдай
г) чын сөздү бетке айткан, ак таңдай

**13. Көп акындардын ... болуп, ... гана ... калган.**

а) саптары дайынсыз, кээ бирлери, бекитилип
б) ырлары билинбей, баары, катылып
в) ыргактары белгисиз, айрымдарына, жабылып
г) ырлары дайынсыз, айрымдары, сакталып

**14. Ал ырлардын баары ата-бабалардан калган ... жана алтын кенч.**

а) табылгыс зор байлык
б) айнығыс чоң мүлк
в) көөнөрбөс көп дүйнө
г) кайталангыс ак дөөлөт

**15. Биз аларды … сактап, кийинки … калтырууга милдеттүүбүз.**

а) көздүн карегиндей, муундарга
б) аздектегендей, усулдарга
в) кастарлагандай, уулдарга
г) көз жоосундай, урпактарга

**16. … жаралган ырларды укканда, … бабаларыбыздын жашоо турмушун элестетүүгө болот.**

а) жүрөгүнүн түпкүрүнөн, өткөн замандагы
б) чын дилинен, эзелки күндөрдөгү
в) чын жүрөгүнөн, ошол кездеги
г) жүрөгүнүн түбүнөн, өткөн кылымдагы

**17. Кыргыз элинин … жана … жөнүндөгү көптөгөн … ырлары сакталган.**

а) дүйнө таануусу, жашоо маңызы, көркөм
б) дүйнө таанышуусу, жашоо күнүмдүгү, укмуш
в) ааламды көрүүсү, жашоо тиричилиги, ажайып
г) дүйнө таанымы, жашоо шарты, кооз

**18. Кыргыз элиндеги … өнөрдүн өзү эле чоң искусство.**

а) жез таңдай ырчылык
б) таң аткандай төкмөлүк
в) ак таңдай айтымдык
г) таң калгандай акындык

**19. … акындардын бири – Жеңижок жез таңдай … .**

а) тубаса төкмө, аталган
б) негизинен куйма, коюлган
в) табиятынан жазма, жазылган
г) тубаса алп, айтылган

**20. Жеңижоктун жүрөк сыздаткан … уккан калың эл аны алкап … .**

а) капалуу айтымын, өтө колдошкон
б) муңдуу мурасын, зор белгилешкен
в) кайгылуу саптарын, чоң баа коюшкан
г) армандуу ырларын, жогору баа беришкен

## КОМУЗ КАНДАЙЧА ПАЙДА БОЛГОН?

Илгери-илгери жер үстүндө бир хан болгон экен. Ал элин эзип, мөгдүрөтүп келгендиктен, эл аны кара мүртөз, зордукчул, канкор хан деп аташкан экен. Элдин каргышы, кайгы-муңу жеткенби, айтор, хан баласыз болуптур. Кудайга жалынып жатып карыганда жалгыз перзенттүү болгон имиш. Жалгыз перзенти чоңоюп эр жеткен соң, зулум хан баатыр жигиттерди тандап берет. Хандын уулу кайда болбосун, аны нөкөрлөр коштоп жүрөт.

Күндөрдүн биринде хандын уулу аңчылыкка кетет. Ой-тоону кыдырып, токойлорду аралап, эч нерсе жолукпай, камыш аралап келе жатса, алдынан күрүлдөп эне жолборс чыгат. Ал өзүнүн балдарын коргоп, алардын алдынан айбаттуу качырат. Жолборстун күрүлдөгөн айбатынан жанындагы нөкөрлөр качып жөнөшөт. Хандын уулу жебесин алганча болбой, жолборс аны чапчып өтөт. Хандын уулунун өлгөнүн көрүп, жигиттердин үрөйү учат.

Күндөр өтөт. Хан уулун күтөт, бирок уулу кайрылып келбеди. Ошондо хан жар чакырып:

– Кимде ким менин көзүм, мурасым, жалгызым жөнүндө жаман кабар алып келсе, коргошунду эритип, оозуна куям. Уулумду таап келгиле, – дейт.

Жарчылардын үнүн угуп, нөкөрлөрү эмне кылар айласын таппай, жер кезип кетишет. Тоо этегиндеги жалгыз алачыкта Аалы деген зергер жашоочу. Ал уста гана болбостон, акылман да болгон экен. Жигиттер Аалыга келип, болгон окуяны айтып берип, өлүмдөн куткаруусун өтүнүшөт. Аалы аларды тамактандырып, эс ала бергиле дейт. Уста түнү бою жыгач жонуп, түп жагын чөйчөк сыяктуу оюп, ага узун, ичке кылдарды тагат. Андан соң чертсе, нечен кооз үндөр жаңыра баштайт. Ал бирде ырдап, бирде ыйлаган үн чыгарат. Аалы таң ата жигиттерди ойготуп, чогуу ханга келишет. Хан алардын жаман кабар алып келгенин байкайт. Аалы ханга таазим этип, өзү жасаган жыгач куралда кол ойното баштайт. Ал курал чымчыктардын сайраганын, суунун шылдырап агышын, ымыркайдын күлкүсүн сүйлөп берип жатты. Хандын жарпы жазыла магдырап, жыргап укту.

Аңгыча баягы жайдары күлкүнү ырылдаган үн бузуп кетти да, ага удаа «апа» деп жардам сураган аянычтуу үн чыгып, заматта жок боло түштү. Хандын көңүлү айнып, айкырыкты салып, жалгыз мурасчысынан ажыраганына ишенбей, алиги жыгач куралды жок кылгыла деп буйрат. Жулунган нөкөрлөр заматта Аалынын колундагы куралды жулуп алып, эритилген коргошунду куят. Бирок курал бирде ыйлап, бирде ырдап окуяны баяндай берет. Бул курал Аалы зергер жасаган, атадан-балага кылым улап жашап келе жаткан улуу комуз эле.

**21. Бул эмне?**
а) жомок б) уламыш в) макал г) эпос

**22. Илгери ... хан жашаган экен.**
а) каардуу б) ач көз в) боорукер г) акылдуу

**23. Хан качан уулдуу болот?**
а) карыганда б) орто жашта в) жаш кезинде г) өлөөрүндө

**24. Хандын уулу ... кетет.**
а) жер кыдырганга
б) балык уулоого
в) куш салууга
г) мергенчилик кылганга

**25. Аңчылыкта жүргөндө уулу эмне болот?**
а) баатыр болот
б) эр болот
в) көз жумат
г) жарадар болот

**26. Эмне себептен ханга уулунун өлгөнүн угуза алышкан жок?**
а) колун кесип салат деп
б) тилин кесип салат деп
в) түрмөгө камайт деп
г) өлтүрүп коёт деп

**27. Уулунун нөкөрлөрү ... барышат.**
а) ырчыга б) акынга в) устага г) куруучуга

**28. Ханга жаман кабарды ... угузат.**
а) музыкалык аспап
б) уулунун нөкөрлөрү
в) хандын вазирлери
г) чебер устат

**29. Хан ал комуздун үнүнөн ... туят.**
а) уулу кыз алып келе жаткандыгын
б) жалгызынан ажыраганын
в) жалгызы келип калганын
г) уулу качып кеткендигин

**30. Эмне себептен комуз ыйлап жатты?**

а) уулу качып кеткендиги үчүн
б) уулунун курман болгону үчүн
в) уулу аңчылыкта жүргөндүгү үчүн
г) уулу үйгө келгиси келбегени үчүн

## «ТАЙЧЫ» КҮҮСҮНҮН ЖАРАЛЫШЫ

«Тайчы» – кыргыздардын байыркы комуз күүсү.

Илгери жоокерчилик заманда кыргыздын Мактым сулуу аттуу кызы болот. Ал ай десе, аркы, күн десе, көркү жетпес сулуу экен. Чачы кырк кулач болуптур. Терекке асып коюп тарап, жууйт экен. Бир күнү кыз чачын жууп жатканда, бир тал чачы чоң дайрага агып кетиптир да, дайранын этегинде суу бойлоп жүргөн Чынарстан тайчы, Бегарстан тайчы деген баатырлардын атынын мойнуна оролуп калат. Алар чачтын узундугуна таң калып, кимдин чачы экенин сурамжылап жүрүп, соңунда Мактым сулуунун чачы экенин билишет.

Элди чаап, Мактым сулууну алып кетишет. Мактым сулууну Бегарстан тайчы алат. Бирок Мактым сулуу кантип качып кетүүнү ойлойт. Күндүз жоокерлер кайтарат, түндөсү тайчы Мактымдын чачын колуна ороп жатчу. Мактым сулуу кача албай жүрүп, Апал, Үпөл аттуу эгиз кыз төрөптүр. Бирок дагы эле качуу оюнан чыкпайт. Бир күнү Тайчы арак ичип, мас болуп калганда, Мактым аттын куйругунан чач жасап, анын колуна ороп коюп, өзү күлүк ат минип, улуу суудан өтө качат. Тайчы эсине келип эртеси караса, Мактым сулуу улуу дарыянын өйүзүндө туруптур. Тайчы өтүп бара албай, өйүздү карап боздойт. Ошондо Мактым сулуу комуз менен көргөн кордугун ырдап, Тайчыны ээликтирип: «Улуу суудан өтсөң, мен качпайм», – деп алдайт. Тайчы жоокерлерин, малын улуу сууга айдатып кирип, агып өлөт.

Кыргыздар Мактым сулуунун жоодон куткарган күүсүн түбөлүк унутпай, «Тайчыдан тайчы, Арстан тайчы» деп чертип калган экен.

**31. Бул … .**

а) жомок б) уламыш в) эпос г) макал

**32. Мактым кандай кыз экен?**

а) абдан чырайлуу
б) узун бойлуу
в) кара каштуу
г) ак жуумал

**33. Чачы … болгон экен.**

а) сейрек б) жука в) кыска г) узун

**34. Анын чачы … атынын мойнуна оролуп калат.**

а) баатырдын
б) жоокердин
в) душмандын
г) коңшунун

**35. Мактымды кандай жол менен алып кетет?**

а) атасынын макулдугу
б) кудалашып туруп
в) кыргыздарга кол салып
г) көп калың менен

**36. Мактым кантип качып кетет?**

а) катуу уктатып салып
б) чачын кыркып салып
в) аттын куйругун байлап коюп
г) тамакты жасап берип

**37. Мактым Тайчыга кордугун кантип билдирет?**

а) күү менен
б) табышмак менен
в) макал менен
г) ыр менен

**38. Жоолор кантип курман болушат?**

а) көлгө чөгүп кетишет
б) дарыяга агып кетишет
в) согушта курман болушат
г) аскадан учуп кетишет

**39. Мактым кыргыздарды жоодон кантип куткарат?**

а) алар менен кармашып
б) жоого макул болуп
в) акылдуулугу менен
г) күүнүн жардамы менен

**40. Ал күү бүгүн ... .**

а) чертилген эмес
б) кээде чертилет
в) унутулуп калган
г) жашап келет

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

адабият – литература
адис – специалист
айбат – суровость, ярость
аптап – зной
байыркы – древний
билим – образование
боздо – горько плакать, реветь
дос – друг, товарищ
жапайы – дикий
желек – флаг
жеңиш – победа
жоокер – солдат, воин
жумшак – мягкий
зергер – ювелир
кайрыл – обращаться
канкор – злодей
китепкана – библиотека
комуз – музыкальный инструмент
коргошун – олово
көз тийүү – сглазить
көкүл – чёлка
куй – наливать
куйка – кожа головы
кул – раб
кулач – объятие
курсак – живот, желудок
куттукта – поздравить
куу – хитрый
күлүк – скакун
кырсык – несчастье
майып – инвалид
мамлекет – государство
мөгдө – изнывать
мүмкүнчүлүк – возможность
окумуштуу – учёный
оорулуу – больной
өзгөчө – особенно
пайдалан – использовать
перзент – ребёнок
периште – ангел
сайра – петь
сыйлык – награда
тери – кожа
туткун – плен
урматта – уважать
үйлөн – женись
үшүк – заморозки
черт – играть на комузе
чыда – терпеть
шири – шкура скота
ажар – красивое, приятное лицо
дит – помыслы, желание
дити чаппай – не решиться, не сметь
жалдан – наняться
жез кемпир – миф. демоническая старуха с железными когтями
кабырга кайыш – соболезновать; мне жаль
көйкашка – отличающийся своими хорошими качествами

# 10-ТЕМА

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ

**1. Билим алуу – ийне менен кудук казгандай**
**2. Мектеп – билим уясы**
**3. Жогорку окуу жайлары**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү билим берүү системасы жөнүндө айтып бергенди, аларды салыштырганды;
- өзүбүздүн жактырган жумушубуз жөнүндө эмнелерди жана кантип айтып бергенди;
- өз пикирибизди жактоого аргументтерди келтиргенди үйрөнөбүз.

**Эмнени иштей алабыз?**

- объектке, кыймыл-аракетке мүнөздөмө беребиз;
- эмненин канча экенин айта алабыз;
- мүмкүндүктү, күмөндүүлүктү билдире алабыз;
- билим берүү системасы жөнүндө аргументтештирилген эссе жаза алабыз.

# 1 БИЛИМ АЛУУ – ИЙНЕ МЕНЕН КУДУК КАЗГАНДАЙ

**1-ТАПШЫРМА. Блиц-сурамжылоо жүргүзгүлө. Чынжырча менен бири-бириңерге бирден суроо окуп берип, жооп алгыла. Жообун таппай калсаңар, суроону кийинки окуучуга узаткыла.**


1. Бул нерсени даярдайбыз жана сиңире алабыз. Бирок жеп-иче албайбыз. Ал эмне?
2. Билим алуу эмнеден башталат?
3. Билимди эмне кылууга болот?
4. Ким бирди жыкса, ким миңди жыгат?
5. Эмне байлык, эмне кенч?
6. Билими, сабаты жокторду эмне деп атайбыз?
7. Билим берүүчү жайлардан бешөөнү жазгыла.
8. Билимин сага арнаган киши ким?
9. Билимдин булагы эмне?

■ **Текстти окуп-түшүнүүдө эмнеге таянабыз?**

**2-ТАПШЫРМА. Сөздөрдү жана сөз айкаштарды окугула. Тааныш эмес сөздөрдүн маанилерин сөздүктөн тапкыла. Сунушталган лексиканы төмөндөгү схемага бөлүштүргүлө. Өзүңөр билген түшүнүктөр, терминдер менен толуктагыла.**

*Улуттук билим берүү системасы; билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү; билим берүүнүн светтик мүнөзү; билим берүүнүн уланмалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү; окутуу менен тарбия берүүнүн биримдиги; үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиянын өз ара байланышы жана өз ара аракети; инсандын руханий, моралдык жана физикалык өнүгүүсү; билим берүүнүн дүйнөлүк деңгээлине багыттоо; гуманизм; жалпы адамдык баалуулуктардын артыкчылыктары; кадрларды кайра даярдоо; мектепке чейинки мекемелер; экология.*

**1-схема**



## Процессти кантип билдиребиз?

| Кыймыл атоочту атоочтук маанисинде колдонобуз. Сүйлөмдө толуктоочтун, ээнин милдетин аткарат. | Кыймыл атоочту этиштик мааниде колдонобуз. Этиштин мүчөлөрүнөн кийин кыймыл атоочтун мүчөлөрү улана берет да, сүйлөмдө толуктоочтун, ээнин, баяндоочтун милдетин аткарат. |
|---|---|
| **Илик жөндөмөсү + кыймыл атоочтун *-ыш* мүчөсү** | **Табыш жөндөмө + кыймыл атооч – *-үү, -оо, -уу*** |
| Жаш муундар**дын** тарбияланышына көңүл бурулат. | Жаш муундар**ды** тарбиялоого көңүл бурулат. |
| Балдар**дын** өсүшүнө шарт түзөт. | Балдар**ды** өстүрөт. |
| Билим берүү**нүн** өнүгүшү. | Билим берүү**нү** өнүктүрүү. |
| Билим берүү**нүн** багытталышы. | Билим берүү**нү** багыттоо. |
| Системалар**дын** бириктирилиши. | Системалар**ды** бириктирүү. |
| Тарбия**нын** берилиши. | Тарбия (тарбия**ны**) берүү. |
| Үй-бүлөнүн ролу**нун** жогорулашы. | Үй-бүлөнүн ролу**н** жогорулатуу. |
| Өлкө**нүн** байышы. | Өлкө**нү** байытуу. |

**3-ТАПШЫРМА. Көп чекиттин ордуна мүчөлөрдү улагыла.**

1. Балдар**дын** жакшы шарттарда өс**үш**… каалайбыз.
2. Балдар**ды** ата-энеси бапестеп **өстүр**… .
3. Билим берүүнүн өнүгүшү… эмнелер зарыл?
4. Өкмөт билим берүү**нү** өнүктүрүү… колго алып жатат.
5. Билим берүү**…** компетенттүүлүккө багытталышы – жаңылык.
6. Билим берүү**…** дүйнөлүк деңгээлде өнүгүүгө багыттап жатышат.
7. Акыркы учурларда үй-бүлө**нүн** ролу… жогорулашы байкалды.
8. Үй-бүлө**нүн** ролу… жогорулатуу керек.
9. Өлкө**…** байышы көп нерселерге көз каранды.
10. Өлкө**…** байытуу биздин колдогу иш.

**4-ТАПШЫРМА. Азыркы билим берүү системасы кайсы максаттарга багытталган? Оюңарды жазуу түрүндө билдиргиле.**

***Таяныч:*** Менин билишимче, …
Мен … деп ойлойм / эсептейм / билем.
Негизгиси – …
Мисалга алсак,
… жакшы мисал болуп бере алат.
Жыйынтыктаганда, …
Сөзүмдүн аягында, …

**5-ТАПШЫРМА. Мектепте, кесиптик орто окуу жайында, жогорку окуу жайында кандай билим алууга болот? Таблицаны толтургула.**

| *Мектеп* | *Кесиптик орто окуу жайы* | *Жогорку окуу жайы* |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |



**6-ТАПШЫРМА. Кыргызстандагы билим берүү системасы жөнүндө маалымат менен таанышкыла. Маалыматтын кайсы бөлүгүн биздин өлкөдөгү билим берүү системасынын багытталышы жөнүндө силердин пикириңер менен толуктаса болот?**

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (1992-жыл) ылайык, билим берүүнүн негизги максаты – республиканын жарандарын жеке, коомдук, руханий, материалдык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн даярдоо болуп саналат. Билим берүүнүн учурдагы системасы көп деңгээлдүү. Ал билим берүү программаларынын үч түрүн камтыйт:

– мектепке чейинки билим берүү мекемелери үчүн атайын билим берүү программалары;
– жалпы билим берүү программаларынын максаты – инсандын жалпы маданиятын жана интеллектисин өнүктүрүү. Кесипке жана кесиптик чеберчиликке ийгиликтүү ээ болуу үчүн базаларды түзүү;
– квалификациялуу адистердин кесиптик деңгээлинин ырааттуу өсүшүн, даярдыгын камсыз кылган кесиптик программалар. Бул программалар ар кандай типтеги жана түрдөгү билим берүү мекемелеринин тармагында ишке ашырылып жатат.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына ылайык, башталгыч жана негизги жалпы мектепте окуу жалпыга бирдей милдеттүү түрдө ишке ашырылат, мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда окутуу акысыз жүргүзүлөт.



**7-ТАПШЫРМА. Башка өлкөдөн келген кесиптешке биздин өлкөдөгү билим берүү системасы жөнүндө айтып бергиле. Маектешүүгө даярдангыла. Конокко бере турган суроолорду камдап алгыла.**

**Маектешүүдө төмөнкү суроолорго жооп берүүгө аракет кылгыла:**

1. Сиздин өлкөңүздө кандай билимди милдеттүү түрдө алуу керек болуп эсептелет?
2. Сиздин өлкөңүздө кандай типтеги мектептер бар?
3. Балдар кайсы курактан баштап мектепте окуп баштайт?
4. Балдар кайсы куракта мектепти аяктайт?
5. Мектепте канча жыл окушат?

6. Сиздин өлкөңүздөгү мектептерде баалоонун кандай системасы кабыл алынган?
7. Жылына канча жолу каникул берилет?
8. Сиздин өлкөңүздөгү мектептерде сабактан кийин окууга даярдаган топтор иштейби?
9. Сиздин өлкөңүздөгү мектептерде бүтүрүү сынактары болобу?
10. Сиздин өлкөңүздөгү мектептерди бүтүрүүчүлөр окууга кайда тапшырышат?
11. Сиздин өлкөңүздө кайсы ЖОЖдор эң кадыр-барктуу?
12. Силерде техникумга, ЖОЖго окууга тапшырганда кирүү сынагын (экзамендерин) тапшырышабы?

# 2 МЕКТЕП – БИЛИМ УЯСЫ




**1-ТАПШЫРМА. Окуучунун карама-каршы сапаттарын кантип белгилесе болот?**

***Үлгү:*** **жөндөмдүүлүк – жөндөмсүздүк**

уюшкандык – …
кызыккандык – …
сабаттуулук – …
жетишкендик – …
мүмкүндүк – …

**2-ТАПШЫРМА. Предметтерге, адамдарга жана кубулуштарга кандай мүнөздөмө берсе болот?**

***Үлгү:*** **… билим берүү – орто билим берүү, жогорку билим берүү**
… билим, … изилдөөлөр, … коомчулук, … система, … өнүгүү, … өзгөрүүлөр, … ийгиликтер, … окуучулар, … педагогдор.



**3-ТАПШЫРМА. Мектептеги билим берүү жөнүндө маалымат менен таанышкыла.**

**Мектеп** (араб тилинин «мактаб» деген сөзүнөн алынган) – жаш муундарды окутуп-тарбиялоого негизделген билим берүү мекемеси. Мектептин пайда болушу адамзат коомунун жаралышы, андагы өндүрүштүк мамилелердин татаалданышы жана эмгектин коомдогу бөлүштүрүлүшү менен түздөн-түз байланыштуу, башкача айтканда, эң алгачкы коомдордо эле адамдар балдарды тарбиялоо ишин атайын бул ишке жооптуу кишилерге тапшырышкан. Байыркы Грецияда мектеп деп, философтордун өз окуучулары менен эркин темадагы баарлашуусун түшүнүшкөн. Байыркы Римде мектеп деген сөз азыркы маанисине жакын колдонулуп, билим-тарбия берүүчү мекемени түшүндүргөн. Кыргызстандын мектептик билим берүүсү да өз тарыхына ээ.

Кокон хандыгынын тушунда Кыргызстанда ислам дининин негиздерин окутууга багытталып, мектептер (башталгыч билим берүүчү) жана медреселер (орто жана жогорку билим берүүчү) болгон. Кыргызстан Россия падышачылыгынын карамагына өткөндөн тартып, көчүп келгендер

тарабынан негизделген шаар-кыштактарда орус-тузем башталгыч мектептери, бирин-экин гимназиялар ачылып, аларда жергиликтүү элдин балдарынын арасынан да тилмечтерди, катчыларды даярдоо иши колго алынган. Кыргызстандын азыркы мектептик билим берүү системасы негизинен совет бийлигинин тушунда түзүлүп, жетилген. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн бери (1991, 31-август) мектептик билим берүү жаатында чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Билим берүүнүн көп түрдүүлүгүн камсыз кылган, айрым предметтерди тереңдетип окутуучу мектеп-гимназиялар, лицейлер, автордук, жеке менчик мектептер пайда болду. Азыркы мектептик билим берүү базар мамилелеринин мезгилиндеги инсандын билимге болгон керектөөсүн толук канааттандырууга багытталган. Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүсү башталгыч жалпы (1–4-класстар), негизги жалпы (5–9-класстар), орто жалпы (10–11-класстар) билим берүүчү болуп, үч баскычты өз ичине камтыйт. Мектептик окутуу 6–7 жаштан тартып башталат.

**4-ТАПШЫРМА.** **Таблицанын биринчи графасындагы сөздөргө синонимдерди жана антонимдерди тандап, сүйлөм түзгүлө. Мисалдарды тексттен тапкыла.**

**Сөздөр:** келгин, чиелениши, бүтөт, билим берүү, бекер, жоопкерсиз, келишимдик негизде, каалагандай, жөнөкөйлөштүрүлүшү, үстүртөн окутуу, мойнуна алган, калыптанган, чектелген, мурунку, өнүкпөгөн, учурдагы, сабатсыз кылуу, мыктылап окутуу, туруктуу, башат алат.

| Сөздөр | Синоними | Антоними | Мисалдар |
|---|---|---|---|
| *жаш* | *болочок* | *улгайган* | *Мектеп – жаш муундарды окутуп-тарбиялай турган билим берүү мекемеси.* |
| окутуу | | | |
| эркин | | | |
| жооптуу | | | |
| тереңдетип окутуу | | | |
| жергиликтүү | | | |
| акысыз | | | |
| татаалданышы | | | |
| жетилген | | | |
| ээ | | | |
| башталат | | | |
| азыркы | | | |

**5-ТАПШЫРМА.** **Төмөндөгү ырастоолордун кайсылары жогорудагы тексттен кездешет?**

| Сүйлөмдөр | + бар<br>– жок |
|---|---|
| Мектеп сөзү араб тилинен алынган. | + |
| Мектептик окутуу 6–7 жаштан тартып башталат. | |

| | |
|---|---|
| Кыргызстанда ислам дининин негиздерин окутууга багытталган медреселер бар. | |
| Байыркы Римде мектеп деп, философтордун окуучулары менен эркин темадагы баарлашуусун түшүнүшкөн. | |
| Алгач шаар-кыштактарда орус-тузем башталгыч мектептери, бирин-экин гимназиялар ачылып, аларда жергиликтүү элдин балдарынын арасынан да тилмечтерди, катчыларды даярдоо иши колго алынган. | |
| Байыркы Грецияда мектеп деген сөз азыркы маанисине жакын колдонулуп, билим-тарбия берүүчү мекемени түшүндүргөн. | |
| Азыркы коомдо деле адамдар балдарды тарбиялоо ишин атайын бул ишке жооптуу кишилерге тапшырышат. | |
| Орто мектепте окуу 11-класстан аяктайт. | |

**6-ТАПШЫРМА.** **Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.**

### ФИЛИПОК МЕКТЕПКЕ БАРАТ

Илгерки өткөн заманда Филипок деген бала болгон экен. Күнүгө агасы Костя менен мектепке баргысы келет, бирок ага апасы уруксат бербейт.

– Мектепке барганга сенин жашың али жете элек, – дейт апасы.

Атасы күндө эртең менен талаага иштегени барат, апасы болсо агасын мектепке жибергенден кийин өзү да ишке жөнөйт. Ал эми Филипок чоң энеси менен үйдө калат,еригет. Кыштын бир күнү үйдөгүлөрдүн баары кеткенден кийин Филипок зериге баштады. Чоң энеси мештин түбүндө уктап калганда үйдөн качып чыгып, мектепке жөнөдү. Мектепке кайсы жол менен бара турганын да билчү. Иттерден гана коркчу. Үйүнө жакын иттер аны тааныгандыктан үрүшкөн жок, узап калгандан кийин чоочун иттер аны көрүп, үрүп чыгышты. Бир маалда алдынан бир адам чыгып:

– Сен кайда баратасың кибиреп? – деп сурап калды.

Ал адам менен сүйлөшүп, бирге басып, корккон иттерден өтүп, мектепке жетип алды. Мектепке барарын барды. Мугалим мени кабыл алабы же жокпу деп кире албай, мектептин оозунда турду. Бирок кайра үйгө кайтпастан класстын ичине кирүүгө бел байлады. Ошентип бир класска кирип барды. Мугалим доскада бирдемелерди айтып жаткан жеринен Филипокту көрүп, суроолуу карап туруп калды:

– Сен кимсиң?

– Ал Филипок, Костянын иниси, – деп балдар чурулдап жиберишти.

– Эмне кылып жүрөсүң, Филипок?

– Менин дагы окуп-жазгым келет. Мен байкемден тамгаларды үйрөндүм. Бирок дагы көп окугум, үйрөнгүм келет.

– Демек, сен тамга тааныйсыңбы? Сенин атыңа колдонулган тамгаларды айта аласыңбы? – деди мугалим.

– Ф И Л И П О К.

– Азаматсың, апаң менен эртең сүйлөшөйүн. Сени да мектепке жөнөтсүн. Сен абдан акылдуу бала экенсиң!

Филипок ошол күндөн баштап Костя менен мектепке бара баштады. Кыска убакыттын ичинде Костядай, жада калса андан да жакшы окуп калыптыр. Анткени Филипоктун окуйм деген эңсөөсү абдан күчтүү эле.

*(Л. Толстойдуку боюнча)*

**Тапшырмалар:**

- Тексттин жанрын аныктагыла: аңгеме, притча, жомок, уламыш. Бул чыгарма – аңгеме (притча, жомок, уламыш). Анткени… .
- Филипок туура жосун жасадыбы? Пикириңерди далил менен айткыла. Филипок мектепке барам деп туура эмес жосун жасады. Себеби … .
- Тексттен кандай тыянак чыгарууга болот?
- Текстти абзацтарга бөлгүлө. Ал абзацтардын аталышын жазгыла.
- Текст менен иштегиле. Ар бир ишти төмөндөгү кадамдар аркылуу аткаргыла: 1. Сүйлөмдөгү айрым сөздөрдү кыскарткыла. 2. Кээ бир жөнөкөй сүйлөмдөрдү бириктиргиле. 3. Эки-үч татаал сүйлөмдү бириктирип, бир татаал сүйлөмгө айландыргыла. 4. Чыгарманын мазмунун олуттуу өзгөртүүгө учуратпастан, 4–5 сүйлөмдөн турган чыгармага айландырып жазгыла.
- Ассоциация бергиле. Силердин балалыгыңарда ушундай окуя болду беле? Же 1-класска алгач барган күн эсиңердеби? Ушулар боюнча чакан текст түзүлө.

## КИТЕП КАНТИП ЖАРАЛГАН?

Китеп – бул маалыматты сактоонун, аны муундан-муунга өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы. Бардык басылмаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Ал коомдук мааниге ээ. Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылайдан жасашкан. Алар жумшак ылай тактайга учтуу таякча менен өзгөчө белгилерди чийип жазышкан. Андан кийин тактайчаны кургатып, отко бышырышкан. Мындай ылай тактайлардан китептер түзүлгөн. Ал эми Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактайлар түрүндө болгон. Кийинчерээк кытайлар кыл калемди тушка малып, токулган жибекке жазышкан. Байыркы Египетте таш такталарга чегип, китеп жазышкан. Кийин алар папирусту ойлоп табышкан. Камыштын сөңгөгүн жалпайтып таптап, бири-бирине улаштырып, узундугу ондогон метрге жеткен тасма жасашкан. Жазуу жазылган мындай тасманы түтүк кылып ороп сакташкан. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу каражаты катары Байыркы Греция менен Римде да дээрлик пайдаланылган. Кийин Кичи Азиядагы Пергам падышалыгы учурунда жаңы жазуу материалы катары айбанаттардын терисинен пергамент жасалган. Пергамент өтө кымбат болгондуктан, аларды үнөмдөө үчүн адегенде чапталган тактайга учтуу таякча менен жазышып, андан кийин гана пергаментке көчүрүшкөн. Ал эми китепти пергамент баракчаларынан жасалган дептерге кол менен жазышкан. Барактары бүктөлүп же бырышып калбас үчүн дептерлерди эки жагына жыгач такта коюп бириктирип көктөшкөн. Жыгач тактайды булгаары же кездеме менен капташкан. Азыркы биз билген китептин алгачкы формалары мына ушинтип пайда болгон.

**1. Биз китептерден … менен …, элибиздин өткөн… билебиз.**

а) илгерки убактагы элдер, кабарлашып, татаал жолун
б) эчак замандагы окуялар, таанышып, тарыхын
в) артта калган доор, кездешип, жашоо-тиричилигин
г) залкар баатырларыбыз, аңгемелешип, турмушун

2. **Коомубуздагы … басылмалардын … , кеңири … үчүн, эң … болуп китеп эсептелет.**
   а) жүздөгөн, арасындагы, баяндамаларды сактагандыгы, пайдалуусу
   б) далай, ортосунан, маалыматтарды тактагандыгы, керектүүсү
   в) миңдеген, ичинен, окуяларды чагылдыргандыгы, жигердүүсү
   г) көптөгөн, арасынан, маалыматтарды камтыганы, маанилүүсү

3. **Эң биринчи китептерди … болуп, ага көптөгөн … жана … кылынган.**
   а) жасоо өтө кыйын, тактайлар, мезгилдер сарп
   б) чыгаруу өтө татаал, каражаттар, убакыт талап
   в) кылуу абдан кымбат, адамдар, ылайлар керек
   г) ойлоп табуу татаал, бамбуктар, убакыттар жок

4. **Китептердин чыгарылуусун жана сактоосун … алгач ирет … башталган.**
   а) жеңилдетүү ыкмалары, Кытайда
   б) ыңгайлатуу максаттары, Кичи Азияда
   в) жакшыртуу жолдору, Вавилондо
   г) өзгөртүү ыкмалары, Байыркы Грецияда

5. **Фараондордун өлкөсүндө да китепти … максатында … материалдардан … материалдарга өтүүнүн … табышкан.**
   а) окууну жайылтуу, кымбат, арзан, амалын
   б) сактоону ыңгайлаштыруу, катуу, жумшак, жолун
   в) пайдаланууну жеңилдетүү, чоң, кичине, ыкмасын
   г) колдонууну ылайыкташтыруу, оор, жеңил, багытын

6. **Египеттин жазма каражаттары … жана … болгондуктан, аны көптөгөн … да колдонушкан.**
   а) тажрыйбалуу, баалуу, кошуна өлкөлөр
   б) пайдалуу, бarktуу, коңшу улуттар
   в) ыңгайлуу, арзан, башка мамлекеттер
   г) ыңтайлуу, кооз, бөлөк падышалыктар

7. **Башкалардан … пергамент жазуу материалы … ойлонуп … .**
   а) өзгөчөлөнгөн, Байыркы Египетте, табылган
   б) айырмаланган, Кичи Азияда, чыгарылган
   в) бааланган, Азиянын падышалыгында, коюлган
   г) бөтөнчөлөнгөн, Байыркы Грецияда, жаралган

8. **Бул жазуу материалы … болуп …, аны … колдонуу чоң мааниге ээ болгон.**
   а) өтө баалуу, саналгандыктан, сарамжалдуу
   б) абдан кымбат, калгандыктан, сарптуу
   в) өтө кымбат, каралгандыктан, этияттап
   г) эң пайдалуу, табылгандыктан, үнөмдүү

9. **Учурда бүт … колдонуп жүргөн дептерлердин … алгач ирет … жаралган.**
   а) өлкөлөр, негизи, Байыркы Египетте
   б) Жер шары, башаты, Ассирияда
   в) мамлекеттер, прототиби (макети), Кытайда
   г) дүйнө жүзү, прообразы (үлгүсү), Кичи Азияда

**10. Жаш ... китеп окууга ..., китептердин ... тууралуу айтып туруубуз зарыл.**

а) уландарыбызды, көндүрүп, колдонуу тажрыйбалары
б) муундарыбызды, кызыктырып, пайда болуу тарыхы
в) балдарыбызды, далалаттандырып, жаралуу ыкмалары
г) окуучуларыбызды, шыктандырып, маанилүү жагдайы


**11. ... биз көптөгөн ... алабыз, ошондой эле кийинки ... да калтырып кете алабыз**

а) китептен, маалымат, муундарга
б) кагаздан, маалымат, урпактарга
в) пергаменттен, толуктоолорду, кийинкилерге
г) дептерден, сүрөттөрдү, балдарыбызга

**12. Азыркы ... китептердин ... баса албайт, баары бир ... мааниси чоң**

а) технологиялар, ордун, китептин
б) иштер, касиетин, дептердин
в) адамдар, маанисин, барактын
г) окуучулар, баркын, китептин

# 3 ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫ



***ЖОЖ деген эмне? Кыргызстанда кандай ЖОЖдор бар? ЖОЖдо билим алуу эмнеси менен айырмаланат?***



**1-ТАПШЫРМА. Жогорку окуу жайлары жөнүндө эмнелерди билгиңер келет?**

Кыргызстандагы ЖОЖдордун туура аталыштарын билгиңер келеби? Алардын келип чыгыш тарыхын билгиңер келеби?

**Текстти инсерт ыкмасы менен окугула**

**Жогорку окуу жайлар** – орто жана атайын орто билимдин негизинде терең пайдубалдуу билимге ээ жогорку квалификациялуу кесипкөй адистерди даярдоочу окуу-тарбия мекемелери.

Жогорку окуу жайлар көп тармактуу жана көп баскычтуу билим берет. Алар негизинен университеттер, адистештирилген институттар, академиялар ж. б. Университтер жогорку даражалуу жана квалификациялуу окутуучулар, профессорлор менен камсыз болушуна жараша илимдин бакалаврдык, магистрдик, кандидаттык жана докторлук даражаларын берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындан тышкары өнөр жайдын, маданияттын жана коомдук жашоо-тиричиликтин ар кандай тармактары боюнча адистердин квалификациясын өркүндөтүү иштерин да алып барат. Алгачкы жогорку (философиялык) мектептер б. з. ч. III–V кылымдарда Афины менен Римде пайда болгон. Грузиядагы биринчи жогорку мектептер Колхида (IV кылым), Икалто, Герм, Гелати (XI–XII кылымдар) академиялары. XIII–XIV кылымдарда Батыш Европанын бир катар шаарларында университеттер ачылган. 1579-жылы Вильнюс академиясы, 1632-жылы

Киев-Могилян академиясы, 1661-жылы Львов жана 1669-жылы Загреб университеттери, 1687-жылы Москвада Славян-грек-латын академиясы уюштурулган. 1725-жылы Петербург академиясынын алдында Академиялык университет, 1755-жылы М. В. Ломоносовдун демилгеси боюнча Москва университети негизделген. IX кылымдын аягы – XX кылымдын башында ири машина индустриясынын өнүгүшү менен көп өлкөлөрдө университеттер, инженердик жана башка тармактык институттар ачылган.

Кыргызстанда ЖОЖ Улуу Октябрь революциясынан кийин пайда болгон. Кыргыз ССРинде биринчи ЖОЖ Кыргыз мамлекеттик педагогика институту 1932-жылы Фрунзеде ачылган. 1933-жылы Зооветеринария институту ачылып, 1938-жылы Айыл чарба институтуна айландырылган (азыркы И. Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университети). 1939-жылы сентябрда Фрунзеде Кыргыз мамлекеттик медицина институту (азыркы И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы), 1939–40-жылдары Ош (азыркы Ош мамлекеттик университети) жана Пржевальск (азыркы К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети) шаарларында мугалимдер институттары уюштурулган. 1945-жылы башталгыч класстардын мугалимдерин даярдап чыгарууга багытталган кыз-келиндер окуу жайы уюшулган жана анын базасында 1950-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогика институту түзүлүп, ага 1952-жылы В. В. Маяковскийдин ысмы ыйгарылган (азыркы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети). 1951-жылы Оштогу мугалимдер институтунун базасында жана 1955-жылы Пржевальскидеги мугалимдер институтунун базасында педагогика институттары түзүлгөн. Кыргыз мамлекеттик университети педагогикалык институттун базасында түзүлүп (1951), СССРдин 50 жылдыгы атындагы (1972), кийин Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (2002) аталган. 1954-жылы Фрунзе политехникалык институту (азыркы И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети), 1955-жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институту (азыркы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы), 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик искусство институту (Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институту) ачылган. Ошондой эле 1979-жылы Фрунзеде орус тили жана адабияты педагогика институту (азыркы К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, 1994), 1991-жылы Бишкек милиция жогорку мектеби (азыркы Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясы, 1999), 1992-жылы Кыргыз архитектуралык-курулуш институту (азыркы Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети, 1998), 1991-жылы Көркөм-сүрөт колледжи (Т. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын улуттук көркөм-сүрөт академиясы, 2004), Кыргызстан Эл аралык университети (1991), Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети (1991), Кыргыз-Түрк «Манас» университети (1995), Нарын мамлекеттик университети (1996), Борбордук Азиядагы Америка университети (1998), К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясы (1998), Талас мамлекеттик университети (2000), Баткен мамлекеттик университети (2002) жана башка окуу жайлары бар. Ошентип 1991-жылдан кийин бир нече жаңы ЖОЖдор ачылып, институттардын университетке айланышы менен ЖОЖдордун жана студенттердин саны өстү. Кыргызстандын аймагында

1980–90-жылдарда бардыгы 10 ЖОЖ болсо, 2000–01-окуу жылында республикада ЖОЖдордун саны 40, ал эми студенттердин жалпы саны 188,2 миңди түзгөн, бул 1999–2000-окуу жылына салыштырганда 29,5 миңге көп болгон. 2002-жылы университет, институт, академиялардын саны 46га жеткен. 2002-жылы 54 окуу жайы, анын ичинен 31и мамлекеттик, 15и жеке менчик жана 8и КМШ ЖОЖдорунун филиалдары болуп, аларда окутуу кыргыз, орус, казак, өзбек, англис, түрк, тажик, немис тилдеринде жүргүзүлгөн. Коммерциялык ЖОЖдор, факультеттер, бөлүмдөр ачылган. 1990-жылга салыштырмалуу 2002–03-окуу жылында келишимдик негизде окугандардын саны 5,6 эсеге көбөйгөн. Окуу квалификациясында жана окутуу процессинде да реформалар жүргүзүлүп, бакалавриат жана магистратура пайда болду. Тест, рейтинг системасы, кредиттик саат киргизилген. Кыргызстанда ЖОЖдордун жалпы саны 1994–2004-жылдары 22ден 49га чейин өскөн. 2009-жылы 32 мамлекеттик, 20 мамлекеттик эмес ЖОЖ болгон.

**Окуу жайларынын мурдагы жана азыркы аталыштарын дал келтиргиле**

| | |
|---|---|
| Айыл чарба институту | К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети |
| Кыргыз мамлекеттик медицина институту | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети |
| Пржевальскидеги мугалимдер институту | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту | И. Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университети |
| Кыргыз мамлекеттик университети | И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы |
| Фрунзе политехникалык институту | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети |
| Фрунзе орус тили жана адабияты педагогика институту | Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясы |
| Бишкек милиция жогорку мектеби | Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети |
| Кыргыз архитектуралык-курулуш институту | К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети |



**Тесттик тапшырмаларды аткаргыла**

**1. Туура жазылган вариантты белгиле.**

а) Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички Иштер министрлигинин академиясы

б) Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясы

в) Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлигинин академиясы

г) Э. Алиев Атындагы Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлигинин Академиясы

**2. Туура жазылган вариантты белгиле.**

а) И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы
б) И. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик медицина академиясы
в) И. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медицина академиясы
г) И. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Медицина Академиясы

**3. Туура жазылган вариантты белгиле.**

а) Борбордук Азиядагы америка университети
б) Т. Садыков атындагы Кыргыз республикасынын улуттук көркөм-сүрөт академиясы
в) Н. Исанов атындагы кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети
г) Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети

**4. Туура эмес жазылган энчилүү аттарды белгиле.**

а) Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Э. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясы
б) И. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик медициналык академиясы, В. В. Маяковский атындагы Кыргыз Кыз-келиндер педагогикалык институту
в) Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети
г) Ош мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

**5. Тексттин жалпы мазмуну эмне жөнүндө?**

а) окуу жайлардын саны, алардын аталыштары жөнүндө
б) жогорку окуу жайларынын пайда болуу тарыхы жөнүндө
в) Кыргызстандагы ЖОЖдордун аталыштары, пайда болуу тарыхы тууралуу
г) Кыргызстандын окуу жайлары жана алардын аталыштарынын өзгөргөндүгү тууралуу

**6. Кыргыз Республикасында университеттер кантип пайда болду?**

а) европалык жогорку окуу жайларынын үлгүсүндө
б) институттардын университетке айландырылышынан
в) эгемендүүлүк алгандыгыбыздын эсебинен
г) келишимдик негизде окуган студенттердин санынын көбөйүшүнөн улам

**2-ТАПШЫРМА.** **Маектешүүнүн жүрүшүн иштеп чыгып, жупта аткаргыла.**

1. Саламдашыңыз, акыбалын сураңыз.
2. Жооп кайтарыңыз.

1. Кайсы жерде окугуңуз келип жатканын айтыңыз.
2. Ал жерде окууга мүмкүн эместигин, себептерин айтыңыз. Башка окуу жай сунуштаңыз.

1. Сунуштаган окуу жайынан баш тартыңыз. Сиз жактырган окуу жайдын артыкчылыктарын айтып, маектешиңизди ынандырыңыз.
2. Дагы башка окуу жайларды сунуштап көрүңүз. Алардын жакшы жактарын көрсөтүңүз.

1. Өзүңүз жактырган окуу жайга даярдыктарыңыз тууралуу айтыңыз.
2. ЖОЖго тапшыруу үчүн окуу борборунан репетитордун жардамын пайдаланууну сунуштаңыз.

1. Баш тартыңыз. Мектебиңизде уюшулган ушул практикалык курстун алгылыктуу жактарын 2–3 мисал менен айтып, маектешиңизди ынандырыңыз.
2. Маектешиңизге жакшы каалоолорду айтыңыз.

1. Ыраазычылыгыңызды билдириңиз.
2. Коштошуңуз.

**3-ТАПШЫРМА.** **Чет өлкөдө билим берүү кандай экенин билесиңерби? Текстти окуп чыккыла.**

Немис өкмөтү билим берүүгө абдан көңүл бурат, ошондуктан бала бакчадан тартып, жогорку окуу жайына чейин бардык билим берүү мекемелери мамлекет тарабынан каржыланат. Германияда балдар үч жашка чыкканда милдеттүү түрдө бала бакчага барышат. Алты жаштан башталгыч мектепке кабыл алынат жана 4-классты бүтүргөндөн кийин окуусун орто мектептерде улантышат. Германияда мектептердин үч түрү бар: *негизги, реалдык* жана *гимназия*. Башталгыч мектепти бүтүргөн ар бир окуучу сынак тапшырып, анын жыйынтыгынын негизинде орто мектептерге кабыл алынат. Эң төмөнкү упай алган окуучулар негизги мектептен, орто деңгээлде упай алгандар реалдык мектептен жана жогорку упай алган окуучулар гимназиядан окуй алышат. Баланын кайсы мектепте окуусу анын келечеги үчүн өтө маанилүү. Анткени немис балдары кайсы орто мектепти бүтүргөнүнө жараша кесип тандайт, тактап айтканда, университеттерге бир гана гимназиянын бүтүрүүчүлөрү тапшыра алышат. Ал эми реалдык жана негизги орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү кесиптик билим берүүчү окуу жайларында билимин улантышат.

Германиянын жогорку окуу жайларынын негизги өзгөчөлүгү андагы студенттердин көп улуттуу болушу десек болот. Анткени Германияга атайын окуу программаларынын негизинде дүйнөнүн төрт тарабынан студенттер келип, акысыз билим алышат.

**4-ТАПШЫРМА.** **Кыргызстан менен Германиянын билим берүү өзгөчөлүктөрүн салыштыргыла.**

| Окшоштук жактары | Айырмалуу жактары |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |
| 4. | 4. |
| 5. | 5. |
| 6. | 6. |
| 7. | 7. |

***Кыргызстанда жана Германияда билим берүү өзгөчөлүктөрү боюнча жалпы корутунду чыгаргыла.***

## Сүйлөмдөрдү толуктоо тести

**1. Билим алуу … кудук казгандай.**
а) күрөк менен
б) бутак менен
в) колуң менен
г) ийне менен

**2. Билимдүү болсоң … , билимсиз болсоң …. .**
а) озорсуң / тозорсуң
б) илимдүүсүң / сабатсызсың
в) күчтүүсүң / алсызсың
г) кыйынсың / мышыксың

**3. Илим – түгөнбөгөн … , илимсиз киши– … .**
а) кенч / акылсыз
б) казына / машина
в) кудук / дудук
г) байлык / тантык

**4. Билимди … изде, алтынды … изде.**
а) көктөн / кенден
б) элден / жерден
в) билимдүүдөн / байдан
г) китептен / чөнтөктөн

**5. Илим менен … түзөлөт, билим менен … бүтөлөт.** *(Ж. Баласагын)*
а) кырсык, кемтик / эл кыйыры
б) бийик жерлер / жолдоруң да
в) оорудан адам / жаралары
г) адамдар / кийим

**6. Билим болсо – … дос саган, илим болсо – … , кошунаң.** *(Ж. Баласагын)*
а) жаман / жакшы
б) жан кыйышпас/ кесиптешиң
в) караңгыда / өтө жакын
г) китептеги / жаныңдагы

**7. Германияда баланын кайсы мектепте окуусу анын келечеги үчүн өтө маанилүү, анткени балдар кайсы … бүтүргөнүнө жараша кесип тандайт. Тактап айтканда, бир гана гимназиянын бүтүрүүчүлөрү … тапшыра алышат.**
а) окуу жайды / чоң окуу жайларга
б) университетти / магистратурага
в) орто мектепти / университеттерге
г) бала бакчаны / мектептерге

**8. Мектептин пайда болушу адамзат коомунун … менен, андагы өндүрүштүк мамилелердин татаалданышы жана эмгектин коомдогу … менен түздөн-түз байланыштуу.**
а) жаралышы / бөлүштүрүлүшү
б) билим берүүсү / орду
в) калыптанышы / ажыратылышы
г) өнүгүшү / өркүндөшү

## Окшоштуктар тести:

**1. китеп : окуу**
а) диван : уктоо
б) үстөл : отуруу
в) фильм : көрүү
г) нан : кесүү

**2. ортон : сөөмөй**
а) кол : бут
б) манжа : чыканак
в) бейшемби : жума
г) көз : кулак

**3. күрүч : дан**
а) ит : күчүк
б) эмен : дарак
в) өрүк : данек
г) жүгөрү : арпа

**4. күкүк : чыйырчык**
а) карышкыр : ит
б) торгой : талаа
в) түлкү : сагызган
г) төө : бото

**5. алыс : ыраак**
а) кенен : жайык
б) жайлоо : кыштоо
в) кеме : деңиз
г) жылуу : муздак

**6. өрнөк : үлгү**
а) көктөм : жаз
б) шамал : куюн
в) короз : поок
г) дарак : жалбырак

**Сүйлөмдөрдү толуктоо тексти:**

**1. … гана адам бардыгын билемин деп мактанышы мүмкүн. Ал эми … адам улам жаңыны үйрөнгүсү келип, бул дүйнөнүн сырын эч убакта толук билип болбостугун сезип, аздыр-көптүр өмүрүндө жок дегенде тигил же бул нерсени үйрөнүп алууну … .**
а) билимдүү, акылдуу, эңсейт
б) мактанчаак, кадырлуу, каалайт
в) акылсыз, билимдүү, самайт
г) көйрөң, жөнөкөй, тилейт

**2. Тынымсыз жер казган … акыры сууга жеткендей, … илим-билимге жетет.**
а) өжөр, үлгүлүү окуучу
б) кежир, нарктуу окуучу
в) көк, тартиптүү окуучу
г) өзүмчүл, билимдүү окуучу

**3. Көздөгөн максатына жетүүгө умтулган адам … багынууга … .**

*М. Ю. Лермонтов*

а) турмушту, ылаажысыз кылат
б) тагдырды, аргасыз кылат
в) кыялды, айласыз кылат
г) бакытты, амалсыз кылат

**4. «Мен … калсам эле окуп кирчүмүн. Канчалык көп окуган сайын жабылуу эшиктер ачылып, тынчым кете баштады. Басып-туруп эле мамлекет жөнүндө ойлой берчү болдум. Эгерде биз тапкан-ташыганыбызды … сыяктуу мамлекеттин … кандай сонун болор эле!** *(В. Шукшин)*
а) эркин боло, чабалакей, кирешесине койсок
б) бош боло, кумурска, пайдасына жумшасак
в) ээн боло, жөргөмүш, казынасына топтосок
г) бекер боло, аары, капчыгына салсак

**5. Киши өзүнүн күч-кубатын өзү тандап алган кесибине мүмкүнчүлүгү … жумшоосу керек. … улуу нерсени жаратып коюшу да мүмкүн. Адамдын бактысы, жөндөмү, парасаты, коомдогу орду анын көпчүлүккө канчалык … менен аныкталат эмеспи.** *(Д. Казакбаев)*
а) жетишинче, балким, пайдасы тийгендиги
б) келишинче, демек, зыяны тийгендиги
в) барынча, албетте, киреше бергендиги
г) чогулганча, болжолу, байлык топтогондугу

Чыңгыз Айтматовдун буга чейин кыргыз окурмандарына таптакыр белгисиз болуп келген «Чоор жана жер» («Флейта и земля») аттуу жаңы чыгармасы табылды. Ал чыгарма болгар тилинде жарык көргөн. Окурмандар бул чыгарма жөнүндө бир нече жылдар мурда кабардар болгон эле. Бирок анын мааниси жана мазмуну жөнүндө кол жазманы алгач академик Абдылдажан Акматалиев окуп чыгып, өз пикирин билдирген. Жакында А. Акматалиев «Чоор жана жер» чыгармасынын үзүндүлөрү Болгариянын «Пламьк» (1973), «Литературный фронт» (1974) аттуу жур-

налдарында жана болгар тилинде жарык көргөн чыгармалар жыйнагынын 2-томунда 1974–76-жылдары басылып чыккандыгы тууралуу маалыматты таап чыкты. Бул тууралуу айтматовтаануучу академик мындай дейт: «Чоор жана жер» орус тилинде жазылып, бирок орус тилинде да, кыргыз тилинде да жарык көргөн эмес. Жазуучу өзүнүн макалаларында, маектеринде же сүйлөгөн сөздөрүндө бул чыгармасы жөнүндө бир да жолу эскерген эмес. Чыгарма орус тилинен болгар тилине которулган. Болгар окурмандары кырк жылдан бери Ч. Айтматовдун аталган повести жөнүндө билишет, а бизде али күнгө чейин колубузга жете элек. Анын үстүнө бул факт – «Чоор жана жерди» Ч. Айтматов жазган эмес деген кээ бир ишенбегендердин ойлорун жокко чыгарды. Чыгарма Чоң Чүй каналынын курулушуна байланыштуу окуяларды камтыйт. Мен бул повесттин болгар тилинде жарык көргөнүн үч жылдай издеп, акыры Болгариядан таап, алдырттым».

Мындан сырткары А. Акматалиев аталган чыгарманын башкы каарманынын прототиби Бейше Асакеевдин Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Сталинградда баатырларча курман болгондугун да тактап чыкты.

Айта кетсек, «Элдик маданият» сериясына чыккан Ч. Айтматовдун бул жыйнагына «Кош, Гүлсарат», «Бетме-бет», «Ботогөз булак», «Эрте келген турналар», «Чоор жана жер» повесттери жана «Атадан калган туяк», «Уулу менен көрүшүү» деген аңгемелери кирген.

*«Де-факто» гезити, № 43, 2016*

**6. Текстте негизинен эмне жөнүндө айтылат?**

а) Ч. Айтматовдун чыгармалары жөнүндө
б) жазуучунун бизге белгисиз болгон чыгармасы жөнүндө
в) айтматовтаануучу А. Акматалиевдин изилдөө иштери жөнүндө
г) Ч. Айтматовдун «Чоор жана жер» чыгармасынын болгар тилинде жарык көргөндүгү тууралуу

**7. «Чоор жана жер» кыргыз тилинде жарыкка чыкканбы?**

а) жок, алгач болгар тилинде чыккан
б) орус тилинде жазылып, болгар тилине которулган
в) «Элдик маданият» сериясына чыккан жыйнакка камтылган
г) Болгариянын «Пламьк» (1973), «Литературный фронт» (1974) журналдарында болгар тилинде жарык көргөн

**8. Тексттин мазмуну бизге эмне жөнүндө эскертет?**

а) жазуучунун чыгармаларын изилдөө керектиги тууралуу
б) жазуучунун чыгармаларын окуп жүрүү керектиги жөнүндө
в) жазуучунун чыгармаларынын айрымдары бизге жетпегендиги тууралуу
г) жазуучунун чыгармалары али чет өлкөлөрдө көп экендиги жөнүндө

**9. Жазуучунун бул чыгармасы алгач кайсы тилде жазылган?**

а) кыргыз тилинде
б) орус тилинде
в) болгар тилинде
г) англис тилинде

**10. Аталган чыгарма жөнүндө кыргыз окурмандарын ким кабардар кылган?**

а) жергиликтүү басылмалар
б) академик А. Акматалиев
в) болгар журналынын редакциясы
г) «Де-факто» гезити

■ **Алган билимиңерди карточкалардын жардамы менен баалагыла. Көп чекиттин ордуна кеминде 5–6 далил келтиргиле.**

| ✓ | + | × |
|---|---|---|
| Тема боюнча иштөө мага жакты. Мен … тапшырмаларды жакшы иштедим. … сөздөрдү өздөштүрдүм. | Мага сабак кызыктуу болду. Мен …тапшырмаларды аткардым, ал эми … түшүнүксүз болду. | Көп пайда алган жокмун. Анткени … түшүнүксүз болду. |

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

адамзат – человечество
акысыз – бесплатный
алгачкы – первый, первичный
артыкчылык – особенность
ашырыл – реализоваться, выполниться
баалуулук – ценность
багытта – направлять
бапесте – заботиться, лелеять, пестовать
башталгыч – начальный
бекер – зря, бесплатный
бел байла – крепиться
бирдеме – нечто, что-то, кое-что
биримдик – единство
даярда – готовить
жергиликтүү – местный
жетил – вырастать
жеткиликтүүлүк – достаточность, доступность
жогорулат – улучшить, поднять
жөнө – отправиться
жөнөкөйлөштүр – упрощение
жык – свалить
зерик – испытывать скуку
канааттандыр – удовлетворить
карамак – ведение
каржыла – финансировать
катчы – секретарь
кач – бежать
кенч – богатство
колдогу – имеющийся в руках
көз каранды – зависимый
көктөө – зашить
кыштак – деревня
маал – время
мекеме – учреждение
муун – поколение
орус-тузем – русско-туземный
өндүрүмдүү – производительный
өнүктүр – развивать
өстүр – вырастить
падышачылык – царство
пайдубал – фундамент, стена
руханий – духовный
сабат – грамота
сиңир – усвоить
тармак – отрасль, сеть
тасма – лента
тереңдет – углублять
тушунда – во времена, напротив
түтүк – труба
уза – уйти далеко
уланмалуулук – преемственность
уруксат – разрешение
үзгүлтүксүз – непрерывный
ырааттуу – последовательный

# 11-ТЕМА

# АДАМДЫН ЖАШООСУНДАГЫ ТИЛДЕРДИН РОЛУ

**1. Тил билүү**
**2. Тил үйрөнүү**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР:

**Эмнени үйрөнөбүз?**

- сабакта диалогду демилгелегенди, колдонгонду;
- айтылгандарга өз мамилесин билдиргенди; (макулдук, каршылык, колдоо, четке кагуу ж. б.);
- текст окуп, окулган текстке өз мамилесин билдиргенди;
- тилдерди окуп-үйрөнүү менен байланышкан маалыматты даярдаганды жана билдиргенди үйрөнөбүз.

**Эмнени иштей алабыз?**

- кыймыл-аракет тике багытталган объектини (затты) табыш жөндөмөсүндө билдире алабыз;
- жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүн курамында кыймыл-аракеттин максатын белгилей алабыз.

# 1 ТИЛ БИЛҮҮ

**1-ТАПШЫРМА. Тилдердин аталышына жана кыргыз тилинде айтылышына көңүл бургула.**

Казак, өзбек, түрк, түркмөн, англис, орус, тажик, татар, уйгур, эстон, латыш, авеста, немис, корей, кытай, фарс, араб, жапон, португал, испан, алтай, малай, каракалпак, армян.

**2-ТАПШЫРМА. Таблица боюнча маалыматты айтып бергиле.**

***Үлгү:***

1. Кытай тилинде сүйлөгөн адамдардын саны – бир миллиард эки жүз миллион.
2. Дүйнөдө бир миллиард эки жүз миллион адам кытай тилинде сүйлөшөт.

| Кайсы тилде сүйлөшөт? | Канча адам сүйлөйт? |
|---|---|
| кытай тилинде | 1,200,000,000 |
| англис тилинде | 514,000,000 |
| испан тилинде | 425,000,000 |
| орус тилинде | 275,000,000 |
| хинди тилинде | 258,000,000 |
| араб тилинде | 256,000,000 |
| португал тилинде | 194,000,000 |

**3-ТАПШЫРМА. Сөздөрдүн маанилерин жебе аркылуу туташтыргыла.**

| Сөздөр | Лексикалык маанилери |
|---|---|
| шалбаа | иштетилген тери |
| тилмеч | жылкынын эркеги |
| жээрде | бир тилден экинчи тилге которуп берген адам |
| айгыр | кандайдыр бир нерсеге зыян келтирүүчү зат |
| уулуу | саздуу, калың чөптүү ным жер |
| асыл тукум айгыр | кызыл сары түс |
| булгаары | кыргыздын таза кандуу жылкысы |

**4-ТАПШЫРМА. Сөз айкаштарын түзгүлө.**

уулуу
сүйлөгөндөн
жээрде
асыл тукум
тилмеч
булгаары

сакалчан
болосуңбу
шалбаа
кемселчен
уяласыңбы
айгыр

**5-ТАПШЫРМА.** **Сүйлөмдөрдү туура курагыла.**

| | |
|---|---|
| Ошол жайда жайлоодо | мени тилмеч болосуң дешти. |
| Узун бойлуу, жээрде сакалчан, көк көздүү, кара булгаары кемселчен | ал айтканды сен бизге которуп бер. |
| Жылкычылар көп ойлонуп турбастан, | мындай бир кырсык болду. |
| Бул киши биздин тилди билбейт, | жамбашында сумкасы бар адам экен. |
| Сен эмне үчүн келген киши менен сүйлөшкүң келбейт | суудай билет экенисиң … . |
| Сен орусчаны ушунчалык | өмүр бою эсимден кетпейт. |
| Аңгемени сөзмө-сөз которгон бул тилмечтигим | сен эмне, орус тилин билбейсиңби? |

**6-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү фразаларды пайдаланып, текст түзгүлө.**
Уулуу шалбаа, орусча сүйлөгөндөн уяласыңбы, тилмеч болосуң дешти, жээрде сакалчан, асыл тукум айгыр.

**7-ТАПШЫРМА.** **Текстти окугула, өзүңөр түзгөн текст менен салыштыргыла, окшоштуктарын жана жалпылыктарын айтып бергиле.**

Биринчи жолу тилмеч болгонумда 5 жашта элем.

… Ошол жайда жайлоодо мындай бир кырсык болду. Бир аз эле күн мурда колхоз сатып алган асыл тукум айгыр кокустан мүрт кетти …

Эртеси бир орус келди. Узун бойлуу, жээрде сакалчан, көк көздүү, кара булгаары кемселчен, жамбашында сумкасы бар адам экен. Ал кыргызча бир ооз сөз билбейт, биздикилер болсо, орусча бир ооз сөз түшүнүшпөйт. Айгырдын кандай шартта, кантип өлгөнүн текшерип көрүп, ага ылайык документ жазуу керек. Жылкычылар көп ойлонуп турбастан, мени тилмеч болосуң дешти.

– Жүрү, – жылкычылардын бири мени колдон алды, – бул киши биздин тилди билбейт, ал айтканды сен бизге которуп бер, биздин айтканыбызды ага айт.

Бир чети уялып, бир чети коркуп да кеттим, жылкычынын колунан жулунуп чыгып, чоң энем турган боз үйгө кире качтым.

… Дайыма мага жароокер жана жумшак мамиле кылган чоң энем эмнегедир бул жолу кабагын бүркөдү:

– Чоң кишилер суранып жатса, сен эмне үчүн келген киши менен сүйлөшкүң келбейт, сен эмне, орус тилин билбейсиңби?

Мен унчукпадым…

– Сен эмне, орусча сүйлөгөндөн уяласыңбы же өз тилиңден уялып жатасыңбы? Бардык тилди кудай берген, кой, бас. – Ал колумдан алып жетелеп жөнөдү. Балдар артыбыздан ээрчиди…

Боз үйдүн ичи толтура аксакалдар. Аксакалдар арасында баягы ветеринар да отурат. Ал мага жылмайып, жанына жаңсап чакырды:

– Киргин бала, жаныма келчи. Сенин атың ким? … Кана, айгырдын эмне үчүн өлгөнүн булардан сурачы, – деп жаза турган кагазын алып чыкты.

… – Байке, – деп баштадым апкаарып. Бул жер Уу-Саз, уулуу шалбаа деп аталат.

… Эки тилде сүйлөшүлгөн аңгемени сөзмө-сөз которгон бул тилмечтигим өмүр бою эсимден кетпейт. Көрсө, айгыр уу чөпкө ууланып калган тура. Жергиликтүү жылкылар ал чөптүн уулуу экенин билип, жебейт экен.

… Келген киши мени мактады, аксакалдар жыты бурулдап турган ыпысык бир жилик этти карматышты, кубанычым койнума батпай боз үйдөн атып чыктым. Балдар заматта тегеректеп калышты.

– Ох, кандай укмуш сүйлөдүң! – Алар мага суктануу менен карашты:

– Сен орусчаны ушунчалык суудай билет экенсиң….

Чындыгында, мен жакшы эле мукактангам, балдарга болсо менин сүйлөгөнүм укмуштуудай көрүнүптүр. Бир заматта этти жедик да, ойноп кеттик.

*Ч. Айтматовдун эскерүүсүнөн*


**8-ТАПШЫРМА.** **Бала тилмечпи? деген суроого таблицада берилген «Ооба» жана «Жок» позициясын жактоо үчүн 3 негиздеме жазгыла.**

| Ооба, бала тилмеч | Жок, бала тилмеч эмес |
|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |

**9-ТАПШЫРМА.** **Төмөнкү конструкцияларды пайдаланып, 5 мүнөттүк аргументтештирилген эссе жазгыла.**

Мен бала … деп ойлойм, анткени … (аргумент + тексттен алынган факт менен негиздөө).
Контраргумент келтирүү: Айрымдар бала … дешет, бирок … .
Мен … деп ойлойм. (контраргумент + тексттен алынган далил)
Тезисти формулировкалоо.

# 2 ТИЛ ҮЙРӨНҮҮ



***Силер эне тилиңерди билесиңерби?***
***Силер кыргызча жакшы сүйлөй аласыңарбы? Орус тилиндечи?***
***Тил билгениңерге байланыштуу кандайдыр бир окуяны эстеп айтып бергиле.***
***Тил үйрөнүү деген темада эмнелер тууралуу сөз кылабыз?***



**1-ТАПШЫРМА.** **Тил – көпүрө, макта-, жатта-, улуу тил, тилдерди бил-, баркта-, жадыбалдай жатта-, өз-өзүнчө сакта деген сөз айкаштарды пайдаланып, чакан текст түзгүлө.**

**2-ТАПШЫРМА.** **Ырды көркөм окугула.**

**ТИЛДЕР ЖАНА ЭНЕЛЕР**

Орус тили экинчи эне тилибиз,
Ошон үчүн мактап, жаттап жүрөбүз.
Көп элдердин ортосунда көпүрө,
Ушул тилдин улуулугун билиңиз.
Орус эне дагы экинчи энебиз,
Ак эмгеги, ак сүтү бар ченегис.

Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси улуу, тили улуу
Өйдө, ылдый деп айта албайбыз эч бирин.

Уккун мени уул, кызым, жаштарым!
Ушул сөзүм жадыбалдай жаттагын.
Тилди тилге, эне менен энени
Чаташтырбай өз-өзүнчө барктагын,
Төртөөнүн тең тазалыгын сактагын!

*Б. Сарногоев*

**3-ТАПШЫРМА.** **Өзүңөр түзгөн чакан текст менен Б. Сарногоевдин ырынын текстин салыштыргыла. Айырмачылыктарын жана жалпылыктарын атагыла.**

1. Байдылда Сарногоевдин ыры эмне жөнүндө?
2. Эмне үчүн ар башка улуттардын тилин өйдө, ылдый деп баалабаш керек?
3. Акын айткандай тилди тилге чаташтырбай таза сүйлөш керек деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн? Кандай аргументтерди айта аласыңар?
4. Силерге Байдылда Сарногоевдин «Тилдер жана энелер» деген ыры жактыбы? Эмне үчүн?

**4-ТАПШЫРМА.** **Тил үйрөнүүдөгү максаттардын бирине таянып, комментарий бергиле.**

***Үлгү:*** **Менин тил үйрөнүүдөгү негизги максатым ..., анткени ... .**


**Тил үйрөнүүдө:**

- жеке кызыкчылык үчүн үйрөнөсүзбү же башкабы?
- башка элдин маданиятын таануу үчүнбү?
- окуган жерде сүйлөшө алуу үчүнбү? (Телефондо сүйлөшүү, чогулуштарга катышуу жана аларды түшүнө алуу, коноктор менен сүйлөшүү.)

- дагы жакшыраак иш табуугабы?
- достор же үй-бүлөңөр менен сүйлөшүү үчүнбү?
- чет өлкөгө барып-келүү үчүнбү?
- китеп окуу үчүнбү?
- интернет колдонуу үчүнбү?

**5-ТАПШЫРМА.** **Көп тил билген адам кандай ийгиликтерге жетишет? деген суроого сүрөттөгү маалыматтарды пайдаланып жооп берип, жупта талкуулагыла.**

*Конструкцияны пайдалангыла*
Кыргыз тилин үйрөнүүдөгү негизги максатым – … .
Биринчиден, … .
Экинчиден, … деп ойлойм. Ал эми орус тилин билүү менен … .




Кыймыл-аракет тике багытталган объектини (затты) кантип көрсөтөбүз?

**Салыштыргыла:**

| Зат атооч мүчөсү жок айтылат | Зат атооч мүчөсү бар айтылат |
|---|---|
| Түздөн-түз этиштин алдында турса:<br>*Убакыт жок, бирок ошондо да **тил** үйрөнүү керек.*<br>***Тил** билген адам ийгиликтерге жетишет.* | Байланышкан этиштен оолак турса:<br>*Убакыт жок, бирок **тилди** ошондо да үйрөнүү керек.*<br>***Тилди** жакшы билген адам ийгиликтерге жетишет.* |
| Объект мурун белгисиз зат болсо:<br>Убакыт үнөмдөгүң келсе – тил үйрөн. | Объект мурун белгилүү зат болсо:<br>Убактыңды үнөмдөгүң келсе – өзүң кызыккан тилди үйрөн. |
| Этиш логикалык басым менен айтылса:<br>Тил үйрөнүү пайдалуу. | Объект логикалык басым менен айтылса:<br>Тилди үйрөнүү пайдалуу. |
| | Бир өңчөй мүчөлөрдө эң акыркы сөзгө уланат:<br>Химия, физика, биологияны жакшы окуйм. |

**6-ТАПШЫРМА.** **Сөздөргө -ды мүчөсүн оозеки улагыла.**

Станциялар… , жөндөмдүүлүгүңүз…, окуган…, кабарлар…, маалыматтар …, бирөө…, сөздөр …, каталар …, текст…, сайт…, тил…, үйрөнүү… .

**7-ТАПШЫРМА.** **Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.**

1. (Убакыт, убакытты) үнөмдөгүң келсе – (тил, тилди) үйрөн.
2. Ишке киргенде (компьютер, компьютерди) сабаттуу колдоно алуу менен бирге бир канча (тил, тилди) билүүсү шарт.
3. (Дүйнө, дүйнөнү) кыдыргың келсе – англис (тил, тилин) үйрөн.
4. (Аң-сезим, аң-сезимди) өстүргүң келсе – (тил, тилди) үйрөн.
5. (Чындык, чындыкты) билгиң келсе – (тил, тилди) үйрөн.
6. Азыркы (технология, технологияны) үйрөнүү үчүн көп (тил, тилди) билүү керек.






**8-ТАПШЫРМА. Текстти окуп, тапшырманы аткаргыла.**

**Кырдаал:** Ийгиликке жетүү үчүн тил үйрөнүү зарыл. Азыркы учурда технологиянын жардамы менен тил үйрөнсө боло турган кандай кеңеш берет элеңиз? Бири-бириңер менен маектешип, пайдалуу эки кеңешти сунуштагыла.

### ТИЛ ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН ЭҢ ПАЙДАЛУУ КЕҢЕШТЕР

Азыркы технологиянын жардамы менен диванда отурган жерден эле тил үйрөнсө боло тургандыгына байланыштуу пайдалуу кеңештерди

beребиз. Мисалы, **TuneIn.com** сайтына кирип, каалаган тилиңизде, каалаган тармагыңызда, каалаган өлкөңүздүн радиосун акысыз уга аласыз. Даяр категорияларга бөлүнгөн радио станцияларды каалаган убагыңызда, каалаган жериңизде угуп, жаңы тилде угуу жөндөмдүүлүгүңүздү өркүндөтө аласыз.

Эгерде окуганды жакшы көрсөңүз анда **www.alexa.com** сайтына кирип, өлкөдө болуп жаткан ар кайсы тармактагы кызыктуу кабарларды жана маалыматтарды окуп турсаңыз болот.

**Duolingo** – тил үйрөнүүнү оюнга айландырган программа. Акылдуу телефонуңузга же планшетиңизге жүктөп алып, коомдук жайларда, унааларда, бирөөнү күтүп турганда, бош убактыңызда ж. б. бардык учурда оюн ойногончо тил үйрөнсөңүз болот.

**Babbel** – дээрлик көпчүлүк тилдерде колдонулган 2 000ге жакын сөз камтыган, сүрөттөрү жана аудио форматтары бар программа. Жаттаган жаңы сөздөрдүн узак мөөнөттүү болушун камсыз кылат. Сөздөрдүн туура айтылышын да үйрөнө аласыз.

**Forvo** – сөздөрдүн аудио форматтарын камтыган дүйнөдөгү эң чоң база. Кайсы бир сөздүн же болбосо адамдын атын чет тилинде кандай айтыларын билбей калсаңыз, бул программаны колдонгон жана ошол тил эне тили болгон адамдар сизге жардам берет. Албетте, сиз да башка адамдарга өз тилиңизде кайсы бир сөздүн кантип айтылышын үйрөтө аласыз.

**Lang-8** – жазылган тексттердеги каталарды текшертүү жана текшерүү үчүн курулган тил үйрөнүүчүлөрдүн жана үйрөтүүчүлөрдүн коому. Бир канча параграфтан турган өзүңүз жазган текстти бул жакка жазып койсоңуз, эң кыска убакыттын ичинде сизге тексттин каталарын таап, тийиштүү көмөк көрсөтүшөт.

**Кептик конструкцияларга таянып, кеңеш бергиле**

а) Мага _______________ сайты жакты. Анткени … .

б) Башка тилди тез үйрөнүш үчүн:
- Биринчиден, … сайтын … . Анткени … .
- Экинчиден, … сайтын … . Анткени … .
- Үчүнчүдөн, … сайтын … . Анткени … .



**Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы**

**1. Сайт, текст, сүрөт.**

**Жогорудагы сөздөргө кайсы мүчөлөрдү ырааттуу уласак туура жазылат?**

а) -ды, -ди, -дү б) -ты, -ти, -тү в) -ды, -ти, -дү г) -ды, -ди, -тү

**2. Дүйнө, программа, радио**

а) -ны, -ни, -нү б) -нү, -ны, -ну в) -ни, -ни, -нү г)-ды, -ди, -тү

**3. Туура жазылган сапты белгиле.**

а) кыргысча, орусча, отусча
б) чынбы, комузчу, туссуз
в) отузча, тузсуз, качты
г) жыгашчы, жыгаччы, чымбы

**Окшоштуктар тести:**

**1. тилмеч : котормочу**
а) ашпоз : даамдуу
б) илимпоз : аалым
в) сөздүк : лексика
г) багбан : агроном

**2. жээрде : кызыл**
а) тору : күрөң
б) ала-була : чымкый
в) боз : күңүрт
г) тунук : ачык

**3. тез : бат**
а) акырын : жайбаракат
б) тил : тилмеч
в) акыл : эс
г) ыкчам : ылдам

**4. асыл тукум : таза кандуу**
а) олбурлуу : салабаттуу
б) ойлуу : ачуулуу
в) мамлекет : эгемендүү
г) сасык : жыттуу

**5. жылкычы : кесип**
а) бутак : дарак
б) макал : сөз
в) үндүү : тыбыш
г) кызматкер : жумушчу

**6. тил үйрөнүү : курс**
а) кулинария : таттуу
б) машыгуу : фитнес
в) ыр жазуу : блокнот
г) айдоочулук : күбөлүк

**7. уулуу : заардуу**
а) каардуу : ачуулуу
б) сараң : зыкым
в) сулуу : серт
г) чоң : ири

**8. лексика : сөз**
а) морфология : грамматика
б) чет тили : сөздүк
в) фонетика : фонология
г) акустика : үн

**9. көмөк : жардам**
а) белек : сыйкыр
б) маселе : эреже
в) таттуу : даамдуу
г) даам : тамак

**Сүйлөмдөрдү толуктоо тести:**

**1. Тилден ____ да тамат, _____ да тамат.**
а) кан, суу б) бал, уу в) гүл, нур г) туз, шор

**2. Канча тил ______, ошончо дил ______.**
а) билсең, билесиң
б) үйрөнсөң, аласың
в) күтсөң, табасың
г) тапсаң, болосуң

**3. Тил – ________, босогоңдо комдонгон, ________, өзүңдү да жеп кой-гон.** *Ж. Баласагын*
а) карышкыр, ачка калса
б) төө, тили менен
в) өгүз, сүзүп койсо
г) арстан, бошоп кетсе

**4. __________ – кызыл тил.**
а) оозунда б) эне тилиң в) кыргыз тили г) өнөр алды

**5. Илим менен _______ көпүрө – тил, көкөлөткөн адамды _______ деп бил.** *(Ж. Баласагын)*
а) адамга, бийлиги
б) билимге, тили
в) акылга, жаны
г) ыйманга, ниети

■ **Алган билимиңерди карточкалардын жардамы менен баалагыла. Көп чекиттин ордуна кеминде 5–6 далил келтиргиле.**

| ✓ | + | ✗ |
|---|---|---|
| Тема боюнча иштөө мага жакты. Мен … тапшырмаларды жакшы иштедим. … сөздөрдү өздөштүрдүм. | Мага сабак кызыктуу болду. Мен … тапшырмаларды аткардым, ал эми … түшүнүксүз болду. | Көп пайда алган жокмун. Анткени … түшүнүксүз болду. |

## ЭС ТУТУМ РЕКОРДДОРУ

Мээнин иштеши тууралуу сөз болгондо көпчүлүк адамдар эске сактоодо кыйынчылыкка кабылуусун, ал аз келгенсип, жаш өткөн сайын унутчаак болуп бараткандарын белгилешет. Улгайган адамдардын унутчаак болору тууралуу пикир аксиома катары кабылданып калган. Мээнин иштөө механизмин иликтөөчүлөр бул ишенимди чындыкка коошпогондугун эскертишет. Эс тутумдун жигердүү иштеши, мыктылыгы адамдын каалоосуна, аракетине түздөн-түз байланышкан.

Азыркы мезгилде эс тутумду арттыруунун чеги жок экендигин дагы бир жолу тастыктаган юрист Самвел Гарибян болуп эсептелет. Ал Ростов университетинде студент болуп жүргөн кезинде ден соолугуна байланыштуу дарыгерлерге кайрылат, дарыгерлер жарым жыл бою окууга жана жазууга тыюу салышат. Ошол мезгилден тартып ал угуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө өтөт.

1990-жылы Гиннестин китеби ага «Жер жүзүндөгү эң күчтүү эс тутумга ээ адам» наамын берген. Самвел Гаривян он тилде сүйлөгөн. Ал бири-бири менен эч байланышы болбогон миң сөздү бир эле жолу укканда эсине тутуп, кайрадан айтып берген.

XVII кылымда Италиянын Флоренция шаарында туулган Антонио де Марконун жөндөмүнө да таң бербеске арга жок. Ал ар бир окуган китебин үтүр, чекитине чейин эсине тутуп калуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон. Антонио де Марко сексен бир жашка чыккан. Кызыгы, ал өлгөнгө чейин бул адатын таштаган эмес. Китептин бир бетин эки-үч секундда эле окуп койгон.

XIX кылымда жашаган Паул Чарлз Морфи шахмат боюнча таң каларлык ийгиликтерди жараткан. Ал көзүн таңдырып алып, бир эле учурда бир нече адам менен шахмат ойноого жөндөмдүү болгон. Бул инсан төрт жүздөн ашуун маанилүү оюндардын ар бир жүрүшүн өмүрүнүн акырына чейин эсине сактап калган.

**1. Көпчүлүк адамдар мээнин иштешиндеги кайсы көйгөйдү белгилешет?**

а) мээни чарчоосунун зыяндуулугун баса белгилешет
б) эске сактоодогу кыйынчылыкка кабылуу жана унутчаактык
в) улгайгандык жана чарчагандык
г) тууга эмес тамактануудан келип чыккан көйгөйлөр

**2. 1-абзацтагы ишенимди чындыкка коошпогондугун кимдер эскертишет?**

а) Ростов университетинин студенттери
б) юрист Самвел Гарибян жана Паул Чарлз Морфи
в) мээнин иштөө механизмин иликтөөчүлөр
г) дарыгерлер

**3. Эс тутумдун жигердүү иштеши эмнеге көз каранды?**

а) адамдын каалоосуна, аракетине көз каранды
б) адамдын кыймыл-аракетине көз каранды
в) айлана-чөйрөгө кылган мамилесине көз каранды
г) жашоо шартына көз каранды

**4. Эмне үчүн Самвел Гарибян угуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө өтөт?**

а) Гиннес китебине катталуу үчүн
б) окууну артыкчылык менен аяктоо үчүн
в) унутчаактыкты жеңүүгө боло турган аксиоманы жокко чыгарууну далилдөө үчүн
г) окууга жана жазууга тыюу салынгандыктан

**5. 2–3-абзацтагы ойду 4-абзацтагы ой... .**

а) улантат б) каршы изилдейт в) жокко чыгарат г) жыйынтыктайт

**6. XIX кылымда жашаган Паул Чарлз Морфинин уникалдуулугун кайсы сүйлөм жалпылап турат.**

а) Ал шахмат боюнча таң каларлык ийгиликтерди жаратkan.
б) Бир эле учурда бир нече адам менен шахмат ойногон.
в) Маанилүү оюндардын ар бир жүрүшүн эсине сактап калган.
г) Ал көрбөй туруп бир эле учурда бир нече адам менен шахмат ойногон.

**7. Антонио де Марко өлгөнгө чейин кайсы адатын таштаган эмес?**

а) окуганын эстеп калган адатын
б) укканын эстеп калган адатын
в) шахматты мыкты ойногон адатын
г) көрбөй жазган адатын

**8. Автор текст аркылуу эмнени айтайын деген?**

а) Улгайган адамдардын унутчаак болору тууралуу
б) Эс тутумдун начарлоосу тууралуу
в) Эс тутумду арттыруунун чеги жок экендиги тууралуу
г) Мээнин иштөө механизми тууралуу

**9. Гиннес китеби «Жер жүзүндөгү эң күчтүү эс тутумга ээ адам» наамын берген адамды белгиле.**

а) Самвел Гарибян
б) Паул Чарлз Морфи
в) Антонио де Марко
г) Зигмунд Фрейд

**10. Тексттин мазмунуна туура келген макалды белгиле.**

а) «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет».
б) «Жигитке жетимиш өнөр аз».
в) «Жети өлчөп, бир кес».
г) «Аракет кылса, берекет».

## КЫРГЫЗ ТИЛИ – БАЙ ТИЛ

Азыркы учурда техника өнүгүп, дүйнө жүзүндө компьютер байланышы күч алып, интернет желелери жалпы жер жүзүн аралап турган кези. Ошол ааламдашуу мезгилинде тилдер да бири-бирине таасирин тийгизип, кайсы бир тилди колдонуудан сүрүп чыгарышы мүмкүн. Мындан улам тилдин жоголуусу, башкача айтканда, колдонуудан чыгып калуусу пайда болот. Алардын ичинде кыргыз тили жокпу деп ойлойсуң. Себеби бул тил да аз колдонулат деген маалымат бар. Бул маселе Кыргызстандын айрым шаарларында өзгөчө байкалат.

Кыргыз тили дүйнөдөгү эң байыркы тилдердин бири. Жалпы түрк тилдеринин башатын изилдеген айрым изилдөөлөргө караганда, байыркы адабияттардагы көп сөздөр азыр да кыргыз тилинин курамында колдонулуп келет. Байыркы Орхон Енисей таш жазууларын окуй келгенде да азыркы биз пайдаланган сөздөр учурайт.

Дүйнөдө кайталангыс ири чыгарма болгон «Манас» эпосу да кыргыз тилинде жаралган. Эпостон мааниси дал келген, уйкаштыгы мол сөздөрдү табууга болот. Эгер кыргыз тили жарды болсо, ушундай чоң чыгарма жаралат беле? Манасчылар улуу дастанды тажабастан уга берет беле… «Манасты» бир нече күн түндөп-күндөп, тынбай айтышчу экен. Бул кыргыз тилинин өтө бай тил экендигин билдирет.

**11. Бул текстте … жөнүндө айтылат.**

а) ар түрдүү элдин дили
б) ар кандай журттун тили
в) ар бир элдин эне тили
г) ар кимдин эмгеги

**12. Азыркы учурдагы … процесси … тилдерге таасирин тийгизбей койбойт.**

а) алысташуу, бай
б) ааламдашуу, дүйнөлүк
в) жалпылашуу, бир
г) жакындашуу, жалпы

**13. Кыргыз тили … тилдердин бири.**

а) замандагы биринчи
б) дүйнөдөгү байыркы
в) жер жүзүндөгү илгерки
г) ааламдагы алгачкы

**14. Байыркы тил экендигин … эстеликтеринен билүүгө болот.**

а) илимий жазылгандардан, аскадагы оюу
б) негизги накылдардан, акактагы чийүү
в) тарыхый маалыматтардан, таштагы жазуу
г) маданий макалалардан, дубалдагы чегүү

**15. Орхон Енисей … окуй келгенде азыркы биз пайдаланган сөздөр учурайт.**

а) азыркы, ат таануууларын
б) эзелки, жат жазууларын
в) алгачкы, кат ташууларын
г) байыркы, таш жазууларын

**16. Бардык түрк тилдеринин арасынан … .**

а) накта саз тил
б) өтө эле аз тил
в) эң эле бай тил
г) жеке учкай тил

**17. Дүйнөдөгү ири көркөм … бири болгон «Манас» эпосу да кыргыз тилинде … .**

а) чыгармалардын, жаралган
б) макалалардын, жазылган
в) чыгуулардын, чыгарылган
г) темалардын, жасалган

**18. ... уйкаштыгы мол сөздөрдү ... болот.**
а) мазмуну туш келген, тануугa
б) сөздөрү төп келген, салууга
в) мааниси окшош, табууга
г) айтылышы көп келген, алууга

**19. Эпос кыргыз элинин ... .**
а) көөнөрбөс байлыгы
б) бөксөрбөс табылгасы
в) айтылгыс казынасы
г) көтөргүс бийлиги

**20. Кыргыз тилин ... жана андан ары ... – ар бир кыргыз жаранынын ыйык милдети.**
а) жактоо, өстүрүү
б) сактоо, өркүндөтүү
в) баалоо, байытуу
г) бекитүү, кеңейтүү

## ТЕМА БОЮНЧА СӨЗДҮК

айгыр – жеребец
айдоочулук – водительский
айтылыш – выражение
асыл тукум айгыр – жеребец особой породы
багбан – садовод
баркта – ценить
бил – знать
босого – порог
булгаары – кожа
бутак – ветка
жадыбал – таблица
жатта – учить наизусть
жүктө – загрузить
жыттуу – с запахом, пахучий
жээрде – рыжий
зыкым – жадный
камсыз кыл – обеспечить
кашек – объедки травяного корма
кеңеш – совет
көмөк – помощь
көпүрө – мост
күбөлүк – свидетельство
макта – хвалить
мөөнөттүү – срочный
олбурлуу – серьёзный
өз-өзүнчө – отдельно друг от друга
өйдө – верх
өркүндөт – развивать
сакта – беречь
сараң – скупой
сасык – вонючий
серт – некрасивый
тил – язык
тилмеч – переводчик
улгайган – пожилой
улуу – великий
унаа – транспорт
уулуу – ядовитый
үйрөткөндөр – обучающие
чаташтыр – путать
ченегис – неизмеримый
чымкый – сплошной
чындык – правда
шалбаа – луг; сырое место с высокой травой
шор – солёный, солончаковая почва
ылдый – вниз

# ТИРКЕМЕ ТЕСТКЕ ДАЯРДАНАБЫЗ МАШЫКТЫРУУЧУ КӨНҮГҮҮЛӨР

## 1. КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### Көрсөтмө

**Тестте аткарууга тийиш болгон төмөндөгүдөй тапшырмалар бар:**

- тамгаларды коюу;
- тыныш белгилерин коюу;
- стилди аныктоо;
- сүйлөм курамын аныктоо;
- маанилеш сөздөрдү табуу;
- көрсөтүлгөн маанидеги сөздөрдү түзүү;
- сөздөрдү лексикалык же грамматикалык маанилерине ылайык колдонуу.

Тапшырмада асты сызылган сөздөр же сөз айкаштары кездешкен учурда, жоопту дал ошолорго гана таянып берүү керек.

Сөздөрдө түшүп калган тамгалар жана сүйлөмдөрдө түшүп калган сөздөрдүн орду сызылган. Тапшырма катары берилген сүйлөмдөр суроодон кийин жайгаштырылып, курсив менен бөлүп көрсөтүлгөн.

Ар бир тапшырманын туура жообу бир гана варианттан турат.

### Туура вариантты жооп барагына белгилеп, боёп коюуну унутпаңыз.

**1. Иш кагаздарын жүргүзүүдө төмөндөгү талаптар коюлат:**
**Кайсы вариантта көрсөтүлгөн талап туура коюлган?**

а) Адам аттарын, мекеменин аттарын кыскартып жазуу
б) Айтылуучу ойдун тактыгы, ачыктыгы, түшүнүктүүлүгү
в) Көркөм сөз каражаттарын колдонуу
г) Диалектилик сөздөрдү колдонуу

**2. Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**

а) Украинада пайдалуу кендердин: көмүрдүн, газдын, темирдин, марганецтин эң баалуу кору жатат.
б) Украинада пайдалуу кендердин; көмүрдүн, газдын, темирдин, марганецтин; эң баалуу кору жатат.
в) Украинада пайдалуу кендердин – көмүрдүн, газдын, темирдин, марганецтин – эң баалуу кору жатат.
г) Украинада пайдалуу кендердин – көмүрдүн, газдын, темирдин, марганецтин; эң баалуу кору жатат.

**3. Кайсы сүйлөмдөгү алды сызылган сөз кыймыл-аракеттин ишке ашышын тилейт?**

а) Мен <u>барсам</u>, эч ким жок экен.
б) <u>Барсам экен</u>, сени көрсөм экен.
в) Мен <u>барсам</u>, ал да келет.
г) <u>Барсамбы</u>, барбасамбы, билбей турам.

**4. Кайсы варианттагы асты сызылган сөздөр «урмат-сый» деген мааниде колдонулган?**
а) Карыганда күн көрсөтпөй коюшту.
б) Балдарыңдын күнүн көр, айланайын.
в) Күнүм тууп, өзүмдү көрсөтөрмүн.
г) Күнү түшүп, Гүкү келип кетти.

**5. Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз туура ташымалданган?**
а) Улуттук китепканада ки-теп көргөзмөсү болуп өттү.
б) Кеңеш Жусуп-овдун 70 жылдык юбилейин өткөрүштү.
в) Жайында жайлоого чыгып, тоол-ордун сүрөтүн тарттым.
г) Жыйналышты бөлүмдүн башчысы Т. У.-Байтурсунов ачты.

**6. Сүйлөм бөлүктөрүн кайсы варианттагы ырааттуулук боюнча жайгаштырсак, сүйлөмдү туура түзгөн болобуз?**
I үй тапшырмасын аткарып
II досу Аскарга телефон чалды да
III Мелис кечки тамагын жеди
IV сынак тууралуу сурады
а) I, III, IV, II
б) II, IV, I, III
в) III, I, II, IV
г) IV, II, I, III

**7. Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**
а) Менин оюмча, ал калыстык кылды.
б) Сен эң болбогондо, жанагы кишини чакырчы, сүйлөшөлү.
в) Ооба, эне мээриминен артык дүйнөдө күч болбосо керек.
г) Саламат Аскардын айтуусу боюнча, мыкты ырчы.

**8. Сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөрдүн бардыгы кандай маанини берет?**
Көзүн май басып, көпчүлүккө сөз болду.
Кошунам көкүрөгүн каккылап, көчөдө жүрөт.
Кечээки Самат көөдөнүн көтөрүп, ыңгыранып жүрөт.
Биздин Айгүл кыял күтүп калыптыр.
а) менменсинүү
б) эркелөө
в) сыркоолоо
г) бойго жетүү

**9. Кайсы варианттагы белгиленген сөз заттын түсүн билдирип турат?**
а) Көк жүзү көл менен чагылышып, керемет бир сүрөт.
б) Анын ушунчалык көк бет экенин билген эмесмин.
в) Жаз келип, көк башы көрүнүп калды.
г) Көк көз кызды биринчи жолу көрүшүм.

**10. Кайсы варианттагы сүйлөмдүн түзүлүшүндө адабий тилдин жазуу эрежесине дал келбеген ката бар?**
а) Мугалим Манасты окуп келгиле деди.
б) «Көкөтөйдүн ашы», албетте, «Манастагы» эң мыкты эпизод.
в) «Манас» эпосу – кыргыз элинин поэтикалык чыгармачылык байлыгынын синтези жана туу чокусу.
г) «Манас» – Манас баатырдын тегерегиндеги чогултулган кыргыз мифтеринин, жомокторунун жана уламыштарынын энциклопедиясы.

**11. Кайсы катардагы сүйлөмдө сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүнүн мезгилин билдирет?**

а) Ыр ырдалып бүтсө, акырын чыгып кетели.
б) Ал үйгө барса, баарыбыз кубанат элек.
в) Катуу кыйналса да, өзүн жоготкон жок.
г) Нурлан кайда болсо, иниси да ошол жакка басат.

**12. Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз туура жазылган?**

а) Асельдин эн жакын курбусу – менмин.
б) Мен 1971-жылы 1-ноябрьда төрөлгөм.
в) 1-ноябрь менин туулган күнүм.
г) Эмил чет тилдер факултетинде окуйт.

**13. Кайсы катардагы сүйлөмдө асты сызылган сөз тике маанисинде колдонулду?**

а) Кечке чейин адамдын өзөгү карайып кетчүдөй экен.
б) Сарымсактын өзөгүн сууруп, сатууга мезгил жетип калыптыр.
в) Өткөндү эстеген сайын өзөгү өрттөнүп кетет.
г) Ырдын жалпы өзөгү юморго сугарылган экен.

**14. Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**

а) «Окуунун тамыры ачуу, жемиши таттуу» – деген экен Аристотель.
б) Аристотель: «Окуунун тамыры ачуу, жемиши таттуу» болорун айткан.
в) «Окуунун, деген экен Аристотель, – тамыры ачуу, жемиши таттуу».
г) Аристотель: «Окуунун тамыры ачуу, жемиши таттуу», – деп айткан экен.

**15. Үлгү иш кагаздарынын кайсы түрүнө кирет?**

Эсептешүү-сактык компаниясынын директору Жамалов Асан Анваровичке Текшерүү бөлүмүнүн башкы эсепчиси Жуманов Курбан Сариевичтен

Кечээ иш сапарынан кайтып келе жатканда жолдо унаабыз бузулуп, Бишкекке бүгүн саат 10дордо келгендиктен, маанилүү жыйналышка катыша албай калдым. Мекемебиздин айдоочусу да бул маалыматты тастыктап берет.

а) Ишеним кат
б) Түшүнүк кат
в) Билдирүү
г) Тил кат

**16. Кайсы катардагы сүйлөмдө асты сызылган сөз өкүнүү маанисин билдирип турат?**

а) Улуулар турмуштук тажрыйбага таянып айтат, сен аларды бир уксаңчы.
б) Мен бул китептин сатыларын уккан жокмун, же сен уксаңчы.
в) Биз сага бөлүнгөн китептерди алып коёлу, же өзүң эле эрте келсеңчи.
г) Күтө берип чарчабайлы, деги эрте келсеңчи.

**17. Кайсы катардагы сөздөрдүн бардыгы туура ташымалданган?**

а) аа-лам, акын-дын
б) окут-уу, буу-дай
в) ө-мүр, сы-я
г) ара-ба, тоо-луу

**18. Кайсы варианттагы татаал сүйлөмдө биринчи жөнөкөй сүйлөм натыйжаны, экинчиси анын себебин көрсөтөт?**

а) Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө.
б) Жоо сырын жоо билбейт, жарактуу күнү жоо келбейт.

в) Керегеде кулак бар, кеңешүүгө ыраак бар.
г) Досуңа сыр айтпа, досуңдун досу бар.

**19. Кайсы катардагы сүйлөмдөрдө асты сызылган сөздөр бирдей мааниде колдонулду?**

I. Ушул, көгү, сага туура келди окшойт.
II. Анын айтканы туура, мен кошулам.
III. Сенин бул жерден тез кетип калганың туура.
IV. Үйдөн чыгып, туура силердикин көздөй баскан.

а) I, II гана
б) II, III гана
в) III, IV гана
г) I, IV гана

**20. Кайсы сүйлөмдөгү алды сызылган сөз кыймыл-аракетти туюндурду?**

а) Бул завод уюшкан күндөн тартып, мен инженер болуп иштейм.
б) Тентек иним сиз менен сүйлөшкөндөн кийин оңолду.
в) Агам күтүүсүздөн атты камчы менен такымга тартып жиберди.
г) Бул жердегилер кийген кийимден тартып, сүйлөгөн сөзгө чейин маани беришет экен.

**21. Кайсы катардагы сөздөрдүн бардыгы туура ташымалданган?**

а) тар-мак, күл-кү, Бур-ул
б) суу-луу, жуур-кан, ме-ни
в) жаан-дуу, көр-үү, жыл-дыз
г) ке-ме, октя-брь, жалбы-рак

**22. Сүйлөмдөгү кайсы сөздөрдөн кийин үтүр белгиси коюлушу керек?**

Карга Аке «түшпөс бий» атыгып 70–80-жылдай бий болсо Мойт Акени эл да эл башчылары да кадырлашкан.

а) 70-80 жылдай, Мойт Акени, эл да
б) бий болсо, эл да,
в) атыгып, бий болсо, эл да,
г) атыгып, Мойт Акени, эл башчылары да

**23. Кайсы варианттагы сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүндөгү ойдун аткарылыш максатын билдирип турат?**

а) Эжесин көрүп, сиңди өсөт.
б) Сен билбесең, биз билебиз бул жигитти.
в) Алар туюп калбасын деп, эч кимге айтпадык.
г) Сурап бергиче, уруп бер.

**24. Кайсы катардагы сүйлөмдө асты сызылган сөз «белгисиз» деген сөзгө маанилеш?**

а) Бир күнү өз бактыма жолугармын.
б) Ойлогон ойлору, көздөгөн максаттары бир эле.
в) Конок кыздардын ичинен бир эле кыз бейтааныш экен.
г) «Дордой» базарына барып, соода-сатык жасоого бир күн кетти.

**25. Кайсы варианттагы асты сызылган сөз жаңсоо иретинде колдонулду?**

а) Ал келди.
б) Ал эми эле кетти.
в) Ал адам белгилүү жазуучу.
г) Ал кечинде сени сурап кеткен.

**26. Текст иш кагаздарынын кайсы түрүнүн үлгүсү боло алат?**

Мен шаардан алыс жашаганыма байланыштуу, унаа өз убагында каттабагандыктан, 2008-жылдын 24-сентябрында жумушка 20 мүнөт кечигип келдим.
Мындан кийин бул көрүнүш кайталанбайт деп ишендирем.

а) Арыз
б) Тил кат
в) Түшүнүк кат
г) Ишеним кат

**27. Төмөндө берилген сүйлөм бөлүктөрүн кайсы катардагыдай тартипте жайгаштырсак, сүйлөмдү түзгөн болобуз?**

I. керектүү кийимдерин алып
II. кеч кирип кетти
III. окуудан кеч келди
IV. көлдүн жээгине баргыча

а) II, III, I, IV
б) I, III, IV, II
в) III, I, IV, II
г) IV, II, I, III

**28. Сүйлөмдөгү алды сызылган сөздөн кийин кайсы тыныш белгиси коюлат?**

Айсалкындын ишенгени ушул бала.

а) үтүр
б) тире
в) кош чекит
г) коюлбайт

**29. Үзүндү тексттин кайсы түрүнөн алынган?**

Кыргызстан – тоолуу өлкө, анын ичинен Нарын облусу өзгөчө тоолуу аймак. Анткени мүлдө республиканын жайытынын үчтөн бири ушул облуска таандык. Мына ошон үчүн, теңиртоолуктарда сейрек кездешүүчү айрым улуттук өнөрлөр муундан-муунга сакталып келген.

а) илимий макалдан
б) көркөм чыгарманын текстинен
в) расмий билдирүүдөн
г) публицистикалык макаладан

**30. Кайсы варианттагы белгиленген сөз заттык маанини жалпылап, анын белгисиз экендигин көрсөтүп турат?**

а) Телефон чалган адамдын аты <u>ким</u>?
б) Киного <u>ким</u> менен бардың?
в) Бул кол жазманын кайда экенин <u>эч ким</u> билбейт.
г) <u>Алда ким</u> кирип келбесин деп, шаша-буша орой салды.

**31. Алды сызылган сөз тизмегинин маанисин аныктагыла.**

*<u>Бирөөнүн көзүн караган</u> жаман, балам. Колдон келсе, бирөөнүн көзүн караба да, бирөөнүн күнүн өзүңө түшүрбө!*

а) Бирөөнү багуу.
б) Бирөөнү тиктөө.
в) Бирөөгө карыз болуу.
г) Бирөөгө көз каранды болуу.

**32. Кайсы катардагы сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүнө карама-каршы мааниде турат?**
а) Касыңдан бал жегиче, досуңдан суу ич.
б) Касым басып келгиче, боз үйгө жетип калабыз.
в) Жыйналыш башталгыча, докладын жазып бүтүрдү.
г) Улуусу университетти бүтүрүп келгиче, кичүүсү мектепти бүтүрүп калат.

**33. Кайсы варианттагы бир деген сөз сандык маанини туюндуруп турат?**
а) Бүгүн болгону бир көйнөк сатып алдым.
б) Самат менен Тилек бир класста окушат.
в) Бир күнү биздин көчөдө да майрам болор.
г) Ажардын бөлмөсүндө бир кыз отурат, өңү тааныш.

**34. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысында нерсени тууураган сөз колдонулду?**
а) Камгактай учуп жөнөдү.
б) Каткыра күлүп шаңга бөлөдү.
в) Жалбырак желге ыргала берди.
г) Саратандын чызылдаганы угулду.

**35. Текстке тема койгула.**

Менин атым Асел. Мен эжем менен бирге турам. Эжем 30 жашта. Ал турмушка чыккан жана анын эки уулу бар. Эжем күнүгө эрте туруп, ишке жөнөйт. Кечинде келип тамак жасайт, балдарынын сабакка даярдыгын текшерет. Мен жээндеримди жакшы көрөм. Алар да мени жакшы көрүшөт.
а) Эжемдин үй-бүлөсү
б) Эжемдин бир күнү
в) Менин эжем
г) Эжемдин уулдары

**36. Кайсы варианттагы сүйлөмдөрдө тыныш белгилери туура коюлган?**
I Мен, Асанов Темирбек, 1975-жылы 10-июлда Ысык-Көлдө туулганмын.
II Мен, Асанов Темирбекти, 1975-жылдан бери билем.
III Мен, Асанов Темирбек, кароолчу болуп, ишкананын ичине кирдик.
IV Мен, Асанов Темирбек, экөөбүз «Терек» орто мектебин бүтүргөнбүз.
а) I, II
б) II, III
в) III, IV
г) I, III

**37. Кайсы катардагы сүйлөмдө асты сызылган сөз мезгилдик мааниде колдонулду?**
а) Театрдын алдында ачылган көркөм студияда көп жыл кызмат кылды.
б) Элдин алдында калып, тебеленип калбагай эле.
в) Коллективдин алдында уят болуп калбайлы.
г) Жыйналыштын алдында окуучуларды куттуктап кетели.

**38. Кайсы варианттагы асты сызылган сөз кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгүн билдирди?**
а) Бул мен эле, биерде жүргөн.
б) Азыр эле, ушул жерде жүргөн.
в) Азыр бул жерге келген эле.
г) Азыр келе калчудай шашат да тим эле.

**39. Көп муундуу сөздү белгиле.**
а) уулуу
б) уялуу
в) уулдуу
г) умач

**40. Кайсы сөздү ташымалдоого болот?**
а) аяз
б) чие
в) Чыңгыз
г) пияз

**41. Туура жазылган сөздү тап.**
а) Кыргызстандыктар
б) Жаңы Жыл майрамы
в) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү
г) Уюмдун Президенти

**42. «Кыр» деген этишке омоним сөз кайсы?**
а) жок кыл этиши
б) кырба деген этиш
в) бел деген зат атооч
г) дабыш тууранды сөз

**43. Өз ара маанилеш колдонулган сөздөр кайсы вариантта?**
а) узак – ыраак
б) келмек – кетмек
в) акылдуу – кем акыл
г) сызуу – жазуу

**44. Кайсы туруктуу сөз айкашы *комсоо, көрксүз* деген маанини туюнтат?**
а) иттин арткы шыйрагындай
б) жылын төө кылуу
в) ичине таруу айланбоо
г) желкесинин чукурун көрүү

**45. *Жылдызы жерге түшүү* туюнтмасы эмне маанини билдирет?**
а) иши жүрүшпөө
б) ыйлоо
в) өмүрү кыскаруу
г) маанайы чөгүү

**46. Төрт морфемалык бөлүккө ажыраган сөздү белгиле.**
а) амалкөйлөр
б) жардамчылар
в) баскынчылык
г) адептүүлүк

**47. Демейдеги нормадан төмөн болгон сын-сыпаттык сөздү белгиле.**
а) кызыл
б) бийик-бийик
в) саргыч
г) агыраак

**48. Кайсы сөз заттардын тобун билдирет?**
а) экинчи
б) ондогон
в) бешөө
г) ондон

**49. Тыныш белгиси туура эмес коюлган сүйлөмдү белгиле.**

а) «Турмуш оңой эмес, – деди Акбар досуна: – Анын ысык-суугуна чыдоо керек»
б) Эжей: «Жаш балдарга ызат мамиле кылуу керек экендигин», – айтты.
в) «Сен, сен ордуңдан турчу, каралдым! – деди карыя мага.
г) «Ок, андай деп айтканга болбойт, жубарымбек десе», – деп чочуп кетти.

**50. Компоненттери туруктуу келбеген сөз тизмектерин белгиле.**

а) иттин кара капталынан
б) темир жол
в) бака жалбырак
г) жыйырма китеп

**51. Туура жазылган сөздү белгилегиле.**

а) «Ош – Бишкек» жолу
б) Жаңыл мырза
в) ыпыссык
г) Жорж Сорос

**52. Асты сызылган кайсы сөздөрдө сын-сыпаттык маани камтылды?**

а) Бүгүн сен чоң энеңе каралаш.
б) Булардын кимиси сени менен жашташ?
в) Жакындарың менен дайыма катташ.
г) Сен марага биринчи келем десең, аны менен атаандаш!

**53. Кайсы катардагы сөздөр туура жазылган?**

I. Керээз, аэропорт, аюу, плащ, куюн
II. Мэр, алое, тийешелүү, боюнча, коюу
III. Аю, октябрь, кеңейет, тууралу, төрага
IV. Социолог, министр, батальон, йогурт, келатат

а) I, IV гана
б) II, III, IV гана
в) II, III гана
г) III, IV гана

**54. Муундук бөлүктөргө туура ажыратылган сөздөрдү белгиле.**

а) жа-йылт, а-лыс-кы, ээ-ли-гүү
б) чеч-им, бо-ёк, сыяк-туу
в) жа-зуу, бер-ил-иш, ту-юн-тма
г) ке-лиш-им, бо-юн-ча, та-а-лим

**55. Туура жазылган сөздөрдүн катарын белгиле.**

а) барычумун, Алиевтин, чабып
в) барчуумун, Алиевдин, чабып
б) барчуумун, Алиевтин, чавып
г) барчумун, Алиевдин, чаап

**56. Туура ташымалданган сөздөрдү белгиле.**

а) эне-ке, оюн-чук, ба-ла-быз
в) түн-кү-сүн, ой-лон, ба-ягы
б) ши-ре-түү-чү, аб-алак
г) ки-тептер, сая-бан, бейө-кмөт

**57. Кайсы катардагы сөздөр туура жазылган?**
а) түңкү, карангы, эртенки, бүгүнкү, таңкы, жүдөнкү, астыңкы
б) түнкү, карангы, эртенки, бүгүнкү, таңкы, жүдөңкү, астынкы
в) түңкү, караңгы, эртеңки, бүгүңкү, танкы, жүдөнкү, астыңкы
г) түнкү, караңгы, эртеңки, бүгүнкү, таңкы, жүдөңкү, астыңкы

**58. Тыныш белгилери туура коюлган сүйлөмдү белгиле.**
а) «Калптын казаны кайнабайт»- делет элибизде, андыктан калп айтуудан корк.
б) «Калптын казаны кайнабайт»,- делет элибизде, андыктан калп айтуудан корк!
в) «Калптын казаны кайнабайт»,- делет элибизде, «Андыктан калп айтуудан – корк».
г) «Калптын казаны кайнабайт,- делет элибизде, андыктан калп айтуудан корк».

**59. Туура жазылган сөздөрдүн катарын белгиле.**
а) үй-бүлөө, аба-ырайы, кыргыз-тили, ден-соолук, агайын тууган
б) үй-бүлө, аба ырайы, кыргыз тили, ден-соолук, агайын-тууган
в) үй-бүлө, аба ырайы, кыргыз тили, ден соолук, агайын-тууган
г) үй-бүлөө, аба-ырайы, кыргыз тили, ден соолук, агайын тууган

**60. Кайсы сүйлөмдө асты сызылган этиш туура эмес жазылган?**
а) Сүйлөөр сөзүн унутуп калгандай токтоло калды.
б) Бараар жерибиз алыс болгондуктан жолго эрте камындык.
в) Таянар тооң мен болуп калдымбы?
г) Ал-жайымды сураар бир туугандар кайда?

**61. Катардагы асты сызылган кайсы сөз кыймыл-аракетти билдирет?**
а) Табышмак бизди тапкычтыкка тарбиялайт.
б) Дем алуу кыйындап жатат, аба суюк окшойт.
в) Эс алуу күндөрү Ошко барып келели.
г) Жазуу – адамзаттын зор табылгасы.

**62. Сүйлөмдөгү боштукка кайсы сөздү койсок, капыстан эстөө мааниси келип чыгат?**
__________, быйыл окуу качан башталат экен?
а) Билесиңерби
б) Кана
в) Макул
г) Айтмакчы

**63. Кайсы катардагы кыймыл-аракетти билдирген сөз көнүмүш болуп калгандыкты билдирет.**
а) Сен мени күтпөстөн апамдыкына барып турчу.
б) Бул ишке башыңды тыкпай, мындай турчу!
в) Бүгүн бизди бир кубантып эрте турчу!
г) Зарина Канатты аялдамадан күтүп турчу.

**64. Кайсы катардагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**
а) Бишкек – Ош жолу Кыргызстандын негизги жолдорунун бири.
б) Айланайындар, мени, балдарымды, баарыбызды аяп койгулачы!
в) Шаарыбыздын, ордо калаабыздын, тургундарын, меймандарын, тазалыкка чакырам!
г) Кыргызстандын түпкүлүктүү эли – кыргыздарга башыбызды бириктирели!

**65. Жемиштерден *алманы, анарды, чиени жана жүзүмдү* көп колдонуу керек. Асты сызылган сөздөн кийин кайсы тыныш белгисин колдонуу керек?**
а) кош чекит
б) тире
в) үтүрлүү чекит
г) эч кайсы тыныш белгиси

**66. Кайсы катардагы сөздөрдө жаңы маанилер пайда болду?**
- а) китептер, бешинчи, каяктан, жетишүү
- б) эңсөө, катарлаш, тамактан, бурчтук
- в) компьютердин, кулпула, мекениме, көрүшүптүр
- г) жашыруун, сезбей, акылман, күтчү

## 2. ОКШОШТУКТАР

**1. самын : кир**
- а) ийне : жип
- б) шам : жарык
- в) калем : өчүргүч
- г) шыпыргы : шыпырынды

**2. компас : багыт**
- а) басым : барометр
- б) түндүк : мох
- в) саат : убакыт
- г) күн : түш

**3. кичинекей : кенедей**
- а) муштумдай : тырмактай
- б) өткүс : тар
- в) баалуу : арзан
- г) жука : жеңил

**4. жумуш : танапис**
- а) спектакль : антракт
- б) тыныгуу : жүрүш
- в) күн : түш
- г) эмгек : жалкоолук

**5. жаңылоо : эски**
- а) илүү : нымдуу
- б) билүү : кызык
- в) жакшыртуу : жаман
- г) эске салуу : керек

**6. күйгүзүү : өчүрүү**
- а) унчукпоо : сүйлөө
- б) жоготуу : табуу
- в) кароо : көрүү
- г) сарп кылуу : алуу

**7. казуу : тереңдетүү**
- а) секирүү : жүгүрүү
- б) көтөрүү : түшүрүү
- в) чумкуу : батуу
- г) түшүү : жылмышуу

**8. чыдамкайлык : сабырдуу**
- а) куулук : жөнөкөй
- б) алсыздык : күчсүз
- в) кубанычтуулук : кайгылуу
- г) абийирдүүлүк : уятсыз

**9. комедия : актёр**
- а) чыгарма : сынчы
- б) роман : каарман
- в) фильм : режиссёр
- г) опера : ырчы

**10. теоретик : практик**
- а) врач : ассистент
- б) пианист : композитор
- в) архитектор : куруучу
- г) режиссёр : сценарист

**11. мотор : кубаттуу**
- а) талдоо : толук
- б) аспап : так
- в) тандоо : эң жакшы
- г) чогултуу : шашылыш

**12. кардар : сатуучу**
- а) жоокер : ыктыярдуу аскер
- б) кожоюн : ээ
- в) лыжачы : спортчу
- г) баскынчы : тынчтык орнотуучу

**13. автор : жазуучу**
- а) журнал : китеп
- б) сан : цифра
- в) кресло : отургуч
- г) эмерек : үстөл

**14. телевизор : көрүү**
- а) жалбырак : саргаруу
- б) автомобиль : жүрүү
- в) жол : асфальттоо
- г) топчу : тагуу

**15. өркүндөтүү : жакшыраак**
а) кемитүү : азыраак
б) талап кылуу : чечкиндүүрөөк
в) өзгөртүү : начарыраак
г) карап чыгуу : кылдатыраак

**16. күн күркүрөө : чагылган**
а) кара булут : көлчүк
б) кар : бурганак
в) көк желе : жамгыр
г) толкун : шамал

**17. ийгилик : кубаныч**
а) күлкү : тамаша
б) ачкалык : тамак
в) коркутуу : коркуу
г) көз жаш : кайгы

**18. көйгөй : чечүү**
а) эксперимент : тажрыйба
б) гипотеза : далилдөө
в) сабак : түшүндүрүү
г) маселе : шарт

**19. жалбырак : тарамыштар**
а) гүл : бутактар
б) бет : бырыштар
в) кол : тамырлар
г) дарыя : куймалар

**20. алма : тамак**
а) турак : үй
б) кычкылтек : аба
в) автомобиль : унаа
г) буудай : дан

**21. торт : таттуу**
а) бадыраң : туздалган
б) картөшкө : куурулган
в) лимон : кычкыл
г) чай : ысык

**22. урушуу : мактоо**
а) жеңилүү : сыйлоо
б) тазалоо : булгоо
в) көтөрүү : түшүрүү
г) жазалоо : шыктандыруу

**23. чуркоо : стадион**
а) саякат : машина
б) атуу : таймаш
в) сүзүү : бассейн
г) товар : дүкөн

**24. поезд : тоннель**
а) добуш : кулак
б) ийне : кездеме
в) тешкич : дубал
г) түтүн : мор

**25. ит : тайган**
а) автобус : троллейбус
б) дарак : көчөт
в) дарыя : суу
г) имарат: мектеп

**26. салмак : тараза**
а) узундук : кесинди
б) бурч : транспортир
в) температура : градус
г) көлөм : литр

**27. көмүр : жылуулук**
а) очок : жылуулук
б) жай : жылуулук
в) ичик : жылуулук
г) газ : жылуулук

**28. тайыз : терең**
а) колдонулган : эски
б) ийкемдүү : жумшак
в) айрык : бүтүн
г) нагыз : чыныгы

**29. май : сыйпоо**
а) казы : кесүү
б) нан : жабуу
в) шишкебек : даярдоо
г) шорпо : бышыруу

**30. кагаз : ороо**
а) калем : жазуу
б) бычак : кесүү
в) китеп : окуу
г) чөмүч : сузуу

**31. кайырмак : калкыгыч**
а) саат : сандар
б) тараза : килограмм
в) телевизор : фильм
г) компас : жебе

**32. көрүнгөн : угулган**
а) жупуну : жоош
б) жаркыраган : ак
в) көгүлтүр : шаңгыраган
г) шаңкылдаган : шуулдаган

**33. кадам : аралык**
а) литр : грамм
б) километр : метр
в) кыймыл : ылдамдык
г) күн : убакыт

**34. болжолдуу : так**
а) кемчиликтүү : толук
б) жетиштүү : толук
в) керектүү : толук
г) жарым-жартылай : толук

**35. дарак : арча**
а) чычырканак : бадал
б) куш : бүркүт
в) балык : чабак
г) гүл : жоогазын

**36. кыш : кар**
а) кайгы : капа
б) кол чатыр : жаан
в) компас : түндүк
г) кубаныч : жылмаюу

**37. жип : кездеме**
а) жыгач : үстөл
б) кирпич : дубал
в) тасма : бант
г) чыбык : себет

**38. климат : жаан**
а) букет : гүл
б) рельеф : тоо
в) мезгил : кыш
г) булут : чагылган

**39. жоготуу : табуу**
а) кол салуу : коргонуу
б) жоголуу : уурдоо
в) баш тартуу : чакыруу
г) сатуу : түгөтүү

**40. кычкылтек : аба**
а) алтын : шакек
б) темир : кен
в) көмүр : шахта
г) сүт : быштак

**41. дыйкан : орок**
а) күрөк : жумушчу
б) булгаары : өтүкчү
в) мурап : кетмен
г) калем : акын

**42. туз : тамак**
а) цемент : бетон
б) ширеңке : от
в) ун : камыр
г) кумшекер : чай

**43. асман : көк**
а) ай : шоола
б) байрак : асаба
в) жылдыз : жарык
г) күн : ысык

**44. уят : кызаруу**
а) ый : азаптануу
б) ой : унчукпоо
в) бармак : тиштөө
г) оору : онтолоо

**45. бөлүм : лексика**
а) азап : кайгы
б) курак : жеткинчек
в) велосипед : мопед
г) күч : динамика

**46. жазуу : калем сап**
а) чийүү : черчение
б) окуу : лекция
в) чабуу : балта
г) боёо : кыл калем

**47. көзө : чопо**
а) көөкөр : тери
б) китеп : барак
в) үй : дубал
г) дарак : жалбырак

**48. булак : дарыя**
а) жыгач : кагаз
б) гүл : өсүмдүк
в) кум : таш
г) чаң : топурак

**49. бакыт : кубаныч**
а) бакыт : белек
б) бакыт : балдар
в) бакыт : кайгы
г) бакыт : көз жаш

**50. грамм : килограмм**
а) ай : күн
б) урук : дарбыз
в) жылдыз : асман
г) сөөм : карыш

**51. там : үй**
а) шкаф : сандык
б) эшик : каалга
в) отургуч : стол
г) диван : кресло

**52. муздаткыч : чаң соргуч**
а) балка : орок
б) жгут : пинцет
в) термос : электромеш
г) скрепки : кагаз

**53. текмат : кур**
а) билек : билерик
б) чапан : чарчы
в) галстук : жагоо
г) шакек : сырга

**54. казан : депкир**
а) мискей : капкак
б) кумган : кемеге
в) сабаа : бишкек
г) очок : коломто

**55. жазуучу : прозаик**
а) акын : төкмө
б) төлгөчү : астроном
в) куруучу : инженер
г) врач : педиатр

**56. казык : тогоо**
а) комуз : кыл
б) калем : сызгыч
в) ачкыч : эшик
г) өгөө : бурч

**57. аңчы : олжо**
а) бөрү : коён
б) мүнүшкөр : кылтак
в) жолоочу : машина
г) окурман : кабар

**58. кулпу : ачкыч**
а) кетмен : сап
б) бармак : оймок
в) ийне : кийим
г) маркер : капкак

**59. актёр : кино**
а) мугалим : сабак
б) врач : операция
в) уста : үй
г) дублёр : котормо

**60. уламыш : илгери**
а) жалган : кеп
б) жомок : балалык
в) жоромол : келечек
г) чатак : талаш

## 3. СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТОО

### Көрсөтмөлөр

Ар бир тапшырмада сүйлөм берилип, анын экиден бешке чейин сөздөрдүн орду бош калтырылган. Сүйлөмдүн төмөн жагында анын бош жерлерин толуктоо үчүн колдонула турган сөздөрдүн төрт тобу берилген. Жоопторду сүйлөмдүн маанисине калгандарынан туура келген вариантын белгилеп коюңуз.

**1. Жогорку сапаттагы товарлар конкуренцияга жөндөмдүү болуп саналат жана эреже катары, чет жакта көбүрөөк керектелет.**
**Товардын … сапаты анын конкуренцияга жөндөмдүүлүгүн … , ошондуктан бул товарды чыгарган ишкананын экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн … .**
а) жогору эмес / көтөрөт / кеңейтет
б) жогору эмес / төмөндөтөт / чектейт
в) жогору / төмөндөтөт / кеңейтет
г) жогору / көтөрөт / чектейт

**2. Кишинин мүнөзү көбүнчө … , демек, белгилүү кырдаалдарга анын реакциясы ар дайым … болот, ошондуктан кишини билип туруп, окуялардын өнүгүүсүн алдын ала билүү … .**
а) өзгөрөт / ар түрдүү / мүмкүн
б) өзгөрөт / бирдей / мүмкүн эмес
в) өзгөрбөйт / бирдей / мүмкүн
г) өзгөрбөйт / ар түрдүү / мүмкүн эмес

**3. Адамдын чарбалык ишмердиги суунун табияттагы айланышына ...: өнөр жайлуу райондордо абада майда бөлүкчөлөр санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу жаан-чачындын саны … , анткени майда бөлүкчөлөр буунун сууга айлануу процессин … .**

а) таасир көрсөтөт / көбөйбөйт / ылдамдатат
б) таасир көрсөтөт / көбөйөт / ылдамдатат
в) таасир көрсөтпөйт / кыскарат / акырындатат
г) таасир көрсөтпөйт / көбөйөт / акырындатат

**4. Эксперттер тузсуз суу нефть жана газга караганда … маанилүү ресурс болуп калат деп эсептешет, анткени сууну алмаштыруучу бирдей баадагы нерсени табуу … , ал эми мунайзат жана газды альтернативдүү булактардын энергиясы менен алмаштыруу...**

а) көбүрөөк / мүмкүн / мүмкүн эмес
б) көбүрөөк / мүмкүн эмес / мүмкүн
в) азыраак / мүмкүн эмес / мүмкүн
г) азыраак / мүмкүн / мүмкүн

**5. Адам … тирүү организм катары бир кыйла даражада … мыйзамдарына баш иет, ошондуктан ал … мажбур кылган шарттарды кабыл алууга аргасыз.**

а) биологиялык / табияттын / табият
б) социалдык / табияттын / коом
в) социалдык / коомдун / табият
г) биологиялык / коомдун / коом

**6. Ишканаларга экологиялык жактан таза продукцияларды иштеп чыгаруудан баш тарткан … , анткени бул аларга … үчүн … .**

а) жарабайт / чыгымдарды көбөйтүү / пайдалуу
б) жарайт / пайданы көбөйтүү / пайдасыз
в) жарабайт / пайданы көбөйтүү / пайдалуу
г) жарабайт / чыгымдарды төмөндөтүү / пайдасыз

**7. Японияда квалификациялуу эмгек … турат, анткени ал …, ошондуктан Япония квалификациялуу эмгекти пайдаланууну талап кылган арзан товарларды чыгарууга … .**

а) арзан / жетишсиз / жөндөмсүз
б) кымбат /жетишсиз / жөндөмдүү
в) кымбат / артыкча / жөндөмсүз
г) арзан / артыкча / жөндөмдүү

**8. Жарык беттерден күндүн энергиясынын көпчүлүк бөлүгү чагылат, ошондуктан алар азыраак ысыйт. … кар … болгондуктан, Күндүн энергиясынын бир кыйла бөлүгүн ал … , ошондуктан ал … эрийт.**

а) Таза / жарык / чагылтат / батыраак
б) Кир / каралжын / сиңирет / батыраак
в) Кир /жарык / сиңирет / акырыныраак
г) Таза / каралжын / чагылтат/ акырыныраак

**9. Дайранын жээгине курулган фабрика сууну агымдын … жагынан алууга жана иштетилген сууну агымдын … жагынан таштоого тийиш; натыйжада ал … сууну пайдаланып, бул себептүү таштандыларынын кылдаттык менен тазаланышына … .**

а) жогору / төмөн / булганган / кызыктар эмес
б) төмөн / жогору / таза / кызыктар
в) төмөн / жогору / булганган / кызыктар
г) жогору / төмөн / таза / кызыктар

**10. Байыркы падышачылыктарда жерди менчиктөө укугу ... , жер кыртышын сапатына карап баалоо зарылчылыгы ... .**

а) пайда болгондуктан / келип чыкты
б) колдонулгандыктан / келип чыкты
в) пайда болгондуктан / бар болгон
г) колдонулгандыктан / жоюлду

**11. Айлана-чөйрөнүн температурасы адамдыкынан ... болсо, адам айланасынан энергия алып, ... болгонун сезе баштайт, ал эми айлана-чөйрөнүн температурасы адамдыкынан ... болсо, адам энергия жоготуп, ... болгонун сезе баштайт.**

а) төмөн / жылуу / жогору / суук
б) жогору / суук / төмөн / жылуу
в) төмөн / суук / жогору / жылуу
г) жогору / жылуу / төмөн / суук

**12. Эски үйлөрдү калыбына келтирүү боюнча иштеген архитектор жергиликтүү бийликтердин ... көрүнүп турган үйлөрдүн ... алып келген саясатын жактырбайт.**

а) бош калгандыгы / алынып ташталышына
б) бузулгандыгы / сакталышына
в) колдонууга болгондугу / бузулушуна
г) кереги жоктугу / жаңыртылышына

**13. Уюл аймагындагы мөңгүлөрдүн этеги деңизге малынгандыктан, аба ырайы ... , муздардын көлөмү ... , туташ муз ... баштайт.**

а) суук боло берсе / азайып / сына
б) жылуулай баштаса / чоңоюп / сына
в) жылуулай баштаса / азайып / пайда боло
г) суук боло берсе / чоңоюп / пайда боло

**14. Бир эле спираль чайнектин түбүн канчалык чоң же кичине болгонуна жараша ысытат: кичирээги ... ысыйт да, буулануу ылдамдыгы ... болот, ал эми чоңураагы ... ысып, суу ... кайнайт.**

а) азыраак / төмөнүрөөк / көбүрөөк / жайыраак
б) тезирээк / төмөнүрөөк / азыраак / тезирээк
в) тезирээк / жогорураак / азыраак / жайыраак
г) азыраак / жогорураак / көбүрөөк / тезирээк

**15. Продукцияны өндүрүүдө канчалык ... технология колдонулса, айлана-чөйрөгө келтирилген зыян да ошончолук ... болот, анткени ... технологиялар эффективдүүлүгү ... тазалоо курулуштары менен жабдылган.**

а) жаңы / көп / эски / төмөн
б) эски / аз / жаңы / жогору
в) жаңы / аз / эски / жогору
г) эски / көп / эски / төмөн

**16. Социологиялык сурамжылоолор шайлоочулардын ... эркиндик жана демократия нарк-насилдерин колдоорун, ... шайлоодо жеңишке ээ болуусун каалагандар демократияны жактаган шайлоочуларды кызыктара турган ... сунуш кылышы керек экенин көрсөттү.**

а) жарымынан көбү / ошондуктан / шайлоо алдындагы программасын
б) жарымынынан азы / ошондон улам / ылайыктуу талапкерди
в) жарымынан азы / демек / шайлоо комиссиясын
г) көпчүлүгү / бирок / үгүт берүү кампаниясын

**17. Көркөм табит жөнүндөгү түшүнүк … ээ дегенге бир топ негиз бар: андыктан, терең ойлонуп көрсөк, жакшы табит менен начар табитти … деген тыянакка келүүгө … .**

а) ар түрдүү мааниге / так ажыратыш мүмкүн / болот
б) бир эле мааниге / так ажыратыш мүмкүн эмес / болот
в) бир эле мааниге / так ажыратыш мүмкүн / болбойт
г) ар түрдүү мааниге / так ажыратыш мүмкүн эмес / болот

**18. Эгерде кандайдыр бир баадагы товардын сунуш кылынышы ага болгон керектөөдөн … болсо, рынокто мындай товардын … келип чыгат, ал эми товарга болгон керектөө сунуш кылынгандыгынан … болсо, мындай товар … болуп калат.**

а) көбүрөөк / артыкбаштыгы / көбүрөөк / жетишсиз
б) азыраак / артыкбаштыгы / көбүрөөк / арзан
в) азыраак / тартыштыгы / азыраак / кымбат
г) көбүрөөк / тартыштыгы / азыраак / пайдасыз

**19. Адабий чыгармага киришүүдөгү сөз … болсо, окуя бүткөн соң каарманга, окуяга байланышкан соңку сөз … деп аталат.**

а) пролог / эпилог
б) цитата / эпиграф
в) протеза / эпитеза
г) башы / аягы

**20. 17–18-кылымдарда пайда болгон адабий агым … , ал эми … адабият жана искусстводогу метод болуп саналат.**

а) натурализм / классицизм
б) сентиментализм / реализм
в) классицизм / реализм
г) модернизм / символизм

**21. Төртөө … болсо – төбөсү менен көк тирейт, алтоо … болсо – алдындагысын алдырат.**

а) тең / алсыз
б) төп / ала
в) тың / акын
г) толук / арык

**22. Сөздүк состав … деп аталса, аны изилдөөчү илим … деп аталат.**

а) лексема / лексикон
б) лексика / лексикология
в) семантика / лексика
г) лексикология / лексика

**23. Алдынкы көч … барса, кийинки көч … барат.**

а) алга / артка
б) кайда / мында
в) тоого / ойго
г) кайда / ошол жакка

**24. Сөздүн маанилерин … үйрөтсө, алардын келип чыгышын … үйрөтөт.**

а) лексика / семантика
б) семасиология / этимология
в) лексикология / ономастика
г) полисемия / энантосемия

**25. Кайра иштетүү бир гана … менен жасалган заттарга тиешелүү. … органикалык заттар өзү эле табигый жол менен жок болуп, жер семиртүү милдетин … .**

а) органикалык жол / Ошондуктан / аткарат
б) химиялык жол / андыктан / аткарбайт
в) химиялык жол / ал эми / аткарат
г) органикалык жол / себеби / аткарбайт

**26. Уктап жатканыбызда биздин активдүү нейрондорубуз …, нерв тканынын жардамчы клеткалары мээбизди күн ичинде иштелип чыккан токсиндерден … .**

а) кошо уктап / коргойт
б) ишке киришип / арылтат
в) кайра активдешип / толтурат
г) эс алып / арылтат

**27. … кубулуш учурунда заттардын курамы өзгөрбөйт, алардын агрегаттык абалы же формасы гана өзгөрөт. Ал эми химиялык реакциянын натыйжасында баштапкы заттар жаңы заттарды … .**

а) Химиялык / пайда кылбайт
б) Физикалык / пайда кылат
в) Табигый / пайда кылбайт
г) Химиялык / жок кылат

**28. Химиялык бирикменин курамы жөнүндө сөз кылганда, берилген зат жөнөкөй зат катары эмес, атомдун белгилүү бир түрү – … катары кирерин билишибиз керек.**

а) химиялык элемент
б) молекула
в) татаал зат
г) заттар

## 4. ТЕКСТТИ ОКУП ТҮШҮНҮҮ

***М. Бекешованын «Кыргыз оюулары – табият гармониясы» макаласы боюнча***

### 1-үзүндү

Кыргыз элинин жашоо турмушу, тиричилик шарты байыртадан айлана-чөйрө, табият менен тыгыз байланышта болуп келген. Табият кыргыз элинин үйү да, дүйнөсү да болуп, ансыз жашоо мүмкүн эместигин билишкен. Ар бир сүйүнүчтү, кайгыны, жоготууну табияттын атына байланыштырып кароо да ошондон калган.

Калк ичинде табиятка кыянат мамиле кылуу акыры жамандыкка алып келет, кайсы бир адамдын башына түшкөн муң-зар анын качандыр бир кезде жасаган ыплас ишинин кесепети деп билишкен. Табияттын сулуулугун бузуу элдин түшүнүгүндө туура эмес нерсе болгон. Анткени, көчмөн эл табиятты өзү менен бир деңгээлге койгон. Тоо жаныбарлары төлдөгөн учурда мергенчиликке чыгуу табият алдында эртедир-кечтир сөзсүз жооп бере турган чоң кылмыш катары эсептелген. Табият менен мындай жуурулушуу кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүндө, оюу-чиймелеринде өзгөчө орунду ээлеген. Элдик кол өнөрчүлөр күнүмдүк жашоодо колдонулуучу буюмдун баарын оюу-чиймелер менен коздоп, ар бири ага өзүнүн жаңылыгын кошуп, оюу-чиймелердин, өң-түстөрдүн жаңы айкалыштарын жаратып, алардын ар бирине маани-мазмун беришкен. Оюулардын ар би-

ринен адам менен табияттын гармониясы чагылганын көрүүгө болот. Кызыгы – байыркы заманда элдик уздар атайын эскиздерди колдонбой туруп, түркүн оюуларды чийип, ага өздөрүнүн дүйнө таанымын, түшүнүгүн сыйдыра билишкен. Ошонун негизинде элдик уздар сейрек кездешүүчү буюмдарды жаратышкан. Оюунун ар тараптуулугу, өңдөрдүн айкалышып тургандыгы автордун жан дүйнөсүнүн тереңдигин айгинелеген. Чебер уз эл ичинде бийик кадыр-баркка ээ болуп, жасаган буюм-тайымы элдик казынага айланган. Учурдагы кыргыз оюуларынын негизи коло доорунда түптөлгөн. Ал кездеги оюуларда жаа тарткан мергенчи, жарым тегерек асман, жер, жылуулук берген күн, жаныбарлар, өсүмдүктөр даана чагылдырылган. Убакыт өткөн сайын бул оюулар жаңы идеялар, түстөр менен толукталып келген. Азыркы оюулар байыркы оюуларга окшошпогону менен, ошол оюулардагы негизги идея ушул күнгө чейин жетти. Кыргыз оюуларында уздар кармана турган белгилүү тартип жок болгону менен, алардын негизги принциптери алигүнчө бекем сакталат. Аларда түстөрдүн тең салмактуулугу, айкалышы жана табият сыяктуу гармонияда болушу талап кылынат.

Элдик оюулардын эң негизги өзгөчөлүгү – карама-каршы келген түстөрдүн бири-бирин толуктап турушу. Бул өз ичине «жалган дүйнөдөгү» кайчы келген эки күчтүн тең салмактуулугунун чексиздиги тууралуу идеяны камтыйт. Адегенде кыргыз оюулары кандайдыр бир заттарды, буюмдарды чагылдырса, убакыт өткөн сайын өнүгүп, татаал, түшүнүүгө оор формаларга өтө баштаган. Учурдагы оюулар абстракттуу философиялык идеяларды туюндуруп турушат. Белгилүү «инь-ян» белгисинин өзөгүн кытай философиясы жараткан деген көз караш бар. Ал эми Кытайдын көркөм искусствосунда эки түстүн гармониясы деген принцип жок. Айрым изилдөөлөр боюнча «инь-ян» белгиси биринчи жолу Кытайда эмес, Алтайда табылган. «Инь-ян» белгисин кыргыз оюуларынын ар бир композициясынан тапса болот. Бул белги – карама-каршы түшүнүктөрдүн ажырагыс биримдигинин символу. Эки күч дайыма бири-бирине тартылып, натыйжада бирдиктүү феноменди жаратат. Бирок ошол эле учурда алардын ар биринин өз жолу жана мааниси бар. Оюулардын дээрлик бардыгы майрамдык маанайдагы ачык түстөр менен берилиши салтка айланган. Элде оюулардын сыйкырдуу күчү үй-бүлөнүн кутун, тынчтыгын жана жаман көздөрдөн сактайт деген түшүнүк бар. Түркүн оюулар менен кооздолгон үйдө көзгө көрүнбөгөн күч жашайт, ал күч адамга дайыма жаркын үмүттөрдү, таттуу кыялдарды тартуулайт, ал эми жашоонун терең гармониясы өкүм сүргөн үйдө эч качан чыр-чатак болбойт деген ишеним жашап келет.

***Ы. Кадыровдун «Элдик өнөр» макаласы боюнча***

### 2-үзүндү

Кыргыз элдик өнөрү – өткөн мезгилдин байыркы көркөм мурастарынын бири. Ал турмуштук тажрыйбадан келип чыгып, элдин тиричилиги, анын үрп-адаттары жана салт-санаалары менен түздөн-түз байланышкан.

Кыргыздын энциклопедиялык чыгармасы болуп эсептелген «Манас» эпосунда да түрлөнтүп сайма сайган, турмуш-тиричилик буюмдарын көркөмдөп жасаган, аялзатынын жасалгалары менен кийим-кечелерин миң түргө келтирип кооздоп, эр буюмдарын келиштире жасаган элдик уз-усталар, чеберлер жөнүндө кеңири айтылат.

Байыркы мезгилде үй-бүлөлүк деңгээлдеги кесиптин жана кол өнөрчүлүктүн мааниси абдан чоң болгон, алар өз алдынча тармак боло албаса да, айыл чарбасын жүргүзүүдө зор мааниге ээ болгон. Эл ичинен чыккан чеберлер мал асырап, аны мезгилге жараша жайыттарда багышкан, жер айдап, өстүрүшкөн, тиричилик буюмдарын жасалгалоо жөнүндө кам көрүшкөн.

Колунан көөрү төгүлгөн элдик чеберлердин жасагандары негизинен үй-бүлөнүн муктаждыктарын канааттандырган. Ошол учурда эле адамдар айрым буюмдарды

алмашышкан, кийинчерээк базарларда сатышкан, айрымдар атайын өздөрүнө керектүү буюмдарды жасатып алышкан. Үй тиричилик буюмдарын жана жасалгаларды даярдоодо мал чарба продукциясы: жүн, тери, мүйүз кеңири пайдаланылган. Айлана-чөйрөдө өскөн өсүмдүктөр: бак-дарак, бадал, тамыр, жалбырак, чий дагы элдик чеберлер жараткан буюмдар үчүн материал болуп кызмат кылган; ар кандай өсүмдүктөрдүн ширеси боёк катары колдонулган.

Өтө жөнөкөй аспаптарды колдонуп, кол эмгеги менен гана жасалган үй тиричилик өндүрүшүнүн кайтарымы аз болгон, ошондой эле ал көп убакытты жана зор күч-аракетти сарптоону талап кылган. Бирок чеберлердин өздөрүнүн турмушундагы ишине жасаган ынтаасы жана берилгендиги кооздукту жарата билүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Ошондуктан кыргыздардын көптөгөн салттуу мыкты буюмдары улуттук колоритти сактоо менен учурдун эстетикалык талаптарына шайкеш келет. Кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн чыгармачылыгы өз алдынчалыгы менен айырмаланат, анткени алар элдик салттарды, ыкмаларды, өнөрдүн түрлөрүн так сакташат. Алар кичине эле каражат менен чоң көркөм маанилүүлүккө жетише алышат. Элдик чеберлерде, айрым учурларды эске албаганда, трафареттин жоктугу таң калыштуу факт болуп эсептелет. Алар өздөрүнүн эң сонун, кайталангыс чыгармаларын күчтүү өнүккөн образдуу ойломунун, чен-өлчөмдү жана шайкештикти сезе билүүсүнүн натыйжасында жаратышат.

Күчтүү эске тутуу жөндөмү, бир көрүү менен эле чагылдырган көркөм көчөт жана түстүк жасалгалар чеберлердин чыгармачыл изденүүлөрүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ар бир жасалган буюм көркөм көчөт менен кооздолот, ал бүтүндөй бир дүйнөнү – кооздук дүйнөсүн элестетет. Саймаларда оюу-чиймелер кыйла динамикалуу, зергерчилик өнөрдө же токуучулукта көркөм көчөттүн формасы кыйла туруктуу, так жана даана. Көп учурда көркөм көчөттүн үлгүлөрү жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, көчмөн тиричиликтин буюмдарын чагылдырат.

Кыргызстандын жаратылышы карама-каршылыктуу жана кереметтүү: суук, катаал климат, мелүүн алкак, аппак шалбаа, токойлор менен алмашат; тоолордо укмуштуудай кооз, көздүн жоосун алган көгүлтүр көлдөр мөлтүрөйт, алардын ичинде өлкөнүн бермети болгон Ысык-Көл, ак мөңгүлүү Ала-Тоосу да бар. Мына ушулардын бардыгы «Өнөрүң болсо өргө чап» деп, элдик чеберлерди эң бир кооз буюмдарды жасоого шыктандырып тургансыйт.

**1. I-үзүндүнүн 9–13-саптарында айтылган ойду эмне деп аныктаса болот?**

а) ишеним
б) билим
в) кыял
г) акыл

**2. I-үзүндүнүн 42–45-саптарындагы сүйлөмдө баяндалган ой 1–3-саптардагы сүйлөмдө айтылган ойду –**

а) бышыктап турат
б) тактап турат
в) сүрөттөп турат
г) кайталап турат

**3. I-үзүндүнүн 56–58- жана 79–82-саптарындагы сүйлөмдөрдө баяндалгандар эмне тууралуу?**

а) салттар
б) өзгөчөлүктөр
в) майрамдар
г) түстөр

**4. «Жалган дүйнө» (1-үзүндү, 58–59-саптар) деген туюнтма контекстте кандай мааниде колдонулган?**
   а) оң
   б) өтмө
   в) терс
   г) кыйыр

**5. «… аялзатынын жасалгалары менен кийим-кечелерин миң түргө келтирип кооздоп» жасагандар (2-үзүндү, 99–101-саптар) –**
   а) уздар
   б) зергерлер
   в) уз-усталар
   г) саймачылар

**6. «Колунан көөрү төгүлгөн» (2-үзүндү, 113-сап) деген туюнтма мааниси боюнча төмөндөгүлөрдүн кайсынысына жакын?**
   а) Колу катуу
   б) Колу ачык
   в) Колу алтын
   г) Колу жука

**7. Автор «Манас» эпосу жөнүндө (2-үзүндү, 96–103-саптар) маалыматты кандай максатта колдонгон?**
   а) Эпостун байыркылыгын далилдөө үчүн
   б) Кол өнөрчүлөрдүн чеберчилигин даңазалоо үчүн
   в) Эпостун өзгөчөлүгүн көрсөтүү үчүн
   г) Уз-усталар жасаган буюмдарды тааныштыруу үчүн

**8. 1-үзүндүдө келтирилген төмөндөгү ойлордун кайсынысы 2-үзүндүдө жок?**
   а) «Табияттын сулуулугун бузуу элдин түшүнүгүндө туура эмес нерсе болгон» (I-үзүндү, 14–16-саптар)
   б) «Оюулардын ар биринен адам менен табияттын гармониясы чагылганын көрүүгө болот» (1-үзүндү, 28–30-саптар)
   в) «Табият кыргыз элинин үйү да, дүйнөсү да болуп, ансыз жашоо мүмкүн эместигин билишкен» (1-үзүндү, 3–6-саптар)
   г) «… оюуларда … жаныбарлар, өсүмдүктөр даана чагылдырылган» (I-үзүндү, 42–45-саптар)

**9. «Өнөрүң болсо, өргө чап» деген макалдын мааниси эмнени билдирет? (2-үзүндү, 171–172-саптар)**
   а) кесибиңди танда
   б) ишиңди улант
   в) билимиңди жогорулат
   г) чыгармачылыгыңды өркүндөт

**10. Төмөндөгү цитаталардын кайсынысы эки үзүндүгө тең таандык жалпы ойду туюндура алат?**
   а) «Ар бир жасалган буюм көркөм көчөт менен кооздолот» (2-үзүндү, 155–156-саптар)
   б) «… ар кандай өсүмдүктүн ширеси боёк катары колдонулган».(2-үзүндү, 126–127-саптар)
   в) «Инь-ян» белгисин кыргыз оюуларынын ар бир композициясынан тапса болот». (1-үзүндү, 72–74-саптар)
   г) «Түркүн оюулар менен кооздолгон үйдө … эч качан чыр-чатак болбойт…» (1-үзүндү, 84–89-саптар)

***Текст Ы. Кадыровдун «Кыргыз уз-усталары» деген макаласы боюнча түзүлдү***

Көптөгөн кылымдар бою көчмөндүк турмушта жашаган кыргыз эли бүтүндөй тарыхын, маданиятын муундан муунга руханий мурас катары оозеки сакталган «Манасына», кубанычын да, кайгысын да батырган комузуна, **бүктөп койсо бир төөлүк жүк**, тигип койсо сыймыктанар мүлкү, турагы болгон боз үйүнө батырган. Анын ички жасалгалары, философиялык ой жүгүртүүлөрүн камтыган оюм-чиймелери, зер буюмдары, саймасы, кийим-кечеси да мына ушуну ырастайт. Ата-энелер жашынан жүк түбүнө отургузуп кыздарына ийне карматкан, уулдарына камчы жасатып, ар өнөргө машыктырган. Баланын талант шыбагасын ойготууга түрткү берип, кол өнөрчүлүккө ышкысын арттырган. Улуу муундагы усталар жана уздар улам кийинкилери үчүн өзүнчө үйрөнүп калуунун мектеби болуп, бул жөрөлгө колдон колго өткөн. Ошентип, эчендеген кылымдарды карытып, атадан уулга, энеден кызга, кайын энеден келинге таберик катары өтүп, муундан муунга аздектелип келе жаткан кыргыз көркөм кол өнөрчүлүгү өтө байлыгы жана ар түрдүүлүгү менен айырмаланып, чыныгы улут маданиятына, кыргыз элинин төл дөөлөтүнө айланган… Алгач кыргыздардын күнүмдүк тиричилик өткөрүүгө болгон муктаждыгы жашоо ыңгайына жараша ар кандай буюм-тайымдарды жасоого мажбурлаган.

Кадыресе зарылчылыктан жаралган мындай буюмдар бара-бара көркөм өнөр деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Кыргыз элинин кол өнөрчүлөрүнүн колунан жаралган буюм-тайымдар кадимки эле күнүмдүк турмуш-тиричиликте колдонулган жөнөкөйлүгү, жупунулугу, ошол эле учурда эркин чыгармачылык менен тыгыз байланышта болуп, башка элдерге жана өсүп келе жаткан муундарга тийгизген эстетикалык таасиринин күчтүүлүгү менен айырмаланат. «Устанын уусун билгенче, темирдин суусун бил» дегендей, адамга анча керексиздей, жөнөкөй эле көрүнгөн материалдын эмнеге жарамдуулугун баамдоо, кандай материалдан кандай буюмду жасоого боло тургандыгын аныктоо, материалдарды көркөм иштетүү ыкмаларын билүү сыяктуу уз-усталардын билги-туюмдары кийинки муундарга эмгектик тарбия берүүдө да баалуу. Алсак, кыргыз боз үйүнүн өзү эле анын турак жайлык маанисин эсепке албаганда да эмне деген архитектура да, эмне деген математика!?

Кыргыз оюмдарында белгилүү бир философиялык түшүнүк камтылганы айкын. Шырдактагы, ала кийиздеги оюмду, туш кийиздеги сайманы, зер буюмдардагы оюм-чиймелерди чечмелесе, алардын маңызынан өзүнчө эле бир чоң философиялык ойду окууга болору жашырын эмес. Ал түгүл элибиздин карапачылык өнөрү менен чий буюмдарын, таш чегүүчүлүгү менен кайышчылыгын, мүйүзчүлүгү менен шири идиштерин эле алсак, алар көөнөрбөс үлгүгө айланып, тарых, сүрөт жана этнографиялык музейлердин баалуу экспонаттарынан болуп келе жатат. Кыргыз элинин бул материалдык маданияты эчактан эле көптөгөн элдердин көңүлүн буруп келген жана ушул мезгилге чейин эч кимди кайдыгер калтыра элек. М. П. Рындин, А. Н. Бернштам, К. Антипина жана башкалар кыргыз кол өнөрчүлүгүн изилдөөгө кыйла өмүрлөрүн арнашкан. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү, көргөзмө, кароо-сынактарды уюштуруу жөнүндө өкмөттүн көптөгөн токтомдору чыккан. Кезегинде Кыргыз Республикасынын аймагына 14 жолу экспедиция уюштурулуп, жүздөгөн чеберлердин өнөрчүлүк ыкмалары иликтенген. Ошого карабастан кийинки кылымда ата-бабаларыбыздын бул мурасын аздектеп күтүп алуу солгундап, кыйла бөксөргөн, тозгон. Бүгүнкү күндө кол өнөрчүлүккө бүтүндөй өмүрүн арнаган уз-усталарды табуунун өзү кыйындап баратат. Ал түгүл кийинки мезгилде дээринде шыгы бар, буюмга жарактуу материалды көргөндө ышкысы тынчытпагандар да ара-чолодо, колу бошто, ошол буюм-кече керек болуп калганда гана кармоолору адатка айланууда. Мындай тийди-качтылыктын акыры элдик өнөрдүн беделине шек келтирери анык.

Көркөм кол өнөрчүлүктүн сырларын таасын билген уздар менен усталардын катары барган сайын суюлууда. Кезегинде калың

элдин дүңүндө турган кереметтүү усталардын көпчүлүгүнүн бүгүн өздөрүнө тең келер, оозго алар, көзгө толумдуу шакирттеринин жоктугу өкүндүрбөй койбойт. Ал түгүл айрым уз-усталардын аты-жөнү, алар кармаган буюмдар орду-түбү менен жоголуп, кээлери таптакыр унутулуп кетти. Анан калса акыркы жылдары кол өнөрчүлөрдүн буюмдары бүткөн көркөм чыгарма катары каралбастан, улуттук маданий дөөлөт катары бааланбастан, көбүнчө тек гана кооз товар катары бааланууда. Мына ушундай улуттук уңгулуу өнөр ээлерин издеп табууда, улуттук маданиятыбыздын асыл мурастарын жыйноодо жана изилдөөдө Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу атан төөдөй эмгек сиңирген. Мурдагы изилдөөчүлөр илимий таанып-билүүчүлүккө көбүрөөк басым жасашса, А. Акматалиев негизинен ар өнөрдүн практикалык жагына ык койгон. Ал кыргыз кол өнөрүн түркүмдөргө бөлүп, ар бир түрүнүн айырмачылыктарын, ич ара катыштарын, уз-усталардын буюм-тайымдарды кармоодогу бири-биринен айырмаланган бөтөнчөлүктөрүн биринчи ирет ырааттуу изилдеген. Жүздөгөн кол өнөрчүлөрдүн ар биринин жекече **узануу, узданууу** ыкмаларын иликтеген. Салттуу буюмдарды жасоо ыкмаларын майда-баратына чейин тактаган, бүгүнкү шартка жараша аларды колдонуу, жасалгалоо жагдайына айрыкча назар таштаган. Ал кол өнөрчүлүктөгү ар өнөрдү салаалантып чечмелөө менен гана чектелбестен, аны даңазалап, элдик ширелүү тилде алардын терминдерине да түшүндүрмө берген.

А. Акматалиев көркөм кол өнөрчүлүк боюнча дүйнөлүк тажрыйбада алгачкы ирет өзүнчө антология түзүп чыккандыгын айта кеткенибиз акыйкаттык болор.

**11. 6-саптагы сүйлөмдүн контекстиндеги «…бүктөп койсо бир төөлүк жүк» деген туюнтма боз үйдүн**

а) байыркылыгын билдирет
б) салмагын билдирет
в) көлөмүн билдирет
г) көркүн билдирет

**12. 11–16-саптардагы сүйлөмдөрдө айтылгандан кандай тыянак чыгарууга болот?**

а) Кыздардын жана уулдардын тарбиясында ар башка максат коюлган.
б) Кыздардын жана уулдардын табиятына ылайык тарбия берилген.
в) Кыздарды жана уулдарды жөндөмүнө карап үйрөтүшкөн.
г) Кыздарга жана уулдарга урмат-сый көрсөтүшкөн.

**13. 70–79-саптардагы сүйлөмдөрдөгү айтылгандар боюнча кол өнөрчүлүк**

I түбөлүктүү болгон
II маанилүү болгон
III кайталангыс болгон
IV баалуу болгон:

а) I, II гана
б) III, IV гана
в) II, IV гана
г) I, III гана

**14. 86–87-саптардагы «буюмга жарактуу материалдарды көргөндө ышкысы тынчытпагандар» деген маалыматта кандай адамдар тууралуу сөз болуп жатат?**

а) көзү курч
б) буюмду сүйгөн
в) тынчы жок
г) колу чебер

**15. 89–91-саптардагы сүйлөмдө айтылган ойго төмөндөгүлөрдүн кайсынысы тагыраак далил боло алат?**
   а) Уз-усталар кармаган буюмдардын жоголуп баратышы.
   б) Кол өнөрчүлөрдүн буюмдарынын тек гана кооз товар катары бааланышы.
   в) Уз-усталардын аты-жөнүнүн таптакыр унутулуп кетиши.
   г) Уз-усталардын өздөрүнө тең келер шакирттеринин жоктугу

**16. 94–98-саптардагы сүйлөмдө айтылгандар 79–82-саптардагы сүйлөмдө айтылган ойду**
   а) улантып турат
   б) сүрөттөп турат
   в) баяндап турат
   г) көркөмдөп турат

**17. Тексттеги «узануу, уздануу» (120-сап) деген түшүнүктөргө төмөндөгү кайсы катардагы сөздөр маанилеш?**
   а) куракчылык, кийизчилик
   б) өрмөкчүлүк, оймочулук
   в) тикмечилик, бычмачылык
   г) зергерчилик, саймачылык

**18. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы башкаларына карата жалпылоочу мааниге ээ?**
   а) майда-баратына чейин тактоо (122-сап)
   б) антология түзүп чыгуу (131-сап)
   в) ширелүү тилде түшүндүрмө берүү (127–128-саптар)
   г) жыйноо жана изилдөө (108–109-саптар)

**19. «Устанын <u>уусун</u> билгенче, темирдин <u>суусун</u> бил» деген макалдагы асты сызылган сөздөргө төмөндөгүлөрдүн кайсынысы маанилеш?**
   а) ыкмасын, касиетин   б) дарысын, сапатын   в) өнөрүн, салмагын   г) атын, затын

**20. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы автордун негизги максатын тагыраак аныктайт?**
   а) Кол өнөрчүлүк жөнүндө жалпы маалымат берүү.
   б) Кол өнөрчүлөрдүн жашоо-турмушун көрсөтүү.
   в) Кол өнөрчүлүктүн баалуулугун окурмандарга жеткирүү.
   г) Кол өнөрчүлүктүн түрлөрү менен тааныштыруу.

***Текст Ч Айтматовдун «Менин мекеним» деген макаласы боюнча түзүлдү***

Ар бир адамдын өз мекени бар. «Мекен» деген сөз кыргызда – ата-бабанын жери, туулуп-өскөн жер дегенди билдирет. Мен азыркы дүйнө жөнүндө кененирээк сөз кылардан мурда өзүмдүн өмүр башатыма ой жүгүртөм. Абдан сагындырып, бир көрүүгө куштарланткан Талас жергемди **ак-карасы аралаш** жаткан өз келбетинде көз алдыма элестетүүгө аракеттенем. Эгер мен аалам койнун аралаган космикалык саякатта жүрүп, жер жөнүндө ойлончу болсом, сөзсүз аны өз айылым Шекердин образы аркылуу элестетерим бышык. Анткени менин башатым – ушул Шекер. Айылым өсүп барат, чоңоюп барат. Турган орду да мал-жанга жайлуу, суу башында. Таластын эзелтен Манас-Ата делип аталган кош чокулуу улуу тоосунун так түбүндө. Бу чокудан төгөрөктүн төрт бурчу көрүнөрү ырас, акыйкатта эпикалык масштаб. Илгери элим зарлап көргөн перзенти, журт коргоп алар баатыры Манасты ушундай болсо деген тилектен келип чыккан фантазия болсо керек. Ошондон ушул күнгө Манас-Атанын мөңгүсүнөн тамчыга тамчы кошулуп, куралып, биздин Шекерге ак көбүк, көк буурул суу агып келет. Ал – Күркүрөө. Атына жараша заты бар, бул аймакта жер бетинде кыбыраган жан-жаныбарга өмүр берген суу… Ушул жерде аталарым жана бабаларым жашаган. Ушул жерде мен жарык дүйнөгө келип, турмуш таа-

ныгам, өз тагдырымды тапкам. Ата Журт деп аталган туулуп-өскөн жердин тирилик тартиби, салт-санаасы, ыр-жомогу, жаратылышы, абасы – бүткүл турпаты адамдын адам катары калыптанышында жана өз тагдырына ээ болуусунда зор таасири бар экендигине бекем ишенемин. Биздин айылдын карыялары ар бир баладан: «Кана, жети атаңды айт!» деп катуу талап менен сурашаар эле. Элдин акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. «Ата-тегин билбесе, ата-бала бирин-бири сыйлабай калат», – дешчү карылар.

Бул жөнөкөй элдик философияны мен бала кезде уккан шекерлик абышкалардын насаат сөздөрүнөн алгамын. Мен – шекерликмин, ошон үчүн бул жакшы кааданы алигиче урматтаймын. Менин атам – Төрөкул, Төрөкулдун атасы – Айтмат. Айтматтын атасы – Кимбилди, Кимбилдинин атасы – Кончужок …

Мындай карасаң – бул жөн гана адам ысымдары. А мен үчүн мунун мааниси чоң. Эл оозунда айтылган сөздөрдөн улам мен алардын ар биринин ысымдарын жүрөгүмдүн тереңинде ызааттайм жана сыймыктанамын. Бул өзүбүздөн мурда жашап өткөндөрдү эстөөгө жана алардын кадыр-баркын төмөндөтпөөгө бизди – кийинки муундарды милдеттендирет. Ошону менен бирге биз Манас-Ата деп аталган улуу тоону терең урматтайбыз. Эртең менен Манас тоонун көлөкөсү Шекердин өңүрүнө жетип турат. Мына ушунун өзү ар бир адамга тириликтин түбөлүктүүлүгүнүн элесин, дүйнө өз ордунда экен деген кебелбес канааттануу сезимин берет. Талас кырка тоолорунун мына ушул бийик чокусунан бабабыз Манас өз жеринин кыйырларына дүрбү салып, кайсы жактан душман көрүнөт деп, изин чалып турчу экен. Айымкан чоң энем менен чоң эжем Карагыз-апа мага ушинтип айтышар эле. Бул экөө – энеси жана кызы – бири-бирине абдан окшош, жүздөрү жылдыздуу жана акылдуу, ыр, жомок, уламыш жана ылакап сөздөрдү көп билишкен, менин эң жакын насаатчыларым эле.

Чоң атам Айтматты мен көрбөй калдым. Айылдын чет жакасында, Күркүрөө дарыясынын бир бурумундагы жантаймада жерге кыйла бата түшкөн эски тегирмендин ташы жатат. Мына ушул жерде чоң атамдын тегирмени болгон экен. Жакырчылыктан кутулуу үчүн аны бир тууганы Биримкул экөө көп кыйынчылыктар менен тургузушуптур. Тилекке каршы, анысы биринчи эле жылдын жайында өрттөнүп кетет. Бирок «жаман болбой, жакшы жок» деген кеп бар эмеспи. Бул кырсык чоң атамды такыр алдан тайдырат, ошондо ал темир жол курулушунда иштөөгө жөнөйт. Өзү менен кошо менин атам Төрөкулду – ал кездеги жаш өспүрүмдү ээрчите кетет. Мына ушул окуя менин атамдын андан аркы тагдырына себепкер болот. Ушундан барып ал шаарга, окууга кирет. Азыр мен тоону кесип өткөн жол менен Маймак станциясына баратып, аталарыбыздын өздөрү билбей туруп, ушул аскаларды уратып жол куруу менен бизди – кийинки муундарды чоң дүйнөгө алып чыкчу улуу жолду курушканын толкундануу менен ойлойм. Мен атам Төрөкулду көп эстейм. Азыр мен атамдан бир топ улуумун, жашы боюнча ал азыр уулум менен барабар.

Атамдын эжеси Карагыздын сокмо дубалдан тургузулган үйү ушу кезге чейин сакталып турат. Бул үйдө кыйла мезгилдерден бери эч ким жашабайт. Бирок бир кезде биз: апам жана анын төрт баласы, ушул үйдө тирилик кечирчүбүз. Башыбызга кыйын күндөр түшкөндө апам ошол жепирейген үйдөн: «Карагылачы, биздин тоолор кандай керемет! Ушулардын баары биздин тоолор эмеспи!» деп, Манас-Ата тарапты жаңсап көрсөтөр эле… Шекерге жакындаарда ар качан жүрөк толкуйт. Чиркин, ак мөңгүсү асмандын көгүнө чагылышып, Манас-Ата алда кайдан көрүнөт! Чокусу кылтыйып көрүнгөндөн ошол мөңгүлөргө көз чаптырам, өзүмчө ойго батам. Тигилип турсаң мезгилдин агымы токтоп калгансыйт. Кечеги кайсы, бүгүнкү кайсы – унутулат. Арада эчтеме деле болбогондой, эчтеме деле өзгөрбөгөндөй, бу дүйнө мындан он, жыйырма, а балким жүз, миң жыл илгери кандай болсо, ошо бойдон эле тургандай сезилет. Манас-Ата турат калыбынан жазбастан, жаратылышында кандай болсо, азыр да ошо келбетинде жерге бек орногон опол тоо. Ошол эле булуттар азыр да каалгып чокусун тегеренет. Ал эми өзүң мурдагыдай эле жылаңаяк жаш баласың, таң эрте үйдөн жүгүрүп чыгып, күндүн нуру тийген улуу тоону эргип карап турасың… Аттиң, кыялдын кыялдыгы ошол – көпкө созулбайт…

**21. 7-саптагы сүйлөмдүн контекстинде «ак-карасы аралаш» деген туюнтма эмнени билдирет?**

а) эл-жерди
б) тоо-талааны
в) күн-түндү
г) жакшы-жаманды

**22. Автордун оюу боюнча (37–47-саптар) жети атаны билүү, баарыдан мурда,**

а) муундардын байланышын сактоо
б) каада-салттарды урматтоо
в) карыяларга сый көрсөтүү
г) алардын ысымын гана жатка билүү

**23. 63-саптагы «өңүрү» деген сөзгө төмөндөгүлөрдүн кайсынысы маанилеш боло алат?**

а) чокусу
б) капталы
в) ортосу
г) чети

**24. 67–70-саптардагы сүйлөмдө берилген негизги ой кайсы?**

а) Манастын айкөлдүгү
б) душмандардын көптүгү
в) тоонун бийиктиги
г) Талас жеринин кеңдиги

**25. «Жаман болбой, жакшы жок» (85–86-саптар) деген туюнтмага төмөндөгүлөрдүн кайсынысы маанилеш боло алат?**

а) «Кел» демек бар, «кет» демек жок.
б) Аккан сууда арам жок.
в) Пейил оңолбой, турмуш оңолбойт.
г) Эр чекишпей, бекишпейт.

**26. 100–102-саптардагы сүйлөмдө айтылган негизги ой автордун**

а) атасы жөнүндө
б) өзү жөнүндө
в) уулу жөнүндө
г) үй-бүлөсү жөнүндө

**27. Төмөндөгү цитаталардын кайсынысында башкаларына карата жалпылоочу ой берилген?**

а) «Ушул жерде мен жарык дүйнөгө келип, … өз тагдырымды тапкам» (29–31-саптар)
б) «Ушул жерде аталарым жана бабаларым жашаган» (28–29-саптар)
в) «…ушул жерде чоң атамдын тегирмени болгон…» (81–82-саптар)
г) «… ушул үйдө тирилик кечирчүбүз» (107–108-саптар)

**28. Төмөндөгү цитаталардын кайсынысы башкаларына карата маанилеш боло албайт?**

а) «…Мезгилдин агымы токтоп калгансыйт» (118–119-саптар)
б) «…Дүйнө миң жыл мурун кандай болсо, ошол бойдон тургандай» (121–124-саптар)
в) «Карагылачы, биздин тоолор кандай керемет!» (110–111-саптар)
г) «Манас-Ата турат, калыбынан жазбастан» (124–125-саптар)

**29. Төмөндөгү үзүндүлөрдүн кайсынысында «туулган жер» деген сөздүн мааниси туюндурулган?**

а) «…менин башатым – ушул Шекер» (14–15-саптар)
б) «… Шекерге ак көбүк, көк буурул суу агып келет» (25-сап)
в) «Шекерге жакындаарда ар качан жүрөк толкуйт (113–114-саптар)
г) «…Манас тоонун көлөкөсү Шекердин өңүрүнө жетип турат» (61–62-саптар)

**30. Тексттин негизги маанайын кандайча мүнөздөөгө болот?**

а) өкүнүү

б) сагынуу

в) эскерүү

г) кубануу

***Б. Алыкуловдун «Улукбек» деген макаласы боюнча түзүлдү***

**1-үзүндү**

Улукбек – өз заманынын эң билимдүү акими, Чыгыш Ренессансын жасаган улуу инсандардын бири. Атактуу Темирдин кенже уулу Шахрух Улукбектин атасы болгон. Улукбек өз заманынын билимдүү аалымдарынан сабак алган. Апасы Мүлк Ханым ага таалим-тарбия, билим берүүгө чоң көңүл бурчу. Анын илимге жаш кезинен кызыгуусуна чоң атасы менен өз атасынын дүйнөнүн бардык булуң-бурчунан чогулткан бай китепканасы түрткү болгон.

Улукбектин атасы уулунун иштин көзүн билген, аракетчил сапаттарын байкап, таланып-тонолуп, кыйрап калган Самарканд жайгашкан аймакка аким кылып койгон. Улукбектин аракетинен улам Самарканд шаары кырк жыл бою «Самарканддын алтын кылымы» деген атакка арзыган.

Ал мамлекетти башкарууга караганда илимге көбүрөөк көңүл буруп, ак сарайын академияга айлантып, атагы алыска кеткен математик, астрономдорду, акын-жазуучу, искусство адамдарын чогулткан. Тарыхка, поэзияга, өзгөчө **астрономияга кызыккан**, музыканы жакшы көрүп, ыр жазган, бирок өзүн акынмын деп эсептеген эмес.

Акыры ал аскер кеңешчилеринен, согуш иштерин көздөгөн кызмат адамдарынан четтеп, өзүнүн сүйгөн ишине киришкен. Чоң атасы Темир сыяктуу Самаркандды кооздукка бөлөп, татынакай имараттарды курган. Бухараны бак-шактуу, заңгыраган шаарга айландырган. Мектеп, медресе жана башка билим, илим алчу мекемелерди көбөйткөн.

Улукбекти дүйнөгө тааныткан анын астрономия боюнча жараткан эмгектери.

Айрыкча анын эң белгилүү эмгеги Самаркандга салдырган обсерваториясы болуп эсептелет. Бул обсерваториянын жер үстүндөгү бөлүгү үч кабат болуп, ал жылдыздардын бийиктигин өлчөп билүү максатында колдонулган. Анын жардамы менен Улукбек «Астрономиялык таблицаны» түзгөн. Анын түзгөн астрономиялык таблицасында Күндүн жана планеталардын кыймылынын теориясы, Ай менен Күндүн тутулушунун себептери жазылган. Азыркы окумуштууларды бул эмгектердин аябай тактыгы таң калтырат. Ырас, бүгүнкү күнү бул таблица көңүлдөн чыгып калды. Бирок, ал 17-кылымда Орто Азияга гана эмес, Европага да таанымал болчу. Голландиялык гравюрада ошол доордогу кайсы бир мезгил чагылдырылып, анда Улукбек өзүнүн астроном шакирттери менен тургандыгы түшүрүлгөн. Самарканддык бул астрономдордун монументалдуу эмгеги – жылдыз каталогунун толук жыйнагын түзүшкөндүгү. Жылдыздарды жиктеп бөлүштүрүү өтө оор жумуш эле, ошондуктан бул эмгекти иш жүзүнө ашырыш үчүн 30 жыл талап кылынган.

Таланттуу мамлекет башчысы музыка да жазып, өзү аткарчу. Анын өзгөчө сапаттары тууралуу али күнгө чейин уламыштар айтылып жүрөт. Улукбек аңчылыкка өтө кумарлуу болгондуктан, олжологон айбанаттарын тизмектеп, алардын күлк-мүнөзүн, кайсы күнү колго түшкөнүн, кандай окуяга туш болгонун китепке жаздырып койчу экен. Бир күнү жан-жөкөрүнүн бири ал китепти таппай калат. Улукбек ачууланбастан, жазмакерлердин бирин чакырып, ага мурункуларды кайрадан айтып берип жаздырып коёт. Бирок, бир нече күн өткөндөн кийин жоголгон китеп табылып калат, тексттерди салыштыра келгенде айрым гана сөздөрдөн айырмачылык болгону көпчүлүктү таң калтырган. Улукбек таланттуу жазуучу да болгон. Чыңгызхандын уулдарынын падышачылык кылган мезгилдери тууралуу тарыхый эмгек жазган. Перси, түрк, араб тилдеринде эркин сүйлөгөн. Математиканы, философияны өзгөчө сүйгөн. Бул даанышман, улуу адамдын илимге кошкон салымы бүткүл дүйнөдөгү илимий чөйрөгө кеңири таанымал болуп калды.

***К. Даутовдун «Барпы Алыкулов» деген макаласы боюнча түзүлдү***

**2-үзүндү**

Адам рухунан эмне жаралса, ошонун баары эле өлбөс-өчпөс байлыктардын кенчине кошула бербейт. Тарыхта жашап калуу укугу ар кимдин эле жеке бактысына туш келбейт. Ошолордун ичинен мезгилдин катаал жана адилет сынынан өткөндөрү, бүгүнкүгө да, эртеңкиге да, келечекке да таандык боло алчу эң маанилүүлөрү гана узак өмүр сүрө алат. Мына ушундай сейрек жолукчу таалай кыргыздын даңазалуу ак тандай ырчысы, ырды «ак жаандай себелеген» улуу ойчул акын Барпынын шыбагасына да туш келген. Анын тубаса ырчылык шыгынын ойгонушуна атасы Алыкул Шамурза уулу өз таасирин тийгизген. Барпынын элдик оозеки чыгармаларга ыкылас коюшу да, жергиликтүү ырчылардын чыгармалары менен алгач тааныштыгы да ошол киши аркылуу башталган. Биротоло ырчылык өнөрү менен жашап, эл аралап, жер көрүп, турмуштук тажрыйба топтоп, ар түрдүү ырчылар менен айтышка түшүп жүрүп, Барпы өз талантын курчутуп, чеберчилигин арттырат. Анын үстүнө Ала-Тоонун ар кайсы жагынан эл түрүлүп келген зор дубандарда кыргыздын кыйырына атагы кеткен, жаактууга жай бербес ырчынын ырчылары гана жекеме-жекеге түшүп, мөрөй алып чыгышкан, майдабарат жамакчылар андай жыйындын четине да бара алган эмес. Демек, Барпыга тандамал чоң таланттар менен беттешүүгө туура келген. Акындык айтыш өнөрүн табиятынан ойчулдук жөндөмү бар, көп нерседен кабардар, айрыкча Чыгыштын философиялык ойлору, тарыхы менен тааныштыгы бар куйма кулак ырчылар гана мыкты өздөштүрө алышкан. Сабаттуулары өздөрү окуп, кат билбегендери окумал чөйрөгө туш келип калса, ошолордон угуп, үйрөнгөн. Үйрөнүп эле тим болбостон, аларды өз тажрыйбасынан тапкан ойлору менен байытып, кайрадан ырга айлантып, иштеп чыккан. Мындай сапатка кыргызда Эсенаман, Жеңижок, Токтогул сыяктуу айрым ырчылар гана жетише алышкан. Булардын тобуна Барпы да кирет.

Барпы аалам жана адам тууралуу да ой жүгүртүп ырдайт. Анын чечмелөөсүндө адам баарынан улуу, ал – жаратуучу, түзүүчү. Адам баарын пайдаланат: асмандан нурун чачып, бүткүл жашоо-тиричиликти жүргүзүп турган Күн да, айкөл Жер да, өмүр азыгы Суу да, аягы жок, башы жок Шамал да адам кызматында болот. Адам аларды өзүнүн жашоо ыңгайына, керектөөсүнө карата жумшайт, өмүр-турмушун ошолор менен өткөрөт. Барпыга чейин бир да ырчы, бир да жазгыч акын адам темасын бул деңгээлге чейин көтөрө ырдай алган эмес. Анын улуулугунун бир белгиси ушунда. Барпы Чыгыш адабиятын окубаса да, аларды окуган, билген, айтып жүргөн ырчылардан, улама кишилерден угуп, кабыл алган. Кээ бир маалыматтарга караганда, Барпы кат-сабаттуу, Чыгыш адабияты менен тааныштыгы бар акындар менен жаштайынан ырдашып жүргөн. Ал илгерки араб, иран уламыштарын, айрым тарыхый белгилүү адамдар жөнүндөгү айтымдарды өзүнчө ырга айлантып, эл алдында аткарып жүргөн. Башка кыргыз ырчыларынан болгон бир айырмасы, Барпы комуз черткен эмес экен. Ал ырларын комуздун коштоосу жок, бир түрдүү обонго салбай ырдаган. Бул жагдай анын ойлоо манерасына аздыр-көптүр таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошондон улам анын ырлары түрдүү ыргак, түрдүү интонация менен түрдүү формага, түрдүү ыр өлчөмдөрүнө салынып аткарыла берген.

Орустун даңазалуу лириги С. Есенин: «Жанында турганда улуунун улуулугу билинбейт, ал ыраактан даана көрүнөт», – деген экен. Барпынын улуулугун өз заманында аны менен бирге жүргөндөр да билишкен, ал улуулук азыр да ого бетер бийик болуп, таасын көрүнүүдө.

**31. 1-үзүндү боюнча Улукбекке өзгөчө атак-даңк алып келген жөндөм –**

а) таланттуу жазуучу болгондугу (76–77-саптар)
б) перс, түрк, араб тилдеринде эркин сүйлөгөндүгү (79–80-саптар)
в) философияны өзгөчө сүйгөндүгү (81-сап)
г) астрономияга кызыккандыгы (24-сап)

**32. 1-үзүндүнүн 51–55-саптарында айтылгандардан кандай тыянак чыгарууга болот?**

а) Улукбектин шакирттери көп болгон.
б) Улукбектин эмгеги белгилүү болгон.
в) Улукбек Голландияда болгон.
г) Улукбек мыкты устат болгон.

**33. 1-үзүндүнүн 62–76-саптарында айтылгандар Улукбектин кайсы сапатын аныктап турат?**

а) ишке тактыгын
б) кең пейилдигин
в) күчтүү эске тутуусун
г) талыкпас эмгекчилдигин

**34. 2-үзүндүдө айтылгандар боюнча Барпыга гана таандык өзгөчөлүк –**

а) Чыгыш адабияты менен тааныштыгы
б) комуз черткенди билбегендиги
в) куйма кулак ырчылыгы
г) айтыш өнөрүн өздөштүргөндүгү

**35. 2-үзүндүнүн 85–92-саптарындагы сүйлөмдөрдө айтылган ойлорду кандайча аныктоого болот?**

а) адабий жалпылоо
б) тарыхый далилдөө
в) турмуштук ой жоруу
г) философиялык ой толгоо

**36. 2-үзүндүдөгү «жаактууга жай бербес» (109–110-саптар) деген туюнтмага төмөндөгүлөрдүн кайсынысы маанилеш боло алат?**

а) чоң жаак
б) кара жаак
в) алтын жаак
г) чап жаак

**37. 2-үзүндүнүн 132–138-саптарындагы сүйлөмдөрдө туюнтулган негизги ой –**

а) адам жөнүндө
б) аалам жөнүндө
в) жер, суу жөнүндө
г) күн жөнүндө

**1-ТАПШЫРМА. Текстте кездешүүчү сөздөрдүн маанисинин чечмелениши менен таанышкыла.**

**Мүнүшкөр** – аң жана илбээсин алдырыш үчүн алгыр куштарды таптоочу адам.
**Томого** – алгыр куштардын көзүн жаап коюучу тоголок тарткан булгаары бөрк.
**Каатчылык** – кургакчылыктан улам түшүм болбой калган жылы каатчылык болот, ачарчылык, жокчулук болот, мал кырылат, эл ооруйт ж. б.

**2-ТАПШЫРМА.** **Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан үзүндүнү окугула.**

## КАРМАШУУ

Бир убакта шарпылдап жулкунуп, чеңгелине эмне кирсе ошону мыжыга кармап, курч тумшугу менен карсылдата чокуп, жаны карайып, мойнун алга созгулап, шырп эткен дабышка, жолбун желдин шуу-шуу эткенине жата калып кулак салып, талпынып ачуу шаңшып, тынчы кете баштады бүркүттүн. Кайдадыр эркин жайга, аркыраган шамал менен жарышып, үлбүрөп чубалган булуттардын үстүнөн сызгысы келгендей. Шабырт алды окшойт…

Сарыбай бүркүттүн **томогосун сыйрыды**. Бүркүт дароо колдон суурулуп, заматта көккө атылып чыкты. Бере көр! Сарыбайдын жүрөгү дүкүлдөп кетти. Бере көр, чоң Кудай! Бере көр, кең Кудай! Сарыбай **эки көзүн жүлжүйтүп**, кубанып көк тиктеп, кайсаңдап ар тарабын каранып, кайсыл жерден кандай аң качып чыгып калар экен деп дегдеп, жүзү жаркырады.

Ошол бойдон, ошол кеткен бойдон бүркүттүн карааны көрүнбөй калды. **Мүнүшкөр** жалбырак болуп дирилдеп күттү. Жок… Жел гана **шыбак**тардын башын шыбыраштырып жатты. Эч дареги жок… Кеткени ушубу!..

– О, кырааным… Кетип калдыңбы?..

Көзү жашылданып, боз асманга телмирди, эч көтөрө албай турган, эч көнө албай турган сары **убайым басты** Сарыбайды. Оозун кымтышты унутуп, кичинекей сакалын сербейтип, нары-бери алдастап кетти. Боз асман анын жүрөгүн байкатпай жутуп коюп, анын көзүн мисирейип карап тургандай болду. «О, кырааным…Мени таштап кеттиңби?!. Мен куруюн, мен бир жазгы **каатчылык**тан сени алып чыга албадым… О, кырааным…»

Баштагыдай үндөп чакыра албады Сарыбай. Антүүгө укугу жоктой сезилди. Тили күрмөлбөдү. Айласыз, кубатсыз мууну титиреди.

«О, кырааным… Балам менен барабар көрчү элем… О…»

**Ана! Алда кайдан бүркүт шаңшыды. Ана!** Сарыбайдын жүрөгү жарылып кете жаздады. Ана! Илбээсин көргөндө гана ушундай шаңшычу ал. Сарыбай токтоно албай көйнөгүн унутуп, жылаңач дардаңдап чуркады. Үндү улап чуркады.

– О, айланайын үнүңдөн… айланайын… – деп каргылданып, эки колун обого сунуп кыйкырды. Ошол! Төбө жактан абаны жарып шуулдап угулган күү гана улам жакындап келатты. Ошол! Сарыбай элтеңдеп, сүйүнгөнүнөн каңырыгы түтөп, Кудайга да, бүркүтүнө да жалынды.

Сарыбай эки жагын каранды. Эмне үчүндүр жакын жерде шакка корголоп, же суналып качып жөнөп берген аң көрүнбөйт.

Ана! Бүркүт! Күчтүү канаттарынын күүсү желдин шоокумун каптап, найзанын учундай ышкырып, тик сайылып өзүнө келатты. Сарыбай нестейе… Ойлонтпой, камынтпай **бүркүт аркан бою кирип келди**, ошондо Сарыбайдын колу жерден балдакты ала коюп, бетине кармай берди. Каардуу бүркүт тайманбай, көз ирмемде селдей шаркыраган күч менен келип, бир тээп өттү. Жыгач балдак шарт тең бөлүнүп сынып түштү.

– А-ай! Кантесиң, кырааным!..

Ошол чөлкөмдү үч айланып чабыт кылып, көзүнө тири жандуудан эчтеме илинбей, дөңдө кыбырап жүргөн **жалгыз караан** өзүнө тартып, ач бүркүт ал караанга таштап жиберген эле. Ал мүнүшкөрүн тааныган жок. Жылаңач Сарыбай анын көзүнө кийиктин улагы сыяктанып көрүнгөн окшоду. Бүркүт кайра көккө атылып чыкты. Сарыбай эсин жыйышка үлгүрө албады, бүркүт темир чеңгелдерин арбайтып, курч тумшугун ачып, чекирейген кызыл тегерек көздөрүнөн заар чачып, ошол замат кайра шуулдап кирип келди. Өлүм! Колунда куралы жок адам сепкилдүү кара ташты караан тутуп, ошондон калка издеп тегерене качты… Өлүм! Алдастады… Өлүм! Ушул өлүм коркунучунун алдында көзүнө канга боёлуп, кулактарын шалпайтып жерде жаткан тайгандын башы көрүндү, анын нуру өчкөн көзү кадалып тиктегендей, табалагандай. Келме кезек!

А-а!.. Жер тыткылап, таш аткылай баштады. Колуна эмне кирсе ошону менен, топурак кирсе топурак, чөп кирсе чөп менен шилтеп, ошону менен өлүмдөн коргонду, өлүмгө айбат кылды. А-а-а!.. Жандалбас кылды. А-а-а-а…

Коркунчаак, тартынчаак кылган жашоо үмүтү. Жашоодон үмүтү үзүлгөндө адам коркунучту унутат. Сарыбай коркунучту унутуп салды. Ач бакырыгы да тып токтоп, эрдин кесе тиштенип, кадим жырткыч болуп, кулачтап качырып бүркүттүн арбайган тырмагына кол салып кирди. Катуу чеңгелдешип, бири кышылдап, бири күшүлдөп, улам бири алдына басып, жумгалакташып, кериден ылдый тоголонду, бирине-бири ырайымсыз.

Сарыбай бүркүттүн башын кармоого, мойнунан бурап басууга аракет кылып, бүркүт башын ала качып карматпай, көзгө асылып, желке жүнүн түктөйтүп жаалданып чокуп, Сарыбайдын бүт денесинен кан жошулуп, бүркүттүн канаттары карсылдап сынып, куйругу жулунуп, жүндөрү сапырылды. Сарыбайдын эки колу бүркүттүн темир чеңгелин бошотпой туткактап калган. Тизеге басуунун аракетинде. Бүркүт көзгө асылат. Сарыбай башын чулгуп, көзүн ала качат. Бүркүт мойнун жыландай буралтып көздү кууйт. Сарыбай курч тумшукка башын тосо берип көзүн калкалайт. Жан аргасы! Ал дагы бүркүттүн кез келген жерин тиштеп, бурдап тиштеп жатты.

Сарыбайдын көзүнөн от чагылды бир убакта. Сарыбай бек жуумп, бүткүл күчүн үрөп, чымырканып кармашты. Ал акыры бүркүттүн бир чеңгелин тизеге басып, бир колун бошотууга жетти да, ошол колу менен бүркүттүн мойнун сыйпалап таап, бар күчү менен сыга кармады. Бурады. Бүткүл денеси менен өбөктөп басты…

Бир убакта өзү канга жошулуп, бүркүттүн калдайып жатып калган денесинин үстүнөн өйдө болду Сарыбай. Ал көзүн ачкысы келди. Көзү ачылбады. **Көзүн сыйпалады**. Колуна былжыраган бирдеме урунду. Ал кан болучу. Сарыбай да анын кан экенин билди. Капкараңгы. Көрдөй капкараңгы.

Эмелеки жаркыраган кең дүйнө кана?

Ал эсине эми келди. Баягыдай коркунчаак, тартынчаак, үмүткө алданма, кайгыга, кубанычка бат алдырма пенде учуруна кайра келди. О, Теңир, көздөн ажыраттыңбы! Ал сендиректеп, чалыштап, бүркүттүн карайып жаткан канаттарынын жанына сулап жыгылды…

**3-ТАПШЫРМА.** **«Кармашуу» текстинин негизинде төмөнкү картаны толтургула.**

**Кармашуу**

| | | |
|---|---|---|
| Окуя болгон жер<br>____________________<br>____________________ | Окуянын: ____________<br>Башында ____________<br>____________________<br>____________________<br>Ортосунда<br>____________________<br>____________________<br>Аягында ____________<br>____________________ | Көйгөй<br>____________________<br>____________________ |
| Башкы каармандар<br>____________________<br>____________________ | | Көйгөйдүн чечими<br>____________________<br>____________________ |

**4-ТАПШЫРМА. Тестти иштегиле.**

1. **12–13-саптардагы «Томогосун сыйрыды» деген сөздүн мааниси кандай?**
   а) Тумшугуна жабышкан тамактын калдыгын алып салды.
   б) Бүркүткө кийгизилген баш капты чечти.
   в) Бүркүттүн канаттарын, куйруктарын сылады.
2. **42-саптагы *«Ана! Алда-кайдан бүркүт шаңшыды. Ана!»* – деген сүйлөмдүн тексттеги мааниси кандай?**
   а) Сарыбайдын кубанганын, толкунданганын билдирип турат.
   б) Сарыбайдын өкүнгөнүн, ичи ачышканын билдирет.
   в) Чочуганын, алда нерседен коркуп кеткенин билдирип турат.
3. **61–62-саптардагы «бүркүт аркан бою кирип келди» деген сөздүн мааниси кандай?**
   а) өрүлгөн жип
   б) аралык
   в) тез, ылдам
4. **71-сапта «жалгыз караан» деп кимди айтып жатат?**
   а) бүркүттү
   б) мүнүшкөрдү
   в) кийикти
5. **130-саптагы «Көзүн сыйпалады» деген сөз айкашы кандай мааниде колдонулду?**
   а) Уйку-соонун арасында көзүн ушалады.
   б) Бир нерсеге көзү жетпеди.
   в) Көзүн кармалап көрдү.

**5-ТАПШЫРМА. Суроолорго жооп жазгыла.**

1. Бүркүт бир нерсени сезгенсип, тынчы кетип, ачуу шаңшып бытырай баштаганда мүнүшкөр кандай ойдо болду?
2. Бүркүт колунан суурулуп көккө атып чыккандагы Сарыбайдын абалы.
3. Бүркүттүн караанын көрүнбөй калганда Сарыбай… .
4. Бүркүттүн тик сайылып, өзүн качырып кирип келе жатканын сезгенде Сарыбай эмне кылды?
5. Сарыбай томогосун шыпырып коё бергенде асманга атырылып чыккан бүркүт… .
6. Коркунучту унуткан мүнүшкөр эмне кылды?

**6-ТАПШЫРМА. Текстте кездешүүчү сөздөрдүн чечмелениши менен таанышкыла.**

**Жүзбашы** – аскердик даража, жүз жигиттин башчысы.
**Паңсат** – аскердик даража, беш жүз аскердин башчысы.
**Бий** – атадан балага кала келген бийлик даражасы.

**7-ТАПШЫРМА. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан үзүндүнү окугула.**

– Бекназар аке, сизди **паңсат** күтүп олтурат… – деди бир жигит отко жакын келип, Бекназардын кабагы дагы бүркөлүп, унчукпады. Чакырып келген жигит жооп күткөндөй болуп, бир пас турду да, кайрып сөз айта албай топтон акырын суурулуп чыгып кетти.

– Аттар даярбы? – деди Бекназар өз жигиттерине.

– Даяр, Бекназар аке…

Бекназар ордунан турду. Эшим элирген кара кашка аргымакты алдына тарта берди. Бекназар атка минген жок, нары обочо жерде бүлбүлдөп күйүп жаткан от жакты карай

ыкчам басып жөнөдү. Эшим бир колуна өзүнүн атын, бир колуна кара кашка аргымакты жетелеп, Бекназардын артынан кетти. Калган жигиттер да аттуу, жөө болушуп ээрчиди. Бекназар келгенде топ жарыла берди. Оттун жогору жагында кымкап тонду желбегей жамынып, чарчагансып үлдүрөп отурган киши гана козголбоду. Эки көзү чекчейген арык киши, суюк буурул сакалы бар. Сеңселген ак көрпө тебетейи арт жагында чөптүн үстүндө жатты, ал жайынча кара манат топучан отурду. Кокон ордосунун бу Аксы багытындагы таасирдүү кишиси, аскер ишинде паңсат атагы бар бий Абил болучу.

Тегерегиндеги мыктылар демдерин ичтерине алып, тым турушту. – Ассалому алейкум!

Бекназардын келип калганын эми билгенсип, сүйүнүп кеткенсип, Абил бий алик алды:

– Быякка!.. Кел, баатыр… – деп тизе какты.

– Чакыртыпсыз, паңсат аке?

Абил бий Бекназарды бир имерип тиктеп алып, жай гана:

– Баатыр… – деп аяр үн салды. – Ортого түшчү кеп бар… Мындай кыйын кезде кеңеш жакшы. Кеңешели…

Бекназар оттун төмөн жагына сыңар тизелеп отура калды:

– Кулак сизде.

Не кылган менен Абил бий алда нерседен кооптуудай, ичи түтпөй турган өңдүү. Ал Бекназарды дагы бир кадалып тиктеди.

– Бузулар үйдөн эң биринчи ырк кетет. Атасынан адилдик кетет, баласынан намыс кетет, катыны айыңчы, келини ууру болот. Бирин-бири сыйлашуудан калат, биригип үй тутунуу милдетин унутушат. Баатыр, мына ушуну ойлонушубуз зарыл. Мына, аталыктын көзү өттү, эми көрүп алабыз, ордодо дагы ит тартыш чыгат. Дагы кудай уруп, чабыш башталат. Тигинтип бир жактан орус сыгып келатат. Башсыз, көзсүз, терс карашып жатканыбызда бир күнү, же хандан келип, же орустан келип канавайран түшүрүп чаап кетсе, анда эмне болобуз? – Абил бий тарамыштуу арык колу менен сакалынын учун кармалап, ичинен тооба келтиргенсип койду.

Абил бий жылмайган болду:

– Ордо баарыбызга тең, баатыр.

Бекназар унчуккан жок. Абил бий анын жүзүн, а түгүл оозунан чыккан демине чейин байкап, маани берип, ушул сүйлөшүүдөн жакшылыкты да, жамандыкты да күтүп отурду. Бекназар жүзбашы дайыма бирге болуп, ысыкты, суукту бирге көрүп, жигиттердин көбүнө алынып кетип, кийинки күндөрдө паңсатка анча ийилбей, тоңмоюн болуп бараткан эле. Эмне? Мунун бир айталбай жүргөн кинеси, алалбай жүргөн акысы барбы? Алымкул аталыктын киши колдуу болушу булардын ортосун ого бетер суутуп кетти. Эч пайдасы жок дайым эле бузула берген ордодон такыр көңүлү калып, ордого жакын киши деп, мурда эле кыртышы сүйбөгөн Бекназар паңсатты жек көрүп калган болучу. Жолу бир болсо да, Ташкенден бери бет келишип кеп тартышканы ушул.

– Бизге азыр ырк зарыл, баатыр.

Бекназар да бирдемени күтүп, оттун кызылын тиктеген бойдон былк этпей отуруп, паңсаттын акыркы сөзүнө макул болуп акырын башын ийкеди.

– Мындай учурда, баатыр, өзүңдөн өтөрү жок, саруу уругунун колуна өзүң баш бол, – деди ал кеп чыгарып. – Муну элге барып, карыжашын бүт чогултуп алдына айтсак болот эле, бирок жигиттер чарчады, үй-үйүнө тарап кеткен соң кайта үйрүлүп биригиш узагына тартар, ошон үчүн артыкбаш жыйыны жок, аттан дегенде түп көтөрө аттана бере турган кылып тартипти мукумдаш зарыл, жигиттер кимдин үнүн тыңшашын, кай туунун түбүнө топтолушун азыр эле аныктап билип тарашы зарыл. – Сынай тиктеп отуруп, артынан: – Керек этсең мына биз даярбыз, биздей жашы улуу кишилерден кеңеш ала жүрөрсүң… – деп акырын кошумчалады.

Паңсаттын оюнда тиги ушул сөздү угары менен ыргып туруп, таазим кылып, ыракматын билдирип жиберет го деп, биртике үмүтү турган. Бекназар үн катпай, былк этпей, өзгөрбөй койду. Бийдин аяр көздөрү анын кебетесинен «**сенсиз да, сенин тапшырууңсуз да, жигиттерге сөз өтөт**» деген пикирди окуду. Ичи сыйрылды. Бекер айттыбы? Көптүрүп алдыбы муну? Көздөрү чекчейип, жини келе баштады. А **Бекназар да паңсаттын ичиндеги куюнду сезди, куюн уюлгуп-уюлгуп келип ташка урунуп, бир шойкоң чыгарышка**

**деми жетпей, сынып жок болуп жатканын көрүп турду**.

– Көрөбүз.

Жанаа жолго камынууга буйрук болгондон бери жигиттер топурап, аттарын издеп табышып, токушуп, от жаккандар отторун өчүрүп, дүүлүгүп жатышкан эле. Айтар жаңылыгын угууга, жүзбашылардын артынан, элүүбашылардын, онбашылардын артынан дүрбөп, паңсаттын отун тегеренишип, тирелип ооз карап калышты.

Абил бий да, Карачал да, Бекназар да аттанышты. Ушундан соң Бекназар булдурсунду бүктөй кармап, Абил бий жакка жүз буруп, бирок, бетине тике карабай, ага сөз койгонсуп калды. Абил бий муну билип, алдынкы жигитбашыларды бир имере тиктеп, тамагын жасады. Жакын тургандар тымтырс болду.

– Баатырлар, – деп кайрылды паңсат, – жаңылык бир эле сөз. Мына элдин четинде турабыз. Мындан нары жол улам айрылган сайын ар уруктун жигиттери өз айлына бөлүнүп кете берсе болот. Бирок жигиттер бир нерсени так билип кетиши өтө зарыл. Ошону гана кулакка салып коёлу деп… – Ушундан соң ал тоолуктардын оң, сол канатын бириктирген эзелки салтын, улуу алдында кичүү ийменип, төбөсү көккө жетип кеткен күндө да, ызат билиш сыпаалыгын айтып, аларды шарият менен бекемдеп өттү, анан иштин ток этерине келди.

– Өзүңөр көрдүңөр, ордо дагы бузулду, тыяктан тигинтип орус кысып чыкты, муну да өзүңөр көрдүңөр. Мындай учурда ээнбаштык ыркты кетирет, колду байлайт. Келер жоонун алдында бизди алсыз кылат. Ошон үчүн, баатырлар, колубуз бир адамга баш коё турган болсун. Мен кары адаммын. Тилинде эми бар, билегинде күчү бар жаш азаматтардан кошунбашы көтөрүп алгыла. Бекназар баатырдан өтөрү жок. Буга кандай дейсиңер? Жалпыга угузуп: – Эмне болсоң ошо бол деп таштап салбаспыз баатырды. Баштаган, жаки бүтүргөн, жаки кылам деген иштеринде башында болуп, колубуздан келсе, акылыбыз жетсе, ийрисин түзөп, кемдигин бүтөп турарбыз! – деп кошумчалады. Бул жаңы кабар жол алууга дүрдүгүп турган беш жүз колдун кырына толкун түшүрдү. Бир тарабы ачык кубаныч билдирип, «Бекназарлап» ураан кыйкырып, түндү башына көтөрө башташты, бир тарабы күүлдөп, өз ара талаш куруп, сөздүн акырына карашып, жай толкуду. Ушулардын баарын байкап, Абил бийдин кайта ичи тарып кетти. Бирок сыр бербеди.

Бекназар колго таазим кылды. Те жигиттердин четинен кимдир бирөө «Бекназарлап» кыйкырды. Бекназар үн чыккан жакка серп таштап, ким экенин тааный алган жок, бозомтук таңкы шоола ичинде кара атчан ат ойнотуп камчысын булгалап турганын гана көрдү.

– Жигиттер! – деди Бекназар, кайрат толгон бийик үнү чууну шарт жарып өттү.

– Паңсаттын каалоосун уктуңар. Эгер ушундай чалкеш заманда сарытаман атыңардын күчүн, башыңардын баасын мага ишенип, мени ээрчип, мага жол койгуңар келсе, анда **аскер ишиндеги мен ойлогон ойго, мен баштаган, мен бүтөргөн бүтүмгө, ким гана болбосун киши киришпесин**! Биринчи шартым ушул…

Бул эскертүү так өзүнө айтылып жатканын Абил бийдин аяр көкүрөгү кантип түшүнбөй өткөрөт? Эски айлакер мостойду. Нечен ордо шумдуктарына катышып көргөн куу ушу азыр кичине алданып турганын туйду. Бирок анын сергек акылы бу жанкечти жүзбашы менен азырынча мамилени жамандыкка айланткысы келбей, бардык ызасын, заарын жашырып кадимкисиндей жакшы жымыйып турду. **Бекназардын көкүрөгүндө зарде бар, ал амалды бирөөлөргө кызмат кылыш үчүн эмес, бирөөлөрдүн үстүнөн бийлик жүргүзүш үчүн ала турган кишилерден эле**. Абил бий муну жактырчу. Эскертүү өзүнө катуу тийсе да, унчукпай калып калды. Бекназарды колдоп, үндөр күүлдөп, арттагы атчандар улам теминип келишип, орто тарып кетти.

– Жигиттер! – деди Бекназар дагы. – Алты ай бою түзүктөп бел чечинбей, көйнөгүбүз этибизге катты…

Жапырт коштоду үндөр.

– **Бой жазышыбыз керек**. Мына эми улам тоого өйдөлөгөн сайын айлыбыз кезигет, бириндеп калып отурабыз. Окко учкан курдаштарыбызды, туугандарына угузуп, ариетин кылып, анан үй-үйүбүзгө тарап кетебиз. Ошол

бойдон кабарсыз кетишпейли. Ар айылдан бирден жигит мени менен байланышын жоготпой жүрсүн. Бул зарыл. Бардык жамандыкка камдуу туралы. Андан наркысы бара-бара көрүнө жатар.

Баатырлар! Эң акыркы шартым бул…

Дагы кандай шарт? Күүлдөгөн үндөр тым боло түштү.

– Менин сөзүм эки кылынбасын! Сөзүмду эч ким жыра тартпасын! Алдыма жулкунуп эч ким ат бастырбасын!

Көпчүлүк дагы дуулдап коштоду. Бекназар каракашка аргымакты акырын теминди:

– Тарткыла!

Ушердеги эки күндүк өргүүдө тыныга түшкөн аргымак элире баш көтөрүп, алчактап биринчи болуп топтон суурулду.

**8-ТАПШЫРМА. Тесттик тапшырманы аткаргыла.**

**1. Үзүндүдөгү окуя кайсы жерде болуп жатат?**

а) Ташкенден келаткан жолдо
б) Ташкенге бараткан жолдо
в) боз үйдүн ичинде
г) боз үйдөгү оттун жанында

**2. Абил бий чакырткан кишиси келгенде кандай тосуп алды?**

а) ордунан туруп учурашты
б) алейкум салам, – деди
в) кучакташып көрүштү
г) ордунан турган жок

**3. 46–54-саптарда Абил бий Бекназарга кайрылган кебинде эмне деген ойду айтты?**

а) «ордодо биримдик жок»
б) «ордону бириктирели»
в) «ордонун жыйынын куралы»
г) «Кокон ханы басып келатат»

**4. Бекназар жөнүндө 67–71-саптарда айтылган ой эмнени билдирет?**

а) Бекназар Алымкул аталыкты киши колдуу кылган.
б) Бекназар – жүзбашы катары мыкты аскер башчы.
в) Бекназар Адил бийди жек көрүп, сүйлөшпөйт.
г) Бекназардын паңсаттан ала албай жүргөн өчү бар.

**5. Паңсаттын Бекназарга айткан сөзүндө (86–100-саптарда) эмне жөнүндө кеп болду?**

а) жигиттер чарчады, үйлөрүнө таратып жиберди
б) колбашчы болууга Бекназарды дайындады
в) биздей улуулардан дайым кеңеш алып тур
г) улуулук насаат сөз угуп жүр, деп айтты

**6. «Бекназар да паңсаттын ичиндеги куюнду сезди, куюн уюлгуп-уюлгуп келип ташка урунуп, бир шойкоң чыгарышка деми жетпей, сынып жок болуп жатканын көрүп турду» деген сүйлөмдө (110–114-саптар) паңсаттын кайсы сезимдери жөнүндө айтылды?**

а) ызалануу
б) ачуулануу
в) капалануу
г) туталануу

**7. Бийдин аяр көздөрү анын кебетесинен «сенсиз да, сенин тапшырууңсуз да, жигиттерге сөз өтөт» деген пикирди окуду» деген (106–107) саптарда эмне жөнүндө айтылды?**

а) Абил бий Бекназарды карап отуруп, аяп кетти.
б) Паңсат өзү кол башчы болчу, эми Бекназарга өткөрдү.
в) Паңсат дайындабаса деле Бекназар кол башкара алган.
г) Бекназар жаңыдан жүзбашы шайланып жатат.

**8. Бекназар жигиттерге айткан сөзүндө эмне үчүн «аскер ишиндеги мен ойлогон ойго, мен баштаган, мен бүтөргөн бүтүмгө, ким гана болбосун, киши киришпесин» (181–183-саптар) деген шарт койду?**

а) Бекназар беш жүз аскерди башкарууда өзүмчүлдүк кылды.
б) Бекназар эч качан эч ким менен бийлик бөлүшүүнү каалабайт.
в) Бекназар аскер ишинде эң мыкты башкаруучу болгон.
г) Абил бий кийлигише берерин билип, Бекназар атайын айтты.

**9. «Бекназардын көкүрөгүндө зарде бар, ал амалды бирөөлөргө кызмат кылыш үчүн эмес, бирөөлөрдүн үстүнөн бийлик жүргүзүш үчүн ала турган кишилерден эле» деген сүйлөмдүн маанисин кандай түшүнсө болот?**

а) жоокерлер Бекназардан коркушат
б) Бекназар амалдуулардан коркпойт
в) Бекназар бийлик жүргүзүш үчүн амал алат
г) Бекназар чоңдорго кызмат кылууну каалайт

**10. Үзүндүдө кайсы ордо жөнүндө айтылды?**

а) Кокон кандыгы
б) ордо оюну
в) Алтын ордо
г) Чыңгыз хан

**11. «Бой жазышыбыз керек» (206-сап) деген эмне?**

а) боюбузду узарталы
б) боюбузду теңештирели
в) чарчаганыбызды жазалы
г) ким көп чарчаганын жазалы

**12. Бекназардын мүнөзү … .**

а) курч, кыраакы, кырт
б) кыраакы, өткүр
в) токтоо, сабырдуу
г) кыраакы, салмактуу

**9-ТАПШЫРМА. Төмөнкү сөз, сөз айкаштары жана фразаларды катыштырып, сүрөттү пайдаланып, күз мезгилин сүрөттөгүлө.**

***Сөздөр:*** *күзгү асман, ала бүркөк, шамал бирин-серин булуттарды бир жакка бет алдырат, алыста кылтыйган чокулар, бозоргон сары талаа.*



**10-ТАПШЫРМА.** **Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинен үзүндү окугула, тексттин мазмунун ачып берүүчү ачкыч сөздөрдү тапкыла.**


## ЖАМИЙЛА

Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө, мен ушул алкагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам. Мына, эртең да айылга жөнөймүн. Сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү, аны көпкө көз айрыбай тиктейм. Ушул күнгө чейин бул сүрөттү эч бир көргөзмөлөргө да берген жокмун, ал тургай айылдан туугандарым келгенде, көздөн далдалап бекитип коём. Анча эле жашыргандай эмнеси бар, уяттуубу деп, кокус оюңарга кетип жүрбөсүн, жок, бул сүрөттүн эч кандай ыксыз жайы деле жок, же болбосо, ага «**көз тийип кетет**» дегендей ал бир ашкан укмуш да эмес. Биринчи көрүшкө жөнөкөй эле кадыресе сүрөт. Бетине тартылган жер кандай жөнөкөй болсо, сүрөт өзү дагы ошондой жөнөкөй. Сүрөттүн тээ ички тереңинде – күзгү асмандын ала-бүркөк чет жакасы. Шамал бирин-серин булуттарды бир жакка бет алдырып, алыста кылтыйган чокуларга жандатып, кыялата айдап бара жатат. Андан берки көрүнүштө – бозоргон сары талаа, кең өзөн. Чет-четтен чийлер ыкташып, жаан-чачындан кийин топурагы борпоң томборсуп карайган жолдо катарлаш баскан эки жолоочунун изи тигинден бери чубайт. Жолоочулар улам жакындаган сайын алардын издери жерге даана түшүп, өздөрү азыр дагы бир-эки кадам шилтешсе, алкактын сыртына аттап, ушундан ары кетип калчудай сезилет. Айтмакчы, жолоочунун бири… Бирок мен шашпайын, сөз башынан болсун. Бул өзү кечээ эле бала чактагы окуя. Ата Мекендик согуш үчүнчү жылга аяк басып, Курск менен Орёлдун майданында күчөп турган кези. Анда биз, бир кур өспүрүм балдар, колхоздо араба айдап, суу сугарып, чөп чаап, айтор, согушта салгылашып жаткан эр бүлөлөрдүн оор түйшүгү биздин мойнубузда калган. Өзгөчө эгин-жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөй, күн-түн кырманда, же болбосо эгин төгүп станцияда, жолдо бозуп жүрчүбүз. Мына ушинтип саратан талаа оротун кызуусунан өрттөнүп турган күндөрдүн биринде, станцияга каттап жүрүп, көптөн бери үйдөгүлөрдү көрбөй, бара кетейин деп, жолдон салт арабамды кайрыдым. Биз башынан эки үй жанаша турабыз. Үч кез дубалы мыктап салынган, мечит жактагы дөбөчөдө турган бак-дарактуу короолор ошол биздики. Мен чоң үйдүн баласымын. Агаларым согушка кетип кабар жок, экөө тең үйлөнө элегинде

кеткен. Карыган атам жыгач уста, колхоздун жүрүп турган ушул тактай араба, шады араба, баарысы дээрлик ошол кишинин колунан чыгып турат, таңдан намазын окуп, устаканасына кетет да, күн бата келет. Үйдө апам менен карындашым бар. Берки кичи үйдө болсо биздин **жакын туугандарыбыз** турат. Жакын дегеним, ортобуздан эки-үч ата өтсө да, алар менен башынан малыбыз, жаныбыз бир. Тээ чоң аталарыбыз бирге көчүп, бирге конуп өтө ынтымактуу турушкан экен, ошолордун салты менен биз дагы арабызды алыстатпай, кол үзгөн жокпуз. Колхоз уюшулганда аталарыбыз короо-жайларды бир жерден жанаша тургузушуптур. Ал гана эмес, эки суунун ортосундагы биздин Арал көчө ылгый эле бир атанын балдары. Кийинчерээк берки үйдүн ээси дүйнөдөн кайтып, артында аялы менен тестиер эки уулу калат. Илгертен калган адат боюнча агайын-туугандар жесирдин башын байлап коёлу деп, арбак, кудайга тууралап: менин атама никелештирип коюшат. Ал үй жонунан өзүнчө түтүн болуп салынып, мал оокаты, чарбагы бөлөк болгону менен, чынында биз баарыбыз бир үй-бүлө болчубуз. Алардын да эки уулу аскерде. Улуусу – Садык жаңы эле келинчек алганда кетти. Фронттобуз деп анда-санда алардан кат келип турат. Кичи үйдө кичи апам менен эле анын келини калышты. Ал экөө да эртеден кара кечке колхоздун жумушунда. Кичи апам, – аны айылдагылар Иштерман деп коюшат, ээ бир дүйнөдө табылбаган карапайым, сонун киши да. Түк бир бригаттар менен жаакташпай, жүр деген жагына жүрүп, берки жаш келиндер менен тең катары эле арык чаап, суу да сугарып, кетмен колунан түшпөйт. Анын келини Жамийла, **кудай билип бергенби** бейм, ал дагы жумушка кайраттуу, мыкты келинчек, бирок мүнөзү башкачараак. Жамийла жеңемди мен да чын ниетимден жакшы көрчүмүн: бир жагы жеңем, бир жагы – ал менден азыраак эле улуу, тең курбу сыяктуу эле. Ал дагы мени – кичине бала» деп, инисиндей эркелетет. Ушинтип эки үйдүн тең тиричилиги өзүмдүн атам менен карындашымда. Карындашым анда секелек ойноок кыз, садагасы, анын ошондо апама жардамдашканын, мүнөзүнүн жайдарысын түк өмүр бою унутпасмын. Эки үйдүн тең козулагын жайган да ошол, тезек терип, отун алган да ошол, балдарынан кабар албаган апамдын кайгы-муңун алаксыткан да ошол. Бу биздин эки үйдүн ынтымагын, ырыс-берекесин сактаган апам, билерманы да апам, ал кишилердин арбагын сыйлап, сеники-меники дебей эки үйдү адилеттүү башкарып, айылдагы эски нускалуу, кадырман, байбичелердин бири.

## 11-ТАПШЫРМА. Айлампадагы суроолорго тексттен жооп тапкыла.

***Үлгү:*** **Ким?** Жамийла, Садык, байбиче, апам ж. б.




## 12-ТАПШЫРМА. Суроолорго жооп бергиле

1. **13-саптагы** «көз тийип кетет» деген сөздүн мааниси кандай?
2. **59-саптагы** «жакын туугандарыбыз» деген сөздүн маанисин кандай түшүнсөк болот?
3. **31–42-саптарда** автордун айтайын деген оюу эмне жөнүндө?
4. **90-сапта** эмне үчүн автор Жамийланы «кудай билип берген келин» деп сүрөттөдү?

**13-ТАПШЫРМА. Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестин чагылдырган сүрөттөрдү тартууга конкурс жарыялагыла.**

Жарыя жазууда төмөнкүлөргө көңүл бургула:
- конкурстун талаптары;
- тапшыруу мөөнөтү;
- сүрөттүн форматы;
- кабыл алуучу мекеме же электрондук почта ж. б.

## 5. ОКУУ САБАТТУУЛУГУ

**1-ТАПШЫРМА. Маалымат менен таанышкыла.**







Шилтеме: http://bugupress.kg/article/626/

**1. … облусунун аймагында калк эң көп жашайт.**

а) Нарын
б) Ош
в) Жалал-Абад

**2. Кыргызстанда жашаган эркектер аялдарга караганда….**

а) бир нече эсеге көп
б) бир нече миңге аз
в) саны тең

**3. Айыл жеринде жашагандар … жашаган адамдарга караганда эки миллионго көп.**

а) шаарларда
б) Кыргызстанда
в) тоолордо

**2-ТАПШЫРМА. Кыргызстандагы аба ырайы менен таанышкыла.**




Шилтеме: http://bugupress.kg/kabar/2369/

**«Айгүл гүлү – достукка көпүрө» фестивалына жөнөп калдыңар.** Фестиваль кайсы жерде өтөт? Фестивалга баруу үчүн кайсы саптагы аба ырайы менен таанышуу керек? Эмне үчүн? Жообуңарды негиздегиле.

**3-ТАПШЫРМА.** **Газетадагы кулактандыруу менен таанышкыла.**

**Ош шаарында айрым маршруттук каттамдар өзгөрдү**


Ош шаардык айрым кичи автобус каттамдарынын жүрүү схемаларына 28-майдан тарта өзгөртүүлөр киргизилет. Мындай чечим Мэриянын алдындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автоунаалардын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө комиссиясынын 2018-жылдын 14-майындагы отурумунда кабыл алынган.

■ **Өзгөрүлгөн схема:**

- № 141 маршруттук каттамдын жүрүү схемасы – Амир-Темур кичи шаарчасынан келип, Ж. Райымбеков (борбордук базар) көчөсү менен борбордук стадионго барып, Кара-Суу көчөсү аркылуу Монуев көчөсүнө, Амир-Темур кичи шаарчасына бет алат.
- № 142 маршруттук каттамынын жүрүүсү – Авиашаарчадан Курманжан датка көчөсү аркылуу Ломоносов көчөсүнө кайрылып (борбордук стадион), Ленин көчөсү менен кайра аэропортту көздөй бара турган болуп өзгөрөт.
- № 107 маршруттук каттамы мындан ары Достук чек арасына каттабайт. Ал Ломоносов көчөсү менен жүрөт. Акыркы аялдама Авиашаарча болуп өзгөрөт.

Өзгөрүлгөн схеманы карап чыгып, Амир-Темур кичи шаарчасынан чыккан жүргүнчү аэропортко баруу үчүн кайсы аялдамалардан которулуп отурса ыңгайлуу болорун жазгыла.


**4-ТАПШЫРМА.** **Чад көлү боюнча изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен таанышкыла.**




**1-сүрөттө** Сахара чөлүнүн Түндүк Африка бөлүгүндөгү Чад көлүнүн тереңдигинин өзгөрүү деңгээли көрсөтүлгөн. Чад көлү болжол менен биздин заманга чейин 20000 жыл мурда, муз доорунун акыркы агымында толугу менен жоголууга учураган. Ал эми болжол менен биздин заманга чейин 11000 жыл мурун кайрадан пайда болгон. Көлдүн учурдагы тереңдиги болжол менен биздин замандын 1000-жылындагы деңгээлине туура келет.

**2-сүрөттөгү** диаграммада Сахаранын аска көркөм өнөрчүлүгү (үңкүр дубалдарынан табылган сүрөттөр, живописттер) жана жаныбарлар дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрү көрсөтүлгөн.

Сахарадан табылган аска сүрөттөрү. Жаныбарлар дүйнөсүнүн өзгөрүүлөрү.




■ **Суроолорго жооп берүү үчүн мурунку беттеги Чад көлү жөнүндөгү маалыматты пайдалангыла.**

**1. Чад көлүнүн бүгүнкү күндөгү тереңдиги кандай?**

а) эки метрге жакын
б) он беш метрге жакын
в) элүү метрге жакын
г) ал бүтүндөй жоголуп кеткен
д) бул жөнүндө маалымат жок

**2.** **1-сүрөттөгү баштапкы график чекитине кайсы мезгил (болжол менен кайсы жыл) дал келгендигин аныктагыла.**

**3.** **2-сүрөт төмөнкү божомолго негизделген:**

а) Аска бетиндеги сүрөттөрдө ошол мезгилдеги Чад көлүнүн аймагын ээлеген жаныбарлардын элестери тартылган.
б) Жаныбарларды тарткан сүрөтчүлөр тартуунун жогорку техникасына ээ болушкан.
в) Жаныбарларды тарткан сүрөтчүлөр алыскы аралыктарга саякаттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.
г) Аска бетине тартылган сүрөттөрдө жаныбарларды үйрөтүү аракеттери тартылган эмес.

**4.** **Төмөнкү суроого жооп берүү үчүн 1–2-сүрөттөгү маалыматтарды бириктиргиле. Сахара чөлүндөгү аска сүрөттөрүндө кериктин, гиппопотамдын жана зубрдун сүрөттөрүнүн жок болуп кетүүсү … болгон.**


а) акыркы Муз доорунун башталышында
б) доордун орто ченинде Чад көлүнүн тереңдиги эң жогорку деңгээлине жеткенде
в) миң жылдан ашуун убакыт аралыгында Чад көлүнүн деңгээли төмөндөп кеткен соң
г) узакка созулган кургакчылык мезгилдин башталышында

**5-ТАПШЫРМА.** **Маалымат менен таанышкыла.**


### «ШЕРБЕТ» УЮМУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ГРИППКЕ КАРШЫ ЫКТЫЯРДУУ ИММУНИЗАЦИЯЛОО ПРОГРАММАСЫ

Силер, албетте, кышында оңой эле грипп болуп ооруп калса боло турганын билесиңер. Анан да бир нече жумалап ооруп жүрө беришиңер мүмкүн.

Грипптин вирусу менен күрөшүүнүн эң мыкты жолу – бул денени чыңдоо болуп саналат. Күн сайын гимнастика жасоо жана көп жашылча-жемиштерди камтыган белгилүү бир рацион, баарынан мурда, иммундук системага ушул вирус менен күрөшүүдө жардам берүү үчүн сунушталат.



Көп таралган ушул ооруга каршы кошумча профилактикалык каражат катары «Шербет» уюму өз кызматкерлерине гриппке каршы эмдөө жасоону сунуштоону чечти. Медайым менен 17-ноябрдан баштап бир жума бою жумуш убагында күндө эки жолудан эртең менен жана түштөн кийин эмдеп туруу макулдашылды. Уюмдун бардык кызматкерлерине эмдөө жеткиликтүү жана акысыз жүргүзүлөт.



Кызматкерлер өз ыктыяры менен эмделишет. Өз ыктыяры менен эмделе турган ар бир кызматкер өзүнүн аллергиясы жок экенин жана эмдөөнүн анча-мынча терс таасири болушу мүмкүндүгүн түшүнгөнүн тастыктаган документке кол коюшат.

Медиктердин айтканы боюнча, иммунизациялоо грипп оорусуна чалдыктырбайт. Бирок ал чарчоо, дененин бир аз ысытмалоосу жана колдун ооруксунушу сыяктуу терс таасирлерди бериши мүмкүн.

КИМ ИММУНИЗАЦИЯЛООДОН ӨТҮШ КЕРЕК?

Өзүн вирустан коргогусу келген ар бир адамга сунушталат.

Айрыкча 65 жаштан ашкан адамдарга сунушталат.

Бирок иммунизациялоо адамдардын жаш курагына карабастан, өнөкөт оору менен ооруган адамдарга, айрыкча жүрөк, өпкө оорусу менен ооруган, бронхи астмасы же диабети бар АР БИР адамга керек.

Бир адам грипп болуп ооруп калса, бир жамаатта иштеген адамдардын бардыгы андан грипп жугузуп алышы мүмкүн.

КИМГЕ ИММУНИЗАЦИЯЛОО ТУУРА КЕЛБЕЙТ?

Жумуртка жегенге өтө сезгич келген адамдарга, денеси чыйрыгып турган адамдарды, боюнда бар аялдарды иммунизациялоого болбойт.

Эгерде сиз дарыланып жаткан болсоңуз, алып жаткан дарыларыңызга байланыштуу иммунизациялоо туура болобу же жокпу, ошондой эле гриппке каршы мурунку алган эмдөөлөрдүн натыйжасы жаман болуп чыккан эмес беле, врачыңыз менен кеңешиңиз.

Эгерде сиз иммунизациялоодон өтүүнү 17-ноябрдан баштап бир жума ичинде пландаштырып жатсаңыз, 7-ноябрь, жума күнгө чейин медайым Сагынова Нуриля Келдибековнага кайрылыңыз. Ал өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө, «Шербет» уюмунун көпчүлүк кызматкерлерине ыңгайлуу убакытка карап, сизди тизмеге киргизет. Эгерде сиз иммунизациялоодон өтүүнү кыш башталганга чейин пландаштырып жатсаңыз, бирок белгиленген убакыт сизге туура келбесе, бул жөнүндө Нуриля Келдибековнага айтып коюңуз, сураныч. Дагы каалоочулар болсо, алар үчүн кошумча убакыт белгиленет.

Иммунизациялоо жөнүндө кошумча маалымат алуу үчүн Нуриля Келдибековнага 5577 телефонуна чалыңыз.

**Сак-саламаттык каалайбыз!**

Сагынова Нуриля Келдибековна «Шербет» деп аталган уюмдун кызматкери. Ал ушул уюмдун кызматкерлери үчүн жогорудагы эки бет маалымат барагын даярдаган. Бул маалымат силерге төмөнкү суроолорго жооп берүүдө керек болот.

**1. Төмөнкү аталган кызматтардын кайсынысы иммунизациялоо программасы тарабынан сунушталат?**

а) Кыш бою күн сайын гимнастика менен машыгуу
б) Жумуш убактысында иммунизациялоодон өтүү
в) Эмделгендерге чакан сыйлык берүү
г) Кызматкерлерди догдур өзү эмдейт

**2. Маалымат баракчада мындай деп айтылат: сиз грипп вирусунан сактангыңыз келсе, анда гриппке каршы эмдөө ... .**

а) гимнастика менен тамактануу рационуна караганда эффективдүү, бирок кооптуу.
б) пайдалуу, бирок гимнастика менен тамактануу рационун алмаштырбайт.
в) гимнастика менен тамактануу рациону сыяктуу эле эффективдүү, аз аракет талап кылат.
г) талап кылынбайт, эгерде гимнастика менен машыгып, рацион менен тамактансаңыз.

**3. Маалымат баракчасынын мазмунун пайдаланып, «Шербет» уюмунун кызматкерлеринин кимиси Нуриля Келдибековнага кайрылыш керектигин көрсөткүлө.**

а) Эмделгиси келбеген, дүкөндө иштеген Семетей кайрылыш керек, себеби ал өзүнүн табигый иммунитетине көбүрөөк ишенет.
б) Эмдөө ар бир адам үчүн милдеттүү түрдө болуп эсептеле турганын билгиси келген сатуучу Даша кайрылыш керек.
в) Ушул кышта эмдөөдөн өтөйүн деген, бирок эки айдан кийин ымыркай төрөй турган, почта бөлүмүндө иштеген Эльвира кайрылыш керек.
г) Эмдөөдөн өтөйүн деген, бирок 17-ноябрдан баштап бир жуманын ичинде эмгек өргүүгө чыга турган, бухгалтерияда иштеген Мыктыбек кайрылыш керек.

# КЕПТИК ҮЛГҮЛӨР

- **Кантип түшүндүрөт:**
  **Эмне – эмне.** Окуу китеби – кайсы бир предметке окутуу үчүн китеп.
  **Эмне – бул эмне.** Рационалист – бул жашоого эмоциясыз мамиле жасап, дайыма акыл-эсин токтотуп, ойлонуп чечкен адам.
  **Эмне эмне болуп саналат.** Психология психикалык ишмердүүлүктүн процессин жана мыйзамченемдүүлүгүн изилдеген илим болуп саналат.

- **Бирөөгө кантип сунуш берет, көндүрөт:**
  Мен (кимге) + (эмне кылууну) сунуштайм. Мен сага эртең менен эрте туруп, чуркоону сунуштайм. Мен сени (эмне кылсаң), жакшы болот, деп ойлойм. Мен сени экзамендерге даярданып баштасаң, жакшы болот, деп ойлойм.
  (ким), + эмне кылсын / эмне кыл / эмне кылса экен.
  Ал эс алсын. Сен эс алсаң / эс алсаңчы. Апа, мейманга жөнөңүз. Чоң ата, оорубай жүрүш үчүн, дары ичип туруңуз. Таенем келсе экен. Эжем балмуздак сатып берсе экен.
  (Ким) (кимге) + эмне кылууну + сунушта-.
  Мен эжеме жаңы романды окуп чыгууну сунуштайм.
  Сизге таза абада эс алууну сунуштайм. Компьютерде көп отурган зыян.

- **Бирөөгө кантип кеңеш берет:**
  Эртең менeнки зарядканы дайым жасап жүр.
  Эртең менeнки зарядканы дайым жасап турсаңчы.
  Балким, ал зарядка жасап турар.
  Ал эми байкең зарядка жасап турсун.
  Ага чындыкты айтып кой.
  Ага чындыкты айтып койсокчу.
  Балким, ага чындыкты айтып коёрбуз.
  Ага чындыкты айтып эле койсун.

- **Бирөөнүн пикирин, айткандарын кантип баалайт:**
  **(кимдин) пикири** туура, көңүл буруууга татыктуу / көңүл бурса болот …
  **(кимдин) пикири** туура эмес, ката, начар …
  **(кимдин) пикири, менин оюмча,** туура / көңүл буруууга татыктуу / көңүл бурса болот …
  **(кимдин) пикири, менин оюмча,** туура эмес / ката / начар …

- **Өз оюн кантип билдирет:**
  Менимче …
  Менин байкашымча / менин оюмча, …
  Менин билишимче, …
  Мен … деп ойлойм / эсептейм / билем.
  Менин оюм боюнча, … башкача.
  Мен … деп айтмак эмесмин / деп айтуудан алысмын.
  Мен болсо, так эле ушундай (башкача) ойлойм.

- **Аргументтерди маанисине карап кантип келтирет:**
  Негизгиси – …
  Баарынан мурун, …
  Эң алды, …
  Биринчиден, …
  Андан кийин …
  Экинчиден, …
  Үчүнчүдөн, …

Төртүнчүдөн, …
Аягында, …

**Жашоодон (кайсы бир булактардан) мисалды кантип келтирет:**
Мисалы, (газетада жазылгандай / …)
Мисалга алсак, (менин досум/ …)
… жакшы мисал болуп бере алат.

**Жыйынтыкты кантип чыгарат:**
Ушинтип, …
Мындан улам, … келип чыгат.
Демек, …
Кыскасы, …
Жыйынтыктаганда, …
Сөзүмдүн аягында, …
Мунун баары тең … жөнүндө кабарлайт / далилдейт / көрсөтөт / билдирет.

**Дискуссияда кантип кең-кесири жооп берет:**

**1.** Маселе боюнча өз оюн билдирет:
Менимче, менин көз карашымда, менин пикирим боюнча …
- **А.** Макул болот:
  Бул ушундай
  Кеп так ушунда болуп жатат.
  Сиз эң туура айтып жатасыз.
- **Б.** Макул болбойт:
  Бул мындай эмес.
  … айтып жаткандай эмес, такыр башкача.
  … деп, сиз адашып жатасыз.
- **В.** Бирөөнүн оюна кошулат:

Мен сиздин айтканыңызга кошулам.
Мен сиздин айткан оюңузга толук макулмун / кошулам.
Сиздин айткандарыңызды колдоймн.

**2.** Өз позициясын аргументтейт:
- **А.** Окуянын / кубулуштун себебин жана натыйжасын көрсөтөт:
  Компьютерим иштебей калып, өз убагында жумушту аткара алган жокмун.
- **Б.** Божомол жүргүзөт:
  Телефон чалсам, жооп бербей жатат, эми чогулуштун убактысын билбей калды го.

**3.** Тыянак чыгарат:
Демек, алдын ала кабар берип туруш керек.

**Кантип божомол жүргүзөт:**
Мен … деп, божомолдоп жатам.
Балким, … болгондур, деп ойлоп жатам.
Эгерде …, анда …
Эгерде канаттуулар бул аймакка учуп келбесе, анда зыяндуу курт-кумурскалар өсүмдүктөрдү жеп жок кылат.
Ушул саздак жерлерди кургатса, анда бул жерлер эгин талаага айланмак.
… болот, деп божомолдосо / элестетсе, анда …, деп айтса болот.
Бул дарактарды кыйып, ордуна көп үйлөрдү курат, деп элестетсе, бул жердеги экологиялык абал бир топ начарлайт, деп айтса болот.

- **Кантип салыштырат:**
  (Ким / эмне) (кимден / эмнеден) (эмнеси менен/ кантип) айырмаланат:
  Бир тууган ага-ини мүнөздөрү менен айырмаланат.
  (Ким менен / эмне менен) (кимдин / эмненин) айырмасы (эмнеден) билинет / турат:
  Деңиздин жээгинде жашоо менен токойдо жашоонун айырмасы тамактануудан билинет.
  (Кимге / эмнеге) караганда (ким / эмне) сын атоочтун салыштырма даражасы:
  Бизге караганда бул адамдар шайырыраак.
  (Кимге / эмнеге) салыштырмалуу (ким /эмне) + жакшы (начар / көп / аз) + этиш.
  Түштүктө жашаган адамдарга салыштырмалуу, түндүктө жашаган адамдар көп сүйлөбөйт.

- **Айырмачылыкты кантип билдирет:**
  (Эмне) (эмнеден) эмнеси менен айырмаланат.
  Аңгеме повесттен көлөмү менен айырмаланат.
  (Эмне) менен (эмненин) айырмасы …
  Аңгеме менен повесттин айырмасы көлөмүндө.
  (Эмненин) (эмнеден) башкы айырмасы …
  Аңгеменин повесттен башкы айырмасы көлөмүндө.

- **Салыштыруунун даражасын кантип билдирет:**
  (Кимди / эмнени) жана (кимди / эмнени) салыштыруу мүмкүн эмес!
  Бул чыгарма боюнча тартылган жаңы фильмди жана эски фильмди салыштыруу мүмкүн эмес!
  Аларды салыштырууга болобу?
  Алар күн менен түндөй!
  (Эмнени) (эмне менен) салыштырууга болбойт.
  Бул чыгарма боюнча тартылган жаңы фильмди эскиси менен салыштырууга болбойт! Жаңысы кыймыл-аракетке бай, кызыктуу, ал эми эскиси жадатма.

- **Окшоштукту кантип билдирет:**
  Толук / толук эмес
  (Эмне) менен (эмне ) окшош. Апасы менен кызы окшош.
  (Ким / эмне) (кимге) окшошураак. Улуу кызы ага окшошураак.
  (Ким / эмне) толук бойдон окшош.
  (Кимге / эмнеге) окшош.
  (Эмне) жана (эмне) дал келет.
  (Кимдин / эмненин) (ким / эмне) менен окшоштугу дал келет.
  Менин пикирим окутуучунун пикири менен толук дал келет.
  Эки топтун окшоштугу – экөө тең сүйлөшкөндү жакшы көрөт.

- **Кызыгууну, жактырууну, жакшы көрүүнү кантип билдирет:**
  (Кимге) (эмне) жагат. Мага бул фильм жагат.
  (Ким) (кимди) жактырат. Ал бул кызды жактырат.
  (Ким) (кимди) жакшы көрөт. Мен апамды жакшы көрөм.

- **Бир нерсеге кызыгуунун жоктугун, көңүл коштугун кантип билдирет:**
  (Кимге) (эмне) такыр кызыксыз.
  Мага жумуштарың такыр кызыксыз.
  (Кимди) (эмне) кызыктырбайт.
  Мени саясат кызыктырбайт. Аны сенин пикириң кызыктырбайт.
  (Кимдин) (эмнеге) көңүлү кош.
  Досторумдун поп-музыкага көңүлдөрү кош.
  (Кимдин) (кимге) көңүлү кош.
  Менин бул адамга көңүлүм кош.

**Божомолдоону, мүмкүндүктү кантип билдирет:**
Болушу мүмкүн.
Балким, … болушу ыктымал.
Көбүнчө, …
Сөзсүз.
– Асан кайда?
– Китепканада болушу мүмкүнбү?
– Жок, стадиондо болушу ыктымал.
– Ооба, сөзсүз стадиондо. Ал спорт кийимин ала кеткен.

**Шектенүүнү, күмөн саноону, ишенбестикти кантип билдирет:**
(Эмнеге) шектенем.
Сөздөрүнө шектенем.
(Кимде) күмөн саноо бар.
Менде күмөн саноо бар.
Эмнегедир (эмнеге) абдан шектенем.
Эмнегедир өз убагында жетип келерине шектенем.
(Эмнеге) ишенбей жатам.
Кечке чейин доклад жазып бүтөрүмө ишенбей жатам.
(Эмне) болушу мүмкүн эмес.
Бул окуя болушу мүмкүн эмес.

**Чечкиндүүлүктү кантип көрсөтүш керек:**
Бул абдан керек!
Чынында эле, бул абдан керек.

**Күмөн саноону кантип көрсөтүш керек:**
Кереги эмне? Бул сөздөрдү жаттоонун кереги эмне? Баары бир эртең унутуп калам! Анда кереги эмне? Эмнеге жатташ керек? Эмне үчүн? Мунун кимге кереги бар? Окуш керекпи? Анын кимге кереги бар? Андан көрө иштеш керек. Эмне үчүн? Эмне үчүн ал ишти … ордуна мен кылышым керек?

**Пайдасыз экенин кантип билдирүү керек:**
**Мааниси жок + эмне кылат.** Бул текстти которуунун мааниси жок. Анда керектүү маалымат деле жок.
**Кажети жок + эмне кылат.** Бишкекке баруунун зарылчылыгы жок. Элчилик баары бир жабык.
**Муктаждык жок + эмне кылат.** Бишкекке барууга эч кандай муктаждык жок. Ал маселелердин баарын бул жерден чечсе болот.
**Муктаждык жок + эмне кылат.** Бүгүн жумушка барууга муктаждык деле жок. Менин бүгүн ал жерде эч кимге керегим деле жок.
**Зарылдык жок + эмне кылат.** Почтага чуркоонун зарылдыгы жок. Мен телефон чалып койдум.

**Ойдун ырааттуулугун кантип кепке кошуу керек:**
Мындан баштайбыз …
Эң алды …
Биринчиден, …
Экинчиден, …
Андан ары …
Аягында …
Демек, …

**Чечкиндүүлүктү/ күмөн саноону кантип көрсөтүш керек:**

Албетте
Мүмкүн
Балким
Арийне
Билбейм
Ой, деги ким билет …
Мен … ишенем.
Мен … толугу менен ишенем.
Мен … күмөн санап турам.
Мен … толугу менен ише не албай турам.

**Бир нерсеге толук ишенгендикти көрсөтүү:**

– Албетте! Чын эле!
– Аябай! Чындыгында эле!
– Өз убагында! Чындыгында!
– Чыпчын дейм (адабий эмес формада).
– Сенин уйкуң келдиби?
– Ооба. Эки күн жакшы уктаган жокмун.

**Каалоону кантип билдириш керек:**

1. **Абдан каалоо.**
   Мен абдан Бишкекке баргым келет!
   Мен абдан деңизде эс алгым келет!
   Мен такыр кетким келген жок!
   Жатсам да, турсам да деңизди көрөм.
   Абдан бир нерсени каалоо.
   Деңизге / көлгө баруудан башка эч нерсе каалабайм.
   Каалабайт + эмне кылат.
   Сени менен сүйлөшүүнү каалабайм.
2. **Каалоо-ойлоо, каалоо-кыялдануу:**
   (Эмне/кайда/ким менен/каякта ж. б.) + мүмкүн.
   Жайында айылда досум менен … мүмкүн.
   мүмкүн + эмне кылат
   Мүмкүн …. барат.
   Мүмкүн + өткөн чактагы этиш.
   Мүмкүн …. баргандыр.
3. **Каалоонун жарым-жартылай аткарылышы:**
   Мен абдан деңизге баргым келет! Бирок ал ишке ашпайт, анткени барганга каражат жок.
   Жок дегенде бассейнге барып келейин.
   Бул жер абдан ээн экен! (Мен такыр жалгыз калгым келген жок.)
   Жок дегенде Максатбек эрте келсе экен.

**Коркунучту кантип билдирүү керек:**

Буюмдарды унутуп калбасак экен.
Кечигип калбасак экен.
Ал кечигип калбаса экен.
Корком, … деп корком, биз кечигебиз.

**Күмөн санап, кооптонууну кантип билдирет:**

Эгерде жамгыр жааса эмне болот, жолго чыга берелиби?
Жатакана таба алабызбы?
Балким + … (бир нерсе болот).
Балким, жатакана таба албай калсакчы.
Кайда түнөйбүз?
Жатаканада бассейн бар болду бекен? Мен сууда сүзөйүн дедим эле. Жатаканадагы сууга түшө аламбы?
Мейманкана суук эмеспи? / Мейманкананын бөлмөлөрү суук болбойбу?

**Макул эмес болуп, күмөн саноону кантип билдирет:**

Эмне үчүн ушундай деп чечтиңиз?
Эмнеден улам мындай ойлоп жатасыз? Сизге ким айтты?
Эмнегедир мен күмөн санап турам …

**Жооп берүүдөн кыйналып турса, кантип жооп берет:**

Эмне деп жооп беришти билбей турам…
Эмне дешти билбей турам.
Чынын айтсам, билбейм…

**Кыйналгандын себебин кантип билдирет:**

Менин … маселе боюнча түшүнүгүм жок.
Мен … боюнча эч нерсе түшүнбөйм.
Мен эч качан бул иш менен алек болбоптурмун.
Мен эмне дешти такыр билбей турам. / Мен эмне кылышты такыр билбей турам.

**Объектке кантип мүнөздөмө берет:**

**А. Жалпы мүнөздөмө:**

(Эмне) (эмнени) билдирет:
Тоолор кыргыз жеринин кереметтүү кооздугун билдирет.
(Эмне) – (эмне):
«Манас» эпосу – кыргыз элинин улуттук улуу мурасы.
(Эмне) (эмне болуп) эсептелет:
Дарбыз жемиш болуп эсептелет.
(Жеке түшүнүк жалпы түшүнүк + «болуп эсептелет»).

**Б. Курам аркылуу мүнөздөмө:**

(Эмне) (эмнеден) турат:
Токой дарактар менен бадалдардан турат.
(Эмне) (эмненин) бөлүгү болуп эсептелет:
Токойлорду коргоо – жаратылышты коргоо боюнча программанын бөлүгү болуп эсептелет.
(Эмне) (эмненин) курамына кирет:
Дарыялар планетанын бүткүл экосистемасынын курамына кирет.

**Бир нерсенин экинчи нерседен көз карандылыгын кантип билдирет:**

(Эмне) (эмнеден) көз каранды:
Айлана-чөйрөнүн абалы адамдардын ишмердүүлүгүнөн көз каранды болот.
(Эмне) (эмнеге) алып келет:
Транспорттун көбөйүшү шаарда абанын бузулушуна алып келет.
Көл суусунан ченемсиз пайдалануу көлдүн жок болушуна алып келет.
Бактарды кыюу токой чарбасынын азайышына алып келет.

(Эмне) (эмнеге) таасир этиш керек:
Жергиликтүү бийлик органдары жаратылышты жана региондорду коргоо боюнча мыйзамдарды иштеп чыгууга жана аткарууга таасир этиш керек.
(Эмне) (кимди) (эмне кылууга) мажбур кылат:
Пайдалуу кендердин азайышы адамдарды жаңы аймактарды өздөштүрүүгө мажбур кылат.

- **Маалыматты эмне кылганын баалаганын кантип билдирет:**

1. Теорияны (идеяны), пикирди, ойду билдирүү:
   (Кимдин) (эмне жөнүндө) айтканын алалы (талдайлы, карайлы).
2. (Эмненин) бөлүктөрүн салыштыруу:
   Бир жагынан алганда, … . (Бирок) экинчи жагынан алганда, …
3. Тыянак билдирүү (мурунку алынган маалыматты баалоону билдирүү):
   Демек, бул идея (абал, божомол) туура эмес / туура / талаш болуп турат.

- **Сапаттарынын бар экенин кантип билдирет:**

**(ким) (кандай):** Бакай – мыкты кеңешчи.
**(кимдин) (эмнеси) бар:** Алардын алганын унутуп калмай адаты бар.
Бул жигиттин сүйлөп аткан кишинин оозунан сөзүн жулуп алмай адаты бар.
Досумдун эки кабат чоң, кооз үйү бар.
**(ким) (эмнеси менен) айырмаланат:**
Кызым унчукпас кыялы менен айырмаланат. Акын бала кезинде өзүнчө ойго батып отура берүүчү мүнөзү менен айырмаланчу.

- **Өтүнүчтү (жашырылган буйрукту) расмий мамилелерде кантип билдирет:**

Мен … болсо, жаман болмок эмес, деп ойлойм.
Эгерде … болсо, абдан жакшы болот эле.
Балким, … кылган туура болот го. Балким, … дурус болор.
(Кимге) … жасаганы жакшы жыйынтык бермек.
Эгерде биз (кимге) … + берсек / койсок / десек / айтсак, эң жакшы болот, дейм.
Биздин кызматкерибиз (кимди) (кайда) жөнөтсөк / жиберсек / уюштурсак.

- **Жакшы жасалган жумуш үчүн кантип мактайт:**

**А. Дайыма бир нерсени жакшы жасай ала турганын мактаса:**
Сиз мыкты кызматкерсиз. Сен эң алдынкы окуучусуң. Сен … эң жакшы аткарасың. Сен компьютерде жакшы иштей аласың.

**Б. Аткарылган иши үчүн мактаса:**
Сен кандай жакшы + өткөн чактагы этиш. Жумушту кандай сонун аткардың! Сени ушундай жакшы жасайт деп ойлогом. Жумуштун майын чыгарып жасарыңды билгем. Ушундай мыкты иш кыларыңды билип, дайыма сага таянам. Иштин көзүн билесиң! Жеңилимди жерден, оорумду колдон алып турарыңа ишенгем. Кылганыңды көрүп, сүйүнүп турам. Бали!

- **Адамды жаман жасаган жумушу үчүн кантип жемелейт:**

Тилекке каршы, сен мен күткөндөй кылган жоксуң.
Сен … жасай албадың.
Сенин айыңдан …
Сенин туура эмес жасаганың …
Өз жумушуңа ушундай да көңүл кош мамиле кыласыңбы!?
Жасаган ишиң көңүлүмө толбой турат.
Ишти чала кылдың.
Бул кылганың такыр эле жарабайт.

### Кеп үлгүлөр

**Мамилени кантип билдирет:**
Иий, эми бир укмуш экен дейсиң!
Абдан сонун!
Класс!
Сага / сизге бул жарашат!
Укмуш болду.
Кызыктуу, көңүлдүү болду.
Көргөнгө / окуп чыкканга татыктуу!
Көргөн да арманда, көрбөгөн да арманда. Жеген да арманда, жебеген да арманда.
Даамы унутулгус экен!

Жайынча эле экен.
Өтө начар!
Эң эле жаман!
Сага / сизге бул жарашпайт экен.
Кызыксыз / көңүлсүз / жадатма.
Муну көргөнгө / окуп чыкканга татыксыз!
Мындай эле …
Анча деле эмес.
Ой, болбогон эле нерсе.
Баргандан көрө, барбаган жакшы.
Көргөндөн көрө, көрбөй эле койгон жакшы.
Эми сен сураба, мен айтпай эле коёюн.

### Колдонуу мисалдары

– Ал чачын кантип жасаптыр?!
– Анын көйнөгү кандай экен?
– Ал фильм кандай болду?
– Ал кыз сага жактыбы?
– Кечээки майрам кандай өттү?
– Жаңы костюмум кандай экен?!
– Жаңы окуучу кандай экен? Жактыбы?
– Бүгүнкү аба ырайын кандай дейсиң?! Жакшыбы?
– Бышырган наным кандай экен? Нан жапканды билет бекенмин? Жакшы бышырыпмынбы?
– Кечээ мейманга бардың го. Кандай мейманадашты? Сени жакшы сыйлаштыбы?

### Сүйлөшкөн адамдын мамилесин бил.

– … ?
– Иий, укмуш! Сен барбаганың жаман болду. Барсаң болмок.
– … ?
– Сонун болду! Мен жакшы эс алдым.
– … ?
– Эч нерсе деле болгон жок. Эч кандай деле кызык болгон жок.
– … ?
– Класс! Укмуш болду. Кийин сөзсүз ушул фильмди көр, досум.
– … ?
Жайынча эле. Көргөнгө / окуп чыкканга татыксыз фильм / китеп!
– … ?
– Сонун! Сен да барып келсең!

### Кантип чакырат:

Мен сени / сизди … чакырам.
Мен сизди / сени … чакырайын дедим эле.
Мен сени / сизди чакыргым келип турат.
Сени / сизди чакырууга уруксат эт / уруксат этиңиз.

### Кантип сунуштайт:

Жүр, (кайда) баралы, барып келели.
(Эмне кылганды) каалайсыңбы? Кеттик анда.
… жаман болбойт эле.
… жакшы болот эле. Жакшы болмок.
… жасасак кандай дейсиң?
… жасамак болдук бейм! Ошондойбу?
… дейли / берели / айталы. Сүйлөштүкпү?

### Чакыргыла, сунуштагыла:

– … .
– Ооба, жакшы болмок!
– … .
– Ыракмат! Бирок мен бош эмесмин.
– … .
– Ыракмат! Колум бошосо барам!
– … .
– Ии, жакшы болмок. Макул.
– … .
– Тилекке каршы, мен силерге кошула албайм.
– … .
– Ооба, албетте, каалайм.
– … .
– Ыракмат. Мен макулмун.
– … .
– Менин убактым жок.

**Сунушка макул / макул эмес экенин кантип билдирет:**

Ооба, албетте.
Ооба, мен макулмун.
Мен каршы эмесмин.
Эң сонун идея!
Ооба, рахмат, мен макулмун.
Жок, рахмат.
Тилекке каршы, мен макул боло албайм, менин колум бош эмес.
Эмнегедир каалабай турам.
Жок, бара албайм.

**Күмөн болуп турганын кантип билдирет:**

Ай-ай, болор бекен?
Болбойт го.
Ким билет…
Араң дегенде…
Күмөн болуп турам
Билбейм.
Айтыш кыйын.
Ойлонуп көрөйүнчү.

**Макул болгула, макул болбогула, күмөн болгула:**

– Чай ичесиңби?
– … .
– Киного барасыңбы?
– … .
– Музейгечи?
– … .
– Эртең кечинде мени менен туулган күнгө барып келчи.
– … .
– Балмуздак жейсиңби?
– … .
– Бий бийлейли. Жүр.
– … .
– Эртең эрте туруп, суу бойлоп чуркап келели. Ден соолукка пайдалуу.
– … .
– Мурда шаарга бардың беле? Чогуу барып келели.
– … .

---

**Кубанганын / капаланганын кантип билдирет:**

Иий, эми бир укмуш экен дейсиң!
Абдан сонун!
Ойдогудай!
Аябай жакшы!
Укмуш!
Шумдуктай!
Түзүк!
Абдан жаман!
Эң жаман!
Эптеп-септеп…

**Таң калганын кантип билдирет:**

Койчу. Кантип эле!?
Иий, ушундай бекен?
Бул сюрприз го!
Мен абдан таң калып атам, чын!
Мен мындай болот деп үч уктасам түшүмө кирген эмес эле.
Ой-ий! Чын элеби!?
Койсоңчу, уккан кулагыма ишенбей турам.
Чындап эле ушундай болдубу?!

**Уккан нерсеңерге кубангыла, капалангыла же таң калгыла:**

– Анара мектептен кийин окууга тапшырбайт экен.
– … .
– Билбей калдыңбы? Анын атасы жаңы машина сатып алган!
– … .
– Бул кыз менен тиги бала үйлөнмөк болуп атышат.
– … .
– Алар интернеттен таанышыптыр.
– … .
– Газетага макала жаздым. Ал макалам кечээ жарык көрдү.
– … .
– Сапарбек экзаменден “беш” алды.
– … .
– Жеңем уул төрөдү.
– … .
– Мугалим ооруп калыптыр. Сабак болбойт экен.
– … .

# ТИЛ БИЛҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕРИНИН СИСТЕМАСЫ

| | | |
|---|---|---|
| **Элементардык тил билүү** | **A1** | Конкреттүү маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон тааныш фразаларды жана сүйлөмдөрдү түшүнөм жана кебимде колдоно алам. Тааныша/ башкаларды тааныштыра алам, жашаган жер, тааныштар, мүлк тууралуу суроолорду бере алам (суроолорго жооп бере алам). Эгер аңгемелешип жаткан адам жай жана так сүйлөсө, жардам берүүгө даяр болсо, анда анча татаал эмес сүйлөшүүгө катыша алам. |
| | **A2** | Жашоонун негизги чөйрөлөрү менен (мисалы, өзүм жана үй-бүлөм жөнүндө, сатып алуулар, жумушка орношуу ж. б. жөнүндө негизги маалыматтар) байланышкан айрым сүйлөмдөрдү жана көп колдонулуучу айтылыштарды түшүнөм. Тааныш жана турмуштук темаларда жөнөкөй маалымат алмашуу менен байланышкан тапшырмаларды аткара алам. Жөнөкөй сүйлөмдөр менен өзүм, үй-бүлөм, туугандарым жана жакындарым жөнүндө айтып бере алам, күндөлүк жашоонун негизги аспектилерин баяндап бере алам. |
| **Тилди өз алдынча билүү** | **B1** | Жумушта, окууда, бош убакыттарда ж. б. типтүү кездеше турган адабий тилдеги ар түрдүү темаларда берилген так кабарлардын негизги идеяларын түшүнөм. Үйрөнүлүп жаткан тилди алып жүрүүчү өлкөдө болгон учурда кездешүүчү көпчүлүк кырдаалдарда пикир алыша алам. Белгилүү же мени өзгөчө кызыктырган темаларга билдирүүнү байланыштуу түзө алам. Таасирлерди, окуяларды, ишенимдерди, умтулууларымды айтып бере алам, келечекке өзүмдүн пландарымды жана ойлорумду негиздеп жана баяндап бере алам. |
| | **B2** | Абстракттуу жана конкреттүү темалардагы татаал тексттердин, ошондой эле атайын бир багыттагы тексттердин жалпы мазмунун түшүнөм. Тилди алып жүрүүчүлөр менен дайыма ар тараптан өзгөчө кыйынчылыктарсыз пикир алышып туруу үчүн тез жана спонтандуу сүйлөйм. Түрдүү темаларга так, толук билдирүү жасай алам жана негизги проблемага карата өз көз карашымды билдире алам, ар түрдүү пикирлердин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин көрсөтө алам. |
| **Тилди эркин билүү** | **C1** | Түрдүү тематикадагы көлөмдүү татаал тексттерди түшүнөм, камтылган маанини аныктай алам. Сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү тандоодо кыйналбай эле, тез жана спонтандуу айтып кете берем. Илимий жана кесиптик ишмердүүлүктөрдө пикир алышуу үчүн тилди ийкемдүү жана эффективдүү колдоно алам. Текст түзүү моделдерин, анын элементтерин байланыштыруучу жана бириктирүүчү каражаттарды билгенимди көрсөтүп, татаал темаларга так, деталдуу, жакшы билдирүүлөрдү түзө алам. |
| | **C2** | Түрдүү оозеки же жазма билдирүүлөрдү түшүнөм, бир нече оозеки жана жазма булактарга таянып, байланыштуу текст түзө алам. Ар кандай татаал кырдаалдарда да маанилерди белгилөө менен бирге жогорку деңгээлдеги тактык жана темп менен сүйлөйм. |

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. *Ашырбаев Т., Ахматов Т.* «Иш кагаздары». Бишкек, 2001-жыл.
2. *Байтикова Б,. Мамадыева Г., Темирова Н.* «Кыргыз тили» (кыргыз тилинин практикалык курсу). Жогорку окуу жайларынын кыргыз жана улантуучу тайпаларынын студенттери үчүн окуу куралы. Ош: «Кагаз ресурстары», 2014-жыл.
3. *Дюшеева Г., Ногойбаева М.* «Кылым карыткан тил». Кыргыз тили. B1 деңгээли. Бишкек, 2016-жыл, 163 бет.
4. *Досоева С., Мажитова З., Кулалиева К.* «Кыргыз тили сиз үчүн». Бишкек, «Бийиктик», 2006-жыл, 120 бет.
5. Жалпы республикалык тестке даярданабыз. Абитуриенттер үчүн колдонмо. Негизги тест. И. П. Валькованын редакциялоосу астында. Бишкек, 2004-жыл, 74 бет.
6. *Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.* «Кыргыз тили» 5-класс. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби. Бишкек, «Аркус», 2018-жыл, 208 бет.
7. *Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.* «Кыргыз тили» 6-класс. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби. Бишкек, «Аркус», 2018-жыл, 160 бет.
8. *Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.* Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мугалимдери үчүн 5–6-класстардын «Кыргыз тили» методикалык колдонмосу. Бишкек, «Аркус», 2018-жыл.
9. *Ковалёва Г. С., Красновский Э. А., Краснокутская Л. П., Краснянская К. А.* Международная программа PISA. Примеры заданий по чтению, математике и естествознанию. 2009-жыл.
10. *Кошуева М.* «Мамлекеттик тилдеги иш кагаздарынын негиздери». Бишкек, 2013-жыл.
11. Национальное оценивание образовательных достижений учащихся (НООДУ) Кыргызской Республики в 2017 году. Приложение 7. Примеры заданий НООДУ. 8 класс.
12. *Низовская И. А.* «Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын сөздүгү». Окуу-методикалык окуу китеби. Бишкек, 2003-жыл.
13. *Орузбаева Б. Ө.* «Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү». Фрунзе, 1972-жыл.
14. *Рысбаев С. К.* «Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуу маселелери». Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо. Бишкек, 2007-жыл, 130 бет.
15. *Рысбаев С. К.* «Кыргыз тилинин жазуу эрежелери жана аны практикада колдонууга карата методикалык көрсөтмөлөр». Бишкек, 2008-жыл, 51 бет.
16. *Турсунов А., Сыдыков Ж.* «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы». Редколлегиянын составы: С. Кудайбергенов (башкы редактор). «Илим» басмасы, 1980-жыл.
17. *Үсөналиев С., Иманалиев С.* «Кыргыз тилинин справочниги». Бишкек, «Бийиктик», 2004-жыл, 204 бет.
18. *Юдахин К. К.* «Кыргызча-орусча сөздүк». Бишкек, «Шам», 1999-жыл.


# КОЛДОНУЛГАН ИЛЛЮСТРАТИВДИК МАТЕРИАЛДАРГА ШИЛТЕМЕЛЕР


1. http://adebiportal.kz/ru/illustration/view/181
2. http://aksa.msk.ru/kartinka-sova-dlya-detej.html
3. http://alfaday.net/clipart/png-psd-on-transparent-background/320639-medvedi-i-medvezhata-detskiy-klipart-na-prozrachnom-fone.html
4. http://defender.spb.ru/oryol-berkut-foto.html
5. http://eco-boom.com/byt-v-stile-eco-ili-kak-ekonomit-po-schetam/
6. http://economic-definition.com/Nature/Prirodnye_resursy_Natural_resources__eto.html
7. http://forum-eurasica.ru/index.php?/topic/4654
8. http://foto-zverey.ru/jirafy.htm
9. http://foto-zverey.ru/krokodil.htm
10. http://foto-zverey.ru/slony2.htm
11. http://gov.cap.ru/userfiles/orgs/grvid_897/F/example_pisa-2003.pdf
12. http://hameleons.com/2012/09/21/
13. http://imgpng.ru/img/objects/piggy_bank

14. http://ivgobelen-tekstil.ru/market/kartiny_iz_gobelena/ohota_s_berkutom_114h70/
15. http://kladoiskatel.spb.ru/foto-barsa-snezhnogo-skachat.html
16. http://kmborboru.su/2010/05/04/ak-ilbirstin-tukumu/
17. http://lifeglobe.net/blogs/details?id=548
18. http://m.kino-teatr.ru/kino/acter/m/sov/4771/foto/807777/#&gid=1&pid=25
19. http://map.vokrugsveta.ru/springs/2/
20. http://mseving.blogspot.com/2014/10/
21. http://old.el.kz/m/photos/browse/album&page=206&per_page=50
22. http://ot.kr.ua/voda-poka-ne-dorozhaet.html
23. http://printonic.ru/kartinki/priroda/givotnie/zveri/olen/
24. http://printonic.ru/kartinki/priroda/rasteniya/derevya/bereza/item-11131/
25. http://rascheski.spb.ru/kartinki-elki-foto.html
26. http://ravishanker.info
27. http://ruhaniat.kg/?p=903
28. http://ruhesh.kg/2018/06/20/olzhobaj-shakir-tuulgan-zher-zh-n-nd-yrdyn-klassikalyk-lg-s/
29. http://rulandinfo.ru/tours/214/1015/
30. http://rus.lang-study.com/category/slovar/rasteniya/derevya/
31. http://secretofworld.ru/zdorovie/eda/polza-chernoj-soli.html
32. http://sputnikneva.spb.ru/foto-beshbarmaka-s-kazy-karta.html
33. http://tili.kg/useful/books/clovar-yudaxina
34. http://ts-group.kg/ts-dobro/316-tumar.html
35. http://uza.uz/ru/society/novyi-russko-uzbekskii-slovar-04.12.2013-26359
36. http://volcanoes.ru/mud/
37. http://wapfun.sayt.im/images/maral-cizmi.html
38. http://www.for.kg/news-331110-ru.html
39. http://www.gumilev-center.ru/geopolitika-evrazijjskikh-transportnykh-koridorov-new-silk-road-baburs-order/
40. http://www.kostyor.ru/archives/2-12/mokey.php
41. http://www.myjulia.ru/post/342942/
42. http://www.ozero-issykkul.ru/v-kakix-gorax-naxoditsya-ozero-issyk-kul.html
43. http://www.turmush.kg/news:145230
44. http://www.turmush.kg/news:301419
45. http://www.turmush.kg/news:331243
46. https://agronomu.com/bok/7044-kak-vyraschivat-gusey-v-domashnih-usloviyah.html
47. https://baikalru.ru/baikal/krasnaja-kniga-irkutskoi-oblasti/pticy/krechet.html
48. https://cont.ws/@pensionerka/1068532
49. https://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/1120819
50. https://en.wikipedia.org/wiki/Mount_Scenery
51. https://foto-basa.com/imagendata
52. https://hi-news.ru/tag/mineraly
53. https://infotile.ru/how-to-glue-plastic-parts-from-polypropylene-bonding-polypropylene-how-to-glue-polypropylene/
54. https://infourok.ru/kartoteka-igrkazahskie-nacionalnie-igri-1295216.html
55. https://infourok.ru/klassniy-chas-narodnie-tradicii-kirgizskogo-naroda-konnosportivnie-igri-1838231.html
56. https://infourok.ru/klass-obuchenie-gramote-1515842.html
57. https://infourok.ru/prezentaciya-na-leksicheskuyu-temu-dikie-zhivotnie-1387518.html
58. https://infourok.ru/prezentaciya-na-leksicheskuyu-temu-dikie-zhivotnie-1387518.html
59. https://infourok.ru/proverochnaya-rabota-po-teme-obolochki-zemli-1599806.html
60. https://infourok.ru/russkaya-skazka-mudriy-otec-2259324.html
61. https://infourok.ru/urok-po-okruzhayuschemu-miru-na-temu-vse-professii-vazhni-vse-professii-nuzhni-klass-727534.html
62. https://liternet.bg/publish30/maia-mitrenceva/filosofia/4-6.htm
63. https://nashzeleniymir.ru
64. https://ok.ru/toktogul1/photos?st._aid=NavMenu_Friend_Photos
65. https://petzona.ru/istoriya-sokolinoj-ohoty/

66. https://propozitsiya.com/uhod-za-posevami-ozimoy-pshenicy-v-pozdnie-fazy-vegetacii-0
67. https://ru.depositphotos.com/7109094/stock-photo-earth-in-hands.html
68. https://ru.dreamstime.com
69. https://ru.kisspng.com/kisspng-urxew8/
70. https://ru.sputnik.kg/society/20170720/1034348692/pora-v-pohod-10-krasivejshih-mest-v-chase-ezdy-ot-bishkeka.html
71. https://save.topicsbd.com/video/download-video-/ZbuApkSHe1o
72. https://studfiles.net/preview/5792991/
73. https://uk.wikipedia.org/wiki
74. https://vilingstore.net/Orelgordaya-ptica-i82387
75. https://www.babyblog.ru/user/Sunty/3049975
76. https://www.culture.ru/persons/8228/vasilii-vereshagin
77. https://www.google.com/search?hl=ru-KG&tbs=sbi
78. https://www.google.com/search?hl=ru-KG&tbs=simg:CAESlwEJjZ68GqWuH7EaiwELEKjU2AQaBAgVCAEMCxCwjKcIGmIKYAgDEiiIG4cbpRufG_1MQ
79. https://www.google.com/search?hl=ru-KG&tbs=simg:CAESlwEJRk6TTmnBFY0aiwELEKjU2AQaBAgVCAoMCxCwjKcIGmIKYAgDEijgCO8T3
80. https://www.google.com/search?q=саякбай+каралаев&hl=ru-KG&tbm
81. https://www.google.com/search?q=серебро+металл&hl=ru-KG&tbm=isch&tbs
82. https://www.google.com/search?sa=G&hl=ru-KG&tbs
83. https://kimish-v.livejournal.com/38793.html

---

**Оморова Айгүл Абдыкапаровна, Самсалиева Мира Акимовна, Абдышова Зарина Абдиназаровна, Жороев Ташболот Абдыкайымович, Жумаев Нурбек Жапаралиевич, Узекеева Айзада Алыевна**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо

Редактору *Ж. Жапиев, Ж. Медиралиева*
Сүрөтчүсү *Н. Жумакалиев*
Корректору *Б. Кабилова*
Тех. редактору *Ж. Жолдошева*
Дизайнери жана компьютердик
калыптоочу *В. Горнушкин*

*С. Калачёв, С. Гетто* сүрөттөрү пайдаланылды

Басууга ...-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Арибы Myriad Pro.
Форматы 205×275 $^1/_8$. Көлөмү 30,0 накта басма табак.
Нускасы... Буйрутма № ...

«Аркус басмасында» ЖЧК
басма иштери даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 В

ARCUS PUBLISHING

«ST.art LTD» ЖЧК
басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46

ПОЛИГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС ST.art Ltd®